“Балдар жазуучусу болуп үйрөнө албайт, ал үчүн төрөлүш керек” [5.6]. Албетте, бул сөз бекеринен чыккан эмес, анткени бардык эле жазуучулар баланын психологиясын туура түшүнүп, бала менен бала болуп жашап, бала болуп ойлонуп, балдардын тилин таап жаза албайт. Андай болбогондо, тактап айтканда, баланын жан дүйнөсү жашабаган чыгарма балдар адабияты болуудан калат. Ошон үчүн балдар адабияты балдар тууралуу чыгармалардан эмес, байыртан балдар үчүн жазылган чыгармалардан улам жаралган.

“Баамчылдыкка, көрөгөчтүккө үйрөтүлгөн окуучулардан мугалим акылдуу, күтүлбөгөн “философиялык” суроолорду угат”, - деп айткан улуу педагог В.А. Сухомлинский [С.27, 6.68].

Өзүбүздүн улуттук адабиятыбызда сөз устаты А.Токомбаев, романчы Т.Сыдыкбеков менен аты аалам кезген Ч.Айтматовдор балдарыбызга атайын кайрылып, көптөгөн мыкты чыгармаларды берди. Алардын катарында, сөзсүз түрдө А.Осмоновдун ысымы айтылбай койбойт. Анткени ал балдарыбызга руханий тарбия берүүдө не деген мыкты ырларын жазып калтырып, улуттук балдар адабиятыбыздын көрөңгөсүн көбөйтүп кетти. Чындыгында, А.Осмоновдун да улуу акын-жазуучулардын салтын улап, чоңдор адабиятына кандай кызмат кылса, улуттук балдар адабиятыбызга да бир топ белегин берип кеткенин атайын изилдеп көрө элекпиз. Байкасак, анын балдар үчүн ырлары арбын, мазмуну терең, тематикасы ар кыл. Алар тек гана “бак тигели, жүргүлө” дегендей жөн салды декоративдик ырлар эмес, ар бир сабында акыл-ой, таанытуу, балдарга руханий тарбия берүү идеялары камтылган нагыз дидактикалык поэзиянын үлгүлөрү болуп саналат. Жазылган чыгармаларында курулай насаат, кургак дидактика эмес, элдик нукура нарктуу тарбия менен сугарылган, турмуштун өзүндөй, нагыз насаатчы мугалимдин тарбия саатындай мазмундуу, ар бир ыры баланын кыялын, мүнөзүн, жүрүм-турумун таасын чагылдырган, балага жакын, бирде эскертип, бирде сындап ошону менен улуулук таалим-тарбиялык сөзүн айтып тургандай жандуу ырлар. Ушундай маани-мазмуну менен 2000-жылы басылып чыккан “Балдарга” деп аталган кыргыз, орус жана англис тилдериндеги мазмуну жана маани-маңызы менен алда-канча көлөмдүү нарктуу акыл кутучасы Алыкул фонду тарабынан “Эркин -Тоо” ачык типтеги акционердик коомунан чыккан [7.18]. Анткени Алыкулдун жыйнакка кирген кадимки “Эне тили”, “Грунья Савельевнага”, “Жибек кийген эрке кыз” жана “Бүкөн” аттуу классикалык ырларын кошпогондо, нагыз балалыктын дүйнөсүн чагылдырган жыйырмадан ашык ырлары “балдар чыгармалары кандай болуусу керек?” − деген суроого «ушундай гана болушу керек» деген таасын жооп болор чыгармалар экени талашсыз.

Жыйнакты барактаган ар бир окурман, айрыкча, көзгө көрүнөр “Түлкү менен каздар”, “Чымын-чиркей” ырлары, “Жамгыр ыры”, “Балдар жана турналар”, “Эки алган Эмилбек”, “Калпычы Канымгүл”, “Эки метр Эсенгул”, “Китептин душманы” ж.б. ырлары анын коом таанытуучулук жана таалим-тарбиялык маани-маңызын изилдей келген адамга алардын барк-баасы андан бетер ачык даана көрүнүп чыга келет. Улуттук тилдин каймагын калпыган улуу акындын ырларындагы рухий мурасын терең талдап түшүнүп, табышмактарын, таалим-тарбия мурастарын балдарыбызга жеткирүүгө аракет жасообуз керек.

Эң кичинекей балдардын тилин таап, тилин гана эмес, дилин да тапкан, жан дүйнөсүнүн түпкүрүндө катылып жаткан гуманисттик сезимдерин ойготор “Түлкү менен каздар” аттуу ыры бүгүнкү күндөгү балдар китептеринин дээрлик көбүнөн орун алып, анын мазмунун байытып келет. Андагы каздардын балдарына катылган куу түлкүдөн балдарын андан сактап калуу үчүн жан далбастаган каздын окуясын окуган баланын каздын балдарына кошулуп, түлкү менен күрөшкө чыгып, ырдын ичине кире калып, түлкүнү кууп, каздын балдарын коргоп калгысын келтирет. Анткени түлкү куу да, күчтүү дагы, азуулуу тиши бар, анын үстүнө ачка. Каз болсо жалгыз, жалгыз өзү балдарын куу жана ач түлкүдөн коргоп калууга күчү келбес! “Балам − жаш, тие көрбө”, −деп жалдыраса болбой, менин кардым ач, балдарыңды бирден кармап жеймин” − деп ач көздөнөт. Андай учурда казга ким жардамга келер экен? Дал ошол көзү чачырап турган кезде артынан “борс-борс” үрүп, бактыга жараша, күчүк келе калбаспы! Ал түлкүгө каршы үрүүгө “башы −жаш, алы − аз” экенине карабастан, “Баатыр болсоң кел кармаш”, − деп ачык күрөшкө чыгып, куу түлкүнү кубалап, каздын балдарын сактап калганы эне казга чоң күч, кубат болот. Мына ушунун өзү баланын алсызга жардам берүү сезимин ойготуп, анын инсандык касиетин калыптандырууга педагогикалык негиз боло алат.

Негизгисин айтканда, кыргыз адабиятында терең орду бар акын Алыкулдун балдарга арналган ырлары чоңдор адабиятындагыдай эле предметтүү да, элестүү да, образдуу да. Окуган адамга бала, анын турган-турушу, кебете-кешпири даана көрүнүп, жүргөн-турганы элестеп кетет. Буга жогорудагы эле ырдан ач түлкү, сак күчүк жана балдарын коргогон эне каздын мисалынан да күбө болдук.

Жаш жеткинчектерди тарбиялоодо, “Уяда эмнени көрсө, учканда ошону алат” дегендей үй-бүлө да чон ролду ойноору талашсыз. А. Осмоновдун “Бешик ырында” да бешикте жаткан наристе баланы бирде турумтай кушка, бирде желеде булкунган кулун-тайга салыштырып: “Болор бала бешигинде булкунат, болор кулун желесинде жулкунат”, − деген элдик сөздү эске салып, бала менен замандын, мезгилдин байланышын ойго алып олтурат.

Мына ушундай алп акындарыбыз улуттук адабиятыбыздын көөнөрбөс үлгүлөрүн жазуучулук турмушунун бийиктигинен туруп, кичинекей балдар үчүн ошол бийиктиктен ылдый түшүп келип, өзгөчө “чоң” ырларын жазып калтырган. Ал ырлар бүгүн да, кийин да, сөзсүз түрдө, улуттук балдар адабиятыбыздын казынасын байытып, мазмунун тереңдетип, маанисин көкөлөтүп, текчесин толуктап, өзгөчө балдарга руханий тарбия берүүдө педагогикалык негиз болуп бере алары шексиз.

“Туура тарбиялоо – бул биздин бактылуу карылыгыбыз, жаман тарбиялоо – бул биздин келечектеги кайгыбыз, көз жашыбыз, башка адамдар алдындагы бүт өлкө алдындагы күнөөбүз”, - деген А.С.Макаренко [6.68]. Тарбияланып жаткан баланын сырткы факторуна гана көңүл буруп, анын ички дүйнөсүндөгү толгонуулар менен кайгы, капа, өкүнүч, кубаныч менен иши жок, баланы ички дүйнөсүз бир куурчак сыяктуу кароо − ката. Мына ошол ички жан дүйнөнү руханий жактан байытуунун эң чоң каражаты − кыргыз адабиятындагы материалдар.

Балага руханий тарбия берүү процессинин психологиялык түшүмү – баладан коом үчүн керектүү инсан чыгарына, татыктуу адам тарбияланып жаткандыгына ишенүү. Ырас, мындай кызматташтык бир караганда жөпжөнөкөй, бирок анын татаалдыгы ичинде, ошол үчүн балага сүйүү, мээрим болуш керек, бала менен жашап, аны түшүнүп, ага күйүп-бышып жардам берип, коргоп туруу керек.

Кыргыз адабиятында балдар үчүн жазылган чыгармалардын баарында тарбиялык мүнөзгө ээ болуучу сапаттардын баары белгиленген. Жогоруда айткандай, чыгармадагы каармандарды өздөрүнүн ордуна коюу менен мыкты сапаттарга ээ болгондо да ар кыл кураста, ошол курактардын өз-өзүнчө өзгөчөлүктөрү менен берилген жомоктор, ырлар аркылуу кабыл алуу, түшүнүү, чогуу түйшүк тартуу, көмөктөшүү, коргоо ж.б. мыкты сапаттарга ээ боло алышат.

Бабаларыбыздын баскан жолу, учурдагы стабилдүү, толук кандуу турмуштун пайдубалы - келечекте өнүгүүнүн кепилдиги. Кыргыз элинин таалимчилик тажрыйбасында адамдын төрөлгөн кезинен тартып, өсүп жетилгенге чейинки жүрүм-турумун жөнгө сала турган үлгү тутар мурастары жана усулдары жетишерлик деңгээлде колдонулбай, айрым бир субъективдүү себептердин негизинде жаш жеткинчектерди тарбиялоодо унутта калууда. Жаштарыбыз улуттук нуктан алыстап, тилине, дилине, салтына кайдыгер мамиле жасап жаткандыгы − улуттук намыстуулукка тарбиялоо муктаждыгын алып келүүдө.

Т.Н.Волков “Элдик педагогика – улуу педагогика, улуу педагогдордун баары элдик болушат” − дегендей, элдин салттуу адеп маданиятын, анын адамды тарбиялап өстүрүү жагындагы жемиштерин, кылымдар бою сакталып, байытылып келген рухий-педагогикалык дөөлөттөрүн аздектеп, калк арасына жайылтуу, анын нугунда балдарга туура тарбия берүү − келечекте баланын өсүп-өнүгүүсү, жетилүүсүндө өзгөчө мааниге ээ [6.77]. Баланы төрөлгөндөн тартып дүйнөнү таанып билүүгө, кыянатчылыкты жерүүгө ынандырууда кыргыз адабиятындагы чыгармалардын орду, салмагы, тарбиялык мааниси зор. Адабияттагы чыгармалар балдардын көркөм ой жүгүртүүсүнүн өсүшүнүн, байышынын, арууланышынын күзгүсү. Кутмандуу эл жарык дүйнөнү өздөштүрүүгө бет алган баланы курак баскычына карата тар чөйрөдө кармабай, ойлоонун, таанып билүүнүн теребел жайлоосуна алып чыгууга аракет кылган. Анын баарын кыргыз адабиятындагы чыгармаларда өнүктүргөн. Жазуучуларыбыз жазып калтырган чыгармачылыкта өзгөчө орунду ээлеген ырлар, жомоктор, табышмактар, жаңылмачтар, макалдар ж.б. жөнүндө айтсак, алардын ар бири белгилүү бир таалим-тарбиялык максатты көздөйт. Балдарды салттуу фольклордук чөйрө менен тааныштыруу бул тарбиялоонун факторлорунун бири болуп саналат. Алар эмоционалдуу, жөнөкөй, түшүнүктүү формада болгондуктан, мындай байланыштан жаш өспүрүмдөр курчап турган чөйрө менен таанышуу менен бирге эле, жүрүм-турум, адеп-ахлактык эрежелерге да үйрөнүшөт. Кыргыз элинин жаралуу, өнүгүү тарыхы канчалык терең болсо, анын маданияты, балдарга арналган чыгармачылыгы да ошончо көөнө.

Бабаларыбыздан калган бай мурас, кыргыз адабиятындагы балдарга арналган чыгармаларыбыз - биздин руханий дүйнөбүздүн күлазыгы. Акыл дөөлөттөрдү туу туткан, аздектеген алгылыктуу табылгалары кыргыз адабиятындагы балдарга арналган көркөм чыгармачылык азыркы учурда балдарга үйдө болсун, бала бакчадабы, мектептеби, айтор педагогикалык, психологиялык тарбия берүүнүн негизги каражаттарынын бири болуп калууда.

Адабияттар:

1. Абдрахманов Т. Мектептик билим берүүнүн сапатын жогорулатуудагы орчундуу маселелер Мектеп-Школа –Бишкек, 2008.-№1.
2. Асанов Y.А. «Кыргызстан» Улуттук энциклопедия: 2-том. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2007.
3. Осмонов А. «Эркин Тоо» фонду тарабынан ачык типтеги акционердик коомунан басылып чыккан “Балдарга” - 2000.
4. Макаренко А.С. «О воспитании молодежи» Педагогическое сочитание -М., 1977.
5. Вестник ОшГУ 2017 – С.27.
6. Бардин К. В. Подготовка ребенка к школе. – М., 2003.
7. Кадыров Ы. «Кут Билим» - 2017.
8. Сухомлинский В.А.О педагогической культуре родителей. Избр. педагогические сочинения в 3-х томах – М., 1981.

УДК:37.047(575.2)

МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖДЕРДЕ БОЛОЧОК МЕДАЙЫМДАРДЫ ИШМЕРДҮҮЛҮККӨ ҮЙРӨТҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

Аскаров Медет Кахраманович, окутуучу,
Караев Элзарбек Токтомаматович, окутуучу,
Кыдыршаева Жанара Акматбековна, улук окутуучу
Ош мамлекеттик университети

ЗАДАЧИ ОБУЧЕНИЯ РАБОТОСПОСОБНОСТИ БУДУЩИХ МЕДСЕСТЕР В МЕДИЦИНСКИХ КОЛЛЕДЖАХ

Аскаров Медет Кахраманович, преподователь,
Караев Элзарбек Токтомаматович, преподователь,
Кыдыршаева Жанара Акматбековна, старший преподователь
Ошский государственный университет

TO LEARN PROBLEMS OF ACTIVITRES OF THE FUTURE NURSES IN MEDICAL COLLEGES

Askarov Medet Kakhramanovich, lecturer,
Karaev Elzarbek Toktomamatovich, lecturer,
Kydyrshaeva Zhanara Axmatbekovna, senior lecturer
Osh State University

Аннотация: *Макалада медициналык колледждерде болочок медайымдарды ишмердүүлүккө үйрөтүү маселелери каралган.*

Аннотация: *В статье рассматриваются задачи обучения работоспособности будущих медсестер в медицинских колледжах.*

Abstract: *In this article considers objectives of performance capability of future nurses.*

Түйүндүү сөздөр: *мотивация, физиотерапия, парентералдык, дезинфекция, гипохлорид, тетрамин.*

Ключевые слова: *мотивация, физиотерапия, парентеральное, дезинфекция, гипохлорид, тетрамин.*

Key words: *motivation, physiotherpy, parenteralion, disinfection, gipohlorid, tetramin.*

Ишмердүүлүк теориясынын өнүгүшүнө А.Н. Леонтьев [1] чоң салым кошкон. А.Н. Леонтьев аң-сезим (акыл-эс) жана ишмердүүлүктүн биримдигин, ишмердүүлүктүн түзүлүшүнүн жана акыл-эс түзүлүшүнүн биримдиги катары психиканын өзгөчөлүктөрүнүн ишмердүүлүк менен болгон структуралык байланышы жөнүндө жаңы көз караштар менен толуктаган. Ар бир ишмердүүлүк аны аткаруунун жолдоруна, аракеттерине ээ, бирок ар бир индивиддин ишмердүүлүктү аткаруунун жолдору өзүнүн жекечелиги жана ишмердүүлүктүн акыркы жыйынтыгы менен башкалардыкынан айырмаланат.

Максаттар бардык ишмердүүлүккө конструктивдүү система түзүүчү жана багыт берүүчү таасир тийгизет, анын ичинде окутуу процессинде, анын мазмунуна, формасы менен методуна да өз таасирин тийгизет жана калыпка келтирүүчү функцияларды аткарышат, көпчүлүк даражада анын акыркы жыйынтыгынын кандай болушун шарттап (детерминациялап) турат жана жыйынтыгында максаттар биздин ишмердүүлүктү оптимизациялайт.

Ишмердүүлүк мотивинен инсандык, кунт коюу, ой-жүгүртүү өзгөчөлүгүн, эмоция жана эрк процессин, максатты жүзөгө ашырууга болгон даярдыгынан келип чыгарын көрсөтөт. Ишмердүүлүк мотиви кыймыл-аракет предметине өтүп, аны иш-аракетке айландырып коюу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мотивдин (мотив “козгоо”, “кыймылга келтирүү”) өтүшү (мотивдин кыймылы максатка карай жылышы), А.Н. Леонтьевдин пикири боюнча, эң маанилүү учур, анткени адамдардын чындыкка карата сапаттык жагынан жаңы мамилелери келип чыгат. Мотивди өз күчүн жана жөндөмдүүлүгүн таап жана текшерип

көрүүгө далалаттануу катары карап, С.Л. Рубинштейн дагы мотивациянын проблемаларына өзгөчө көңүл бурган [2].

Ишмердүүлүктүн мотивациялык керектөөчүлүк жана операциялык-техникалык жактарынын ортосундагы өзгөрүлмө байланыштарда өнүгүү динамикасы эске алынат. Ушундан улам, медайымдардын кесиптик даярдыгын калыптандырууну коомдун социалдык керектигин эске алуу менен кароо зарыл. Медайымдардын ишмердүүлүгү, башка ишмердиктер сыяктуу эле, аракеттердин чынжыры түрүндө болот, алардын ар бири адистин калыптанган кесиптик сапатынын белгиленген деңгээлине, анын даярдыгы жана квалификациясы белгиленген тепкичине дал келет [3].

Медайымдык ишмердүүлүк өзүнүн түзүлүшүндө системалык процесс катары бир нече элементке ээ. Алардын *биринчиси* - социалдык талаптарга ылайык өз ишинин коомдук маанисин аныктоо, коомдук максаттарды медициналык милдеттерге айлантуу. *Экинчи элемент* - бул практикалык иштерди аткара билүү.

Орто окуу жайларда адистерди сапаттуу даярдоо студенттердин окуу жайга келген биринчи күнүнөн башталат. Биринчи эле сабакта студенттерди, алардын келечек кесибинин өзгөчөлүгү менен тааныштырып жатып, окутуучулар аларды кесиптик билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөрдү өздөштүрүүгө, өз алдынча билим алууга жана өзүн-өзү жетилтүүгө психологиялык жактан даярдай башташы зарыл. Окуу-тарбия процессинде студенттерде келечек кесибине карата (кызыкчылык, ага ык алуу) оң мамиледе болуусун, өзүн өзү инсан катары жана болочок адис катары өнүктүрүүнү, кесиби боюнча квалификациясын жогорулатууга далалаттануу аракетин калыптандыруу керек.

Медайымдардын ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгү болуп, ар түрдүү кырдаалдарда акыл–эстүүлүк менен медициналык процедураларды так колдонулган аракеттер тутумун аткаруу болуп саналат.

Болочок медайымдардын өз ишмердигин уюштуруу татаал процесс болгондуктан, бул болочок адистин кесиптик жактан өзүн-өзү өнүктүрүүсүн, өзүн-өзү тарбиялоосун жана өзүн-өзү байкоо, өзүн-өзү баалоо аркылуу өз ишмердүүлүгүнө сынчыл ой жүгүртүүсүн да камтыйт. Бул кайтарым байланышты түзүү аркылуу өз ишмердигине түзөтүүлөрдү, толуктоолорду ишке ашырып барат. Бул маселени чечүүдө медайымдар негизинен төмөнкүдөй ишмердүүлүктү аткара алуусу аныкталды.

Медайымдар бүгүнкү күндө негизинен төмөнкүдөй ишмердүүлүктү аткара алуусу керек:

1. Бейтаптарга көмөк көрсөтүү (бейтапты ооруканага кабыл алуу, зарыл учурда алгачкы медициналык жардамды көрсөтө билүү), бейтаптын акыбалына карап (өзү жүрө алган, төшөктө жаткан, өтө оор абалда төшөктө кыймылсыз жаткан) тазалыгын көзөмөлдөө, жардам берүү (шейшебин алмаштыруу, кийимин, көз, кулагын тазалоо), бейтапты тамактандыра билүү.
2. Бейтапты кароо (акыбалына карап кан басымын өлчөө, тамырдын кагышын саноо, дене табын өлчөө ж.б.), абалына жараша жардам көрсөтө билүү, бейтапка кусууда жардам берүү (ууланууга кабылгандарга ж.б.) [4].
3. Процедураларды аткара алуу (дезинфекциялык-жугушсуздандыруучу эритмелерди даярдоону кальций гипохлориди, тетрамин ж.б.).
4. Таңуу материалдарын даярдоону жана инструменттерди стерилдөөнү, ошондой эле алардын колдонууга жарактуулугун аныктай билүү.
5. Бейтапты пункцияга даярдоо жана процедура учурунда дарыгерге жардам берүүнү билүү [5].
6. Физиотерапиялык дарылоону жана процедураларды аткара билүү.
7. Парентералдык жол менен дарылоо же ийне саюуну билүү (тери астына, ички териге, ички булчуңга, кан тамырга ж.б.).
8. Абалы өтө оор (өлүп бара жаткан) бейтапка жардам берүүнү билүү.
9. Бейтап өлгөндөн кийин, паталогиялык анатомия бөлүмүнө жеткирүүнү билүү.
10. Медицииналык иш кагаздарын толтурууну билүү.

Азыркы учурдагы заманбап медайым кесиптик компетенцияларга жана инсандык сапаттарга ээ болгон компетенттүү адис болушу үчүн: кесиптик ишмердүүлүк үчүн зарыл болгон билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуусу, ой жүгүртүүсүн заманбап денгээлде өнүктүрүүсү, коммуникативдик билгичтиктер, өз алдынча билим алуунун зарылчылыгын туюп, өзүнүн окуу ишмердигин уюштуруу көндүмдөрүнө ж.б. ээ болуусу зарыл.

Адабияттар.

1. Леонтьев, А.А. Педагогическое общение [Текст]: брошюра үү А.А. Леонтьев. – М.: Знание, 1996. – С.48.
2. Рубинштейн, С.Л. Основы общей психологии [Текст] үү С.Л. Рубинштейн. – М.: Изд-во Питер, 1999. – С.720.
3. Медициналык колледждерде болочок адистердин жалпы жана кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелери [Текст] үү [Д.К. Төрөбаева., А.Ж. Самсиева., Г.Т. Сеитова ж.б.] үү ОшМУ жарчысы. – 2012. – № 4. – б.83-85.
4. Основы сестринского дело [Текст]: практикум үү Т.П. Обуховец. – Ростов нүД.: Феникс, 2013. – С.603.
5. Сарбагышова Н.М. Сестринское дело: философия, социология, теория, практика [Текст]: учеб. пособие Н.М. Сарбагышова. – Бишкек: Билим компьютер, 2012. – С.176.

УДК 3.346.62

СОДЕРЖАНИЕ ПРАВООТНОШЕНИЙ В СФЕРЕ БАНКОВСКОГО КРЕДИТОВАНИЯ

Базарбаев Эрлан Базарбаевич, д.ю.н., доцент
заведующий кафедрой Правоведения и таможенного дела
КНУ имени Ж.Баласагына
Жайлаубай Жанат Несипбайулы, соискатель
Национальной академии наук Кыргызской Республики

БАНКТЫК НАСЫЯ ЖААТЫНДАГЫ УКУКТУК МАМИЛЕЛЕРДИН МАЗМУНУ

Базарбаев Эрлан Базарбаевич, ю.и.д., доцент
Укук жана бажы иши кафедрасынын башчысы
Ж.Баласагын атындагы КУУ
Жайлаубай Жанат Несипбайулы, соискатель
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы

CONTENT OF LEGAL RELATIONSHIPS IN THE FIELD OF BANK LENDING

Bazarbaiev Erlan Bazarbaevich, Doctor of Law, asspciate professor
Head of the Department of Law and Customs
KNU named after J. Balasagyn
Zhayiaubai Zhanat Nesipbaiuly, the applicant
National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic

Аннотация: *В данной статье говорится о банковских правоотношениях, о роли банковского права в современной экономической и юридической науке. Анализируется отечественная и зарубежная научная и правовая литература в данной области.*

Аннотация: *Макалада банктык укуктун мамилелер, азыркы экагомикалык жана юридикалык илимдеги банктык мыйзамдын ролу жөнүндө сөз болот. Ошондой эле бул тармак боюнча ата мекендик жана чет элдик адабияттар талдоого алынат.*

Abstract: *This article deals with banking legal relations hips in the field of banking, the role of banking law in modern economic and legal science. Analyzed domestic and foreign scientific and legal literature in this field was analysed.*

Ключевые слова: *банковская деятельность, банковское право, хозяйственное право, юридическая наука, договорные отношения, общественные отношения.*

Түйүндүү сөздөр: *банк, банктык мыйзамдар, соода мыйзам, укуктук илим, келишимдик мамилелер, коом менен байланыш.*
Key words: *banking, banking law, business law, legal science, contractual relations, public relations.*

Прежде чем рассматривать банковские правоотношения, на наш взгляд, представляется важным остановиться на выяснении роли банковского права в современной экономической и юридической науке.

Существует множество различных мнений относительно понятия банковского права и его места в системе кыргызского права.

Полагаем, что банковское право представляет собой совокупность юридических норм, обладающих определенной степенью обособленности и регулирующих однородные общественные отношения, складывающиеся в процессе функционирования банковской системы, возникновения и развития различных ее элементов.

При этом способы правового регулирования отношений с участием банков и иных кредитных организаций обладают определенной спецификой, обусловленной тем, что банковское право регулирует как деятельность коммерческих кредитных организаций, так и деятельность Национального банка и его территориальных учреждений. Причем на коммерческие банки законодатель возлагает ряд контрольных функций, не свойственных коммерческим организациям (например, на уполномоченные банки - функции агента валютного контроля).

Указанная специфика обусловливает сочетание в определенной пропорции таких способов правового воздействия на субъектов банковских правоотношений, как властное предписание, предоставление возможности самостоятельно определять взаимоотношения с другими участниками правоотношений, рекомендации определенного поведения. Однако в целом следует согласиться с точкой зрения о том, что общественные отношения, которые регулируются нормами банковского права, еще не являются настолько своеобразными, чтобы смогли составить предмет отдельной отрасли права [1].

Интересным представляется взгляд на банковское право, высказанный российским ученым Г.А. Тосуняном [2], который, детально анализируя данную проблему, приходит к выводу о том, что банковское право представляет собой комплексную отрасль законодательства, постепенно перерастающую в отрасль права. Заслуживают внимания его выводы о том, что под указанной отраслью законодательства понимается, с одной стороны, совокупность гражданско-правовых норм, регулирующих товарно-денежные отношения, складывающиеся при осуществлении банками и иными кредитными организациями деятельности в кредитно-финансовой сфере, а с другой - совокупность административно-правовых норм или точнее финансово-правовых норм, регулирующих управление государственными финансами со стороны субъектов банковской системы.

Вопрос о статусе банковского права до сих пор является спорным в юридической литературе. В гражданско-правовой науке традиционно рассматривают банковское право как часть гражданского права. Так, О.С. Иоффе выделяет среди гражданских обязательств группу обязательств по кредитованию и расчетам [3]. И.С. Гуревич полагал, что банковское право - это подотрасль финансового права, т.е. как совокупность родственных институтов данной отрасли права, которые регулируют общественные отношения, возникающие в процессе осуществления банковских операций, направленных на обеспечение хозяйственной деятельности организаций и обслуживание граждан [4]. Ряд известных авторов придерживаются точки зрения, согласно которой банковское право представляет собой составную часть хозяйственного права. Например, по мнению М.Л. Когана, отношения, в которых участвуют банки, являются хозяйственно-правовыми [5]. И.А. Танчук рассматривает кредитные правоотношения как часть хозяйственного права, включая кредитные обязательства в группу хозяйственных обязательств по передаче имущества во владение, пользование, распоряжение с условием возврата равноценного имущества [6].

М.М. Агарков по этому поводу писал, что ...в составе хозяйственного права принято различать гражданское право и торговое право, которые обычно разъединяют в качестве предметов преподавания. Банковское право, в основном, представляет собой специальный отдел торгового права, посвященный банкам [7]. Г.А. Ухтуев считает, что банковское право представляет собой комплексный институт, в котором ведущее место занимают нормы гражданского и торгового права, регулирующие организацию банковской деятельности и осуществление банковских сделок, имущественные отношения, складывающиеся между банком и клиентурой [8].

По поводу точек зрения М.М. Агаркова и Г.А. Ухтуева можно отметить, что понятия торговое право и хозяйственное право являются взаимопересекающимися, причем понятие хозяйственное право является более широким и по своему содержанию охватывает торговое право, что подтверждается историческим развитием указанных понятий и содержанием предмета их правового регулирования [7].

По мнению Л.Г. Ефимовой, банковская деятельность регулируется нормами различных отраслей права, преимущественно гражданского, финансового и административного [1].

Отечественный ученый К.К. Керезбеков же считает, что банковское право Кыргызской Республики представляет собой комплексную отрасль законодательства, состоящую из норм различных отраслей права, главным образом конституционного, административного, финансового и гражданского, то есть это совокупность правовых норм, регулирующих создание и деятельность банковских и иных небанковских финансово-кредитных организаций, а также регламентирующих банковские операции [9].

В банковской системе основным элементом и основным субъектом собственно банковской деятельности является коммерческий банк. Наибольшая часть банковского законодательства направлена именно на регулирование деятельности коммерческих банков, их взаимоотношений друг с другом, клиентурой и государственными органами.

Таким образом, по мнению Н.Т. Иманалиевой, банковская деятельность подпадает под определение предпринимательской деятельности, данное в п. 4 ст. 1 ГК КР, как самостоятельной, осуществляемой на свой риск деятельность, направленной на получение прибыли лицами, зарегистрированными в этом качестве в установленном законом порядке. Поскольку коммерческие банки являются субъектами предпринимательской деятельности, то и их деятельность, по мнению данного автора, должна регулироваться преимущественно нормами предпринимательского (хозяйственного) права, т.е. совокупностью правовых норм, регулирующих предпринимательские отношения и тесно связанные с ними иные, в том числе некоммерческие отношения, а также отношения по государственному регулированию экономики в целях обеспечения интересов государства и общества [10]. Такое регулирование способно на единой основе охватить как общественные отношения, складывающиеся по вертикали между коммерческими банками и органами государства, так и по горизонтали между коммерческими банками и их клиентами.

Литература

1. Ефимова Л.Г. Банковское право. - М.: БЕК, 1994. С. 4.
2. Тосунян Г.А. Банковское дело и банковское законодательство в России: опыт, проблемы, перспективы. - М., 1995. С. 200-201.
3. Иоффе О.С. Обязательственное право. - М., 1975. С. 23-26.
4. Гуревич И.С. Очерки советского банковского права. - Л., 1952. С. 16, 26.
5. Коган М.Л. Правоотношения между Госбанком и объединениями//Советское государство и право. 1974. № 1. С. 60.
6. Абова Т.Е., Ефимочкин В.П., Танчук И.А. Хозяйственные обязательства. М., 1970. С. 36.
7. Агарков М.М. Основы банковского права. - М., 1929. С. 10.
8. Ухтуев Г.А. Банковское право. -М., 1990. С. 8,14.

9. Керезбеков К.К. Правовые основы банковской системы (на материалах Кыргызской Республики). Автореф. на соиск. канд-та юрид.наук, Бишкек.1998. С.8.
10. Иманалиева Н.Т. Правовое регулирование деятельности банка Кыргызстана. 2010. С. 34.

УДК 37.013.32

ОКУТУУДАГЫ ТЕСТИРЛӨӨ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

Барпыбаев Т.Р., х.и.к., доценттин м.а.,
Токтомамбетова Ж.С., п.и.к., доцент
Жалал-Абад мамлекеттик университети

ТЕХНОЛОГИИ ТЕСТИРОВАНИЯ В ОБУЧЕНИИ

Барпыбаев Т.Р., к.х.н., и.о.доцент,
Токтомамбетова Ж.С., к.п.н., доцент
Жалал-Абадский государственный университет

TESTING TECHNOLOGIES IN TEACHING

Barpybaev T.R., c.che.s., associate professor
Toktomambetov J.S., c.p.s., associate professor
Jalal-Abad State University

Аннотация: *Макалада тесттик технологияны колдонуу менен окутуунун сапатын жогорулатуу боюнча педагогикалык практиканы өркүндөтүүнүн маселелери, педагогикалык диагностикалоонун мазмуну жана функциялары каралган. Учурда билим, көндүм жана компетенциялардын диагностикасынын перспективалуу жолунун бири болуп тестирлөө эсептелет.*

Аннотация: *В статье рассматривается вопросы совершенствования педагогической практики, содержания и функций педагогической диагностики, как действенного средства повышения качества обучения с применением тестовых технологий. В настоящее время одним из перспективных методик диагностирования знаний, умений и компетенций считается тестирование.*

Abstract: *The article deals with the issues of improving pedagogical practice, content and functions of pedagogical diagnostics as an effective tool for improving the quality of teaching using testing technologies. Currently, testing is one of the promising methods of diagnosing knowledge, skills and competences.*

Түйүндүү сөздөр: *педагогикалык система, компетенция, тесттик тапшырмалар, валиддүүлүк, ишенимдүүлүк, тесттик көзөмөл, педагогикалык диагностика.*

Ключевые слова: *педагогическая система, компетенция, тестовые задания, валидность, надежность, тестовый контроль, педагогическая диагностика.*

Key words: *pedagogical system, competence, test tasks, validity, reliability, test control, pedagogical diagnostics.*

Адистерди даярдоо багытында иштелип чыккан мамлекеттик билим берүү стандарттарын жайылтуунун шартында, педагогикалык жактан ченелүүчү көрсөткүч катары педагогикалык илимдеги жана практикадагы өнүгүүнүн жаңы сапаттык этабын айтууга болот. Мында өзгөчөлөнгөн жагдай катары педагогикалык диагностикалоонун максатын, мазмунун, функциялары менен маселелерин илимий жактан негиздөө эсептелет. Ошондой эле анын ичине педагогикалык система катары жогорку окуу жайын талдоо максатында предметтик жетишүүлөрдүн деңгээлинде мониторинг системасын түзүү жана аны башкаруу эффективдүүлүгүн жогорулатуу камтылат [3;6].

Учурда билим, билгичтик, көндүм жана компетенцияларды диагностикалоо методикаларынын ичинен тестирлөө да орчундуу орунду ээлейт. Тесттерди түзүүдө ар бир тапшырманын өз орду жана милдети бар экендигин жана алар билим, билгичтик, көндүмдүн же компетенцияларды өздөштүрүүгө багытталгандыгына маани берүү керек. Тесттик

технологиянын негизинде студенттин дисциплинаны өздөштүрүшүнүн деңгээли, анын абалы аныкталат, ал эми окутуучуга студенттин билим жана көндүмдөрдү кабыл алуусуна, пландалган күтүлүүчү натыйжаларга жетишүүсүнө, окутуунун жана текшерүүнүн бардык этабында диагноздоочу функцияны ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Педагогикалык тесттердин ичинен *билимди калыптандыруучу тесттер* (жетишүү тесттери) студенттин учурдагы жетишүүсүнүн деңгээлин белгилөө менен окуу учурундагы билим деңгээлин аныктоого мүмкүнчүлүк берет. Белгилүү болгондой, студенттин ээ болгон билимин тест аркылуу аныктоонун үч түрү бар:

- учурдагы тесттик көзөмөл;
- аралыктагы тесттик көзөмөл;
- жыйынтыктоочу тесттик көзөмөл [5].

Тестирлөөнүн илимдеги орду педагогика менен математиканын айкалышында жатат. Математика-статистикалык методдун жардамы менен сынактын жыйынтыктары талданат, жыйынтыгында ар бир студенттин жетишкендигинин динамикасы талданат. Билимди калыптандыруучу тесттерге, ошондой эле колдонулгандан кийинки алардын натыйжаларына бир катар мүнөздөмөлөр берилет. Мисалы, тесттин маанилүү касиеттеринин бири катары-анын *ишенимдүүлүгү* жана *валиддүүлүгү (аныктыгы, жарамдуулугу)* эсептелет. Тесттин валиддүүлүгү сынак тапшыруучулардын кайсы сапаттарын так аныктагысы келсе, ошого карата тесттин жарактуу деңгээлин аныктайт. Эгерде анын натыйжалары, билим алуунун сапаты боюнча катышуучуларды ранжирлөөдөгү көйгөйлөрдү чечүүгө дал келсе билимди калыптандыруучу тесттин валиддүүлүгү жогору болот [1]. Тесттин валиддүүлүгү ошондой эле жеңил жана татаал тапшырмалардын санынын эсебинен да көз каранды. А.Н.Майоров өз изилдөөлөрүндө тесттин валиддүүлүгүнүн төмөнкү типтерине токтолгон:

- мүмкүндүүлүгү – аныктоонун предмети тууралуу студенттин ой-пикиринин адекваттуулугунун чени;
- маңыздуулугу – аныктоонун аспектилерине жана максаттарына тесттин мазмунун дал келиши;
- критерийлүүлүгү – тестирлөөнүн натыйжаларын баалоонун критерийлерин тандоонун оптималдуулугу, ал өз кезегинде тесттин ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу менен аныктоонун тактыгын жана жогорку дифференциалдуулук жөндөмдүүлүгүн мүнөздөйт;
- салыштырмалуулугу – башка тесттердин жыйынтыгы менен берилген тесттин жыйынтыктарынын ортосундагы айырмачылык;
- конструктивдүүлүгү – тесттин жардамы менен текшерилүүчү белгилерге тесттин тапшырмаларынын дал келиши [4].

Эгерде валиддүүлүктүн коэффициенттеринин мааниси 0,45-0,65 болсо, анда тест “канааттандырарлык” деп эсептелет. Негизинен 100% валиддүү тесттер болбойт. Кандайдыр бир критерийди максаттуу аныктоого багытталган тесттер үчүн валиддүүлүк өзгөчө маанилүү, себеби мындай тесттердин ишенимдүүлүгүн аныктоо кыйынчылыктарды туудурат. Валиддүүлүк менен ишенимдүүлүк бири-бирине өтө жакын байланыштуу түшүнүктөр. Адабияттарда бул байланышты түрдүүчө түшүндүрүүгө аракеттенишет. *Мисалы, мелдешке катышкан 2 мергенчи болсун: А жана В. Мелдештин жүрүшүндө А мергенчи берилген 100 упай мүмкүнчүлүктөн 90 упайга ээ болсо, В мергенчи 70 упайга ээ болду. Демек, А мергенчинин ишенимдүүлүгү - 0,90 болсо, В мергенчиники - 0,70 болду. Бирок А мергенчи чоочун буталарды кошо аткандыгына байланыштуу анын жыйынтыгы эсептелбейт. Ал эми В мергенчи дайыма өзүнүн гана буталарын атты. Ошондуктан А мергенчинин валиддүүлүгү – 0 барабар, ал эми В мергенчиники – 0,70 барабар, б.а. ишенимдүүлүккө сандык жактан жакын болот. Эгерде А мергенчи буталарды аралаштырбай туура атса, анда валиддүүлүгү ишенимдүүлүккө барабар боло баштайт. Эгерде ал буталарды алмаштыра берсе, анын жыйынтыгы эсептелбейт дагы, ишенимдүүлүгү төмөн болуп калат. Бул мисалда ишенимдүүлүктүн аналогу болуп*

мергенчинин таамай атуусу эсептелсе, валиддүүлүгүнүн аналогу болуп – "өзүнүн" гана буталарын так атуусу эсептелет. Ошондуктан ишенимдүү мергенчи валиддүү болушу үчүн буталарды алмаштырбай атуусу же командасын алмаштыруусу керек. Ишенимдүүлүгү жок тест валиддүү боло албайт, же тескерисинче, валиддүү тест дайыма ишенимдүү болот.

Билимди тесттик көзөмөлдөө аркылуу аныктоодогу ишенимдүүлүк түшүнүгү педагогикалык ченемдердин тактыгына байланыштуу [4]. Эгерде аны колдонуунун натыйжасында алынган жыйынтыктар туруктуу (бирдей) маанини берсе билимди калыптандыруучу тесттин ишенимдүүлүгү жогору болот. Ошентсе да бир тест ишенимдүүлүктү камсыздабайт.

Тесттин ишенимдүүлүгүн жогорулатуунун жана аны аныктоонун бир катар ыкмалары иштелип чыккан:

- *Кайталап тестирлөөнүн методу (ретест методу)*. Бир эле тестти бир тайпага эки же андан көп жолу колдонуу;
- *Паралелль тестирлөө методу (эквиваленттик формалар методу).* Адегенде тайпага бир тесттин формасы берилет, тыныгуудан кийин башка формасы берилет. Андан соң тапшырмаларды аткаруунун аныктыгынын коэффициенттеринин чоңдугу эсептелет, ал ишенимдүүлүк коэффицентинин мааниси катары кабыл алынат;
- *Өзүнчө өз ара байланыш методу*. Методдун негизин өзүнчө формаларга гана параллелдүүлүккө жол берилбестен, тесттин бир формасынын ичиндеги бөлүккө да жол берилгендиги түзөт. Ишенимдүүлүк коэффициентин алуу үчүн тесттин бөлүгүнүн жыйынтыктары салыштырылат [4].

Көбүнчө ишенимдүүлүктүн үч тибин карашат:

- *Ретесттик ишенимдүүлүк* ошол эле шарттарда, ошол эле контингентте ошол эле тест менен тестирлөөнү кайталап өткөргөндө аныкталат. Ретесттик ишенимдүүлүктү жогорулатуу үчүн тесттин биринчи вариантындагы (апробацияланган) тапшырмаларга туруктуу жооп бергендерин тандап алуу керек. Ретесттик ишенимдүүлүк канчалык жогору болгон сайын, көзөмөлдөнбөгөн факторлордун таасири төмөн болот;
- *Эквиваленттик формалардын ишенимдүүлүгү*. Бир эле тесттин бирдей деп эсептелген эки формасынын жыйынтыктарынын өз ара байланышын эсептөө. Аларды ошондой эле параллель, өз ара бири-бирин алмаштыруучу, дал келтирүүчү, окшош деп аташат. Мында ишенимдүүлүк коэффициенти бир эле учурда тесттин убактылуу стабилдүүлүгүн жана эки форма боюнча жыйынтыктарынын бирдей каралышын чагылдырат. Эгерде варианттары биринин артынан удаалаш берилсе, анда тесттин эквиваленттик формасынын ишенимдүүлүгүн так аныктоого болот;
- *Тесттин ылдамдыкка карата ишенимдүүлүгү*. Ылдамдыкка карата тесттин ишенимдүүлүгүн текшерүү үчүн эффективдүү метод катары ретесттик жана эквиваленттик формалар методу эсептелет. Кээде тестти төрт бөлүккө бөлүп аткаруу ыкмасы колдонулуп келет, мында ар биринин жыйынтыктары өзүнчө катталат.

В.С.Аванесов ишенимдүүлүк жана валиддүүлүктөн сырткары дагы бир критерийди – билимди калыптандыруучу тесттин *эффективдүүлүгүн* киргизген. Автор эффективдүү деп, бир эле учурда мүмкүн болушунча ыкчам, маңызы сапаттуу, тапшырмалардын саны аныкталган, студенттердин билиминин деңгээлин аныктаган тестти эсептеген [2].

Билимди калыптандыруучу тесттердин көбүнчө төмөнкү мүнөздөмөлөрү талкууланып келет:

- *Аныктоо убактысы*, б.а., тестирлөөнүн жыйынтыктары ишенимдүү жана валиддүү болушу үчүн тайпага зарыл болгон убакытты аныктоо;
- *Кызыктыруучу*, б.а. студенттер өздөрүн тестирлөөдөн өткөрүү үчүн тигил же бул тестти өздөрү тандашат;

- *Түзүлүшүнүн жөнөкөйлүүлүгү* (үнөмдүүлүктү камсыздоо жана көпчүлүккө колдонуу шартында, эң маанилүү мүнөздөмөлөрүнүн бири);
- *Колдонуунун жөнөкөйлүүлүгү* – аны колдонгон адистердин квалификациясына жана тейлөөчүлөргө, ошондой эле техника менен жабдыктарга коюлган талаптарынын деңгээли.

Билимди калыптандыруучу тесттердин ушул мүнөздөмөлөрү менен касиеттерине так жана сандык критерийлерди берүү кыйын. Бирок аларды эксперттердин пикирине негиздеп салыштырууга болот. Тесттин дифференцирлөөчү жөндөмдүүлүгү анын деңгээлинин татаалдыгы жана студенттердин даярдыгынын деңгээлине дал келүүсү менен бааланат. Белгилей кетсек, жетишүүсү начар студенттерге татаал же тескерисинче, күчтүүлөрүнө жөнөкөй тапшырмаларды берүү менен күтүлүүчү натыйжаларга жетүүгө болбойт.

Жыйынтык

Окутууда билимди калыптандыруучу тесттер, б.а., студентердин билим деңгээлинин сапатын жогорулатууга жана алар ээ болуучу компетенцияларга оң таасирин тийгизет. Ошону менен бирге эле предметтер аралык байланышты камсыздайт. Билимди калыптандыруучу тесттерди түзүүдө алардын аныктыгына (валиддүүлүгүнө) жана ишенимдүүлүгүнө өзгөчө көңүл буруу керек. Туура жана так-айкын түзүлгөн тесттер студенттердин билим, билигичтик, көндүмдөрүн жана ээ болгон компетенцияларынын деңгээлине диагностикалык жактан талдоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Адабияттар:

1. Аванесов В.С. Композиция тестовых заданий //Учебная книга, 2002. –С.204.
2. Аванесов В.С. Математические модели педагогического измерения. М.: Исследовательский центр проблем качества подготовки специалистов, 1994. –С.186.
3. Ковалев Г.С. Оценка знаний и умений. Международная программа PISA // Педдиагностика. -2002. -№1.- С.119-139
4. Майоров А.Н. Теория и практика создания тестов для системы образования. М.: Интеллект-центр, 2001. – С. 296.
5. Матушанский Г.У., Бакеева Р.Ф. Проектирование педагогических тестов на базе математических методов //Вестник КГЭУ. -2009. - №2. - С. 81-91
6. Ушаков А.А., Азанчеев Н.М. Методические и теоретические проблемы диагностики физико-математической подготовки в ВУЗе // Большая нефть 21-го века: материалы Всероссийской конференции. Альметьевск, 2006. - С. 144-146

УДК 3.346.62

ФИНАНСОВО-ПРАВОВЫЕ ОТНОШЕНИЯ В ОБЛАСТИ БАНКОВСКОГО КРЕДИТОВАНИЯ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

Жайлаубай Жанат Несипбайулы, соискатель
Национальной академии наук Кыргызской Республики

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БАНКТЫК НАСЫЯ ЖААТЫНДАГЫ, КАРЖЫ-УКУКТУК МАМИЛЕЛЕРИ

Жайлаубай Жанат Несипбайулы, соискатель
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы

INANCIAL AND LEGAL RELATIONS IN THE FIELD OF BANK LENDING IN THE KYRGYZ REPUBLIC

Zhailaubai Zhanat Nesipbaiuly, the candidate
National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic

Аннотация: *В данной статье говорится о финансово-правовом регулировании банковской деятельности, о специфических характеристиках данной отрасли, а также о методах регулирования финансовых отношений в сфере банковского кредитования в Кыргызской Республике.*

Аннотация*: Макалада банк ишмердүүлүгүндөгү каржы-укуктук жөнгө салуу, бул тармактын табигый мүнөздөмөсү жана Кырыгыз Республикасынын банктык насыя жаатындагы каржы мамилелерин жөнгө салуу методдору жөнүндө сөз болот.*

Abstract: *This article discusses the financial and legal regulation of banking activities, the specific characteristics of the industry, as well as the methods of regulating financial relations in the field of bank lending in the Kyrgyz Republic.*

Ключевые слова: *банковская деятельность, банковское дело, банковское кредитование, финансовое право, банковская система Кыргызской Республики, финансово-правовые отношения в области банковского кредитования.*

Түйүндүү сөздөр: *банк, банктык кредит, каржылык мыйзам, Кыргыз Республикасынын банк тутуму, банктык кредиттөө чөйрөсүндө каржылык жана укуктук мамилелер.*

Key words*: banking, banking, bank lending, financial law, banking system of the Kyrgyz Republic, financial and legal relations in the field of bank lending.*

Значительное место в правовом опосредовании банковской деятельности, по нашему мнению, принадлежит финансово-правовому регулированию, системе норм финансового права как самостоятельной отрасли отечественного права.

Финансово-правовое регулирование банковской деятельности обладает всеми специфическими характеристиками этой отрасли: его предметом являются финансовые отношения в различных их проявлениях, а также императивный метод регулирования финансовых отношений - метод властных предписаний.

Современное состояние современной банковской системы в Кыргызской Республике характеризуется следующими особенностями: наличие двухуровневой банковской системы, о чем упоминалось выше, включающей Национальный банк Кыргызской Республики (далее-Национальный банк), коммерческие банки, финансово-кредитные организации, а также филиалы и представительства иностранных банков; определенная независимость Национального банка; преобладание в банковской системе финансово - кредитных организаций, основанных на частной форме собственности; наличие отношений гражданско-правового характера между разными уровнями банковской системы.

Публичные интересы во всей этой деятельности обеспечиваются за счет того, что банковская система Кыргызской Республики состоит из двух уровней и Национальный банк контролирует деятельность коммерческих банков, влияет на их деятельность, наблюдает за ними. В частности, Национальный банк, являясь кредитором последней инстанции, устанавливает ставки рефинансирования коммерческих банков, от которой зависит и их ставка за пользование кредитом. Согласно ст. 37 Закона КР от 16 декабря 2016 года № 206 "О Национальном банке Кыргызской Республики, банках и банковской деятельности" [1] Национальный банк использует процентную политику для воздействия на рыночные процентные ставки. В Законе закреплено экономическое влияние Национального банка на коммерческие банки и их кредитную деятельность.

В этой связи существенно изменяются объем и пределы финансово-правового регулирования деятельности банков в процессе осуществления банковского кредитования.

Банковское кредитование занимает одно из ключевых мест в финансовой системе Кыргызской Республики.

Можно выделить три группы финансово-правовых отношений в области банковского кредитования:

1. *между органами государства и элементами банковской системы;*
2. *внутри банковской системы между элементами разных уровней;*
3. *между элементами банковской системы и хозяйствующими субъектами.*

В этих отношений отчетливо выступают две главные составляющие финансового права: 1) обязательный субъект, наделенный полномочиями государственно-властного

характера в области образования, распределения и образования денежных фондов; 2) отношения неразрывно связаны с денежными отношениями.

Первая группа указанных выше отношений возникает при определении органами государственной власти места и роли банковской системы - как совокупности банков и небанковских организаций - в структуре системы субъектов финансового права, т.е. признание за банковской системой статуса финансовой правосубъектности.

В первую очередь, это отношения между органами законодательной и исполнительной власти и Национальным банком. Так, Национальный банк выступает в качестве субъекта финансовых правоотношений при выполнении им обязанностей по проведению им совместно с Правительством Кыргызской Республики единой государственной денежно-кредитной политики, операций с республиканским бюджетом, перечислением в республиканский бюджет части прибыли (ст. 23 Закона КР от 16 декабря 2016 года № 206 "О Национальном банке Кыргызской Республики, банках и банковской деятельности").

Национальный банк – субъект финансовых правоотношений, он выступает в качестве финансового агента Правительства Кыргызской Республики, включая обслуживание внешнего долга Кыргызской Республики, на согласованных условиях (ст. 53 Закона). Национальный банк удовлетворяет потребность Правительства Кыргызской Республики в иностранной валюте при выполнении обязательств по внешнему долгу, оплате членских взносов в международные организации, финансировании представительств Кыргызской Республики за рубежом и другим обязательствам путем продажи Правительству Кыргызской Республики иностранной валюты - части международных резервов (п.4, ст.45 Закона). Вместе с тем, в соответствии со ст. 48 Закона Национальный банк вправе покупать и продавать ценные бумаги, выпущенные Правительством Кыргызской Республики, на вторичном рынке ценных бумаг, а также выступать в качестве депозитария, но ему запрещается покупать государственные ценные бумаги Кыргызской Республики при их первичном размещении.

Вторая группа отношений возникает между Национальным банком как государственным учреждением, наделенным государственно-властными полномочиями в финансово-кредитной сфере, и финансово - кредитными учреждениями.

Кредитные организации занимают важное место в экономической системе любого государства, построенного с учетом принципов рыночной экономики. Основными функциями кредитных организаций являются обеспечение потребности хозяйствующих субъектов, в том числе, государственных органов, в денежных средствах, предоставление кредитных ресурсов; сбережение и накопление денежных ресурсов; перемещение денежных средств.

Кредитные организации аккумулируют децентрализованные фонды денежных средств, являющиеся составной частью государственных финансов в целом. Таким образом, исходя из значимости кредитных организаций, как учреждений, обеспечивающих функционирование государства, из значимости основного инструментария их деятельности - денег, государственные органы наряду с общим гражданско-правовым методом правового регулирования применяют императивный финансово-правовой метод. В результате часть отношений между Национальным банком и финансово - кредитными учреждениями в полной мере можно охарактеризовать как финансово-правовые [2].

Финансово-правовые отношения возникают также между Национальным банком и финансово-кредитными учреждениями по поводу определения статуса кредитных учреждений как участников финансовых правоотношений (банковские - небанковские), лицензирования, установления обязательных экономических нормативов, о чем будет сказано ниже, деятельности и надзора за соблюдением банковского законодательства.

Третья группа правоотношений возникает при возложении на Национальный банк и финансово-кредитные учреждения ряда функций государственных органов, связанных с обеспечением функционирования финансовой системы в процессе деятельности

хозяйствующих субъектов. Это, в первую очередь, относится к отношениям, связанным с осуществлением Национальным банком функций органа валютного контроля. Так, в соответствии со ст. 17 Закона Национальный банк разрабатывает и осуществляет единую валютную политику.

На наш взгляд, вышеприведенное деление финансовых правоотношений вполне соответствует действительности. Во-первых, поскольку Национальный банк участвует в осуществлении денежно-кредитной политики, использует ее инструменты для воздействия на коммерческие банки. Но стоит не согласиться с тем, что финансовые отношения возникают в области лицензирования и регистрации коммерческих банков, так как это скорее сфера регулирования административного права, которое использует императивный метод при осуществлении данной деятельности.

Помимо этого, по нашему мнению, установление обязательных нормативов -это сфера регулирования именно финансового права, так как, с одной стороны, Национальный банк, устанавливая их, воздействует на кредитные отношения, которые относятся к сфере регулирования финансового права, а, с другой стороны, установление экономических нормативов носит обязательный характер, следовательно, должно относиться также к области регулирования финансового права.

Таким образом, можно сделать вывод, что банковское право является институтом финансового права, представляющим собой систему правовых норм, регулирующих отношения, складывающиеся в процессе осуществления банками и небанковскими кредитными организациями банковских операций и входящих в систему денежного обращения, при образовании, распределении и использовании денежных фондов государства и самостоятельно-хозяйствующих субъектов.

Литература:

1. Закон КР от 16 декабря 2016 года № 206 "О Национальном банке Кыргызской Республики, банках и банковской деятельности" // газета "Эркин-Тоо",113-114 (270 8-2709).
2. Кокуева Э. С. Современное состояние коммерческих банков в экономике Кыргызской Республики // Молодой ученый. — 2016. — №20. — С. 313-318.

УДК:398.22

ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТАГЫ КӨӨНӨ ПОЭТИКА

Жамгырчиева Г.Т., ф.и.д., профессор м.а.
Ош мамлекеттик университети

АРХАИЧЕСКАЯ ПОЭТИКА В УСТНОМ НАРОДНОМ ТВОРЧЕСТВЕ

Жамгырчиева Г.Т., д.ф.н., и.о. профессор
Ошский государственный университет

ARCHAIC POETICS IN ORAL FALK ART

Jamgyrchieva G.T., d.p.s., acting professor
Osh State University

Аннотация: *Макалада кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгындагы көөнө элдик поэтиканын салттуу сакталышы жана айрым өзгөчөлүктөрү тууралуу сөз болот.*

Аннотация: *В статье рассматривается традиционность и некоторые особенности архаической поэтики в устном народном творчестве.*

Abstract: *The article discusses the conventialism and some features of archaic poetics in oral folk art.*

Түйүндүү сөздөр: *фольклор, архаика,эпос, жөө жомок, көөнө поэтика.*

Ключевые слова: *фольклор, архаика, эпос, сказки, древняя поэтика.*

Key words: *folklore, archaic, epic, fairy tales, ancient poetics.*

Өнүгүүнүн узак эволюциялык жолун басып өткөн улуттук фольклор түрдүү өңүттөн изилденүүгө муктаж. Аны фольклордук, тарыхый, этнологиялык өңүттөрдөн комплекстүү изилдөө максатка ылайык. Элдик оозеки чыгармачылыктагы мифологиялык-архаикалык сюжеттер, көөнө мотивдерди мифопоэтикалык чагылуусуна байланыштырып изилдөө учурда фольклористикадагы актуалдуу маселелерден.

Элдик фольклор жалпы адамзаттын тарыхында обочолонуп турбайт, ал боордош түрк-монгол элдеринин жана дүйнө элдеринин мифологиялык-фольклордук чыгармачылыгы менен үндөшүп, кээде окшош мотивдерде биригет. Ошону менен бирге эле жалпы системасы, тематикасына карабай, жаратылган образдары, көркөм поэтикасы боюнча ар бир элдин оозеки чыгармачылыгы улуттук кайталангыс өзгөчөлүктөргө да ээ. Бул фольклордун жалпы адамзаттык идеясы, мифологиялык түпкү көрөңгөсү, уюткусу бар экенин көрсөтүп турат. Элдик жөө жомоктордогу, эпостордогу көөнө сюжетика, салттуу формулалык стиль анын архаикалуу поэтикасынын далили жана ал адамзаттын рухий дүйнөсүнүн абалкы тазалыгына, кол тийбестигине негизделген, нукура аруулугуна ылайыкташып түптөлгөн байыркы мифологиялык түшүнүктөрдөн.

Байыркы кыргыз элинин мифтен башат алган оозеки чыгармачылыгындагы көөнө поэтиканын ордун белгилөө, элдин көп доорлорду башынан кечирген тарыхында эзелки көркөм сөз туундулары болгон мифтердин, эпостордун, жөө жомокторун көөнө поэтикасынын ордун аныктоо алардын сакталышы, салттуулугу сыяктуу маселелерди аныктоодо кызмат өтөйт.

Кыргыз эпостору көчмөн маданияттын түпкүрүнөн жетилген жана көп доорлорду камтыган катмарлануулардан турган табияты татаал фольклордук чыгармалар болсо, жөө жомоктор кара сөз түрүндөгү, көлөмү чакан, жаралыш доору боюнча (айрыкча айбанаттар тууралуу жана сыйкырдуу-кереметтүү жөө жомоктор) байыркы чыгармалардан. Бул түрк-монгол элдериндеги элдик оозеки чыгармачылыктын спецификасы десек болот.

Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында мифтер адамзаттын байыркы аң-сезиминин көркөм өнүмү катары өзгөчө маниге ээ экендиги белгилүү. Элдик чыгармачылыктын көлөмдүү туундусу болгон эпостордо мифологиялык түшүнүктөр чыгарма жаралган күндөн тартып өз ордун тапкан десек жаңылышпайбыз. Буга далил катары мифологиялык эпостордо кездешкен көптөгөн сюжеттерди, каармандарды келтирүүгө болот жана аларды илимий аңдап үйрөнүү ата-бабалардын дүйнө түшүнүмүн дагы конкреттештирип билүүгө шарт түзөт. Оозеки адабиятыбызды өздөштүрүү аркылуу руханий маданиятыбыздын өзгөчөлүгүн тереңдеп түшүнүүгө мүмкүнчүлүк ачылары ачык. Эпостордун, жөө жомоктордун архаикалык катмарларын изилдөө иштери табигый түрдө алардын генезисине тиешелүү маселелерге алып барат. Аларда тапсыз коомго ылайык байыркы архаикалык мотивдердин кездешери, мифтик элементтер, мотивдер анын көөнөлүгүнөн кабар берип турат.

Кыргыз фольклору мифологиялык көз караштарга, түшүнүктөргө, таанып-билүүлөргө, образдарга абдан бай келип, майда афоризмдерден тартып көлөмдүү эпосторго чейин өзүнүн эбегейсиз, универсалдуу, чексиз ордун тапкан, чыгармачылыктын эң бийик чегине жеткирген көркөм каражатты түзөт. Мифологиянын фольклорго сиңирилген булактарына караганда дүйнө элдеринин тажрыйбасында этимологиялык, космогоникалык, антропогониялык, этногоникалык, эсхатологиялык, зоогонистикалык, баатырдык, календардык категориядагы мифтердин бардык түрлөрү учурайт жана алардын түрлөрү кыргыз фольклорунда толук жашайт.

Кыргыз фольклору, анын ичинен эпостору баатырдык мифтерге өтө бай келип, Эр Төштүк, Кожожаш, Манас, Семетей, Сейтек, Жоодарбешим, Көкүл, Жаныш, Байыш сыякуу баатырлардын жеке турпатына байланышкан мифтик башаттары, касиеттери сакталып калган, укмуштуу-кереметтүү жөө жомоктордогу айрым персонаждар да ушундай башталмаларга, мүнөзгө ээ. Манас баатырдын архетиптик образы мифтен башат алып,

хаосту, башаламандыкты жеңип, дүйнөнү иреттөөчү каарман катары келет. Эпостун көптөгөн доорлор оозеки айтылып келген узак жолунда баатырдын образы улам кийинки доорлордун талабына ылайыкташып, жердик адамга айланганын баамдоого болот.

Мифтик таанып-билүү же аң-сезимдин мифтик түшүнүктөрдү адамзат үчүн дайыма аралаш жашай турган психологиялык процесс болгондуктан, көркөм ой жүгүртүүнүн негизги таяна турган рычагына айланып, байыркы архаикалык катмардан тартып, адам акылынын өнүккөн азыркы илим менен техника жаралган доорго чейин эффективдүү ыңгай таап, дайыма адам акылында жашап келет. Мифтик көз караштар образдык, кошумча персонаждык формаларда өнүгүп, фольклордук чыгармалардагы реалисттик турмушка аралашып, көптөгөн жанрлардын көркөм байышына, композициялык курулушуна, сюжеттик турпатына, окуядагы эпизоддорго көмөк көрсөтөт, ал гана эмес айрым жанрларда башкы-жетектөөчү образдык ролун аткарат, алар жазма адабиятка да өз таасирин тийгизген. Алсак, укмуштуу-кереметтүү, айбандар жөнүндөгү жөө жомоктордо, легенда-уламыштарда жана мифологиялык эпостордо тиешелүү ролун аткарып жүргөн. Мифологиялык образдар жана персонаждар - фольклордук эстетиканын өнүгүү жолунда көптөгөн көркөм образдарды өз принцибинде, түпкү табиятына ылайык иштеп чыгат. Байыркы адамдар табият көрүнүштөрүн, турмуш чындыгын, биологиялык өсүп-өнүгүүнү, физикалык мыйзам ченемдүүлүктү өздүк таанып-билүүнүн шартында салыштырып, жамааттык-уруучулук мамилелерге тутумдаштырышкан, өздөштүрүүнүн айла-амалын табышкан. Ошентип, айбанаттар дүйнөсүнөн ажыраган алгачкы адамдардын акыл-эсинде, таанып-билүүсүндө реалдуулукка караганда кыялый ой жүгүртүү, фантастикалык акыл-чабыттоо, өзгөчө элестөө, жандуу-жаныбарларга табынуу, кубулуштарга ишенүү менен аларда диний-мифологиялык система үстөмдүк кылган. Натыйжада, логикалуу чындыкка караганда диний-мифологиялык образдар аркылуу ой жүгүртүү талабы үстөмдүк кылып, фантастикалык сюжеттер айласыздан адам түшүнүгүндө жаралган. Фольклорист Е.М. Мелетинский белгилегендей, эпикалык эстеликтер дүйнөлүк адабияттын тарыхынын түпбашатында турат [1.5].

Мифология жандуу, кыймылдуу, өзгөрүлмөлүү келип, адамдагы примитивдүү түшүнүктөргө тыгыз айкалышып, теңирчилик, анимисттик, фетиштик, тотемдик, магиялык, шамандык жана исламдык диндердин жаралышына башкы негиз болуп, мифологиялык образдар системасы өнүгүп чыккан жана алар көркөм синкретизмдин карамагына өткөн. Ага фетиштик түшүнүктөр: духтар, кут дааруу; анимисттик таанып-билүүдөгү: ишенимдер, жан кирүү, тил бүтүү, арбактар колдоо; тотемдик таануулардагы: пирлер, кудайлар, ээси, колдоочулар; магиялык ишенимдер – сөз сыйкыры, тил күчү, жан бүтүү; шамандык касиеттер: бакшычылык, сыйынуучулук, табынуучулук касиеттер кирип, көөнө доордогу жөнөкөй түшүнүктөгү элге сиңген. Сөз күчүнө ишенүү этностун, уруунун, элдин руханий динамикалуу кубатына байланышкан абстракттуу түшүнүк экендиги талашсыз. Кыргыз эпостору “Манас”, “Эр Төштүк” ж.б. тектеш монгол, бурят, тибеттиктерде орток кездешкен “Гэсэр” эпосу жана монгол, калмак элдеринде бирдей учураган “Жангар” эпостору ж.б. менен типологиялык окшоштукта болуп, мазмундук, идеялык-көркөмдүк жагынын үндөшүп турат. Ошондой эле бул эпосторду жакындаштырган нерсе тектеш тили, б.а. алардын алтай тил уясынын топторуна кирүүсү жана архаикалуулугу болуп саналат.

Жогорудагыларга үндөш кыргыз фольклорундагы архаикалык-мифологиялык башаттарга ээ чыгармалардын дагы бири «Көкүл» жомогу болуп саналат. Ал кыргыз элинде гана эмес тектеш түрк элдеринин аймагында, тактап айтканда, бараба, тобол татарларында да айтылган. Андагы каармандардын жана кереметтүү кейипкерлердин мифтик теги, антроморфтук касиеттери чыгарманын архаикалуулугун тастыктайт. Жанрдык жагынан кыргыз элинде жана сибирлик татарларда да алгачкы башаты кереметтүү жомоктун үлгүсүндө. Мында Көкүл баатырдын алптарды, дөөлөрдү жеңип үйлөнүүсү, анын минген атынын кубулуучулу сапатка ээ болуусу, Карач аттуу агасын жана уруусун эркиндикке чыгаруусу, Карачты тирилтиши жана башка сюжеттик мотивдер бирдей кездешет. Кыргыз элдик фольклорунда «Көкүл» эпостук деңгээлде өнүктүрүлгөн, бара-бара, тобол

татарларында жөө жомок формасында кездешет. Мындан кыргыз эли өткөн доорлордо Сибирь элдери менен бир аймакта жашап, бирдей мифологияк ойломго, бирдей маданиятка, фольклордук салтка ээ болгондугу көрүнөт. Мындай типтеги чыгармаларды В.Я. Пропп мамлекетке чейинки эпос деп атаса, В.М. Жирмунский баатырдык жомок дейт [2;3]. «Көкүл» жомогунда мифологиялык персонаждар: жез кемпир, алптар, дөөлөр, антропоморфтук жандыктар катышат. «Эр Төштүктөгүдөй» эле башкы баатыр жер түбүнө түшөт, ошондой эле көккө чыгат жана да дөөлөр, алптар менен алышып жеңип үйлөнөт, эл-жерин жоодон азат кылат.

Кыргыз фольклорундагы мифологиялык образдар зооморфтук жана антропоморфтук түспөлдө болуп – дүйнө көрүнүшүн, турмуштук касиетин, өздүк сапаттарын сыйкырлап, кереметтеп, таандыктап, айбанаттарга, канаттууларга, ал гана эмес адам түспөлүндөгү жандыктарга табынууларды пайда кылган. Кыргыз мифологиясында анимисттик аңсезимдин орун алган тажрыйбасында демонологиялык системага кирген образдар өзгөчө орунду ээлейт. Алар кыргыз эпосторунда – желмогуз, алп дөө, алп кара куш, ажыдаар, албарсты, пери, жез тырмак, кайып, арбак, кайберен, өңдүү персонаждарда учурайт.

Дүйнө элдеринин оозеки чыгармачылыгындагыдай эле кыргыз фольклорунда, анын ичинде кыргыз эпосторунда да мифтик, легендалык сюжеттер орун алган, алар ар түрдүү жана көп кырдуу.

Элдик оозеки чыгармалардын көөнө поэтикасы өнүгүүнүн узак жолдорун басып өтүп биздин күндөргө жетип келди. Анын алгачкы мифтик түспөлүндөгү архаикалык белгилер калыптануу, өнүгүү эволюциясынын кийинки этаптарында өтмө маанидеги көркөм сөз каражаттары менен толукталып жүрүп олтурган, бирок, ошол эле мезгилде эпос өз тулкусундагы көөнө катмарларда баштапкы мифтик дүйнөтаанымдын белгилерин сактап калган.

Адабияттар:

1. Мелетинский Е.М. Происхождение героического эпоса. – М., 1963.
2. Жирмунский В.М. Тюркский героический эпос. - Л, 1974.
3. Пропп В.Я. Поэтика фольклора. – М., 1968.
4. Кожожаш. Эпос. “Эл адабияты сериясы”. I т. – Б., 1996.
5. Эр Төштүк. Эпос. “Эл адабияты” сериясы. II т. – Б., 1996.
6. Манас. Эпос. С. Орозбак уулунун варианты: II китеп. - Ф.: Кыргызстан, 1980.
7. Манас. Эпос. С.Орозбаковдун айтуусунда, т. 3. - Б., 1995.

УДК:375.62(575.2)

МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖДЕРДЕ КЕСИП ЭЭЛЕРИН ДАЯРДООДО ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫН КОЛДОНУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

Жолдошева Зулфия Акрамовна, улук окутуучу,
Самсиева Айнагул Жусупбековна, улук окутуучу,
Асанбекова Зуура Садирбековна, окутуучу,
Төлөнбаева Гулзат Толубаевна, окутуучу
Ош мамлекеттик университети

ОСОБЕННОСТИ ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ТЕХНОЛОГИЙ ОБУЧЕНИЯ ПРИ ПОДГОТОВКЕ СПЕЦИАЛИСТОВ В МЕДИЦИНСКИХ КОЛЛЕДЖАХ

Жолдошева Зулфия Акрамовна, ст. преподаватель,
Самсиева Айнагул Жусупбековна, ст. Преподаватель,
Асанбекова Зуура Садирбековна, преподаватель,
Толонбаева Гулзат Толубаевна, преподаватель
Ошский государственный университет

PECULIARITIES OF USING TEACHING TECHNOLOGIES IN TRAINING MEDICAL COLLEGE STUDENTS

Zholdosheva Zulfiay Akramovna, senior lecturer,
Samsieva Ainura Zhusupovna, senior lecturer,
Asanbekova Zuura Sadirbekovna, lecturer,
Tolonbaeva Gulzat Tolubaevna, lecturer
Osh State University

Аннотация: *Макалада медициналык колледждерде кесип ээлерин даярдоодо окутуунун бир нече технологияларын колдонуунун өзгөчөлүктөрү каралган.*

Аннотация: *В статье рассмотрено несколько особенности использования технологий обучения при подготовке специалистов в медицинских колледжах.*

Abstract: *The article discusses some peculiarities of using teaching tehnologies in training of medical college students.*

Түйүндүү сөздөр: *Технология, термин, маалымат, интерактивдүү, дифференция, эвристика.*

Ключевые слова: *Технология, термин, информация, интерактивный, дифференция, эвристика.*

Key words: *technology, the term, information, interactive, differentiation, heuristics.*

«Технология» (грек. сөзү, технос –көркөм өнөр (искусство), чеберчилик; логос- окуу, үйрөнүү) деген сөз адамзат коомунун өнүгүшүндөгү техникалык прогресстен улам келип чыгып, өндүрүш процессинде чийки затты иштетүүнүн усулдарынын жыйындысы жана анын илимий изилденишин түшүндүрөт.

Илимдин өнүгүшү менен бирге технология термини кеңири маниге ээ болуп колдонула баштаган. Азыр маалыматтык, медициналык, педагогикалык технологиялар деген терминдер бар.

Азыркы кезде билим берүү жаатында маалымат технологиясы жана педагогикалык технология түшүнүктөрү кеңири колдонулууда. Педагогикалык технологияга орус педагогикасында В.П. Беспалько [1], И.П. Волков [2] ж.б., педагогикалык билим берүү жана инсанды өстүрүү максатында ырааттуу педагогикалык ишмердүүлүктү жүргүзүүнүн проектисинин тутуму деген аныктаманы берет.

Азыркы кезде билим берүү жаатында төмөнкүдөй технологиялар кеңири колдонулууда:

проблемалуу окутуу технологиясы, оюн технологиялары, окутуунун дифференциялоо жана жекелештирүү технологиясы, программалаштырып окутуу технологиясы, маалымат технологиясы, автордук технологиялар.

Проблемалуу окутуу технологиясы. Проблемалуу окутууда медайымдар окуу маселелерин чечүү менен өз алдынча билимдерди алышат, алардын чыгармачылык ойлоосу жана таанып билүү активдүүлүгү өсөт.

Проблемалык окутууда эң маанилүү этап болуп проблемалык жагдайды (кырдаалды) - ойлонуунун, маселени чечүү керектигин сезүү абалын түзүү эсептелинет. Эң башкы талап өздөштүрүлүүчү проблеманын медайым аткара ала тургандай татаалдыкта болушу шарт. Мисалы, бейтаптын кан басымын ченебей туруп, кан басымынын көтөрүлүп кеткенин кантип билебиз? Бул кырдаалды көз алдыларына элестетишип, ой жүгүртө башташат.

И.А. Зимняянын пикири боюнча, проблемалуу окутуу окуучуну өнүктүрүүгө кудреттүү болгон эвристикалык, изилдөөчүлүк типтеги окутуу болуп саналат [3].

Проблемалуу окутуунун усулдары:

1. Проблемалык (баяндоо) айтып берүү.
2. Эвристикалык изденүү.
3. Изилдөө.

Проблемалуу окутуунун өзгөчөлүктөрү жана жакшы жактары:

- өз чыгармачылык ишмердүүлүгү, өзүнүн күчү менен маалыматтарды табуусу, эркин ой жүгүртүүсү;
- окуу ишине карата кызыгуунун күчтүү болушу;

- студент өз аракети менен изденип табуусу.

Проблемалуу окутуунун кемчиликтери:

- студенттердин таанып билүү ишмердүүлүгүн башкаруунун кыйындыгы;
- максатка жетүүгө убакыттын көп талап кылынышы.

Проблемалуу окутууда окутуучуга төмөнкүлөрдү жасоого жол коюлбайт:

- өзү койгон проблемаларга, суроолорго өзүнүн жооп берүүсүнө;
- кириш сөзүндө талкууланып жаткан проблемага жетелеп келүүгө, талкууга алынуучу маселелерди тактап, чектеп берүүгө.

Интерактивдүү окутуу - бул таанып-билүү ишмердүүлүгүн уюштурулушунун атайын формасы. Ал толук конкреттүү жана божомолдонуучу максаттарга ээ. Мындай максаттардын бири-окутуунун ыңгайлуу шарттарын түзүү, башкача айтканда, студент өзүнүн ийгиликтүүлүгүн, өзүнүн интеллектуалдык жарамдуулугун сезүүсүн камсыздап, окутуу процессинин натыйжалуу (жемиштүү) болушун камсыз кылат.

Интерактивдик окутуунун максатына (студенттердин бекем билимдерге ээ болуусу, аларды практикада колдоно билүүсү, инсан катары жетилиши ж.б.) жетүү үчүн медайымдардын ички активдүүлүгүнө (окуу мотивдерине, кызыгууларына, терең билим алууга умтулуусуна жана такай окуу аракеттерин аткаруусуна, окуу материалынын үстүнөн ой жүгүртүүсүнө ж.б.у.с.) басым жасалат.

Интерактивдүү стратегияны колдонуу билим берүү процессинде студент менен окутуучунун өз ара мамилесин жана өз ара таасир этүүсүн субьект-субьект карым-катышында жүргүзүүгө багытталат [5].

Интерактивдүү окутуунун стратегиялары:

1. Жупта жана чакан топтордо иштөө.
2. Мээге чабуул.
3. Броун кыймылы.
4. Ролдук (ишкердик) оюндар.
5. Талкуу-дискуссия (талашып-тартышып талдоо).
6. Суроо-жооп ж.б. [4].

Жогоруда аталган окутуунун интерактивдүү стратегияларынын айрымдарына кеңири токтоло кетели. Ар бир методдун жетишкен жактары жана кемчиликтери бар. Аларды эске алуу иштин натыйжалуу болушун камсыз кылары көңүлгө тутулат.

Ролдук оюн - бул жашоонун ар кандай кырдаалдарында кандайдыр бир жүрүм-турумду же эмоцияны ээлөө кызыкчылыгында мурдатан бөлүштүрүлгөн ролдорду топтун катышуучулары менен ойноо. Ролдук оюндар анча чоң эмес (3-5 катышуучу) топтордо өткөрүлөт. Катышуучулар тапшырманы карточкада (тактада, барак бетинде ж.б.у.с) алышат, ролдорду бөлүштүрүшөт, кырдаалды ойношот жана бардык топко көргөзүшөт. Ролдук оюн окутуунун усулу катары сабакта бир темадагы же бир бөлүмдөгү түшүнүктөрдү өздөштүрүү, көндүмдөрдү өнүктүрүү, сабак материалдарын өздөштүрүүнүн монотондуулугунан арылуу максатында колдонулат.

Роль аткаргандар окуяга сүңгүп кирип, бейтапты туурап, машыгып, өзүнүн чыгармачылык жөндөмдөрүн көрсөтөт. Ролдук оюн окутуунун усулу катары сабакта бир темадагы же бир бөлүмдөгү түшүнүктөрдү өздөштүрүү, көндүмдөрдү өнүктүрүү максатында колдонулат. Ролдук оюндун дидактикалык максаты окуучулардын дүйнө түшүнүүсүн, таанып билүү ишмердүүлүгүн кеңейтүү, билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү практикада колдоно билүүнү үйрөтүү окуу аракеттерин өстүрүү, эмгек көндүмдөрүн арттыруу болуп саналат.

Суроо-жооп-окутуу процессинде студент сабакка жандуу катышуусун, эркин ой жүгүртүүсүн камсыз кылуучу ыкмалардын бири. Окутуучулар тарабынан бул ыкма пикир алышуунун ишенимдүүлүк даражасын арттыруучу бир жол катары белгиленип келет.

Билим берүү чөйрөсүндө колдонулган суроолор көп кырдуу. Ар түрдүү суроолор студенттерге ар башка иш-аракеттерге багыттайт. Ушул себептен улам окутуучулар суроолордун маани-мазмунун мыкты аңдап түшүнүшү зарыл.

Суроо-жооп ишинин пайдалуу жактары төмөнкүлөр:

- студенттин сабакка жандуу катышуусун камсыз кылат;
- студентти түшүнүүгө мажбурлайт, анын кызыгуусун арттырат;
- окутуучу менен студенттин кызматташтыгын өнүктүрөт;
- студенттин өз пикирин далилдүү айтып берүү жөндөмүн жана адамдык касиеттерин өркүндөтөт;
- өздөштүргөн билимдерин колдонууга жана жаңы пикирлерди жарата билүүсүнө өбөлгө болот.

Суроо-жооп ыкмасынын да чектелүү жактары төмөнкүлөр:

-суроону көбүнчө окутуучу берет. Бул кырдаал белгилүү өлчөмдө студенттин өз алдынча ойлонуп суроо коюусуна тоскоол болот.

- окутуучу берген суроолор, адатта, ынандырма мүнөздө болот. Бул кырдаал студенттин ой сезимин толук эркин билдиришине тоскоол болот. Бирок пайдалуу жактары көп.

Жыйынтыктап айтканда, болочок кесип ээлерин окутуп даярдоодо технологияларды колдонуунун өзгөчөлүгү, тема боюнча эркин ой жүгүртүүсү, чыгармачылык ишмердүүлүгү, өзүнүн күчү менен маалыматтарды табуусу, окуу ишине карата кызыгуунун күчтүү болушу, өз аракети менен изденип табуусу артат. Ошондой эле болочок кесип ээлеринин кесиптик компетенцияларын калыптандырууда да мааниси чоң.

Адабияттар:

1. Беспалько, В.П. Системно-методическое обеспечение учебно-воспитательного процесса подготовки специалистов [Текст] / В.П. Беспалько. – М.: Высш. шк., 1989. – 143 с.
2. Волков, К.П. Психология о педагогических проблемах [Текст] // К. П. Волков. – М.: Просвещение, 1981. – С.127.
3. Зимняя, И.А. Ключевые компетентности как результативно-целевая основа компетентностного подхода в образовании [Текст] / – М. : Исслед. центр проблем качества подготовки специалистов, 2004. – С.85.
4. Жусуп Молдобаев Окутуунун интерактивдуу усулдары. Педагогикалык көрөңгө [Текст] / – Ош.: 2010
5. Окутуунун жаңы технологияларынын маңызын түшүнүү [Текст] / [Т.Р. Барпыбаев.] // Ош мамлекеттик университетинин жарчысы. – 2012. – № 4. – б.43-45.

УДК: 398

“МАНАС”- ЭЛДИН ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН ҮЛГҮСҮ

Зулпуев А.З., ф.и.к., доцент
Ош технологиялык университети

«МАНАС» - ПРИМЕР УСТНОГО ТВОРЧЕСТВА НАРОДА

Зулпуев А.З., к.ф.н., доцент
Ошский технологический университет

"MANAS" - AN EXAMPLE OF THE ORAL FOLKS TRADITION

Zulpuev A.Z. c.f.s., associate professor
Osh Technological University

Аннотация: *Макалада күнү-түнү тил кезеп, таруудай чубуртуп, кумдай куюлтуп, айлап-жылдап түгөнбөгөн деңиздей чалкыган «Манастын» эл оозунан жыйналуу, кагаз бетине түшүү, китеп болуп басылып чыгуу таржымалы, үлкөн тарыхы тууралуу сөз болот.*

Аннотация: *В статье подробно описаны хроника и история сборе текста эпоса “Манас” у народа и его записи. Излагается история подготовки академического издания океаноподобного произведения кырыгызского устного народного творчества.*

Abstract: *The article describes in detail the chronicle and the history of collecting the text of the epic "Manas" from the people and its records. Outlines the history of the preparation of the academic publication oceanodroma works kuraginskogo of folklore.*

Түйүндүү сөздөр: *этнос маданияты, улуу мурас, жомок, сыймык, тарых, баатыр, мансап, байлык, баласыздык, талгак, кырк жигит.*

Ключевые слова: *культура этноса, великое наследие, сказка, гордость, история, богатырь, власть, богатство, бездетность, талгак (идиосинкразия, вкусовые капризы у беременной женщины), сорок витязей.*

Key words: *culture of the ethnos, great heritage, fairy tale, pride, history, hero, power, wealth, childlessness, talgak (idiosyncrasy, taste vagaries of a pregnant woman), forty knights.*

Улуттук кайра жаралуунун, улуттун өзүн-өзү таануусунун, инсандык-интеллектуалдуулукка умтулуунун мезгили болуп калды. Учурдагы бүткүл дүйнөлүк саясий-идеологиялык, социалдык-экономикалык чыңалуу, тездик менен өнүгүп жаткан жана өз агымына баарын кошуп, «жутуп» алып жаткан жалпы адамзаттык цивилизация, илимий-технологиялык доор-ар бир чоң калкты болбосун, ар бир инсанды болбосун өзүнүн маданий-потенциалдык таянычын, өзүмдүк, жеке таканчыгын табуусун талап кылып, ар бир адамдын, же улут, калктын маданий нарктуу уютку дөөлөтү гана анын адам, улут, калк болуп жашап калышына өбөлгө болорун тике да, кыйыр да каңкуулап жатат.

Учурдагы мындай опуртал, анан калса реалдуу үйөргө улутубуздун берер жообу бул - «Манас» эпосу. Эпос элдин басып өткөн жолунун жаркыраган күзгүсү, тарыхый бай тагдырынын маалымат-наамы. Анда элдин жеткен этнос маданиятынын бийиктиги, акыл-эсинин , аң-сезиминин тереңдиги, кылымдар бою иштеп чыккан өнөрүнүн өзөгү, улуттук жүзүнүн уңгу-уюлу, баалуулуктарынын маңызы ж.б. чокмороктошуп уюп жатат.

«Манас» - кыргыз элинин улуттук сыймыгы, ата-бабаларыбыз өз табылгаларынын алгылыктууларын бүт чогултканказынасынын милдетин аткарган, ыйык тутуп, укумдан - тукумга сактап келе жаткан улуу мурасы.

Жанрдык белгилери жактан «Манас» баатырдык эпоско жатат. Бирок анын камтыган мазмуну, берген маалыматы алда канча кеңири жана терең. Эпосто элдин үрп-адаттарынан тартып, кылымдар бою жашоосундагы калыптанган салттары, тиричилиги, көрүнүктүү окуялары, жашоо, жаратылыш, коом жөнүндөгү түшүнүктөрү, ар түрдүү ишенимдери чагылдырылган. «Манастын» мазмунунан биз эл тарыхынын изин, эл тагдырынын түрдүү учурларын көрө алабыз. Өткөн кылымдарда кыргыздар арасындагы «Манас» эпосундагы Манастын канчалык зор мааниге ээ болгондугун мына бул кичинекей фактыдан да айкын көрүүгө болот: бир да кыргыз өз баласына «Манас» деп ат койгон эмес. «Манас» деген атты бала көтөрө албайт, эч ким ага татыктуу болушу мүмкүн эмес деп түшүнүшкөн. Эпоско болгон ушундай ыйык мамиленин натыйжасында дүйнөдө теңдешсиз зор көлөмдүү, кыргыз аймагынан алда канча кеңири жерге таанымал болгон көркөм чыгарма түзүлгөн. «Манас» эпосунун эбегейсиз зор көлөмү, өзгөчө жогорку көркөмдүк деңгээли ага берилген баага, анын эл турмушунан алган ордуна байланыштуу. «Манасты» элдин айрыкча ардакташы чыгарманын мазмунунун кеңдигинин натыйжасы болсо, кеңири мазмун ага көп көңүл бурулуудан, элдик бардык табылгаларды ошол чыгармага топтоодон пайда болгон. Бири-бирине себеп-натыйжа катарындагы ролду ойногон ушул абал эпостун өнүгүшүндө чоң мааниге ээ - эл сүйгөн эпосун дайым кеңейтип, толуктаган, өзү башынан өткөргөн, тажрыйбасында көргөндөрдүн мыкты үлгүлөрүн ушул өзгөчө жогору баалаган чыгарманын сюжетиндеги окуяларга сиңирип, Манас баатырдын айланасына топтогон. «Манастын» көркөмдүк деңгээли да анын эл арасындагы кадыр-баркынын түздөн - түз натыйжасы: эл өзгөчө баалаган үчүн ал көп аткарылган, такталган, көптөгөн таланттардын узак эмгеги аркылуу көркөмдүк норманын кол жеткис бийик чегине жеткирилген.

Буга «Манас» эпосунун текстттеринде кеңири жолуккан Манасты сүрөттөөдө:

«Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй,
Асман менен жериндин,

Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Ай алдында дайранын
Толкунунан бүткөндөй,
Асмандагы ай-күндүн
Жаркынынан бүткөндөй…»- деген сыяктуу ж.б. көптөгөн ыр саптары таасын күбө. «Манастын» темасынын ар жактуулугун, мазмунунун тереңдигин, өзгөчө бийик көркөмдүк деңгээлин эске ала Ч.Айтматов бул чыгарманы кыргыз искусствосунун туу чокусу деп атайт.

Көптөгөн кылымдар бою эл башынан өткөн маанилүү окуялар, улам кийинки муундардын табылгалары менен мазмуну баюунун эсебинен "Манас» эпосунун окуялары арбып, камтыган маалыматтары кеңип, натыйжада терең мазмунуна, өзгөчө бийик көркөмдүк деңгээлине тете келүүчү өзгөчө чоң көлөмдүү чыгармага айланган. Көлөм жактан дүйнөдө «Манастын» теңдеши жок. Ал башка элдердин кеңири белгилүү эпосторунун эң зорлорунан да беш-он эселеп чоңдук кылат.

«Манас» эпосунун мыкты касиеттери-узак жылдар бою эл башынан өткөргөндөрдү чагылдырган терең мазмуну, чексиз кенен окуялары, уккандарга эстетикалык рахат тартуулаган көркөмдүгү, калктын алгылыктуу табылгаларын бүт ичине сыйлыгыштырып турган таалим-тарбия берүүчүлүк зор мааниси, бул чыгарманы кыргыз эли өзгөчө жогору баалап, ыйык туткан улуу мураска айландырган.

Кыргыздар «Манаска» өзгөчө зор маани бергендиктен жана калктын күндөлүк турмушунда бул чыгарма кеңири орун алгандыктан чет жерден келгендердин көзүнө эң алды менен ушул жомок чалдыгат, анын үстүнө ар бир кыргыз башка эл өкүлдөрүнүн алдында улуттук сыймыгы, баалуу мурасы, бетке тутар асыл мактанычы катары эң алды менен «Манасты» атайт.

«Манастын» айрым окуяларынын мазмуну 15-16- кылымдардын аралыгында эле кагаз бетине чийилгени "Мажму-ат-табарих» аттуу кол жазма аркылуу илимге белгилүү.

«Манас " эпосунун улуу мурас, теңдешсиз көркөм чыгарма катары профессионалдуу жазма адабиятка, искусствонун башка тармактарына үлгү болуучулук таасири күчтүү. Бул чыгарманын маанилүү идеяларына, таасирлүү образдарына шыктанышкан көптөгөн жазуучулар, акындар, композиторлор, сүрөтчүлөр ж.б. талант ээлери өз тармагы боюнча жаңы чыгармалар, образ-элестер жаратышат, көптөгөн чыгармачыл жаштар эпостун таасирлүү элес түзүү жактан үлгү алышат. Белгилүү кыргыз акыны А.Осмонов «Манас» эпосуна өзгөчө кызыгып, анын көптөгөн варианттары менен терең таанышкандыгы жана «Сагымбайдын ар бир сөзү бир аттык!»-деп улуу манасчы С.Орозбак уулунун талантынын күчүнө суктанганы, жогору баа бергени бекеринен эмес. «Манастын» материалдарынын негизинде «Манас», «Айчүрөк» опералары, көптөгөн драмалык чыгармалар жазылган, кинолор тартылган.

Күнү-түнү тил кезеп, таруудай чубуртуп, кумдай куюлтуп, айлап-жылдап түгөнбөгөн деңиздей чалкыган «Манастын» эл оозунан жыйналуу, кагаз бетине түшүү, китеп болуп басылып чыгуу таржымалы - өзүнчө бир чоң сабак, үлкөн тарых. Алгачкылардан болуп көңүл буруп, «Манас» дастанын манасчылардан жазып алууга, эл оозунан жыйноого демилге көтөрүп, Манас таануу илиминин чыйырын салган окумуштуу инсандарга, атуулдарга кыргыз урпактары таазим этүүгө милдеттүү.

«Манас» эпосунун традициялык сюжети, негизинен, бардык манасчылардын варианттарында бекем сакталат. Эпостун калыптанышы узак, татаал мезгилди ичине алат. Анткени кыргыз элинин тарыхы окуяларга бай, окумуштуулардын адилеттүү пикирлерине таянсак, кыргыздар − эң байыркы элдердин бири. «Манас» эпосунун сюжеттик өзөгүн чыгарманын башкы каарманы Манас баатырдын эпикалык биографиясы түзөт. Эпосто орун алган бардык окуялар Манас баатырдын образынын айланасында топтолгон, баатырдын эпикалык биографиясы менен тыгыз байланыштуу. «Манас» эпосунун мындай өзгөчөлүгүн академик В.М.Жирмунский сергек баамдап, негиздүү пикирин мындай билдирет: «Основная

композиционная особенность киргизской эпопеи, по сравнению с национальными эпическими циклами большинства других народов, заключается в последовательном проведении принципа генеалогической циклизации эпических сказаний вокруг центральной фигуры эпического монарха, являющегося в то же время первым богатырем своего народа, воплощением его героического самосознания» [33-б.]. Мындай өзгөчөлүк жеке гана «Манас» эпосуна мүнөздүү болбостон, түрк, монгол элдеринин баатырдык эпосторуна мүнөздүү көрүнүш экендигин академик В.М.Жирмунский баштаган окумуштуулар бир ооздон белгилеп келүүдө. «Манас» эпосу биографиялык циклизация принцибинде курулган эпикалык чыгарманын классикалык үлгүсүн түзөт. Эпосто баяндоо Манас баатырдын төрөлүшү менен башталып, анын өлүмү менен бүтөт. Манастын кереметтүү төрөлүшү, үйлөнүшү жана анын казаттары, уруу башчылары менен болгон чатагы, «Көкөтөйдү ашы» башкы өзөктүү окуяга баш иет. Андан кийинки окуялар генеалогиялык циклизация принциби боюнча уланып, баяндоо анын уулунун жана неберелеринин эрдик иштерине өтүп уланат. Мына ушул эпостун системалуу ырааттуу биримдиги узак, татаал көп стадиялуу өсүш жолду басып өткөн. Манас баатырдын эпикалык биографиясы акырындык менен толукталып, жаңы окуялар менен кеңейип отурду. Демек, Манас баатырдын классикалык образы узак, татаал эволюциялык өнүгүү процессинин натыйжасында ушул деңгээлге жеткен. Баатырдын кереметтүү төрөлүшү эпостун сюжетинин башталышы десек болор. Окумуштуу Р.Сарыпбековдун пикирине көңүл буруп көрөлү: «Эпостордогу каармандын образын түзүүгө киришүүдөгү биринчи кадам, адатта, анын төрөлүшүнүн өзүн баяндоо» [12-б.]. «Манас» эпосунун негизги мазмунун сырттан басып кирген кытай, калмактарга каршы кыргыз элинин боштондук күрөшү түзөт. Манас эр жеткенден тартып бүт өмүрүн согуштарда, ар кандай казаттарда өткөрөт. Бирок мындан элдин жай турмушу үрп-адат, салты эпосто орун албайт деген пикир туулбашы керек. Мисалы, «Манастын төрөлүшү», «Манастын Каныкейге үйлөнүшү» жана «Көкөтөйдүн ашы» өңдүү көлөмдүү бөлүктөрдө элдин жай турмушу, каада-салты, үрп-адаты кеңири сюжет түрүндө бөтөнчө көркөм баяндалганына күбө болобуз. Мына ушундай элдин жай турмушун сүрөттөгөн окуялардын бири - Манастын кереметтүү төрөлүшү. «Манас» эпосунда жалпы эле дүйнөлүк баатырдык эпосторго мүнөздүү болгон болочок баатырдын кереметтүү төрөлүшү бир катар салттык-сюжеттик мотивдер болуп эсептелет.

Баатыр жоого минер атсыз эрдик көрсөтө албайт, жоого минер атсыз баатырдын образы толук кандуу, бардык жагынан төп келген классикалык образдын деңгээлине жетиши мүмкүн эмес. Экинчиден, баатыр менен анын жоого минер атынын бир күндө туулушу жөн гана катардагы көрүнүш эмес. Баатыр менен анын атынын тагдыры ажырагыс деген маани-маңызы терең түшүнүк камтылган. Ошондой эле баатырдык эпостордо, жалпы эле дүйнөлүк фольклордо кеңири тараган бекем туруктуу салтка айланган дагы бир олуттуу, маанилүү салттык сюжеттик мотив бул - болочок баатырдын тентек болушу, аны койчу же уйчу болуп тарбияланышы.

С.Каралаевдин вариантында бул мотив мындай сүрөттөлөт: Жети жаштан сегиз жаш, Бала чыгып келгенде, Күйүп турган чок болду. Кырк үйлүү кыргыз ичинде, Мындай тентек жок болду [59-б.]. Жакып баласынын тентектигин жактырбай, чочулап, капаланып, кооптонуп, тынчы кетет: «Сенин тентектигин сында жок, Теңдешип союл чабууга, Теңиз кыргыз мында жок . Балам, биз тентип келдик Алтайга» [60-б.] – деп, баланын шоктугуна, тентектигине Жакып наалып, мал жанымдын баарын түгөтүп бүттү деп өзүнүн малга кароо, битир экендигин билдирет (60-бет). Ал эми акылман көрөгөч, даанышман Бакай баланын тентектигине, шоктугуна кубанып, келечекте эл, жер коргогон баатыр болоруна көзү жетип, Жакыпты жемелеп турган жеринен мисал келтирип көрөлү: Ой, ой Жакып, ой Жакып, Тамашаңды кой, Жакып. Береке ушул, бел ушул Калмак турмак канчага, Кыргын салар шер ушул, Эркек бала шок болсун, Мал багар уул болгончо, Бар болгуча жок болсун! [62-б.]. Ошондой эле дүйнөлүк эпостордо кеңири тараган дагы бир салттык-сюжеттик мотив болочок баатырды койчу же уйчу тарбиялашы С.Орозбаковдун вариантында мындай сүрөттөлөт. Мал азабын балага, Бир тарттырып көрөлү. Жайлоодогу койчуга, Алты ай малай

берели. Эркелетип отурбай катыштырып көрөлү. Ошпур деген койчу бар, Оңдоп койсун ошолор» [91-б.]. Түрк-монгол элдердин баатырдык эпосторунда болочок баатырдын биринчи эрдиги да өзүнчө салттык сюжет болуп баяндалат. Мисалы, «Алпамыш» эпосунда жети жашында, «Урак жана Мамай» эпосунда тогуз жашында, С.Орозбаковдун вариантында Манас тогуз жашында, ал эми С.Каралаевдин вариантында он эки жашында биринчи эрдигин көрсөтөт. Бул мотив В.Радлов жазып алган вариантта баатыр алты жашында деп эскертилет. «Маджму ат-таварихте» он эки жашында деп айтылып калган варианттар да жок эмес.

Баатырдык эпосто алты, тогуз, он эки жаш эпикалык сан катары бөтөнчө маани-маңызга ээ болуп, баланы баатыр деп эсептөөгө толук негиз бар деп эсептешет. Жоокерчилик доордо жаш балдардын ата-агалары менен жоого каршы аттанышы - реалдуу көрүнүш. Мына ушундан тартып Манас баатырдын кыргыз элинин каардуу душманы болгон калмак, кытайларга каршы боштондук күрөшү башталат. Бул күрөш «Чоң казатта» Манастын өлүмү менен аяктайт. Манастын биринчи баатырдык эрдиги кыргыз элин бириктирип, аны көз каранды эместигин коргоого мүмкүндүк берет. Манас кырк чоро күтүп, чоролорунун сунушу менен аны кан көтөрүшөт. Ошентип, Манасты ак кийизге салып, алтын такка мингизип, кан көтөрүшөт. Улуу окумуштуу ойчул Платондун устаты Сократ айткандай, «Билген адам эл башкарыш керек». Мына ушуну менен Манастын образына карата «кан», «падыша», «султан» деген туруктуу эпитеттер көркөм каражат катары кеңири колдонулат. А чынында, Манастын образында кандык бийлик, мансап-байлыкка умтулуу, өзүмчүлдүк, өз башынын кызыкчылыгын бийик коюу өндүү терс сапаттар жок. Эпосто Манас элдин кызыкчылыгы менен жашаган катардагы эле каарман катары сүрөттөлөт. Манас чоролору менен бирге жатып, бирге туруп, бардык кыйынчылыктарды тең бөлүшөт. Манас чоң казатка баратканда он башы Тазбайматтын карамагында катардагы жоокер болуп барат. «Манасты унуткан Тазбаймат» деген ылакаптын да өзүнчө чоң олуттуу мааниси бар. Демек, Манас - элдин урмат сыйына ээ болгон чыныгы элдик баатыр. «Манас» эпосунда Манас баатырдын кереметтүү төрөлүшүн шарттаган салттык- сюжеттик мотивдер: баласыздык, кереметтүү түш, түштү жоруу, кереметтүү бойго бүтүү, жолборстун жүрөгүнө талгак болуу, болочок баатырдын кереметтүү төрөлүшү, балага ат коюу, тентек болушу, аны уйчу же койчу тарбиялашы, биринчи эрдиги, кырк жигит күтүп кан болушу. Мына ушул салттык-сюжеттик мотивдер, негизинен, М.Чокморовдун вариантында да бекем сакталган. М.Чокморовдун айтуусунда Манас жалпы эле мусулмандардын коргоочусу, жактоочусу, бириктирүүчүсү, алардын эркиндиги үчүн күрөшкөн баатыр катары айтылат. М.Чокморов башка манасчылардан айырмаланып, Манасты колдогон кырк чилтен, кайыптарга бөтөнчө басым менен көңүл бурат. Аны жырткыч айбандар колдойт. Манастын алгачкы эрдиги менен анын оолуккан жиндилиги токтолуп, оң жолго түшкөнү төмөнкүчө баяндалат: Ошо Манас кайран эр, Жиндилик аты өчүптүр. Баатыр болуп токтолуп, Башына сыймык толуптур. «Манас» эпосундагы салттык-сюжеттик мотивдин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жөнүндө окумуштуу С.Бегалиев өзүнүн «Манас» эпосу» аттуу эмгегинде төмөнкүдөй пикирин билдирет: «Эпосто традициялык сюжеттен тышкары традициялык поэтика, композиция, көркөм ыкмалар бар экендиги белгилүү. Манасчылар эпостун ушул жалпы олуттуу белгилерин өздөштүрүшөт. Ырас, эпостун традициялык белгилерин механикалык түрдө кабыл алышпайт, көп жерлерин оңдойт, өзгөртөт, кеңейтет же кыска схема түрүндө баяндашат. Бул процессте ар бир манасчынын жеке шыгы таланты, көз карашы, ишеними чечүүчү мүнөзгө ээ» [25-б.]. Жалпысынан, «Манас» баатырдын кереметтүү төрөлүшү, балалык чагы белгилүү манасчылардын бардыгында негизинен үндөш, жакын, окшош деген бүтүм чыгаруу туура болор. Бул бөлүмдөгү салттык-сюжеттик мотивдер айтуучунун шыгына, талантына, көз карашына жараша айрым бир сюжеттик өзгөчөлүктөр менен, бирок салттык-сюжеттик мотивдердин маани-маңызы, формасы, көркөм ыкмасы, жалпыга белгилүү баатырдык эпоско мүнөздүү традициясы бекем сакталганына күбө болобуз. Ал эми М.Чокморовдун вариантындагы мифтик-диний мотивдер, В.М.Жирмунский адилеттүү баса белгилегендей, кийин кирген катмар катары бааланууга тийиш. Эпостун баатырдык духуна,

идеялык-мазмунуна анча олуттуу таасир этпейт деген ойдобуз. «Манас» эпосунун сюжеттик өзгөчөлүктөрүн ачуу - атайын терең илимий иликтөөнү талап кыла турган олуттуу маселе.

Адабияттар:

1. Айтматов Ч. «Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу». Китепте: “Манас”, Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. 1-китеп -Ф.,1978.
2. Жирмунский В.М. Народный героический эпос. -М.,1962. - 287-бет. 3. Жирмунский В.М. Введение в изучение эпоса «Манас». -М., 1962.
3. Жирмунский В.М. Тюркский героический эпос. -Л., 1974.
4. Кыдырбаева Р.З. Генезис эпоса «Манас». -Ф:, Илим, 1980. - 278-бет. 6. Кыдырбаева Р.З. Сказительское мастерство манасчи. -Ф., 1984.
8. Кыдырбаева Р.З. Эпос «Манас»: генезис, поэтика, сказительство. -Б., 1996. –б. 393.
9. Кыргыз адабиятынын тарыхы 1, 2, 3-том. -Б., 2002.
10. «Манас» Кыргыз элинин баатырдык эпосу 1-китеп /С.Каралаевдин варианты боюнча -Ф.: Кыргызстан, 1984.
11. «Манас» - Кыргыз элинин баатырдык эпосу 2-китеп /С.Каралаевдин варианты боюнча – Ф.: Кыргызстан, 1986.
12. «Манас» - Кыргыз элинин баатырдык эпосу 1-китеп /С.Каралаевдин варианты боюнча – Б.: Кыргызстан, 1995. – б. 446.
13. «Манас» - Кыргыз элинин баатырдык эпосу. 1-китеп /С.Орозбаковдун варианты боюнча - Ф.: Кыргызстан, 1978. –б. 295.
14. «Манас» - Кыргыз элинин баатырдык эпосу. М.Чокморовдун варианты боюнча. -Б., 1995. –б. 334.
15. «Манас» - кыргыз элинин баатырдык эпосу. С.Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш. 1-китеп - Бишкек: Кыргызстан, 1995. – б. 566.

УДК: 398

КОҢШУ ЖАШАГАН ЭЛДЕРДИН “МАНАС” ҮЧИЛТИГИ МЕНЕН ТААСИРЛЕНИШИ

Зулпуев А.З., ф.и.к., доцент
Ош технологиялык университети

ВЛИЯНИЕ ТРИЛОГИИ «МАНАС» НА ЖИВУЩИЕ ПО СОСЕДСТУ НАРОДЫ

Зулпуев А.З., к.ф.н., доцент
Ошский технологический университет

THE INFLUENCE OF THE TRILOGY "MANAS" ON NEIGHBORING NATIONS

Zulpuev A.Z. c.f.s., associate professor
Osh Technological University

Аннотация: *Макалада элдин улуулугунан кабар берген мурас, эң сейрек кездешүүчү дүйнөлүк поэтиканын эстеликтеринин бири жана кыргыз элинин чыгармачылык генийинен жаралган көркөм чыгарма - «Манас» эпосунун тектеш элдердин адабий чыгармачылыгына тийгизген таасири ачып көрсөтүлгөн.*

Аннотация: *В статье раскрывается влияние эпоса “Манас” на литературное творчество родственных народов являющегося наследием, повествующим о величии кыргызского народа, одним из рабочайщих памятников мировой поэтики, созданным творческим гением кыргызского народа.*

Abstract: *The article reveals the influence of the epos “Manas”on the literary arts of the fraternal peoples, which is a heritage that tells about the greatness of the Kyrgyz people, one of the most rarely found heritage of world poetics, a work of art created by the creative genius of the Kyrgyz people.*

Түйүндүү сөздөр*: кыяматтык дос, көркөмдүк, миф, этнография, маданият, кол өнөрчүлүк, реалдуу турмуш, тектеш эл.*

Ключевые слова: *закадычный друг, художественность, миф, этнография, культура, ремесло, реальная жизнь, родственные народы.*
Key words*: bosom friend, art, myth, ethnography, culture, craft, real life, related people.*

Өзүнүн өсүш жолунда, кылымдардын тереңине сүңгүп кирген тарыхында узак, татаал кылымдарды башынан өткөргөн кыргыз эли эпикалык маданияттын эң бийик үлгүлөрүн жаратууга жетишкен. Коңшу жашаган элдердин адабияты, маданияты бири-бири менен канатташ өнүгүп, өз ара таасирленген.

Зор көлөмдүү "Манаска" салыштырмалуу гана "кенже" деп аталган эпосторубуздан алсак, "Эр Төштүк" эпосу казак, татар элдеринде да айтылат. Ал эми "Эр Төштүктү" "Манас" эпосу менен доорлош чыгарма дешет. Башкы каармандар Манас жана Төштүк баатырлар "Манас" үчилтигинде кыяматтык достор болуп айтылат. Орто Азия жана казак элдеринин оозеки адабиятынын ар бири тарыхтын кайсы бир доорун чагылдырып, адамдар менен элдердин көп кырдуу тагдырын, турмуштун сан-түркүн сай-салаасын санаттайт. Ар биринин өзүнө гана таандык оригиналдуу окуясы, мазмуну бар. Бирок булардын ичинен чалкыган мухиттей зор көлөмү менен да, кыргыздын байыркы убактардагы турмушун, үрп-адаттарын, эстетикалык табияты менен этикалык түшүнүктөрүн, дүйнөгө, коомго, жаратылышка карата мамилелерин, диндик ишенимдерин, медициналык, географиялык, астрономиялык билимдерин, психологиясын камтыган терең мазмуну менен да айырмаланып турган "көрсө көз тойбос, укса кулак тойбос" укмушу – бул, албетте, "Манас" эпосу. "Манастын" темасынын ар жактуулугун, мазмунунун тереңдигин, өзгөчө бийик көркөмдүк деңгээлин эске ала Ч.Айтматов бул чыгарманы кыргыз рухунун туу чокусу деп атайт. "Манас" эпосуна таандык негизги мыкты касиеттерди-узак жылдар бою эл башынан өткөргөндөрдү чагылдырган терең мазмунун, берген маалыматтарынын өзгөчө кенен чегин, уккандарга эстетикалык ыракат тартуулаган көркөмдүк деңгээлинин кол жеткис бийик үлгүсүн, байыркы элдердин бири болгон түптүү калк кыргыздардын узак тарыхый жолундагы бүткүл алгылыктуу табылгаларын ичине сыйгызып турган казыналык маанисин, теңдешсиз зор көлөмүн эске алганда, аны адам баласы жасаган укмуштардын катарына кирүүчү, кыргыз эли жараткан уникалдуу керемет-укмуш десек арзыйт.

«Манас» эпосунун байыркы сюжеттик тутуму башка элдердин оозеки адабиятына тикеден-тике таасир этпесе да чыгармачылык алакада болгон эпос айтуучулар тарабынан кыйыр таасирлер алынган болуусу мүмкүн. XIX кылымда жашап өткөн залкар манасчы Акылбек эпосубузду калмактардын арасына барганда калмак тилинде да айткан экен деген маалыматты окумуштуу Ы.Абдырахманов билдирген. Ал эми калмак элинин "Жангар" эпосу баатырдык жомок болуп анда да "Манастагы" Коңурбайдын образы сыяктуу Хонгор баатырдын образы берилген. Бул жагдайда кыргыз эпосундагы белгилүү жана майда көркөм деталдарды, каражаттарды изилдеп, аларды башка түрк элдеринин эпостору менен салыштырып чыгуу өзүнчө кызыгууну туудурмакчы. Мындай изилдөө коңшу жашаган, тектеш элдердеги эпостордун жаралуусу, бири-бири менен байланышы, поэтикалык ыкмалары кайсы доорго туура келери жана эпостордун өзүнчөлүгү боюнча түшүнүк алып, аларды аныктоого жардамдашат.

Түрк элдеринде илгери жаратылышка, тегерегиндеги айбанаттарга адамдын касиетин ыйгаруу, аларды жандандыруу түшүнүктөрү кеңири тараганы белгилүү, алар элдердин мифтик көз карашын чагылдырганын айгинелеп турат.

«Манас» эпосу элдин ой - тилегин, көңүл көйгөйүн билдирүү менен бирге гуманисттик моралдын жарчысы катарында тарыхыбыздын узак катмарында өзүнүн өнүгүүсүн токтоткон эмес. Көчмөн турмуштун өтө кыйын шарттарына байланыштуу руникалык жазуусун жоготуп алган кыргыз эли руханий маданиятын оозеки чыгармачылыкка топтоштуруп, аны жогорку чеберчиликке чейин өнүктүргөн. Эпостогу көркөм дүйнө таануу элдин акылы менен адамдардын бир канча муунунун оозеки сөз тажрыйбасынан топтолгон.

Элдин руханий мурас проблемаларына этият мамиле жасоо керек деп ойлойбуз. Окумуштуу - этнограф С. Абрамзондун кыргыз элинин уруучулдук катмарын изилдеген

эмгегин зыяндуу деп табышканы, албетте, туура эмес. «Манас» эпосундагы душман этностор Кытай менен болгон мамилелерге байланыштуу бирде «калмак», бирде «кытай» этносу деп аталып келген. Аягында Манастын татыктуу душманы эр жүрөк Коңурбайдын образы өтө коркунучтуу образ катары интерпретацияланып келген.

«Манас» эпосу көп катмардуу, анын бизге чейин келип жеткен салттуу тексттери узак «жолдо» көп өзгөрүүлөргө учурагандыгы талашсыз факт. Эпостун көркөм формасынан алгачкы коомдук уруучулук түзүлүштөн эле мамилелерин сактап жүргөн легендалар менен мифтерди да, алгачкы феодалдык мамилелердин элементтерин да көрүүгө болот. Бардык ушул этаптарда жакшылык менен чындык өңдүү эң жогорку идеяга болгон элдин түшүнүгүнүн мөөрү басылган. Эпостун калыптануу жана пайда болуу процессин айкын-ачык түшүнүү үчүн аны кайсыл тарыхый, мезгилдик чек арада пайда болгондугуна байланыштуу себептерди карап чыгуу керек. Эпостук материалдар менен бирдикте эле ушул маселенин башын ачып алууда фольклор илими менен байланышкан этнография, археология, лингвистика, антропология илимдери өтө чоң роль ойнойт. Мына ушул илимдердин өнүгүү баскычтарынын азыркы этабында кыргыздар Борбордук Азия аймагында жашап келди беле же Тянь-Шань кыргыздары Енисей аймагындагы байыркы кыргыздардын тукумун улантуучуларбы деп талаш-тартыш кылуу кыйын.

Эгерде айрым фактыларга, жыйынтыктарга үстүрт көз жүгүртүп көрсөк, төмөнкүдөй көрүнүш тартылат. Этногенетикалык бүтүмдөргө караганда кыргыз элинин калыптанышынын эң эле кубаттуу ролу борбордук азиялык элементке таандык, кыргыздардын азыркы мезгилдеги антропологиялык тиби биздин эранын 2-жылынын башталышында калыптанган деген божомолдор бар.

«Казак, кыргыз сыяктуу калктар, ар түркүн алтай тобундагылар, түштүк-сибирь антропологиялык типке таандык», - деп жазган окумуштуу И.М. Золотарева. Байыркы кыргыз маданияты менен борбор азиялык кыргыздардын ортосундагы көп сандаган материалдык да, руханий да жалпылык бар экенин табышкан. Мисалы, алтайлыктар менен кыргыздардын элдик жыл сүрүүлөрүнөн, элдик оюндары менен медицинасынын, музыкалык аспаптарынын, көркөм кол өнөрчүлүгү менен оозеки чыгармаларынын окшоштуктарын, ошондой эле мундуз, дөөлөс, могол, меркит, найман, кыпчак аттуу урууларды алтайлыктарда да бар экендигин ачышкан.

«Манас» эпосунда реалдуу турмуш, тарыхый окуялар кыргыз элинин тагдырына байланыштуу чагылганы талашсыз. «Манас» эпосу кыргыз улутунун тарыхын, турмушун, салт-санаасын тааныта турган энциклопедия болуп эле калбай, кыргыздын руханий дүйнө тарыхын, кыргыздын дилин, дүйнөнү аңдап билүү, табиятты таанытуудагы түшүнүктөрүн тааныта турган кыргыз рухунун энциклопедиясы болуп эсептелет.

Бул макалабызда эпостун тектеш элдердин адабий чыгармачылыгына таасирин ачып көрсөтүүгө аракеттендик.

“Манас” эпосу – дүйнөлүк маданияттын казынасына кошулган кайталангыс салым. Ошондой эле ал - элдин улуулугунан кабар берген мурас, эң сейрек кездешүүчү дүйнөлүк поэтиканын эстеликтеринин бири жана кыргыз элинин чыгармачылык генийинен жаралган көркөм чыгарма. Эпос адам акылын тандырар көркөм дүйнө, миңдеген жылдарга саймаланып калган кыргыздын өмүрү, жан-дүйнөсү жана турпат бейнеси, жок болуп кетпөө жөнүндөгү улуу сабак, элди өз укум – тукумуна таанытып туруучу нуска, адамдардын түпкү таламына ыңгайлашып кызмат өтөп, өзгөрүп, көп нерсени тулку боюна сиңирип ала турган, сенектикти билбеген, улам толукталып турган өнөр, ата-баба табылгаларынын казынасы, рухий курал, элдик жана биримдик жөнүндөгү улуу насаат болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, «Манас» үчилтиги элдик оозеки чыгармачылыктын дүйнөлүк казынасында өзгөчө орунга ээ. Анын көптөгөн мотивдери, образдары байыркы түрктөрдүн доорунда калыптанып түптөлгөн жана ошол алыскы мезгилдеги ишенимдер, үрп-адат, салт-санаа менен генетикалык байланышы бар деп болжолдоого болот. Кийин тектеш элдер өзүнчө улут болуп кеткен менен тилдик тектештик, маданий, фольклордук жалпылык сакталып калган жана элдик оозеки адабиятында чагылдырылган.

Адабияттар:

1. Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары. —Фрунзе, Илим, 1981.
2. Джайнакова А. «Семетей» эпосунун тарыхый — генелогиялык негизи — Фрунзе: Илим, 1982.
3. Джайнакова А. «Сейтек» — «Манас» трилогиясынын корутунду бөлүгү.— Фрунзе. Илим. 1984.
4. «Манас» энциклопедия. Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы «Мурас» илимий пропогандалык ишкер долбоору. II том. –Б.: 1995.

УДК:165.9

МИФОЛОГИЯ КАК СПОСОБ ОСВОЕНИЯ МИРА

Итигулова Жылдыз Кайбалиевна, к.ф.н., доцент,
Кочкорова Динара Ашырбаевна, к.ф.н., преподаватель
Ошский государственный университет

МИФОЛОГИЯ ДҮЙНӨНҮ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН ЖОЛУ КАТАРЫ

Итигулова Жылдыз Кайбалиевна, ф.и.к., доцент,
Кочкорова Динара Ашырбаевна, ф.и.к., окутуучу
Ош мамлекеттик университети

MYTHOLOGY AS A WAY OF MASTERING THE WORLD

Itigulova Zhyldyz Kaibalievna, c.f.s., associate professor,
Kochkorova Dinara Ashyrbaevna, c.f.s., lecturer
Osh State University

Аннотация: *Статья посвящена роли и месту мифологии в освоении мира человеком. Миф, имея рациональную и иррациональную стороны, обеспечивает наибольшую полноту освоения мира. Мировозрение древнего общества, совмещая в себе как фантастическое, так и реалистическое восприятие окружающей действительности, способствовало пониманию человеком природных закономерностей.*

Аннотация: *Макала адамдын дүйнөнү өздөштүрүүсүндөгү мифалогиянын ролу менен ордуна арналган. Рационалдуу жана иррационалдуу жактарга ээ болгон миф дүйнөнү бир топ толугураак өздөштүрүүнү камсыздайт. Байыркы коомдогу дүйнөгө болгон көз караш курчап турган чындыкты фантастикалуу жана реалдуу кабылдоону өзүнө камтуу менен адам табият мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнүсүнө өбөлгө түзгөн.*

Abstract: *The article is devoted to the role and place of mythology in mastering of the world by man. Myth, with its rational and irrational sides, provides the most complete development of the world. The worldview of the ancient society, combining both fantastic and realistic perception of the surrounding reality, contributed to the human understanding of natural laws..*

Ключевые слова: *мировоззрение, мифология, рационализм, иррационализм, сознание, мироощущение, мировосприятие, миропонимание.*

Түйүндүү сөздөр: *дүйнөгө көз караш, мифология, рационализм, иррационализм, аң-сезим, дүйнө туюу, дүйнө түшүнүү, дүйнө кабылдоо.*

Key words: *worldview, mythology, rationalism, irrationalism, consciousness, world perception, world perception, world vision.*

Любой человек в своей жизни нуждается в ясных и четких представлениях об окружающем мире, и поэтому он создает собственное мировоззрение. Мировоззрение представляет собой очень сложный и богатый пласт духовного мира человека, имеющий огромное жизненно-практическое значение. Его структура и содержание не исчерпываются какими-нибудь отдельными сведениями об окружающем мире. Мировоззрение представляет собой мысленный образ мира.

Оно вступает необходимым условием существования человека в окружающем мире: вносит ясность в человеческие знания о мире, определяет отношение к этому миру, вступает средством ориентации в мире и т.д. Мировоззрение человека не сможет сформироваться вне его духовно-практической деятельности, развития науки и техники, влияния культурной и иной среды. Следовательно, мировоззрение – это не только результат, итог, но и необходимое условие для деятельности человека, ориентации во внешнем мире и изменении его. Без мировоззрения человек не сможет стать личностью, т.е. социальным и культурным существом, которое ведет осмысленный, целеустремленный и ответственный образ жизни [1].

Самой древней формой является мифологическое мировоззрение. Мифология – форма общественного сознания, мировоззрение древнего общества, которое совмещает в себе как фантастическое, так и реалистическое восприятие окружающей действительности [2]. Немецкий философ Г.Гегель замечал, что первые мифы были проявлением бессилия разума перед окружающим миром, его стихиями и загадками.

Как известно, уже в условиях родовой общины, всецело зависимой от природы, человек стал воздействовать на природный процесс, приобретая опыт и знания, оказывающие влияние на его жизнь. Окружающий мир постепенно становится предметом деятельности человека. Свое отношение к миру он не осознавал и, естественно, не мог выразить в теоретических формах. Выделение человека из окружающего мира сопровождалось различными магическими обрядами, символизировавшими его стремление к соединению с природой.

Развитие практической деятельности человека предполагает совершенствование его способности предвидения, основанной на наблюдении определенной последовательности событий и, таким образом, постижении некоторых закономерностей природных явлений. Этот процесс зависел от многих внешних обстоятельств и внутренних условий, характерных для определения областей и общностей. К важнейшим моментам, влияющим на ход этого процесса, относится необходимость объяснять и воспроизводить результаты познания. Развитие языка, и прежде всего появление абстрактных понятий, является важным свидетельством формирования теоретического мышления и складывания предпосылок для возникновения общих умозаключений, а тем самым и для философии.

Люди с незапамятных времен стремились найти ответ на вопросы, что такое жизнь, когда она возникает и почему кончается. Подобные вопросы, даже если ответы на них были самыми фантастическими, предполагали существование причинной зависимости и наличие весьма сложных представлений о пространстве и времени. В частности, представление о времени возникало из понимания как конечности человеческого существования, так и постоянства движения небесных тел, время же измерялось длительностью растительного цикла. Такое представление претерпело значительное развитие уже в древнейшие времена. Об этом говорят некоторые космогонические мифы, где время выступает как мера ценности. Только то, что вечно, может быть совершенно. Вечность является атрибутом божественного существования и действия.

Примитивное понимание природных закономерностей, проецируемое на отношения в обществе, весьма долго существовало во взглядах на мир. Однако обыденные представления под влиянием расширяющегося опыта получали новое содержание, а углубляющееся познание окружающего мира и человеческого общества ускоряло этот процесс. Несмотря на сущности мифов, мифологию вообще необходимо рассмотреть как способ освоения мира.

С древних времен люди в процессе своей жизнедеятельности, воспринимая и отражая окружающую действительность, при этом постоянно улавливая связь между явлениями и вещами, расширяли, углубляли свои познания о внешнем мире. Не обладая исчерпывающими знаниями о действительности, но имея в своем распоряжении такие способности, как творческое воображение, умение и склонность к обобщению, испытывая вполне понятный, естественный страх перед неопознанной, часто непредсказуемой

природой, люди посредством фантазий одухотворяли силы стихии, делая их как бы и в собственном воображении, восприятии.

Именно из этих составляющих возникает миф, который по определению Ф.Х. Кессиди, есть «особый вид мироощущения, специфическое, образное, чувственное, синкретическое представление о явлениях природы и общественной жизни, самая древняя форма общественного сознания» [3].

Мифологическое сознание возникает как следствие попытки осмыслить, понять мир и, в конце концов, становится одним из способов его освоения, постижения. Оно исторически первая целостная картина мира, которая позволила человеку осознать себя, определить свое положение в мироздании, как бы вписаться в него и наполнить свое бытие смыслом, а свое существование – целесообразностью. Легко понять в мифах факт осознания человеком себя и своего места в мире. Мифология одновременно есть и результат, и процесс постижения мира.

Мифологическое сознание - способ понимания и освоения природной и социальной действительности на ранних стадиях общественного развития. Оно давало такую картину мира, в которой легко было ориентироваться, находить свое место в нем, знать свое предназначение и т.д. В этом-то состоит мировоззренческая природа мифа и его целесообразность: для мифологического сознания древнего человека вообще не существует чего-либо непонятного, неясного. Ему было чуждо ощущение своего незнания. Ему казалось, что он знает все. Для него мифология была полным и законченным знанием о мире.

Мифологическому сознанию древнего человека свойственны нерасчлененность мышления, очеловечивания природы, одушевление космоса и вместе с тем разграничение раннего героического прошлого и текущего настоящего. Миф выступает как способ отражения мира в сознании человека, характеризующийся чувственно-образными представлениями об окружающем мире. В этом смысле он включает в себя совокупность сведений, преданий, норм, обрядов, верований, в которых делались попытки дать ответ на происхождение и устройство мира, происхождение человека и его рода. Миф регламентировал поведение членов рода, обеспечивал гармонию в отношениях между миром и человеком, природой и обществом, регулировал взаимоотношения между родами и племенами, объясняя различные явления природной и социальной жизни – дождь, снег, землетрясение, войну, семью и т.д. Миф – не идеальное понятие, не идея, это сама жизнь. Для мифического субъекта – это есть подлинная жизнь со всеми ее надеждами и страхами, ожиданиями и отчаяниями, со всей ее реальной повседневностью и личной заинтересованностью. Миф всегда жизнен, эмоционален, практичен. И даже такое наивное восприятие мифа, выраженное в сказаниях, эмоциях, образах формировало мироощущение человека. Оно характеризовалось не только наивностью, но и антропоморфизмом – употреблением природных явлений человеку, гилозоизмом - одушевлением неживого и другими специфическими характеристиками.

Конечно, миф нельзя рассматривать как источник исторической информации, потому что каждый миф или его персонаж выдуман от начала до конца, но тем не менее, миф представляет интерес для научного анализа. Прежде всего, изучение мифов ценно с культурной точки зрения. Рассматривая самые примитивные мифы и, сопоставляя их с более логически и исторически обоснованными мифами, мы можем проследить зависимость сложности мифов от уровня культурного развития народа. Миф – это, прежде всего, мировоззренческий отпечаток, свойственный определенному историческому периоду в развитии народа или всего человечества. Недаром М. Мамардашвили пишет: «Миф – это упакованная в образах и метафорах и мифических существах многотысячелетняя коллективная и безымянная традиция» [4].

Следует отметить некоторые черты мифологического мировоззрения: во-первых, является социально-антропоморфным: окружающий мир осмысливается в соответствии со свойствами человека и общества. Во – вторых, мифологическое мировоззрение отличается исключительной тотальностью, целостностью. Мир, представленный в нем, несмотря на

смутность, представляет собой целостную картину. В – третьих, мифологическое мировоззрение воспринимает мир как изменчивый, возникающий и постоянно изменяющийся.

Миф объединил в себе зачатки знаний, религиозных верований, эмпирических взглядов и т.д. Он выступал как единая, нерасчлененная, универсальная форма сознания. Миф выражал мироощущение, мировосприятие, миропонимание людей той эпохи, в которую создавался.

В мифологическом сознании природа, общество и человек представляет собой единое и неразрывное целое, связанное множеством нитей взаимодействия и взаимопонимания. С помощью мифа прошлое связывалось с настоящим и будущим, обеспечивалась духовная связь поколений, закреплялась принятая в раннем обществе система ценностей, поддерживались и поощрялись определенные формы поведения, оформились коллективные представления того или иного народа об окружающем мире и месте в нем человека.

В мифе имеются две стороны: рациональная и иррациональная. Они обеспечивают наибольшую полноту освоения мира, так как рационализированный подход предполагает аналитическую дифференцирующую точность, а иррациональный – целостность. С одной стороны, миф включал фантазии, религиозные верования, с другой стороны эмпирические знания, обобщения многолетних наблюдений, здравый смысл.

Литература:

1. Горбачев В.Г. Основы философии. –Москва 2008 –С.9.
2. Кессиди Ф.Х. От мифа к логосу. – Москва 1972.-С.41 .
3. Мамардашвили М.К. Необходимость себя. – Москва 1996. - С.12.
4. Якушев А.В. Философия в схемах. – Москва 2000.-С.4.

УДК: 81.(575.2)

С.ЭРАЛИЕВДИН ЛИРИКАСЫНЫН ТЕМАТИКАСЫ ЖАНА АКЫНДЫК ЖАҢЫЧЫЛДЫГЫ

Кадырбек кызы Нуркыз, Адиева Айжамал
aieles@list.ru Ош мамлекеттик университети

ТЕМАТИКА И ПОЭТИЧЕСКАЯ НОВИЗНА ЛИРИКИ СУЙУНБАЯ ЭРАЛИЕВА

Кадырбек кызы Нуркыз, Адиева Айжамал
aieles@list.ru Ошский государственный университет

THEME AND NOVELTYOF THE POEMS OF SUYUNBAYAERALIEV

Kadyrbek kyzy Nurkyz, Adieva Ayjamal
aieles@list.ru Osh State University

Аннотация: *Бул илимий макалада кыргыз адабиятынын классик акыны жана котормочусу Сүйүнбай Эралиевдин философиялык тематикадагы лирикасын талдоого алуу аркылуу анын өзү түзгөн адабий мектебинин артыкчылыктары, өзгөчөлүктөрү жана ал аркылуу кыргыз поэзиясын дүйнөлүк мейкинге аралатуу аракети анализделет. Макалада акындын 70-жылдардагы ырларына токтолдук. Анткени дал ошол мезгилде С.Эралиев өзүнүн дүйнө, жашоо, өмүр тууралуу ырларын жараткан. Айтылган өзгөчөлүк менен адабий табылгасын айкындоо үчүн бир катар адабиятчылардын пикири колдонулду.*

Аннотация: *Целью статьи является анализ философской лирики великого поэта-классика Суюнбае Эралиева, которое выражает мировозрения кыргызского народа. Проанализированы стихи, написанные в 70-е годы XX века. С.Эралиев смог создать своеобразную школу в кыргызской профессиональной поэзии. Философские выводы поэта заставляют читателя посмотреть на жизнь с другого ракурса.*

Abstract: *The purpose of the article is to analyze the philosophical lyrics of the great classic poet Suyunbaye Eraliev, which expresses the worldviews of the Kyrgyz people. Analyzed poems written in the 70s of the XX century. S. Eraliev was able to create a kind of school in Kyrgyz professional poetry. The philosophical conclusions of the poet make the reader look at life from a different angle.*

Түйүндүү сөздөр: *кыргыз поэзиясындагы философиялык ырлар, индивидуалдуу ойлоо манерасы, профессионалдык поэзиянын өзгөчөлүгү.*

Ключевые слова: *философские стихи в кыргызской поэзии, индивидуальный стиль мышления, особенность профессиональной поэзии, манера индивидуального мышления.*

Key words: *philosophical poems in Kyrgyz poetry unique way of thinking, feature of professional poetry.*

Орустун улуу сынчысы В.Г.Белинский: «Поэзия – бул чырайлуу кыз жүзүнүн уялчаак албуут кызгылты, деңиздей, көк асмандай моймолжуган көзүнүн назик жаркыны, же анын кара көзүндөгү өткүр оту, анын мрамор мүрүсүндөгү чачынын тармалы, анын назик көкүрөк деминин толкуну, анын кубулжуган үнүнүн гармониясы, сыйкырдуу сөзүнүн обону, тулку бой сымбаты, ажайып кыймылынын сыйкыры…» [1] деп жазган экен.

В.Белинскийдин бул сөзү өзүнө чейинки муун жана замандаштары А. Блок, А. Пушкин, Ф.Тютчевдин поэзиясынан алган таасири, ага берген баасы ошондой эле келечектеги акын-классиктерге койгон талабы эле. Чынында поэзия адамдын мейкинине ченем жетпеген сезим-туюмдарынын оргуган тунук булагы болуусу шарт. Акын ыр жаратып өз сезим-туйгусун төгүп, башкаларга эстетика тартуулап, же кооз сөздөрдү уйкаштырып коюп эч качан бийиктикке жетпейт. Акын адамдын төрөлгөнүнөн өлгөнүнө чейинки дүйнө кабылдоосун, ички дүйнөсүн, ошолор жашап туруучу турмуш чындыгын бүркүт сымал бийиктиктен карап, анын ар бир деталына чейин баамдап-сезип, анан эч качан жалган айтпай, жалаң чындыкты көркөм ой жүгүртүүнүн элегинен өткөрүп, сөз кудурети менен ар бир окурмандын ички сезимин чечмелөөгө тийиш. Көрүп турасыз, бул оңой-олтоң иш эмес.

Ушул талаптын чекитинен туруп кыргыз поэзиясына көз чаптырсак, адегенде көзгө урунчуусу тирүү - классик С. Эралиев деп айтууга болот.

“Баарын таштап, туума болуп энеден,
Окшоп жалаң музыканын бир деми.
Баскан сайын нур төгүлүп денеден,
Барат мына сулуу сууга киргени.

Айлуу бийик тескей окшоп далысы,
Бели кымча толор-толбос тутамга.
Болсо ушундай өлбөстүктүн дарысы,
Таалайына бир кылт этип жутканга.” (Сулууга)

Бул ыр кадимки гений В. Белинскийдин талаптарынын толук жообу. Эгерде Белинскийдин бир кылым мурда өмүр сүргөнүнөн маалыматың из жок болсо, эмне бул Сүйүнбайдын ушул строфасын окуп алып чечмелеген сөз эмес беле деп сурашыңыз толук ыктымал эле. Бул кандай дал келүүчүлүк. Бул поэзия дүйнөсүнүн чыныгы гражданиндеринин манерасы, кылдат сезими, курч тили…

Тил демекчи, кезинде таланттуу лирик Ж. Мамытов акын С. Эралиевдин анын турмушуна «Ак Мөөр» поэмасы аркылуу кирип, катуу таасир этип:

Кыргыз поэзиясында болгон көркөм каражат, уйкаштыктар, деги баары бул чыгармага жумшалып кетиптир, башкалар эми көп нерседен кемчил болуп калышпагай эле» - деген сезимге алып келишин жашырбайт. Кийинчерээк бул жоромол балалык ойлоо экенин белгилеп: «Көрсө, тиричилик токтолбогон сыяктуу эле көркөм каражат да чети оюлбаган экен тура деп ынанат. Эң кызыгы ошол «чети оюлбаган кен болчу көркөм каражатты С.Эралиевдин» кийинки поэзиясынан табат [2].

Ошентип, Ж. Мамытов акындан алган албан таасирлерин бириктирип бүтүм чыгарат: «Поэзия – бул элдин эргүүдөн алган тарыхы, анын келечек тууралуу үмүттөнүүсүнүн таш

күзгүсү болгондуктан өз боюна эбегейсиз татаалдык, назик сергектик менен мейкиндикти сиңирген» [2]. Бул ойлор, балким, акын С. Эралиевдин:

«Учуудан анча-мынча талса канат,
Бук болуп боздоп турган жүрөк ыйын.
Муунтуп, ичте тыйып таштай алат,
Ар качан акын жолу татаал кыйын» (Акын)

саптарын окуп, акынды акындарча түшүнүп, баалуулуктардын сырын иликтеген илим – поэзиянын табияты тууралуу ой калчоосудур. Бекеринен бул жогорку эки цитата тең ырды, ыр дыйканы акынды талдоодо «татаал» деген сөздөр менен коштолбогон чыгар.

Эч качан ой болбогон, биз элестеткенден эки эсе оор болсо жеңил деп эсептелген турмуш-акын С. Эралиевдин эң негизги темасы, турмушту көп тараптуу кабыл алуу дайыма автордук – индивидуалдуу ойлоо манерасы, сөз каражаттары менен ишке ашат.

О, көр пенде! Көр оокаттын камында,
Жанды сабап чамаң келбей уктаарга.
Улам жаңы үмүт ойноп каныңда,
Тартыласың алтын алыстыктарга!.. (“Сүрөткө”)

Чынында, тирүүлүктүн лаконизатору - үмүт - умтулуу. Бирок кеп ошол үмүт менен умтулуунун эмнеге, кантип багытталгандыгында жатат. Үмүт – бул адамдын келечеги, аракети, эртеңкисине кеткен жолдун багыты. Кай бирөө малдуу, алдуу болууга, кай бири сүйүү отуна, дагы бири улуулукка умтулат. Ар бир адамдын умтулуусу келип жердин, улуттун, акыр аягында келип коомдун болочогун аныктайт.

Ой-сезимдер сабырынан айрылып,
Эпкининен бал-бал этип от жанат.
Максатына жебе мисал сайылып,
Барат-барат «үмүт» деген тулпар ат!.. («Үмүт»)

Акындын ой-тулпары элибиздин, ири алдыда адамзаттын акыны, турмушунун ырдоочусу болуу, адам турмушунун жана сезимдеринин көркөм галереясын түзүү. Ошондой улуу адамдар гана Ысык-Көлгө сулуулук издеп, же, эс алууга келбестен «5 сап» ыр издеп барышат. Ошондой акындар гана көр пенделик сезимден бийик туруп, ырдын “фудизямасына” сыйынышат. Чыныгы акындын философиясы да төмөндөгүчө:

Бечара менен карыпка,
Менде бир чексиз жан ачуу.
«Ал үчүн мени барымта
Алсаң ал!» - дешке жарачу.
Кай бири колун шилтешип
Күлүшөт мага: «Бош уяң!..»
Ан сайын укпай тил тешип,
Дүпүйөт философиям.

(«Менин философиям»)

Көрүнүп тургандай, С. Эралиев өз ырларында биз күндө көрүп, бирок маани бербеген, байкап, бирок үңүлүп кирбеген, акылыбыз жетип, сезимибиздин бийлиги астында калган нерселерди чечмелеп, жашоодо «эң аз байкалчу ньюанстарын ачууну» жакшы көрөт.

Демек, акындык вазыйпаны мыкты түшүнөт. Белгилүү болгондой, акын сырткы дүйнөнү сүрөттөп, баяндап жатып, ага өзүнүн ошол мейкиндиктеги ички туйгусун кошуп чагылдырат. (Поэзиянын негизги спецификасы да ушул эмеспи.) Бул акындын граждандык лирикасында айкыныраак сезилет.

Неге десең, баарыбызга жер тагдыр,
Төкпөй-чачпай жеткирсем дейм асманга.
Болсо дагы суулар айтып жаткан ыр,
Аны айлантып өлбөс, улуу дастанга.

(«Жер-тагдыр»)

Акындын адам турмушу, анын айныгыс чындыгы тууралуу ойлорун «жердин кеңдигинен»

«асман мейкинине чейин жар салат». Демек, ушул баам, сезим-туюм чындык экендигинде анын күмөнү жок, ошол үчүн аны бүтүн планетага жар салат. Жыйынтыктап айтканда, бул саптар ишенимдүү лириктин ишенимдүү лирикасы. Жер акын үчүн тазалык түгөнбөстүн өмүр сакчысы, суунун «ыры». Бүгүнкү кыргыз адабиятында жаңы акындардын агымы калыптанып, жаңы муунду түзгөн менен алардын көпчүлүгүнүн ыр саптарында Сүйүнбай Эралиев скульптор сымал жылдап, жонуп жасаган тилдик айкаштар, поэтикалык түрмөктөр жана табылгалар улам бир жеринен жылт этип баш багып жаткансыйт. Ушундан улам С.Эралиевди кыргыз профессинал поэзиясынын алпы, көч башы, миңдеген кыргыз окурмандарынын кулагынан кирип бойду алган поэзия мектебинин негиздөөчүсү жана талашсыз лидери деп айтууга негиз бар.

Адабияттар:

1. В.Г.Белинский, Статьи о классиках издательство “Художественная литература”, Москва, - 1920,
2. Мендердин дүйнөсү Ж. Мамытов. Акын С. Эралиевдин дүйнөсү. Бишкек – 2002,.
3. Эралиев. С.Сантоолор, Фр., «Кыргызстан», - 1971, -б.121.
4. Эралиев.С. Кыргыз жаны. Фр., «Кыргызстан», - 1974, -б.30.
5. С.Жигитов. Пафос исканий. Предисловие в сборнике стихов поэм С.Эралиева «Земное время». Худ.лит-ра, М., 1973, - С.3.
6. Эралиев.С. Кезиктиң күүлөр ээси поэзия.-Б., 2004

УДК 343.353 (352.075)

ПОНЯТИЕ И ЭЛЕМЕНТЫ ДОЛЖНОСТНОГО ПРЕСТУПЛЕНИЯ В УГОЛОВНОМ ЗАКОНОДАТЕЛЬСТВЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Калчороева Алтынай Арыстанбековна,
аспирант кафедры Уголовного права и криминологии КРСУ,
ведущий специалист юридического отдела мэрии города Бишкек

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА КОДЕКСИНДЕГИ КЫЗМАТТЫК КЫЛМЫШТАР ТҮШҮНҮГҮ ЖАНА ЭЛЕМЕНТТЕРИ

Калчороева Алтынай Арыстанбековна,
Кылмыш-жаза укугу жана криминология бөлүмүнүн аспиранты КРСУ,
Бишкек шаардык мэриясынын юридикалык бөлүмүнүн жетектөөчү адиси

CONCEPT AND ELEMENTS OF THE OFFICIAL MISCONDUCT IN THE CRIMINAL LEGISLATION OF THE KYRGYZ REPUBLIC

Kalchoroeva Altynai Arystanbekovna,
Postgraduate student, department of Criminal law and criminology, KRSU,
leading specialist in the department of law, Bishkek city administration

Аннотация: *В статье исследуются актуальные вопросы понятия должностного преступления в отечественном уголовном законодательстве. На основе законодательного закрепления определения преступлений, совершаемых должностными лицами, анализируются элементы, из которых состоит должностное преступление.*

Аннотация: *Макалада атамекендик кылмыш-жаза мыйзамындагы кызматтык кылмыш түшүнүгүн актуалдуу маселелери изилденет. Кызматтагы адамдар жасаган кылмыштарды түзгөн элементтер булардын мыйзам чегиндеги тастыкталган аныктамасынын негизинде анализденет.*

Abstract: *The article explores the topical issues of the concept of malfeasance in the domestic criminal legislation. On the basis of legal implementation of the crime definitions committed by officials, the elements of offical misconduct are analyzed.*

Ключевые слова: *должностное преступление, должностное лицо, объективные и субъективные признаки преступления.*

Түйүндүү сөздөр: *кызматтык кылмыш, кызматтык жак, кылмыштын объективдүү жана субъективдүү белгилери.*

Key words: *official misconduct, official, objective and subjective signs of crime.*

На сегодняшний день должностные преступления являются относительно массовым социальным правовым явлением. Общественно-опасные последствия совершения должностных преступлений состоят в существенном вреде, причиняемом общественным и государственным интересам или правам и охраняемым законом интересам граждан или юридических лиц.

Действующий Уголовный кодекс Кыргызской Республики (от 1 октября 1997 года № 68) относит рассматриваемую группу преступлений к преступлениям, посягающим на общественные отношения, охраняющие государственную власть (раздел X), наряду с преступными деяниями, которые посягают на основы безопасности государства, основы конституционного строя, управленческую деятельность государственной исполнительной власти и нормальное функционирование судебной власти.

Следует отметить, что название раздела X УК КР не в полной мере соответствует его содержанию, поскольку его нормами защищаются интересы не только государственной власти, но и местного самоуправления, т. е. публичной власти в целом. Следовательно, единый родовой объект всех этих преступлений составляет обширная группа общественных отношений, обеспечивающих легитимность, нормальное существование и функционирование всех ветвей как государственной власти, так и местного самоуправления.

Теоретически можно рассматривать данную группу преступлений в качестве общественно опасных действий или бездействий, которые совершаются должностными лицами на основе занимаемого ими служебного положения и всегда против служебных интересов, и причиняют преимущественный вред нормальному осуществлению функций органов государственной власти и местного самоуправления либо содержащих действительную угрозу причинения подобного вреда [1, с. 132].

Родовым объектом рассматриваемой группы преступлений в общем смысле данного понятия можно считать совокупность общественных отношений, которые обеспечивают законную деятельность и нормальное существование органов публичной власти. Данные преступления покушаются на нормальное функционирование и на, так называемый, престиж органов публичной (государственной и муниципальной) власти, на интересы государственной и муниципальной службы. Под этими интересами необходимо понимать круг обязанностей должностного лица, который вытекает из соответствующих нормативных правовых актов и трудовых и коллективных договоров с органами государственной и муниципальной власти, государственными или муниципальными учреждениями, чья деятельность является законной и обоснованной. Под службой в системе государственных органов и органов местного самоуправления имеется ввиду выполнение в данном органе соответствующих занимаемой должности служебных функций [4, с. 91].

Видовым объектом должностных преступных посягательств необходимо считать общественные отношения, охраняемые законом и обеспечивающие осуществление нормальной и законной деятельности органов управленческой власти (государственных органов и органов местного самоуправления), а также государственных и муниципальных учреждений. Исходя из вышеизложенного, можно сделать вывод, что видовой объект рассматриваемых преступлений включает в себя два элемента: 1) интересы муниципальной и государственной службы, 2) публичная власть, состоящая из государственной и муниципальной власти. Каждый из вышеуказанных элементов может являться непосредственным объектом в зависимости от сферы, в которой совершено преступление.

Под непосредственным объектом рассматриваемой группы преступных деяний логично понимать нормальное функционирование органов государственной и местной

власти или управления, интересы службы в государственных органах и службы в органах местного самоуправления. В качестве дополнительного объекта в некоторых должностных преступлениях выступают общественные отношения, не находящиеся в круге родового объекта. Так дополнительным объектом может стать собственность, интересы личности и др. Кроме того у отдельных преступлений есть такой обязательный признак как предмет преступления, к примеру: взятка – предмет вымогательства, получения, дачи взятки, посредничества во взяточничестве (ст. 313-314 УК) [5, с.27], документы – предмет служебного подлога (ст. 315).

Объективная сторона должностных преступлений может выражаться в самых различных формах противоправного нарушения нормального функционирования органов государственной и местной власти, управления.

Необходимо отметить, что «одним из условий правильного применения норм уголовного закона является установление всех признаков совершенного преступления и немаловажную роль в этом занимает определение общественно опасных последствий, наступивших в результате совершенного преступления, от тяжести которых зависит квалификация содеянного, решение вопросов конкуренции норм, разграничение смежных составов должностных преступлений, дифференциация уголовной ответственности и назначение наказания» [3, с. 107].

Первая (бо̀льшая) часть должностных преступлений по своей предусмотренной законом конструкции представляют собой формальные составы (ст. ст. 303, 305-1, 305-2, 307, 308-1, 309, 313, 313-1, 313-2, 314, 315 УК КР), вторая (меньшая) часть преступлений, предусмотренных главой 30 УК КР (ст. ст. 304, 304-1, 305, 306, 307-1, 308, 315-1 и 316 УК КР) конструкционно образуют материальные составы [3, с. 475]. Для данной группы преступлений с материальным составом, обязательным, законодательно предусмотренным признаком объективной стороны преступления выступают заложенные в указанных статьях УК КР общественно опасные последствия в различных формах и причинная связь между совершенным деянием и наступившими после него последствиями.

Анализ признаков субъективной стороны должностных преступлений, предусмотренных главой 30 УК КР, показал, что почти все они совершаются только с умышленной виной, за исключением одного состава преступления – халатности, которая является неосторожным преступлением.

Субъектом рассматриваемых преступлений необходимо считать должностное лицо. Исключение составляют такие составы преступлений, как «посредничество во взяточничестве (ст. 313-2 УК КР) и дача взятки (ст. 314 УК КР), где субъектом преступления может быть, как должностное лицо, так и любое физическое вменяемое лицо, достигшее 16-летнего возраста». Также небольшое исключение присутствует и в таком составе преступления, как служебный подлог, где субъектом преступления выступает как должностное лицо, так и государственный служащий или служащий органа местного самоуправления.

Таким образом, в соответствии с действующим ныне уголовным законодательством должностные преступления от других преступных посягательств отличает то, что они совершаются специальными субъектами – должностными лицами с использованием предоставленных им по службе полномочий и привилегий.

Отличительными признаками должностных преступлений, предусмотренных главой 30 УК КР, являются также и следующие. Во-первых, все они совершаются в связи с выполнением должностными лицами их служебной деятельности либо с осуществлением их полномочий, то есть с использованием или ненадлежащим выполнением предусмотренных по служебному положению обязанностей, либо путем противодействия их осуществлению. Во-вторых, должностные преступления осуществляются вопреки законным интересам службы, то есть в ущерб интересам нормального функционирования аппарата публичной власти, службы в государственных или муниципальных органах. В-третьих, они влекут существенное нарушение прав и законных интересов граждан, организаций или охраняемых

законом интересов общества, государства, либо создают реальную угрозу подобного нарушения. В-четвертых, они совершаются специальным субъектом, за исключением ст. ст. 313-2 и 314 УК КР, ответственность по которой могут нести любые лица.

Согласно современной уголовно-правовой доктрине должностные преступные деяния воспринимаются в виде единичных, но наиболее опасных проявлений коррупции. Однако в Кыргызской Республике до настоящего времени не был принят нормативный правовой акт, содержащий прямые указания на то, какие именно правонарушения необходимо относить к коррупционным или должностным преступлениям. Ни в одном из действующих нормативных правовых актов, посвященных борьбе с коррупцией, не содержится исчерпывающий перечень коррупционных преступных деяний.

В этой связи необходимо иметь в виду, что в действительности непреступные должностные правонарушения от преступлений отделяет достаточно тонкая грань. Вина в этом возлагается на всю ту же неопределенность правовых норм (и не только в Кыргызстане), при конструктивном построении которых не получается окончательно разрешить вопрос неоднозначного толкования и, следовательно, предоставления определенной свободы выбора в данном вопросе лицу, которое применяет данную правовую норму.

В частности, можно говорить о существовании коррупционных гражданско-правовых деликтов, коррупционных дисциплинарных проступков и коррупционных административных правонарушений. К примеру, достаточно слабо различается тонкая грань, существующая между должностным преступлением и дисциплинарным коррупционным проступком, в связи с чем даже специалисты могут затрудняться однозначно определить: где именно заканчивается дисциплинарный проступок и начинается преступное деяние, скажем, например, в предпринимательской деятельности сотрудника органа местного самоуправления. Наиболее остро этот вопрос возникает в сфере публичной (государственной или муниципальной) службы.

Таким образом, «ножницы» между возможными направлениями развития коррупционных деяний и государственным контролем за ними, по данным официальной статистики, в особенности между фактически существующими и действительно осуждаемыми коррупционными деяниями, образуют несколько порядков [2, с. 475]. Действующие противники прямого действия закона о противодействии коррупции представляют подобные факты в качестве аргумента: не в законодательстве дело, а в бездействии правоохранительных органов. Определенная доля истины в данном утверждении естественно есть. Но данный факт не означает, что методы и способы сегодняшней коррупции входят в состав традиционных форм взяточничества. Сам факт торпедирования закона властями не может не сказываться на отношении правоохранительных органов к борьбе с коррупцией вообще и с должностными преступлениями в частности.

Литература:

1. Коррупция в Кыргызской Республике и ее предупреждение / сост. Л.Ч. Сыдыкова, Н.Н. Сулайманова. - Б.: Издательство КРСУ, 2016. – С.297.
2. Лунеев В.В. Преступность XX века: мировые, региональные и российские тенденции. Изд. 2-е, перераб. и доп. / В.В. Лунеев - М.: Волтерс Клувер, 2005. – С. 475.
3. Слав С.П. Ответственность за должностные злоупотребления (по материалам Приднестровья): автореф. дис. … кандидата юридических наук. / С.П. Слав. - М., 2004. – С.28.
4. Сулайманова Н.Н. Уголовно-правовые и криминологические проблемы борьбы с должностными преступлениями (на материалах Кыргызской Республики) / Н.Н. Сулайманова. - Б.: Издательство КРСУ, 2011.- С.293.
5. Сулайманова Н.Н. Уголовная ответственность за взяточничество по законодательству Кыргызской Республики: дис. ... кандидата юридических наук / Н.Н. Сулайманова. - Б., 2002 – С.145.

УДК:377.5(575.2)

БОЛОЧОК МЕДАЙЫМДАРГА КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК МАМИЛЕНИН НЕГИЗИНДЕ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

Караев Элзарбек Токтомаматович, окутуучу
Ош мамлекеттик университети

ОСОБЕННОСТИ ОБУЧЕНИЯ БУДУЩИХ МЕДИЦИНСКИХ СЕСТЁР НА ОСНОВЕ КОМПЕТЕНТНОСТНОГО ПОДХОДА

Караев Элзарбек Токтомаматович, преподаватель
Ошский государственный университет

PECULIARITIES OF NURSE TRAINING ON THE BASIS OF COMPETENCY-BASED APPROACH

Karaev Elzarbek Toktomamatovich, lecturer
Osh StateUniversity

Аннотация: *Макалада компетенттүүлүк мамиленин негизинде болочок медайымдарга билим берүүнүн өзгөчөлүктөрү каралган.*

Аннотация: *В статье рассмотрены особенности образования будущих медицинских сестёр на основе компетентностьного подхода.*

Abstract: *The article dicusses the peculiarities of nurses training based on the competency – based approach.*

Түйүндүү сөздөр: *компетенция, компетенттүүлүк, компетенттүү мамиле, модернизация, интеграция.*

Ключевые слова: *компетенция, компетентность, компетентностный подход, модернизация, интеграция.*

Key words: *competence, competency – based approach, modernization, integration.*

Акыркы кезде билим берүү жаатында **компетенттүүлүк мамиледе билим берүү, компетенция, компетенттүүлүк, компетенттүүлүк мамиле** түшүнүктөрү негизги парадигмага айланды.

Бүгүнкү күндө компетенттүүлүк негизде билим берүү дүйнө жүзүнө тарап, компетенттүүлүк мамиледе билим берүүнүн теориялык маселелери, мазмуну, өзгөчөлүктөрү, окутуу технологиялары ар тараптан изилденип келе жатат.

Билим берүү системасында “компетенция”, “компетенттүүлүк” жана “компетенттүү мамиле” түшүнүктөрү билим, билгичтик жана көндүмдүн ордуна келген жаңы парадигма. Болон процессине өтүү, билим берүүнү компетенттүүлүк негизде жүргүзүү биринчи кезекте мамлекеттик билим берүүнүн стандартынын жаңы муунун, билим берүүнүн жаңы мазмунун иштеп чыгууну талап кылат.

Болон процессине кошулуу билим берүүнү модернизациялоо аркылуу компетенттүү багытта адистерди даярдоого жетишүүгө багытталган.

Компетенттүү мамиленин негизинде кесиптик билим берүүнү модернизациялоо дегенде төмөнкүлөр көңүлгө тутулат:

- кесиптик билим берүүдө теориялык билимдерди берүү багытынан билимди тажрыйбада пайдалануу үйрөтүүгө жана болочок адистерге кесиптик билимин пайдалануу, уюштуруу үйрөтүүгө багыт алуу;
- кесиптик ийкемдүүлүгүн жогорулатуу стратегиясын, эмгекке орноштуруу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү жана аткарылуучу иштердин пайдалуулугуна негизденүү;
- билим берүү процессинин жыйынтыгы, сабактарды интеграциялап окутуу, окутуунун жаңы технологияларын колдонуу билим берүүнүн өзөгүн түзүшү;

- болочок адистердин эмгек базарында алган кесибин максаттуу колдонууга (пайдалануга) жана эмгек кырдаалдары менен тыгыз байланышта кароого үйрөтүү;

- кесиптик жана жашоодогу кырдаалдардын чексиз көп түрдүүлүгүнө адамдык ишмердүүлүктү багыттоого мүмкүндүк берүү [1].

Компетенттүүлүк мамиле (подход) - бул билим берүү процесстеринин максаттарын аныктаганга, мазмунун тандоого жана уюштурууга, билим берүү технологияларын, билим берүүнүн жыйынтыктарын окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн билим алуусунун натыйжаларынын актуалдуу биргелешкен компетенциялары түрүндө жана бул компетенциялардын тиешелүү деңгээлинин калыптанышынын жыйынтыктарын көргөзүүгө негизделген баалоону тандоо. Бул окутуунун жыйынтыктарын моделдештирүү жана аларды билим берүүнүн сапаттарынын нормасы катарында көрсөтүү ыкмасы [2].

Компетенттүүлүк мамиле А.А. Вербицкий [1], Э.Ф. Зеер И.А. Зимняя жана башкалардын ою боюнча, кесиптик билим берүү аспектисинде жаш адистин **инсандык, кесипкөйлүк** жана **социалдык** мүнөздөмөсүнүн, бул жашоонун керектөөсүнө адистин өзүнүн, өндүрүштүн жана коомдун керектөөлөрү камтылган дал келүүсүн көргөзгөн билим берүүнүн жаңы сапатына жетишүүнүн ыкмасы болуп эсептелинет. Ушуга байланыштуу болочок адистерди даярдоодо окутуу процессинде “компетенттүүлүк” жана “компетенциялар” катары аныкталган өзгөчөлөнгөн субьекттик сапаттарды калыптандыруу адис даярдоодогу эң негизги маселе болуп саналат.

Компетенттүүлүк мамиледе (подходдо) билим берүү адистикке тиешелүү белгилүү билимдерге, көндүмдөргө жана билгичтиктерге ээ, өз кесибинде ийгиликтүү иштей алууга жөндөмдүү болгон адисти даярдоого негиз болот. Компетенттүү адис өз адистиги боюнча алган билимдерин, көндүмдөрүн жана билгичтиктерин өз ишмердигинде колдоно билүүгө жөндөмдүү болгондугу менен айырмаланат [3].

Билим берүүнүн компетенттүүлүк мамиледе жүргүзүүдөгү негизги максат болочок адистин инсандык жана кесиптик сапаттарын, адистикте ийгиликтүү иштөөнү камсыз кылуучу билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, компетенттүү мамиледе билим берүүнүн өзгөчөлүгү болочок медайымдар даяр билимди өздөштүрүү менен чектелбестен, кесибине байланыштуу маселелерди чечүүгө керектүү болгон түшүнүктөрдү өзүнүн аракети менен калыптандыргандыгында турат [6].

Компетенттүүлүк мамиледе билим берүүгө өтүүдөн улам медколледждерде билим берүүнүн шарты, мазмуну, окутуу технологиялары, жалпы эле адис даярдоого болгон талап күчөп жаткандыктан төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөр байкалды:

- сабактарда жагымдуу маанай тартуулаган психологиялык климатты түзүү;
- окутуунун заманбап жаңы технологияларын колдонуу;
- окутуучунун болочок медайым менен өз ара аракеттеринин формаларын өркүндөтүү, окутууну субьект-субьект карым-катышында жүргүзүү;
- билим алууда медайымдын өз алдынчалыктарынын деңгээлинин өсүшү менен тажрыйбалык иштердин татаалдыгын жогорулатуу;
- медайымдарга окуу маалыматын жеткирүүгө байланыштуу болгон бардык иштердин формаларын жана милдеттерди ишке ашыруу жолдорун так аныктоо;
- медайымдын өз алдынча билим алуу муктаждыгын калыптандыруу жана өз алдынча иштерге көбүрөөк көңүл буруу;
- медайымдарга үзгүлтүксүз билим алуу көндүмдөрүн калыптандыруу.

Орто кесиптик медициналык колледждерде болочок медайымдардын кесиптик компетенцияларын калыптандырууда, компетенттүүлүк мамиледе билим берүү жакшы натыйжа берери аныкталды.

Адабияттар:

1. Вербицкий, А.А. Педагогическая технология контекстного обучения в системе непрерывного образования [Текст] ү А.А. Вербицкий үүНепрерывное образование как

педагогическая система: сб. науч. тр. – М., 1989. – С. 105-110. – М.: Педагогика, 1982. – С.129.
2. Зимняя, И. А. Ключевые компетентности как результативно-целевая основа компетентностного подхода в образовании [Текст] - М.: Исслед. центр проблем качества подготовки специалистов, 2004. –С. 85.
3. Зеер, Э.Ф. Компетентностный подход к модернизации профессионального образования [Текст] ү Э.Ф. Зеер, Э.В. Сыманюк үү Высш. образование в России. – 2005. – № 4. – С. 23-30.
4. Основы сестринского дело [Текст] ү Т.П. Обуховец, Т.А. Склярова, О.В. Чернова. – Ростов нүД.: Феникс, 2003. – С.512.
5. Основы сестринского дело. Алгоритмы манипуляций [Текст]: учеб. пособие для мед. училищ и колледжей ү [Н.В. Ширакова, И.В. Островская и И.Н. Клюйкова др.]. – М.: ГЭОТАР- медиа, 2010. – 160 с. http:үүi-u.ruүbiblioүdict.aspx библиотека РГИУ.
6. Төрөбаева, Д.К., Самсиева А.Ж. Медициналык колледждерде болочок адистердин жалпы жана кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелери [Текст] ү Ош.: Ош мамлекеттик университетинин жарчысы илимий журналы, 2012-жыл, №4.

УДК: 377:59.9

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ СҮЙҮҮ ТЕМАСЫ

Көлбаева З.И., окутуучу
Ош гуманитардык-педагогикалык институту

ТЕМА ЛЮБВИ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА

Көлбаева З.И., преподаватель
Ошский гуманитарно-педагогический институт

THE PRESENTATION OF LOVE IN THE WORKS OF CHYNGYZ AITMATOV

Kolbaeva Z.I., lecturer
Osh Humanitarian Pedagogical Institute

Аннотация: *Бул макалада залкар жазуучу Ч.Айтматовдун көркөм чыгармаларындагы каармандардын мекенге, бири-бирине, эли-жерине, жаратылышка болгон сүйүүлөрү, ички руханий байлыктары, ой-толгоолору, дүйнө көз караштары анализге алынат. Каармандардын ички сезимдери, толгонуулары окурмандык талдоодон өткөрүлөт. Каармандардын образындагы сүйүү сезими - анын турмуштун кыйынчылыктарын жеңе билүүдөгү мааниси иликтөөгө алынат.*

Аннотация: *В статье проанилизирован взгляд героев Ч.Айтматова на жизнь, где огромную роль играет чувство любви, выражающие в их отношениях к Родине, природе, друг к другу и.т.д. Внутренного чувства героев проанализированы с точки зрения читателя, раскрыто значение любви в преодолении героями жизненных трудностей, что имеет огромныйвоспитательный потенциал.*

Abstract: *The article analyzes the look of the heroes of Ch. Aitmatov on life, where a great role is played by the feeling of love, expressing in their relationship to the Motherland, nature, to each other, etc. The inner feelings of the characters are analyzed from the point of view of the reader, the meaning of love is revealed in the overcoming of life's difficulties by the heroes, which has enormous educational potential.*

Түйүндүү сөздөр: *Дезертир, сүйүү, образ, гумандуулук, повесть, согуш, адамзат проблемасы.*
Ключевое слово: *Дезертир, любовь, образ, гуманизм, повесть, война, проблемы личности.*
Key words: *Deserter, love, image, humanism, story, war, personality problems.*

“Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандар бардыгы үй-бүлөнүн бекем таянычы, баланын энеси, бирөөнүн сүйгөн жары же ак маралдай көңүлдөшү, кээси сүйүүнүн азап-тозогуна эми башбагып, кээрин тарта баштаган селки, ысык-суукту баштан кечирген кечиримдүү, ыймандуу (ыймансызы да бар) аялдар. Булардын баарында тоодой чоң сүйүү катылып жатат. Автор аялзатына өзгөчө сүймөнчүк менен мамиле жасайт. Ч.Айтматов

аялзатынын асылзаадалыгын, ички жана тышкы сулуулугун, адеп-аклах жактан өзгөчө бийик турган тазалыгын, адамгерчилигин, акыл-эс шарапатын жөнөкөй турмуш агымынын фонунда көрсөтөт. Кичинекей деталдан чоң маани жаратат”,-деп белгилейт Сексенбай Турдукожоев [1].

Сүйүү деген эмне? Бул суроого жооп берерде баары өзүнө жакын адамдарды, ата-энесин, бир туугандарын эстесе керек. Ооба, бул да туура бирок бул сезим булар менен эле чектелбейт: Ата - Мекенге болгон сүйүү, жашоого болгон сүйүү, жаратылышка, жада калса жан-жаныбарларга болгон сүйүү менен толукталат. Сүйүү демекчи эле көпчүлүк адамдар, акылмандар айткандай: «Дүйнөнү сулуулук, мээримдүүлүк жана адамдардын бири-бирине болгон сүйүүсүн сактап калат». Сүйүү менен турмуш куралат, сүйүү менен жашоо уланат. Биздин жазуучубуз да сүйүү темасына көбүрөөк көңүл бөлгөн. Чыгарманын басымдуу бөлүгүндө мекенге, ата-эненин балага, адамзаттын жаратылышка болгон сүйүүсү баяндалат. Мен алардын эң негизгиси деп «Саманчынын жолунан» Толгонайдын образын мисалга алгым келет, анткени анын жолдошуна болгон сүйүүсү – турмуштун оор кайгысын, согуштун апаатын жеңүүсүнө түрткү берди десек болот. Жазуучунун чыгармаларындагы баш каармандар өздөрүнүн жан дүйнөсүндөгү сүйүү сезиминин жогору экендиги менен башкалардан айырмаланып, турмуштун оош-кыйышына ошол сезимдин күчтүлүүгү аркылуу туруштук берип, окурманга кайратмандыктын, күжүрмөндүктүн, жашоону сүйө билүүнүн образын тартуулашат.

“Анда мен он жетидеги курагым, ошол жылы орок тартып жүрүп, Субанкулга жолукпадымбы, Субанкул Таласка жогорку жагынан жалданып келбеди беле. Азыр көзүмдү жумсам Субанкулдун ошондогусу элестелет. Жапжаш он тогуздагы жигит”.

Толгонайдын Субанкулга болгон сүйүүсү күчтүү эле. Алар бул сүйүү менен мекенге кызмат кылды, уулдарды тарбиялады, согуш болбогондо да бактылуу жашашмак. Балдарынын балдарын жетелешмек, узак өмүр сүрүшмөк. Ушинтип комбайнга жүгүрүп жеткенинде додолонгон кишилер чуулдашып, кийим-кечеси туташ суу, энтиккен жээрде айгырды жылоодон кармап турган бирөөнү курчашып турушкандар: «Мындай болгула, кое бергиле мени!”- деп топту бузуп киргенимде комбайндын жанында турган Касым менен Алиманды көрүп калтыраган колдорумду сундура, балама жүткүндүм. Касым мени көздөй утурлай боюмду тосуп калды да: «Согуш чыкты» - деди. «Согуш? Согуш дейсинби»,-бул сөздү мен эч укпагандай кайталап сурадым. «Ооба, апа, согуш башталды»,-деди Касым [2.2;137].

Ушул сөздөрдү уккандан кийин эле Толгонай башкача боло түштү. Мүмкүн бул согуштун артында эмнелер болорун ошондо ачык түшүнсө керек. Ооба, бул согуш бир эле Субанкулду эмес, Толгонайдын эми гана жигит болуп жетилген 3 уулун: Касымды, Майсалбекти, Жайнакты алып кетти. Ошондогу Толгонайдын кайраттуулугун айтпайсыңарбы; жолдошунан, үч уулунан, келип-келип олтуруп жалгыз гана караан болор Алимандан да айрылып жатпайбы.

Ушинтип согуш эң акыркы өчүн да алып тынды. Ошол күнкү баскан жол турмушумда эң оор жол болду го: «Түү, сенин бетине, дүйнө!- дедим - Кечтим сенден, кечтим. Жашагым келбейт! Мынтип өмүр сүргөнчө бүгүндөн калбай өлөм!» - деп ниетим бузулуп, турмуштан безип келе жаттым. Бирок тирүүлүктө ажалы жетпесе, ичер суусу түгөнбөсө адам жашай берет экен да. Алиман өлгөн күнү эле Толгонай жанынан кечем десе да анын ымыркайынан кече албай турду. Буга энелик жүрөгү чыдабады. Кантип ал ушул сүттөн ак наристени бирөөгө берсин, же өлүмгө кыйсын – Толгонай өлсө, ал балага ким каралашат. Ушул ойлор менен жүрүп баласы да чоңойгон, бирок ал чындыкты билбейт эле, акыркы жолу жер энеге келгенинде:

“Бүгүн менин сыйынуу күнүм, бүгүн менин Субанкулумду, Касымды, Жайнакты, Майсалбекти, Алиманды эскерүүчү күнүм. Мен аларды өлөр- өлгөнчө унутпаймын, кезеги келгенде Жанболотко түшүндүрүп айтып берем, эси болсо түшүнөр”.

Бул повестти мен башка чыгармаларынан да көп окусам керек. Анткени энелердин кайратмандыгына, эрктүүлүгүнө басым жасалган. Мындай кайратмандык «Бетме-бетте»

Сейденин образы аркылуу да берилген. Ал күйөөсү экөө тамдын артында ылай тебелеп жүргөндөй жыргал кез дагы бир келер болсочу. Арыктан билектей жылымчы сууну бери буруп коюп, өздөрү топурак менен саманды аралаштырып жоон санга чейин түрүнүп алып, ылай тебелеп жүргөндө күйөөсү аны кайра-кайра толмоч колунан кыса кармап билмексен болуп ылайдын астынан бутун баса коюп тийишип экөө алышып ойноп кетишер эле.

Аттиң, ал күндөр да өттү кетти. Эми ал күндөр кайрылбас. Буга да капилеттен башталган согуш, согушка барып андан качып келе берген Ысмайыл күнөлүү. Чыгарманы окуган окурмандар Ысмайылды терс каарман катары көрүшү мүмкүн. Бирок андай эмес. Себеби Айтматовдун чыгармаларында оң каарман, терс каарман деп бөлүнбөйт. Ысмайылдын эмне үчүн согуштан качканын биле турган болсок, ал да бактылуу болгусу келген эле бейкүнөө адам өз өмүрүн кыйгысы келген жок. Кан майданда жүрүү ал үчүн абдан оор болду. Бирок согуштан качып ал өзүнүн жанын сактаганы менен өмүр бою дезертир, качкын деген атка конуп калды. Ал өзүнүн мекенин коргой алган жок, ал жанын коргоп келди. Бирок келгенде да жүргөн жок, башка адамдарды ачка калтырып «Суугум ашып кетти»,-деп бирөөнүн акыркы үмүтү болгон уюн уурдады. Айрым маалыматтарда айтылгандай эле «Ысмайыл коңшулаш элдердин малын айдап келип аны кыйналган багар-көрөрү жокторго бөлүп берчү», - деп да каралат. Жашынып жүрүүсү да көпкө созулган жок. Сейде ойлондубу, айтор ушул кадамга барды.

«Ооба, мына бул кичинекей терезенин нары жагында айыл жатат, эл жатат, Анда почточу Курман бар, Тотой балдары менен, Мырзакул бар… Ысмайыл да бар. Ооба, Ысмайыл да бар…«Бирок сен башкаларга окшобойсуң, сен башкасың, жат адамсың… Өз элин ушундай жоо сайышканда таштап коргологон акыр түбү өз элине душман болот экен да… Сени сактайм деп жүргөн экем, көрсө, ушундан сакташ керек эле..».

Ушул нерселерди ойлонуп Сейде ойго батты, бир чети Ысмайылды жек көрүп баратты. Акырында өзүнүн чечимин туура көрдү да мекенин, элин-жерин сактоо үчүн Ысмайылды ачыкка чыгарып аны карматып берди. Бул Сейденин өзүнүн элине кылган баатырдыгы эмей эмне?

Баатырдык деп калдык, эли жери үчүн гана эмес, өз сүйүүсү үчүн да күрөшкөн өзүнчө баатырдык эмеспи.

Ар дайым бир жакка жол жүрөрдө мен ушул алкагы жөнөкөй жыгачтан жасалган сүрөттүн алдына келип турам. Мына мен эртең да айылга жөнөймүн сүрөттү карап, мен андан жолума ак тилек бата алып жаткан өңдүү аны көпкө көз айрыбай тиктейм.

Көз айрыбай тиктегидей ал сүрөттө эмне бар деп ойлошуңуздар мүмкүн. Ал жөнөкөй эле сүрөт, кызыктуу деле эч нерсеси жок. Бирок Сейит үчүн бул унутулгус көз ирмем. Себеби ал бул сүрөттү тартуу менен анын ичине көп нерсени камтып кеткен. Данияр менен Жамийланын арзууга толгон махабатын, өзүнүн бала чагын берген. Жамийла анын жеңеси эле, бирок Сейит Жамийланы башкалардан кызганчу, бирок Данияр келгенде баары башкача болуп чыкты. Данияр да Жамийла да бири-бирин жакшы көрүп калды. Данияр болгон аруу сезимдерин, эң жагымдуу сөздөрүн: «Жамийлам, Жамалтайым»,-деп созолонто ырдап ага арнап жатты. Ошентип жүрүп бир күнү Данияр менен Жамийла артына карабай темир жолдун разъездин көздөй бет алды. Алардын карааны улам алыстап олтуруп, бир аздан кийин чийдин арасынан көрүнбөй калды. Мен мына ошондо гана эсиме келдим

- Жамийла-а-а-а!- деп күчүмдүн барынча кыйкырдым.

- Жамийла, Жамийла!-деп жаш балача шолоктоп мен өзүмдүн эң жакын көргөн кымбаттуу адамдарым менен коштошуп жаттым. Мына ушунда гана, жерде ыйлап жаткан учурумда, мен өзүм дагы Жамийланы сүйөрүмдү түшүндүм.

Ооба, балким бул балалык кездеги менин эң таза наристе сүйүүм болгон чыгаар [3.2;253-254].

Жамийла Сейиттин балалык сүйүүсү болчу, муну Сейит өзү да кеч түшүнүп жатпайбы. Мүмкүн «биринчи сүйүү дайыма кайгылуу болот»,-дегендин өзү да болсо чындыгы бардай.

«Чыныгы ашыктар эч качан баш кошушпайт, никеден кийинки жашоо ары татаал, ары түйшүктүү махабатыбызды түйшүккө байлап эмне кылабыз»,-деп жазуучубуз өзү да эскерип кеткен.

Кең мейкиндикте Данияр жана Жамийланын ыр менен жеткирип айтып болгус абалга айланган сүйүүсүнө, Асел менен Ильястын Долон ашуусунан өткөн максатына, Алтынай менен Дүйшөндүн жүрөк менен сезүүгө мүмкүн болбогон аруулугуна, тазалыгына, Раймалы менен Бегимайдын ичинен сызган армандуу махабатына саресеп салып, сезимдин, сүйүүнүн күчтүүлүгүнө, чексиздигине, купуялуулугуна баа бересиз. Толгонай менен Жер Эненин, Бала менен Бугу Эненин, Танабай менен Гүлсараттын, Эдигей менен Каранардын, Акбара менен Ташчайнардын чырмалышкан тагдырларын көрүп, адамзат менен жандуу да, жансыз да жаратылыштын ажырагыс мамилесин сезесиң.

Жалпысынан алганда, Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы камтылган адамзат жана аалам проблемасын, өмүр жана өлүм, сүйүү жана жек көрүү, кубаныч жана кайгы, адамгерчилик жана караөзгөйлүк сыяктуу бул жашоонун карама-каршы жактарынын көрсөтүлүшү. Бул нерселерди айкалыштырып жазуу менен бирге эле адамдарды патриоттуулукка, гумандуулукка, жөнөкөйлүккө тарбиялайт.

Адабияттар:

1. С.Турдукожоев. Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы сүйүү темасынын сүрөттөлүшү. muras.turmush.kg. 2015
2. Ч.Айтматов. Чыгармалар жыйнагынын сегиз томдугу. 2-том, Б.: 2008
3. Ч.Айтматов. Чыгармалар жыйнагынын сегиз томдугу. 1-том, Б.: 2008

УДК: 070. (575.2)

ЗАМАНБАП МЕДИА ДООРДОГУ ЖУРНАЛИСТТИК САБАТТУУЛУК

Маматжанова Зарина Маматкаримовна, окутуучу
Ош мамлекеттик университети

ЖУРНАЛИСТСКОЕ ОБРАЗОВАНИЕ В СОВРЕМЕННОЙ МЕДИА ЭПОХЕ

Маматжанова Зарина Маматкаримовна, преподаватель
Ошский государственный университет

JOURNALISTIC EDUCATION IN THE MODERN MEDIA ERA

Mamatzhanova Zarina Mamatkarimovna, lecturer
Osh State University

Аннотация: *Макалада заманбап медиа, массалык маалымат каражаттары, журналистика, журналисттик кесипкөйлүк, медиасабаттулук жана журналиситтерди өндүрүшкө даярдоодогу сапаттуулук маселелери тууралуу сөз болот.*

Аннотация: *В данной статье рассматриваются вопросы современных медиа, средств массовой информации, журналистики, журналистска профессионализм, медиаграмотности и качества подготовки журналистов.*

Abstract: *This article deals with, mass media, journalism, journalistic professionalism, media literacy and the quality of training journalists.*

Түйүндүү сөздөр: *медиа, медиасабаттулук, ММК, журналистика, журналисттик кесипкөйлүк, журналисттик мектеп, журналистиканын тарыхы.*

Ключевые слова: *медиа, медиаграмотность, СМИ, журналистика, журналистский профессионализм, школа журналистов, история журналистики.*

Key words: *media, media literacy, mass media, journalism, journalistic professionalism, journalistic school, history of journalism.*

Акыркы жылдарда журналист кесибинин мазмуну, багыттары заманбап медиа мейкиндигинин структуралык көп түрдүүлүгүнүн таасири менен улам толукталып барат. Муну менен бирге эле массалык маалымат каражаттары да жаңы багыттарга жана түшүнүктөрдүн формасына ээ болууда. Салтка айланган телекөрсөтүү, радио, газета жана журналдардан сырткары, ММК практикасына мультимедиалык, маалыматтык, медиалык, глобалдык проектилер киргени талашсыз. Бул инновациялык багыттар журналистикадагы өнүгүү жөрөлгөлөрү болгону менен, аймактардын медиа тармактарына адистерди чыгарууда салттуу даярдоо жоболорун өзгөрттү жана болочок адистердин билимдеринин жаңы принциптерин кабыл алды.

Биздин жашоо мындан ары эми маалыматтык жана коммуникациялык технологиялардан ажырабайт. Бүгүнкү күндө Интернет же дүйнөлүк желе маалыматтын негизги булагы болуп саналат. Интернеттин жардамы менен түрдүү электрондук китепканаларга кире алуу мүмкүнчүлүгү; түрдүү кат- кабарларды, документтерди, аудио, видео, фотоматериалдарды жөнөтүү жана кабыл алуу; акыркы жаңылыктар менен кабардар болуу; жадагалса дистанциондук түрдө чет тилдерин өздөштүрүү; конкурстарга, конференцияларга катышуу; өзүнүн жеке сайтын ачуу жана башка мүмкүнчүлүктөр чексиз болгондуктан, учурда күнүмдүк медиа мейкиндикте такталбаган же жалган маалыматтарды сапатсыз жарыялоо күч алып барат. 2017-жылдын аягында Медиа Полиси институту “Сорос-Кыргызстан” фондунун каржылоосу менен калктын медиа сабаттуулук даражасын баалоо боюнча изилдөө жүргүзгөн. Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча, респонденттердин 71,8% Интернет тармагына жеткиликтүү болуп чыккан. Ошондой эле алардын үчтөн экиси күнүмдүк турмушта смартфон колдоно тургандыгы белгилүү болгон [1].

Интернеттин жеткиликтүүлүгү жана анын байланыш аянтча катары популярдуулугу калктын медиа керектөөсүн да өзгөрттү. Ошол эле учурда элдин керектөөсү үчүн социалдык тармактар, онлайн массалык каражаттар жана аны менен кошо мессенджерлер күрөшүүдө. Маалымат берүүдө ыкчамдык талап кылынган сайын жогоруда айтып өткөндөй такталбаган, жалган же болбосо заманбап тил менен атаганда фейк (англис тилинен которгондо "жалган, жасалма") жаңылыктардын көбөйүшүнө алып келүүдө. 2017-жылы англис тилиндеги эң байыркы Коллинз сөздүгүнүн маалыматына ылайык, ″фейк жаңылыктар″ (fake-news) сөз айкашы көп колдонулганы үчүн глобалдуу көрүнүш болуп эсептелген. Коркунучтуусу, фейк кабарлар кесиптик журналистикага, демократиялык институттарга элдин ишениминин жоголушуна, ошондой эле демократиялык чечим кабыл алууга тоскоолдук жаратышы мүмкүн жана көпчүлүк журналисттердин компетенттүүлүгүнө шек келтирүүдө.

Интернет дүйнөлүк желесиндеги журналисттин ишмердүүлүгү бир топ татаалыраак. Юридикалык чаралардын көрүлүүсү эскертилсе да (провайдерлердин жабылып калышы, сеттердин блакировкаланышы, блогерлердин жоопко тартылары) коом каалаган жыйынтык бере элек. Тыюу салуулар жана блокировкалар жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндиги үчүн мейкиндикти чектеп койгондой болсо да, 2017-жылы Би-би-си бүткүл дүйнөлүк кызматынын буюртмасы менен жүргүзүлгөн изилдөөгө ылайык, дүйнө жүзүндө Интернет колдонуучулар жалган кабарлардын улам барган сайын катуу жайылып жатканына тынчсызданганы менен, сурамжылоого катышкандардын 60% Интернеттин мамлекет тарабынан жөнгө салынуусуна каршы болушкан [2]. Мындан улам адам укуктарын сактоо милдетин камтыган демократиялык баалуулуктарга таянган укуктук мамлекет катары Кыргызстан маалыматтык тобокелдиктер менен күрөшүү үчүн өзүнө билим берүү жана агартуу жолун тандап алса болот.

Жогоруда айтылган себептерден улам, журналисттик билимдин максатын жана милдетин толугу менен өзгөртүү, кесипкөй журналисттерди даярдоонун концепциясын кайрадан карап чыгуу гана эмес, ошондой эле студенттердин жалпы маданияттык жана профессионалдык кемпетенцияларын, инсандык сапаттарынын маанилүүлүгүн, чыгармачылык демилгелерин калыптандырууга багыттоо зарылчылыгы турат.

Заманбап маалыматтык жана коммуникациялык технологиялар билим берүү процесстерин индивидуалдаштырууга жана активдештирүүгө мүмүкүнчүлүк берет, медиа

окутуунун усулдарына жана мазмунуна принципиалдуу өзгөрүүлөрдү киргизет. Электрондук медиалар материалдарды жакшыраак кабыл алууга жана эске тутууга жогорку деңгээлде таасир берип, тарбиялоонун көп мүмүкүнчүлүктөрүнө ээ жана билим алуучулардын дүйнө таанууга болгон мотивдерин арттырат. Адистерди даярдоо процессинде электрондук медиаларды колдонууда психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрдү эске алуу билим берүү системасынын кайра түзүлүүсүндө негизги мааниге ээ. Бул нерселерди ар дайым эске алуу жана туура түшүнүү заманбап педагогдордун учурдагы маалыматтар дүйнөсүнүн ылдам өзгөрүүсүнө, жаш муундардын маалыматка болгон жаңы талаптарына жараша өнүгүүсүнө көмөктөшөт. Болочок адистер түрдүү кырдаалдарда туура чечим кабыл алууга, өзүнүн профессионалдык квалификациясын жогорулатуу процессинде медианы билгичтик менен колдонууга багыт берүүгө мүмкүнчүлүк алат.

Көпчүлүк педагогдор медианы дидактикалык жана тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрүн аңдабастан эле көргөзмө принцибин реализациялоодо гана колдонуп келишет. Учурда педагогдорду максаттуу даярдоо, маалыматтарды кабыл алуунун көндүмдөрүн иштеп чыгуу, визуалдуу образдардын вербалдык копияларын түзүү жөндөмдөрүн, маалыматтардын мазмундуу өзгөчөлүктөрүн түшүнүп жана аны практикалык ишмердүүлүгүндө колдонууну үйрөтүү зарыл. Заманбап шартта педагогдордон маалыматтык маданиятка жана информациялык чөйрөдө негизги билимге ээ болуусу, маалымат ташкынында туура багыт таба билүүсү талап кылынуусу керек.

Журналистиканын педагогикасынын өнүгүү баскычтарынын учурдагы абалдарын аңдап көрүүгө аракет кылып көрсөк. Педагогика (грек сөзүнүн paidos + ago "бөбөк + жетелейм, тарбиялайм") азыркы учурда кең мааниде түшүндүрүлөт – тарбиялоо жана окутуу тууралуу илим, ошондой эле илимге негизделген практика катары да түшүндүрүлөт [3]. Бул фактор адамдын өнүгүүсүндө, конкреттүү айтканда, билим курсун аяктаган журналисттин калыптанышында көптөгөн жана түрдүү процесстерин камтыйт. Методика (грек сөзүнүн methodos "багыт, ыкма") педагогиканын бутагы, окутуунун предмети жана практикалык ишмердүүлүк катары билим берүүнүн каражаттарына: окутуу процесстерин уюштуруу, окутулуп жаткан предметтерди структурага салуу, аудитория менен иштөөдө технологиялык жактарга негизделет.

Журналисттик билим берүү дисциплиналардын структурасы катары, окутуунун мазмуну катары гана белгиленип жүрөт, бирок адистештирилген ишмердүүлүк катары жана теоретикалык билимдин мүнөздүү чөйрөсү, же болбосо *журналистиканын педагогикасы* катары каралган эмес. Албетте, бул түшүнүк журналистика боюнча адабияттарда кезиктирилбейт, бирок журналистика билим берүү чөйрөсүндө өзгөчө орунда турат. Бир жагынан ЖОЖдук адистердин тобунда тең укуктуу туруп, бирдей эле стандарттар жана окутуунун эрежелери каралган. Дагы бир тарабынан ишмердүүлүктүн түрү катары публикалуулугу менен айырмаланып, бардык активдүү жарандарга жеткиликтүүлүгү, плюралисттик мазмуну менен өзгөчөлөнөт.

Учурда медиа менен алектенип жаткан ишкерлердин бир гана басма түрүндө чыгып жаткан басылмасын же телеканалын жолуктуруу кыйын. Бир эле мезгилде басма сөздүн же телеканалдын дүйнөлүк желеде жеке сайты, радиостанциясы, түрдүү социалдык сеттерде баракчасы болушу мүмкүн. Ошондой эле учурда бир гана репортердук ишмердүүлүк менен алектенген журналистти жолуктуруу да кыйын. Заманбап платформалар универсалдуу текст, үн жана видео менен иштөө сапаттары - универсалдуу журналисттин ишинин талабы.

Британиялык Девид Рэндал, ″Универсалдуу журналист″ (1992) китебинин автору, өз эмгегиндеги кириш сөзүндө: ″Бардык россиялык журналисттерге жана репортерлорго универсалдуу журналистика деген түшүнүктү мага бергендиктери үчүн алкыш айтып багыштайм″ - деген пикир жазган. Албетте, медиа дүйнөсүндөгү конвергенция тууралуу гана сөз болбостон, бир эле адам репортажды өз алдынча мыкты даярдаган, аналитикалык макалаларды жаза алган жана маалыматтык сюжеттерди монтаждай алган адистер талапка ылайык болушкан.

Жогорудагы сапаттар кээде Батыш журналисттерине караганда постсоветтик учурундагы журналисттеринде жогорку деңгээлде болгон. Баса, Рэндал өз китебин батыштык, чыгыштык, элитардык же болбосо массалык ж.б.у.с. деген журналистика болбойт деген ырастоо менен баштаган [4]. ″Жакшы жана жаман журналистика гана бар″ - деп Рэндалдын оюн лондондук ″The Observer″ жумалыгынын редакторунун мурунку орун басары бекемдеген.

Заманбап универсалдуу журналисттерди өндүрүшкө даярдоо обол педагогдордон көз каранды болгондуктан, алгач жардамга сынчыл ойлом методдору келери бышык. Сынчыл ойлом – бул өзү эмне? Сынчыл ойлом – ойлоонун ыкмасы, келип жаткан маалыматтардан күмөнсүрөө. Негизинен бул тууралуу көптөгөн академиялык аныктамаларга көз жүгүртсөк болот, бирок биз Дүйнөлүк банктын экспертинин аныктамасына ынанганыбыз абзел: сынчыл ойлом альтернативдүү чечимдердин, жыйынтыктардын жана көйгөйлөргө болгон көз караштардын күчтүү жана алсыз жактарын аныктоо үчүн логиканы жана ой корутундуларын колдонуу болуп саналат [5].

Сынчыл ойлом процесси маалыматтар менен иштеп жүргөн адистерге жаңылык жаратуу процессин элестетет. Эмне? Кандай? Эмне үчүн? Эмне себептен? Тигил же бул окуянын кийинкилиги кандай? деген жаңылык жаратуу процессинин суроолору сынчыл ой жүгүрткөн адам үчүн да башкы суроолор болушу керек [6].

Журналисттик сапаттуу билим берүүгө байланышкан дагы бир нерсе – окутуунун эркин колдонулушу. Кандай гана көйгөйлөр жаралбасын, журналисттик билимге ээ болууга умтулгандардын саны көбөйүүдө. Дүйнөнүн көптөгөн региондорунда, айрыкча, өнүккөн өлкөлөрдө, журналисттик билим берүү менен коммерциялык уюмдар да студенттерди коммерциялык максаттар менен даярдоодогу сапатсыздыкка карабастан алектене башташты. Журналисттик билим берүүнүн негизги максаты болуп студенттердин гана эмес, журналистиканын өзүнүн да мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү болуп эсептелет. Башкача айтканда, журналисттик билим берүүнүн сапаты коомдун жана жарандыктын да сапатуулугуна таасирин тийгизүүсү зарыл. Журналистика чөйрөсүндөгү билим кесипкөйлөрдү гана эмес, коомду да тарбиялайт. Мына ушул максаттар журналистика жаатындагы педагогдордун негизги ролуна журналисттер муунун коомго кызмат кылгандай медиаиндустрияга кызмат кылууну киргизет.

Адабияттар:

1. Эшиева Т. Супер-Инфо / Эмгек жарчысы. - №806. - 13-апрель - 19-апрель, 2018-ж.
2. Жалган кабарлардын доору: фейктер Орусиянын жашоочуларынын 83% тынчсыздандырат / Би-би-синин орус кызматы. - 2017-ж.
3. Корконесенко С.Г. Преподавание журналистики в высшей школе / Учебное пособие. - Санкт-Петербург, 2015. С. 27.
4. Владимирова Т.Н. Дидактическая концепция профессиональной подготовки журналистов в высшей школе России: Дис. ... д-ра пед. наук. - Москва, 2015. С. 5.
5. Иманкулов М., Усупбаева А., Текимбаева А., Данилова Н., Штурхецкий С., Кожобекова Б. Медиа и информационная грамотность / Ресурсная книга для учителя. Центр поддержки СМИ. – Бишкек, 2018. С. 6-8.
6. Штурхецкий С. Медиаграмотность / Практическое учебное пособие для высших учебных заведений. Проект IREX. - Бишкек, 2017 С. 21, 48-49.
7. Модель учебной программы по журналистике / Серия ЮНЕСКО по образованию для журналистов. - Бишкек, 2017.

УДК: 373.1.02

БОЛОЧОК ПЕДАГОГДУН КЕП МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ

Мамрасулова А.Б., окутуучу
mamrasulova@mail.ru
Ош мамлекеттик университети

ФОРМИРОВАНИЕ КУЛЬТУРЫ РЕЧИ БУДУЩЕГО ПЕДАГОГА

Мамрасулова А.Б., преподаватель
mamrasulova@mail.ru
Ошский государственный университет

FORMATION OF SPEECH CULTURE OF FUTURE EDUCATOR

Mamarasulova A.B., lecturer
mamrasulova@mail.ru
Osh State University

Аннотация: *Макалада англис тилин окутуудагы болочок педагогдун кеп маданиятын калыптандыруу жөнүндө сөз болот.*

Аннотация: *В статье рассматривается формирование культуры речи будущего педагога.*

Abstract: *This article is about the formation of speech culture of future teacher.*

Түйүндүү сөздөр: *педагогикалык ишмердик, кеп маданияты, эффективдүүлүк, пикир алышуу, лингвистика, адистик чеберчилик.*

Ключевые слова: *педагогическая деятельность, культура речи, эффективность, общение,лингвистика, профессиональное мастерство.*

Key words: *teaching activities, speech culture, effectivity, communication, linguistics, professional skill.*

Окуу-тарбиялык иштин эффективдүүлүгү уюштурулушуна көз каранды болгон педагогикалык ишмердиктин өзгөчө тармагы болгон педагогикалык коммуникацияга жалпы психологдордун, педагогдордун жана лингвисттердин кызыгуусу акыркы мезгилде күч алды. Себеби, кептик карым-катышты эффективдүүлүккө жеткирүү педагогикалык пикир алышуу чөйрөсүнүн актуалдуу маселеси катары каралат. Бул маселенин натыйжалуу чечилиши, өз кезегинде педагогдун конкреттүү кеп жанрына ээ болушуна, аудиториянын өзгөчөлүгүн эске алуу менен ал жанрлардын ички стратегияларын пайдалана билүү жөндөмүнө көз каранды.

Адистик педагогикалык ишмердиктеги негизги кызыкчылык окутуучунун кеп маданиятын үйрөнүүгө, окутуучу менен студенттин ортосундагы позитивдүү жана негативдүү байланыштарынын түзүлүшүнө, окутуучунун кеби туруктуу тенденция катары гармондошуусун аныктоого жумшалат. Себеби, ар бир педагогдун пикир алышууну эффективдүү жүргүзүү үчүн педагогикалык кеп маданиятынын артыкчылыктарын пайдалана билиши өзгөчө мааниге ээ. Тагыраак айтканда, педагог уюштурган пикир алышуу – анын адистик чеберчилиги болуп саналат.

Ошол эле учурда педагогдун кеп маданиятына жүргүзүлгөн анализ - “кеп”,”кеп ишмердиги”, ”кеп маданияты” түшүнүктөрүнө теориялык-усулдук ой жүгүртүүнү талап кылат.Себеби, айрым учурда “сөз маданияты” түшүнүгү менен “туура кеп” түшүнүгүн чаташтырып каралганына күбө болобуз. Бирок “педагогдун кеп маданияты” түшүнүгү “тилдик нормативдүүлүк”, ”тууралык” түшүнүктөрүнө толук бойдон дал келе бербейт. Тагыраак айтканда, ал окуучулар же студенттер менен жүгүзүлгөн жандуу пикир алышуу процессинде ыңгайлуу сөздөрдү тандап, аларды акыл-эс менен пайдалануу жөндөмүн кучагына алат.

Азыркы күндүн адамы башка адамдын позициясын түшүнүп,мамиле түзүүгө жол таап, талаш-тартыш маселени талкуулоодо макулдашылган чечим кабыл алууга жетишиши зарыл. Эффективдүү пикир алышууга жетишүү же андан алыс калуу жеке инсандын ийгилигине да, бүтүндөй коомдун ийгилигине да көз каранды болот.

Инсандын жалпы маданиятынын негизин, анын жашоосунун аныкталышын камсыз кылып, ички дүйнөсүн, жашоо идеалын, баалуулуктарын, өзүн-өзү көзөмөлдөөсүн, айлана-чөйрөдөгү турмуш чындыгына адекваттуу реакциясынын жөндөлүп турушун камсыз кылган маданияттын базалык компоненти – коммуникативдик маданият болуп саналат.

Болочок педагогдорду даярдоо процессинин маанилүү тапшырмаларынын бири – студенттердин коммуникативдик-кептик маданиятын калыптандыруу болуп саналат. О.В.Бобкованын көз карашына таяна турган болсок: “Коммуникативдик маданият – бул XXI кылымда жашаган адамдын маңызын көрсөтүп турган табигый көрүнүш жана процесс. Инсандын коммуникативдик маданиятынын өнүгүү өзгөчөлүгүн белгилебей туруп, жалпы жана адистик билим берүүнүн эволюциялык өнүгүү жолун аныктоо мүмкүн эмес” [2].

Коммуникативдик маданияттын негизинде турмуш чындыгын ишенимдүү чагылдырып берүүгө ылайык, тексттерди кабыл алуу жана иштеп чыгууга багытталган таанып билүү ишмердигинин адистик формасынын түрлөрүн чагылдырган ой жүгүртүү маданияты жана кеп маданияты жатат.

Адамдын пикир алышуусунун негизги формасы болгон кеп - инсандын жана бүтүндөй коомдун базалык маданиятынын негизги көрсөткүчү болуп саналат. Ошондон улам педагогдун коммуникативдик маданияты кеп маданиятына негизделген. Ушул позициядан алып караганда, “коммуникативдик” терминин “кептик” түшүнүгүнөн ажыратып караганга мүмкүн эмес. Себеби, педагогдун кеби көп учурда бүтүндөй билим берүү системасынын потенциалын, анын окуучунун же студенттин инсан катары калыптанып өнүгүшүнө тийгизген таасирин аныктап турат.

Кеп окутуучу үчүн кесиптик негизги курал катары кызмат кылат. Ал педагогдун кесиптик ишмердигинде жөн гана башкы курал катары пайдаланылбай, өнүгүүнүн мисалы да боло алат. Кепке жоопкерчилиги күчөтүлгөн кесип – педагогикалык кесипти аркалаган инсанга пикир алышуу кебинин маданиятына ээ болууга жетишүү талабы өзүнөн-өзү коюлат. Ошондуктан, орусиялык профессор Т.А.Ладыженская: “Педагогикалык ишмердиктин негизинде коммуникативдик ишмердик жатат. Анын жардамында педагог билим берип, маалымат алмашууну уюштурат. Окуучулардын практикалык таанып билүү ишмердигин башкарат”, – деген көз карашын XX кылымдын соңку жылдарында эле айткан [6].

Ал эми С.Д.Якушеванын көз карашында: “Пикир алышуунун төмөнкү деңгээлиндеги, эмоционалдык маданияты жана рефлексиясы жетишпеген, коммуникативдик жөндөмү алсыз калыптанган, пикир алышуунун бийик деңгээлин көрсөтө албаган педагог – маданий потенциалы өнүккөн чөйрөнү түзө албайт. Окуучулардын толук кандуу өнүгүшүнө негиз болуп бере албайт.” Башкача айтканда, ар бир педагог өзүнүн айланасындагы адамдардын жүрүм-турумдарына көз каранды болбой, өздүк жүрүм-турум моделин тандап алып пайдалана билиши керек. Ал жүрүм-турум модели башкаларга жакшы жагынан мисал болууга тийиш [4].

Азыркы жаш педагогдор айрым учурда кеп жөндөмүнөн алыс калганын турмуш чындыгы көрсөтүүдө. Кеп кырдаалын эске албай, ыңгайсыз стилистикадагы лексиканы пайдаланышы, кептик агрессиясы – азыркы педагогдордун кептик жүрум-турумдан алыс калганынан кабар берет. Ошентип, азыркы билим берүү системасында эмгектенген мугалимдерге коммуникативдик сапатты жогорулатуу талабы күчөтүлгөн. Бирок педагогикалык жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнүн кеп маданиятына болгон даярдыгынын көрсөткүчү төмөнкү деңгээлде калууда.

Мындай карама-каршы көрсөткүчтүн өнүгүшүнө бир катар себептер бар. Алардын ичинен негизгилери болуп: азыркы жаштардын арасында адабий тилдин сакталышынын зарылдыгы боюнча түшүнүктүн жетишсиздиги, жаргондук лексиканын, күндөлүк жөнөкөй сөздөрдүн көп пайдаланылышы, классикалык адабияттарды окууга болгон кызыкчылыктын төмөндөшү, улуттук кеп этикеттеринин салттык негизинин жоголушу жана коомдун кеп маданиятынын төмөндөшү болуп саналат.

Бул маселени жолго салуу үчүн бакалаврларды даярдоо планындагы “педагогикалык билим берүүгө даярдоо” багытындагы чечендик өнөр боюнча тандоо сабактарын көбөйтүү; экинчиден, филологиялык багыттан тышкары да бардык адистиктерди чечендикке тарбиялоо жолун табышыбыз керек. Себеби, белгиленген кемчиликти жоюу багытын болочок педагогдордун чечендик шыгын калыптандыруудан көрөбүз. Ал үчүн педагогикалык багыттагы жогорку окуу жайларда студенттердин кеп ишмердигине даярдыгы маселесинин

негизин түзүү, кеп ишмердигине даярдыгынын технологиясын моделдештирүү, педагогикалык шартты жана анын эффективдүүлүгү иштелип чыгышы керек.

Биздин көз карашыбызда, болочок педагогдун кесиптик кеп маданияты - анын комуникативдик кептик маданиятын калыптандыруу, жалпы жана жеке чечендиктин интеграциясында калыптандырууга багытталган.

Чечендик өнөрдү окутуу төмөнкүлөргө негиз болот: базалык жанрдык-стилистикалык жөндөмдөргө, чечендик өнөрдү ыктуу пайдалануага жетишкен тилдик артыкчылыктарга ээ болгон (кеп материалдарын же текст түзүүгө же ойлоп табууга жетишкен инсандын калыптанышына, материалдын композициясын түзүүгө, инсандардын ортосундагы, топ ичинде ачык-айкын пикир алышууга жетишүүгө).

Чечендик өнөрдүн калыптанышы төмөнкүдөй этаптардан турат:

а) кептик же жүрүм-турум моделдеринин көсөтүлүшүнөн: б) көркөм имитациядан; в) эске сактоодон; д) жаңы түзүлгөн шартты эркин пайдалануудан. Чечендик өнөрдү калыптандыруудагы конкреттүү бир жөндөмдү иштеп чыгууда төмөндөгү көнүгүүлөр ырааттуу талап кылынат:

а) элестетип көрүү; б) бышыктоо; в) кайталап эске сактоо; г) чыгармачылык менен изденүү.

Жыйынтыктап айтканда, чечендик өнөргө окутууда студенттердин көнүлүнүн окулуп жаткан тилди колдонгон элдин улуттук кебинин этикетине, көркөм сөз каражаттарына, этикалык жана коммуникативдик нормаларына бурууга басым жасалышы керек. Себеби, чечендик өнөргө мисал катары алынган текстке терең анализ жүргүзүп көрүү, болочок педагогдун өздүк кебинде дал ошондой көркөм сөздөрдү пайдалана билишине түрткү болот.

Адабияттар:

1. Крысин Л.П. Язык в современном обществе. - М.: Наука, 1977.
2. Культура речи и эффективность общения Под ред. Л. К. Прудкиной, Е. Н. Ширяева. - М.: Просвещение, - 1996.
3. Общая филология. М., 1996. С.14
4. Ширяев *Е.Н.* Что такое культура речи., Мы сохраним тебя, русская речь. М.: Наука, 1995. С. 9-10).
5. Ширяев Е. Н. Культура речи как лингвистическая дисциплина Русский язык и современность: Проблемы и перспективы развития русистики. – М., 1991. Ч. 1.
6. Я. Котигер, В. Чамлер. Педагогическая этика. Кишинев, - 1984

УДК: 700

Ч. АЙТМАТОВ – XX КЫЛЫМДЫН КӨРКӨМ СӨЗ ӨНӨРҮНҮН КОРИФЕЙИ

Мамырова М. К., улук окутуучу
Ош мамлекеттик университети

Ч.АЙТМАТОВ - КОРИФЕЙ ХУДОЖЕСТВЕННОГО СЛОВА XX ВЕКА

Мамырова М. К., старший преподаватель
Ошский государственный университет

CHYNQYZ AIMATOV IS THE ART CORYPHAEU OF THE XX TH CENTURY

Mamyrova M.K., senior lecturer
Osh State University

Аннотация: *Бул макалада, кыргызды дүйнөгө тааныткан айтылуу чебер жазуучубуздун Ч. Айтматвдун 90 жылдыгына карата, жазуучубуздун басып өткөн жолуна бир катар сарасеп салмакчыбыз.*

Аннотация: *В статье изложено об огромном воспитательном значении жизни и творчества Ч.Айтматова с опорой на основные вехи его биографии.*

Abstract: *The article outlines the main aspects of the life and work of C. Aitmatov based on his main biographies.*

Түйүндүү сөздөр: *инсан, жазуучу, кесиптик эмгек, чыгарма, мекенди сүйүү, журналистика.*

Ключевые слова: *личность, писатель, профессиональный труд, произведение, любовь к родине и журналистике.*

Key words: *personality, writer, professional work, work, love to country and journalism.*

Чыңгыз Айтматовдун ысымы бүгүнкү күндө дүйнө элине таанымал. Ал XX кылымдын тарыхында түбөлүк калуучу инсан.

Баарыбызга маалым болгондой, Ч. Айтматовдун чыгармалары дүйнөнүн жүздөн ашуун өлкөлөрүндө эки жүзгө жакын тилге которулуп, миңдеген тираж менен басылып, ал тургай кайра-кайра басылып жатканы анык.

Ч. Айтматовдун мектеби ааламдашып, акыл мектебине айланды десек жаңылышпайбыз. Бүгүн ар түрдүү улуттагы, ар түрдүү диндеги түрдүү, саясий ишенимдеги, ар түрдүү кесиптеги жана ар кыл жаштагы миллиондогон окурмандардын сүйүктүү жазуучусу [1].

Музыкада, сүрөттө, живописте тил жок дегени ырас белем. Анын сыңарындай, сөздүн керемет күчү, дүйнө таанымдын тереңдиги, көз карашы жалпы адамзаттык маани-маңызга ээ болуп калганын карабайсызбы!

Ч. Айтматовдун чыгармаларына терең сүңгүп кирген окурмандын жан-дүйнөсүн козгоп, аны өлүм жана өмүр, кубаныч менен кайгы, адамгерчилик жана кара өзгөйлүк, абийир менен абийирсиздик, бийлик жана ыпластык, бакыт жана бактысыздык, ар-намыстуулук менен арсыздык жана башка толгон-токой маселелер туурасында ой-жүгүртүүгө мажбурлап, адамдардагы нарк-насилди жана адамдын сезимин ойготуп, жан-дүйнөсүнө жакшылыктын үрөнүн сээп, бүгүнкү глобалдуу проблемаларды козгоп, адам баласын «Канткенде адам уулу адам болот?» деген ар кандай татаал суроого жооп издетип, ага руханий жооп табууга өзү негиз болуп берет.

Ч. Айтматовдун ар бир чыгармасы окурманды кайдыгер калтырбайт. Акылга акыл кошуп, турмуштук тажрыйбасын байытып, түшүнүгүн арттырар, касиеттүү чыгармалар. Айтматовдун жазуучулук сырынын улуулугу – көркөм ойлоонун ар тараптуулугунда жана көп түрдүүлүгүндө. Мейли, Ч. Айтматов орус тилинде же башка тилде жазабы канткенде да, баары бир ал кыргыз жазуучусу. Кайсы гана чыгармаларын албайлы, анда элдик салт, мифология менен кызыктырып өзүнө тартып турат. Ошондой эле белгилей кетүүчү жагдай, Батыш менен Чыгыштын маданиятын ширелештире көркөм тилге салганында. Дүйнөлүк глобалдык кыйроо – бул бүткүл адамзаттын жашоосунун кыйроосу [2].

Айтматов көөдөндөгү ачуу чындыкты адамзатка таңуулабай, көркөм чагылдыруу менен бере алган. Айталы, ар бир чыгармасында мифологиялык бир аңгемеби, жомокпу же аңыз дейлиби иши кылса, чыгармага өзүнчө көрк, идея берген бир өзөктүү окуя баян этилет. Жазуучу мифти жөн гана колдонуп калбайт, мурунку заман менен жуурулуштуруп, көп кылымдык адамзат тажрыйбасынын тереңине чөмүлтөт. Өзөктүү окуянын үзүндүлөрү бардык чыгармаларында актуалдуу.

Ошондуктан да Ч. Айтматов фольклордук асыл булактарга өтө аяр мамиле кылганын көрөбүз. Ар бир колдонгон легендалары, уламыштары, жомок же мифи окурманды кайдыгер калтырбай, кайра ички-ой сезимдерин ойготуп, нравалык, моралдык, философиялык терең мазмуну менен өзүнө тартат.

Ч. Айтматовдун чыгармаларын окуп жатып, адамга күчтүү психологиялык терең анализ берүү жагынан жазуучу эч кимге ат чаптырбагандыгын коом жакшы билет. Алсак, анын Танабайы, Едигей, Орган сыяктуу дүйнө таанымы терең, жан-дүйнө туюму сезгич каармандарынын көз караштары аркылуу психологиялык анализдин көп кырдуу жагын ачты. Мына ушул жагдайларга күбө болуп жатып, чын эле Ч. Айтматов олуябы, же анын жан-дүйнөсү рентген сымалбы деп да ойлоп кетем.

Ч. Айтматовдун каармандары эмгекти сүйгөн, жашоого позитивдүү көз караштагы каармандар. «Бешенеге жазганы, таалайыма бүткөнү ушул тура» деп, бардык азап-тозокко кайыл болуп, башкалардан коргоп жүрүп, качан гана күйөөсү адилеттүүлүктүн аттабас чийимин аттап өткөндө өзү биринчи адамгерчиликтин атынан жазага буюрган Сейденин образын алабызбы, же куру намыс деп, өжөр, курч мүнөзүнүн айынан турмуштук сыноолордун биринде тагдырын чорт сындырып алган Ильястын образын алабызбы, же жер энедей көтөрүмдүү, күчтүү, энергиялуу Толгонай эненин образын алабызбы кыскасы-адам тагдыры, андагы жандуу эмгек терең сүрөттөлүп берилет [3].

Негизинен Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы окуяны алып жүрүүчү, өнүктүрүүчү каармандар – руханий маяк болчу, руху күчтүү, идеяны туу тута турган зор инсандар. Баянымдын ушул жеринен лирикалык чегинүү жасашыма туура келүүдө. Көпчүлүк учурда өзүнүн интерьвюларында О.Кутманалиевдин төмөнкүчө айтканы бар: «Гастролдо жүрүп, бир ашканада кире калсак, үч-төрт эркек чай ичип олтурушкан экен. Бирөө тура калып, жаакка келиштире тартты. Мен мындайды күткөн жок элем. Көрсө «Ак кеме» тасмасынан Ороскулду жек көргөнүнөн ушундай жагдайга туш болупмун».

Ооба, Ч. Айтматов ар бир чыгармасы мезгилинде кинофильм болуп чыкканы бар. Айтматов – күчтүү эколог. Ал жаратылыш менен болгон адамдын байланышынын концепциясы адамдын ички жан-дүйнөсүнүн чектерин кеңейтет. Мейли ал айбанаттар дүйнөсү жөнүндө жазып жатканда да, чыгарманын өзөгүндө гуманисттик нравалык климатын колдоп турган татаал символика жашайт.

Буга мисал Гүлсарынын, Каранардын, Ташчайнардын, Акбаранын, Жаабарстын, образдары адамдардын образдарынан кем калышпай сүрөттөлгөндүгүндө. Бир сөз менен айтканда, Ч. Айтматов адам турмушу менен жаратылыштын ортосундагы гармонияны терең ача алган [4].

Ч. Айтматовдун дагы бир өзгөчөлүгү адабий көркөм пейзаждын чебери. Атагы дүйнөгө тарап кеткен сүрөткердин сыйкырдуу калеми тууралуу сөз учугу али чексиз, түгөнбөйт. Улуу жазуучубуздун сыры терең, ою кенен, көп катмарлуу чыгармалары жөнүндөгү адабий талдоолор, окурмандык ой бөлүшүүлөр жазуучунун өздүк чыгармаларына салыштырганда саны жагынан көп деп айтсак болот.

Жазуучунун чыгармаларына байланыштуу адабий-илимий эмгектер мурдагы союздук республикалардан тышкары Индияда, Кытайда, Японияда, Англия, Германия, Франция жана башка өлкөлөрдө, көптөгөн тилдерде жазылган, дагы да жазылууда. Ч. Айтматов боюнча сөз, изилдөө али алдыда.

XXI кылымда жашап жатып Ч. Айтматов жөнүндө сөз кылат экенбиз, анда замандын улуу жазуучусу, ойчулу жана гуманисти катары аны терең урматтоо менен көрсөтүп, анын адабият менен маданият тарыхында улуттук чектерден чыккан, планеталык масштабдагы жазуучу деп, анын чыгармасын бир жолу окуган адамдардын баарын таланты менен багындырган адам катарында кала тургандыгын баса белгилесек болот [5].

Ч. Айтматов адабияттык жашоону философиялык көркөм аңдоонун жаңы деңгээлине көтөргөнү менен баалуу. Арийне, Ч. Айтматовдун идеялары азыр да актуалдуу, кыргыз үчүн Батышка, бүт дүйнөгө угулду. Кыргыз эли кандай болору жөнүндө маалымат алынды. Үнүбүз, ырыбыз, обонубуз бөтөн сахналарда, бөтөн тилде жаңырды. Адамзаттын назик жүрөгүнөн орун алды. Алп жазуучубуздун үнү бийик шаңшыды. Демек, «Манас» эпосундай түбөлүк сакталат, муундан - муунга өткөрүлөт [3].

Эл жарышка түшкөн тулпар аттай, арышын кере таштап, адабият майданында жер жүзүн дүңгүрөтүп келет. Анын чыгармаларынын негизги өзөгүн адам түзөт. Артка кылчайсак, СССР кезинде жарыша куралдануу акыл ченинен алпы оюн чейине, эки система тирешип турган чак эле.

Улуу ойчул адамга арга жок тура. Кандай гана кырдаал болбосун Ч.Айтматов ийне менен кудук казгандай жол тапты. Тапканда да ал жалпы адамзат коомун акыл-эске, ойлонууга, диалогго чакырып, дүйнөгө белгилүү жазуучуларды, ойчулдарды,

окумуштууларды баш коштуруп, касиеттүү Ысык-Көлгө чогултуп, Ысык-Көл форумунун уюштурду. Бул 1986-жыл болчу.

Ч. Айтматовдун чыгармаларынын өзөгүн түзгөн – адамзат коомунун жалпы баалуулуктары, жаратылыш менен камыр-жумур жашоо, экологиялык кыйроого жол бербөө идеялары, Ысык-Көл форумунун негизги темалары болгон. Мына ушул идеяны Ч. Айтматов мындан туура 30 жыл мурун көтөргөнүнө карабастан, бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун жоготпой келет. Же «Адам үчүн эң кыйыны – күн сайын адам болуу» деген Ч.Айтматов адамзат коомун түбөлүк ойлоно турган маселелерге буруп кетиптир. Айтматовдун феномени-баарынан мурда анын көркөм дүйнөгө болгон көз карашы элдик салтка, «Элдик фольклорго азыктанып таянганында, ошондой эле Батыш менен Чыгыштын маданиятын ширелиштире» бириктиргендигинде [5].

Чынында Ч. Айтматовдун чыгармаларын ким үңүлүп окуп кирбесин, аны улуттук мифологиялык кыртыш менен болгон карым-катыш кызыктырып келет. Мифологиялык көрүнүштөр Ч. Айтматовдун чыгармаларына терең, кошумча оттенок берип турат. Жазуучунун мифке болгон мамилеси терең, чыгармачыл мүнөздө экенин көрсөтүп турат. Бирок мифология менен чектелип калбайт, мурунку замандар менен жуурулушуп кетет. Мына ушуга байланыштуу анын «мифологемдери» биздин күндөрдө терең актуалдуу.

Жазуучунун чыгармалары – жөнөкөй каармандар, аларда адам баласына тиешелүү жөнөкөй асыл сапаттар, сезимдер, түшүнүктөр орун алган. «Кылым карытар бир күн», «Кассандра тамгасы» - буларды окуган ар бир адамдын түшүнүгү, айтор, жан дүйнөсү тазаланар. Айтматовдун жазуучулук устаттыгынын эң башкы сыры – көркөм ойлоосунун көп тараптуу жана көп тармактуулугунда. Атагы ааламды аралап кеткен алп сүрөткердин сыйкырдуу калеми тууралуу сөз учугу чексиз. Жазуучунун чыгармаларын бирден санап, андагы ар түрдүү проблемаларды бирден талдоого алар иш али алдыда турат [3].

«Бетме-бет» повестин жазуучу чыгармачылык жолунун чыныгы башталышы «адабий дебюту» катары атайт. Демек, жаңы жазуучулук жолунда алгачкы саамалык, же өз чыйырын табуусу болуп саналат. «Бетме-бетте» чыгармаларынын идеялык тематикалык мазмуну каармандардын ички дүйнөсүндөгү диалектикалык карым – катышта өнүктүрүлөт. Повесттеги сюжеттик конфликтти чечүүдө, борбордук идеялык – көркөмдүк максатты ишке ашырууда Сейденин образы биринчи орунда турат.

Турмуштук оор кырдаалга кабылган Сейде эки жээктин – эл менен Ысмайылдын ортосунда чабалактоого аргасыз болот. Сейденин образындагы драматизм, психологиянын тереңдигин көркөм реалисттик планда ачып берүү чындыгында да жазуучунун, аны менен бирге кыргыз прозасынын алгачкы ийгилиги болду [1].

Кийинки «Жамийла» повести жазуучунун атын алыска таныткан чыгарма болду. Повесттин өзөгүн сүйүү темасы түзөт. Мында адамдын турмушка, элге, жерге, жашоого, руханий сулуулукка болгон чексиз сүйүүсү, аялдын инсан катары «мекенин» патриархалдык салт-санаа, түшүнүгү үстөмдүк кылган чөйрөдөгү үй-бүлө түшүнүгүнө байланыштуу мамилелер менен тыгыз байланышта чечмеленет. «Кызыл жоолук жалжалым» повестиндеги Илястын тагдырынын трагедиясы, Аселдин аруу сезиминин тазалыгы, Байтемирдин адамгерчилик сапаттары, Саматтын келечеги кимди болсо да тынчсыздандырбай койбойт. Кайсы гана чыгармасын албайлы Ч. Айтматов публицистикалык очерктердин, адабий сын макалаларын, эки жанрдын чоң чебери. [5].

Көркөм чыгарманын тилинин табиятына эстетикалык мүмкүнчүлүгү бар тилдик бирдиктер жана каражаттар өтө ылайык келет. Автор айрым учурда адабий тилдин бирдиктерин пайдалануда айрым эрежелерден четтейт. Эмоция жана экспрессия кубулуштары–көркөм стилде өтө кеңири колдонулган ыкма болуп, аны чыгармачылык менен пайдалануунун натыйжасында автордун чыгарманы жазуудагы алдыга койгон идеялык максаттуулугу ишке ашат. Тактап айтканда, чыгарманын эстетикалык кабылдоосун курчутат. Ар кандай көркөм чыгарманын идеялык күч-кубаты окурман тарабынан өздөштүрүлөт.

Адамдын сулуулукка, болгондо да көркөм сулуулукка, «кеп сулуулугуна» болгон табити калыптанат. Ар бир илимдин тарыхы бар болгон сыяктуу стилистиканын да илим катары жаралуу жана өнүгүү тарыхы бар. XX кылым тил илиминде стилистиканын кылымы болуп калды. Бул маселеде орус тилчилери илимий гегемондукка ээ болуп, жогоруда белгиленгендей, орус тилинин стилистикасы боюнча изилдөөлөрү айрыкча улуттук филологияда элдердин тилдеринин стилистика илиминин өнүгүшүнө зор түрткү берди. Орус филологиясында стилистиканын проблемаларына В.В.Виноградов Л.Г.Барлас, Б.Н. Головин, И.В. Голуб, А.И. Ефимов, М.Н. Кожина, В.В. Одинцова, Д.Э. Розенталь , Г.Я. Солганик В.П. Москвин, Н.Н. Романова, А.В. Филиппов сыяктуу 72 тилчи стилисттер илимий анализдерди жүргүзүшүп, бир эле мезгилде орус тилин мектепке чейинки, жалпы жана атайын орто билим берүүчү мекемелерде окутулушуна чоң таасир тийгизишкен.

Түрк тилдеринин стилистикасынын изилдениши XX кылымдын экинчи жарымынан башталды. Айрым тилдердин стилистикасы жалпы орто билим берүүчү мектептерде окутула баштады.

Казак тилинин стилистикасы боюнча Р.Г. Сыздыкова, Ф.М. Мусабекова, Н.Х. Демесинова, М.С. Сергалиев жана башкалар изилдөө иштерин жүргүзүшкөн.
Кыргыз тилинин стилистикасынын башаты Б.М. Юнусалиев, С. Давлетов, Х. Карасаев, Б.Ө.Орузбаеванын айрым эмгектери менен тикеден-тике байланыштуу. Албетте, жогорку окумуштуулардын көркөм чыгармалардын тилине арналган алгачкы эмгектери таза стилдик же стилистикалык планда изилденбеген. Негизги басым талдоого алынган чыгармалардын лексикасына коюлгандыгын баса белгилейбиз. Жазуучунун элдик мифтерге, жомок-уламыштарга кайрылып, аларды өзүнүн чыгармаларынын сюжетине органикалык түрдө тутумдаштыра билгендиги-анын дагы бир жазуучулук феномени. Демек, көркөм адабиятта өз стилин тапкан жазуучу-ал мыктылардын мыктысы катары бааланат. Көрүнүктүү адабият теоретиги М.М.Бахтиндин
ою боюнча «большой стиль… есть стиль прежде всего самого видения мира и уже затем обработки материала» [6:175.]

Башкача айтканда, автордун дүйнөгө көз карашы, анын инсандык өзгөчөлүгү, материалды иштеп берүү жагы биринчи жагдайга көз каранды. Алсак, Чыңгыз Айтматов-кара сөз чебери, ал-турмуштук көрүнүштөрдү ар дайым жаркын лирикалык маанайда кабылдаган лирик-романтик. Көркөм чыгарманын стилинде улуттук тилдин морфологиясынын каражаттарын колдонуу өзүнүн бийиктигине жетет. Ошондуктан ар кандай тилдин морфологиялык стилистикасынын негизги изилдөө обьектиси көркөм чыгарма болуп эсептелет. Биз да ушул филологиялык салтты улантып, кыргыз тилинин морфологиялык стилистикасынын изилдөө обьектиси катары Ч. Айтматовдун «Жамийла», «Бетме-бет», «Биринчи мугалим», «Саманчынын жолу» ж.б. кыргызчага которулган чыгармаларын иликтөөгө алдык. Буга чейин Ч. Айтматовдун чыгармаларынын тилинин стилдик жагын талдоого алган эмгектер, диссертациялар жазылган. Ал эми биз сөз кылмакчы болгон Ч.Айтматовдун чыгармаларынын тилинин морфологиялык стилистикасы кыргыз филологиясында иликтөөгө алына элек [7. 61:245с].

Тилдик өлкө таанытуучу анализ үчүн көркөм текстттеги персонаждардын адат, көндүм болгон жүрүм-турум нормаларын (этикетин) сактоосун адекваттуу түшүнүү да чоң мааниге ээ. Бул жөнүндө Е.М. Верещагин менен В.Г. Костомаровдор изилдөөлөрүндө төмөнкүдөй ойлорду айтышкан: «В каждой культурно-языковой общности возникают и закрепляются повседневные нормы поведения. Нередко поведенческие нормы новой национальной культуры субьективно расцениваются как странные, «чудные», противоестественные. В крайних случаях развивается душевное состояние дискомфорта и даже протеста, которое называется культурным шоком» [8, 199].

Демек, ар бир маданий-тилдик коомдо күндөлүк жүрүм-турум нормалары бекем сакталат, мисалы: үйдө, коомдук жайларда, кичинелер менен, чоңдор менен, иш учурунда, эс алуу учурунда ж.б. жагдайларда. Жазуучу да өзүнүн чыгармасында мындай кептик

кырдаалдарды кеңири пайдаланат. Бөтөн тилдүү окурмандын көркөм текстти окууда мындай жүрүм-турум нормаларын, кептик кырдаалды жана этикетти билбегендиги жана түшүнбөгөндүгү текстин жалпы мазмунун түшүнбөстүгүнө алып келет. Чыгыш элдеринде сүйлөшөрдөн мурда учурашуу, ал-акыбал сурашуу, улууга урмат, кичүүгө ызат көрсөтүү салты бар.

Т.Маразыков бул туурасында: «Кыргыз элине таандык жалпы улуттук менталитеттик өзгөчөлүктөр ар бир сүйлөшүүдөгү жеке, индивидуалдуу өзгөчөлүктөр менен кошо эриш-аркак бир гармонияга келтирилет. Ушуга байланыштуу биздин ар бир сүйлөшүүбүз жеке, кайталангыс экендигине карабай, анда буга чейин калыптанган, стерео типтүү көрүнүштөр: учурашуу, ал-жай сурашуу, көңүл айтуу, куттук айтуу, көңүл жубатуу, коштошуу сыяктуу жана башка жагдайлар катышат», – деп белгилеген [9, 49].

Ал эми Ө.Козубаев менен А.Мырзакметовдор өздөрүнүн «Элдик этикеттин эмпирикасы» деген эмгегинде: «Күндөлүк мүнөздөгү этикеттик кырдаалдардын катарына таанышуу, жолугушуу, маектешүү, коштошуу, дасторкон үстүндө тамактануу ж.б. кирет. Кырдаалдардын тизмеги анча көп болбогону менен алар көптөгөн мүнөздөмөлөргө жараша (жаш курак, социалдык даража, таныштык, шарт-жагдай ж.б.) түр өзгөртүп тургандыктан ар бири кайталангыс мүнөзгө ээ» –деген ойду айтышкан [10, 53].

Биз жогоруда айтылган пикирлерди негиз кылып, «Саманчынын жолу» повестинин чегинде кыргыз элинин кептик жана жүрүм-турум этикетин билдирген тилдик бирдиктерге анализ берүүгө аракет жасадык. Чыгармадагы аталган мазмунду чагылдыруучу тилдик бирдиктерди
төмөнкүдөй топторго бөлүп талдадык:
-кыргыз элинин кептик этикети;
-жүрүм-турум эрежелери;
-улуттук мүнөздөгү вербалдык эмес каражаттар.
Кыргыз элинде кептик этикетти сактоо чоң маниге ээ. Элибиздин менталитетине мүнөздүү сөз этикети «коммуниканттардын социалдык статусуна, алардынжаш курагы, жынысы, таныштык же туугандык даражасына байланыштуу. Дегинкиси дүйнөлүк социалдык практика
Ош МУ жарчысы №2 2014 ушундай. Бирок кыргыз этикетине жаш курак факторунун үстөмдүк маниге ээ экендиги мүнөздүү. Көпчүлүк кырдаалдарда жаштын улуулугуна коммуниканттардын социалдык статусу да жол бошотот» [8, 62]. Кыргыз элине таандык аталган өзгөчөлүктөрдөн улам чыгармадагы кептик этикетти чагылдырган тилдик бирдиктерге карата берилген комментарийдин зарылдыгы келип чыгат [11. 6:29с].

Жыйынтыктап айтканда, Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы дүйнө окурмандарын өзүнүн көркөмдүгү менен катар, философиялык терең мазмундуулугу менен тамшандырып келет.

Адабияттар:

1. Айтматов энциклопедиясы Б «Турар», 2017-ж. I, II, III, томдордон.Шоокум 2017-ж. №12 (13бет).
2. Иманалиев К. «Айтматов өзгөрбөйт, аны окуп биз өзгөрөбүз». Ош шамы №34. 2018-жыл.
3. Исаков К. «Ч. Айтматовдун чыгармаларын орто мектепте окутуу». Ош. 2008-жыл
4. Үкүбаева Л. Ч. Айтматов эстетика жана улуттук негиз. Бишкек. 2004-жыл
5. Бахтин М.М. Эстетика словесного творчество.–М: Искусство,1986 ,-С.444.
6. Нармырзаева К. ОшМУнун жарчысы №2 чыгарылыш 2012-ж (61:245с).
7. Верещагин Е.М., Костомаров В.Г. Язык и культура. Лингвострановедение в преподавании русского языка как иностранного. Мет. руководство. 3-е изд. – М.: Русс. яз., 1983. – С.269.
8. Мочоев Д. Арабизмы в кыргызском языке: Этимологический словарь. – Б.: Айбек, 1998. –С.256.

9. Маразыков Т.С. Экстралингвистикалык факторлордун тексттеги интеграциясы: Ж. Баласагын атынд. КУУ. – Б.:Бийиктик, 2005. – С.167.
10. М.А. Исаева, ОшМУнун жарчысы №2 чыгарылыш 2014-ж (6. 29с).

УДК:374(377.4)

БОЛОЧОК ЖУРНАЛИСТТЕРДИ КӨРКӨМ ОКУУГА ҮЙРӨТҮҮНҮН АЙРЫМ ЫКМАЛАЛАРЫ

Молдоканова Салкынай, аспирант
Ош мамлекеттик университети

НЕКОТОРЫЕ ПРИЕМЫ ОБУЧЕНИЯ БУДУЩИХ ЖУРНАЛИСТОВ ВЫРАЗИТЕЛЬНОМУ ЧТЕНИЮ

Молдоканова Салкынай, аспирант
Ошский государственный университет

SOME METHODS OF TEACHING EXPRESSIVE READING TO FUTURE JOURNALISTS

Moldokanova Salkynai, graduate student
Osh State University

Аннотация: *Макалада болочок журналисттерди көркөм окууга үйрөтүүнүн айрым ыкмалары жөнүндө сөз болот.*

Аннотация: *В статье речь идет некаторых приёмах обучения будущих журналистов выразительному чтению*

Abstract: *The article deals with the training of future journalists to expressive reading.*

Түйүндүү сөздөр: *көркөм окуу, көркөм чыгарма, текст, окутуу, журналист, кеп техникасы, ыкма*

Ключевые слова: *художественное чтение, литературное произведение, текст, обучение, журналист, техника речи, приемы*

Key words: *reading, worlog literature, text, training, journalist, speech technique, approach.*

Дүйнөлүк аренада журналисттик кесипке даярдоонун интенсивдүү өнүгүүсү XIX кылымдын аягына туура келет. 1893-жылы АКШда Пенсилвания университетинде журналисттер үчүн биринчи жолу курс ачылып, кийин андай курстар Европанын көптөгөн мамлекеттеринде иштей баштады. 1904-жылы нью-йорктук гезиттик ишмер Джозеф Пулитцер эки миллион доллар өлчөмүндө материалдык жактан каржылоосу менен Колумбия университетинде журналисттердин колледжи ачылган. Бул учурда журналистика чөйрөсүндө басылмаларды монополизациялоо процесстери күч алып, бул конкуренциянын, нусканын, прессанын санынын өсүшүнө өбөлгө болот. Мындай шарттар журналистикадагы кесипкөй кадрлардын жетишсиздигине алып келген [1С.116].

Ар кандай сөз менен иштеген адистер үчүн (искусство адамдары, педагогдор, саясатчылар, ошолордун ичинде журналисттер үчүн да) тыбыштарды туура айтуу, уккулуктуу, жагымдуу сүйлөй, окуй билүү өзгөчө маанаге ээ болот. “Көркөм окуу” курсунун эң башкы вазийпасы болочок журналисттерди ар кандай жанрдагы көркөм чыгармаларды жагымдуу, уккулуктуу, көркөм окуй алуусуна өбөлгө түзүүчү билим, ык жана көндүмдөргө ээ кылуу, ошондой эле адамдар менен эркин пикир алышуусуна жардам берүү болуп саналат.

Негизи, көркөм окуу адабий туундуларды окууда колдонулат. Ошондуктан педагогдук жождордо эң негизги дисциплина катары окутулат. Албетте, бул башка окуу жайларда окутулбайт дегенди түшүндүрбөйт.

Ушул жерде проф. С.Момуналиевдин бир пикирине токтоло кетүүнүн өңүтү келип турат. Ал: “Лириканы үйрөнүү методикасында өзгөчө орунду текстти талдоонун органикалык бөлүгү болуп саналган кыраат окуу ээлейт. Ушул жерде тактап алуучу бир

маселе бар. Орус тилинде көркөм текстти окуу «выразительное чтение» жана «художественное чтение» деп эки бөлөк ажыратылып каралат. Ал эми бизде болсо көркөм окуу же көрктүү окуу делинип бирге эле аталып келинет... Тактоо үчүн орус тилиндеги «выразительно» жана «художественно» деген сөздөрдүн түздөн- түз маанилерин аныктап алышыбыз зарыл. «Орусча-кыргызча сөздүктө» «выразительно нар. ачык, ачык-айкын, таасирдүү, маанилүү, даана; выразительно читать ачык-айкын окуу» – делсе, «художественно нар. көркөм, кооз; художественное произведение көркөм адабият», – делинип берилген. Эгер өйдөдөгү сөздөрдүн мына ушул маанилерин эске алсак, анда көркөм окуу – художественное чтение, ал эми выразительное чтение – уккулуктуу окуу деп которулуп колдонулушу туурараак. Бирок уккулуктуу окуу дегенибизде көркөм чыгарманы гана эмес, ар кандай эле адабиятты (илимий) окуу катары кабылдоого болот. Ошондуктан кыраат окуу деп атаганыбыз максатка ылайыктуу (бул жерде кырааттуу окуу деген өзүнөн-өзү суранып турат, бирок –луу сын атоочту жасоочу мүчөсүз деле кыраат – даана, уккулуктуу, ачык дегенди түшүндүрөт)”[I] – деп белгилеп, мектептеги текстти окууну кыраат окуу деп атоону сунуш кылат. Биз да бул ойго кошулабыз, бирок жогорку окуу жайындагы дисциплинаны “Көркөм окуу” деп атоо туура деп ойлойбуз.

Журналистика түздөн-түз мугалимдик адистикке даярдабаганы менен өзүнүн максат-милдети жагынан педагогдорго окшошуп кетет. Болгону педагогдор класста окуучуларга билим менен бирге таалим-тарбия беришсе, журналисттер массалык-маалымат каражаттарынын (гезит, радио-теле, интернет) жардамы менен өз окумандарын, угармандарын макалалары, көркөм, оозеки баяндамалары, репортаждары аркылуу тарбиялайт.

Мугалимдин да, журналисттердин максат-мүдөөсү бирдей. Ал − өз Мекенинин атуулдарын калыптандыруу. Андыктан журналист да адабият мугалими сыяктуу сүйлөй да, жаза да жана ар кандай текстти окуйда билиши абзел. Окуй билүү дегенде, көбүнчө, көркөм чыгарманы көзгө тутарыбыз анык. Ошондуктан көркөм чыгарманын өзгөчөлүгүнө кыска болсо да, экскурс жасап кеткенибиз ашыктык кылбайт. Искусствонун бир түрү болгон көркөм чыгарманын эң башкы өзгөчөлүгү сөздүн жардамы менен жаратылган образдарды талдоо гана эмес, ошондой эле сөз чеберинин (жазуучунун, акындын, драматургдун) көркөм туундуларын жандуу, жагымдуу, уккулуктуу жеткире билүү болуп саналат. Чыгармада сүрөттөлгөн окуяларды, анын катышуучуларын, турмуш көрүнүшүн жандандыруу, сүрөтүн тартуу, автордун өз каармандарына жана өзү сүрөттөгөн турмушка, коомго болгон көз караштарын угармандарга жеткирип, алардын көз алдына келтирип, кыялдануларына өбөлгө түзүп окуй билүү көркөм окуу чеберчилигине ээ болду дегенди билдирет.

Албетте, жагымдуу, уккулуктуу, көркөм окуй билүү бир гана “Көркөм окуу” предмети аркылуу гана жүзөгө ашпашы талашсыз. Журналисттер окуп жатышкан “Кыргыз адабияты” жана “Кыргыз тили” дисциплиналары да мында маанилүү милдетти аткарат Алсак, кыргыз адабиятында көркөм чыгарма, анын тектери жана жанрдык өзгөчөлүктөрү, адабият таанытма, адабият тарыхы, чыгарманын тили сыяктуу адабий-теориялык түшүнүктөр менен таанышышса, кыргыз тили предметинде фонетика менен орфоэпиянын эрежелерин өздөштүрүшөт, аң-сезимдүүлүк менен кеп техникасынын көндүмдөрүнө практикалык жактан ээ болушат. Синтаксисти үйрөнүүдө кептин логикалык көркөмдүүлүгүн өркүндөтүшөт. Стилистика жана көркөм текстке лингвистикалык талдоо жүргүзүү боюнча өтүлгөн сабактарда адабий чыгарманын идеялык-көркөмдүк өзүнчөлүгүн түшүнүүгө өбөлгө түзүүчү көркөм текстти лингвистикалык комментариялоо, лингвистикалык жана адабий талдоо ыкмаларына ээ болушат.

Адабий чыгарманы көркөм окуу бул автордук ойго өзгөчө, спецификалуу ык менен сүңгүүнү талап кылат, мына ушунун жардамы аркылуу окуп жаткан адам көркөм чыгармага кайталангыс түс, боек берип, угармандарга жеткирет. Текстти көркөм окууда окуп жаткан адам чыгарманын каармандарына айланбайт, алардын ролун аткарбайт, ал персонаждар жана ушул персонаждар тушуккан жагдай жөнүндө ошол окуялардын күбөсү катары баяндайт, аларга болгон өз көз карашын, мамилесин билдирет. Көркөм окуучу угармандардын алдына

бейтарап кабарлоочу катары чыкпастан, баарына автордун көзү менен карап, ага чыгармачылык менен ой жүгүрткөн баяндамачы катары, автордук идеяны чындап колдогон күйөрман окурманы катары да чыгат.

Адабий чыгарманын кооздугу менен пафосун угулуучу сөз менен ачып берип жатканда, көркөм окуп жаткан адам көркөм сөздө эмне деген зор күч катылып жаткан сезет да, мына ушул күчтү угармандардын сезими менен оюна жагымдуу таасир тийгизүү үчүн колдонот.

Көркөм окуу жана баяндай билүү – текстти окуунун эң бийик чеги. Мындай чеберчиликке ээ болуу өтө көп эмгекти талап кылат, бирок аракет кылса ар бир адамдын колунан келет. Бул жерде кеп үндүн уккулуктуулугунда, жагымдуулугунда гана эмес, окулуп жаткан чыгарманын идеялык-эмоционалдык мазмунун жеткирүүдөгү чынчылдыгында, аны сездире алгандыгында, ошондой эле көркөм окуунун мыйзамдары менен ыкмаларын билгендигинде.

Көркөм окуу оозеки кептин жалпы мыйзамдарына баш иет. Адам сүйлөп жатканда маалыматты, сезимди гана жеткирбейт, ошондой эле угарманга, анын кыялдануусуна, эмоциясы менен эркине таасир тийгизет. Негизи, турмушта ар кандай адам өзү каалаганга жетишүү үчүн, же өзү каалабаганга жол бербөө үчүн сүйлөйт. Ар бир айтылган кеп сүйлөөчүнүн алдына койгон максат, милдетин, ниетин, оюн камтыйт.

Көркөм окуу кептин угулуш техникасы менен туруктуу түрдө иштөөнү талап кылат. Бул талаптарга окуп жаткандын үнүнүн бийик болушу кирет, ал эми бул болсо үндү атайын тарбиялоону жана ар кандай кырдаалда колдоно билүү ыкмаларын билүүсүн талап кылат. Үндү тарбиялоо үндүк же кептик дем ала билүүсүнө көз каранды болот. Ал эми кептин угулушунун сапаты айтуунун тактыгына, ачыктыгына – дикциясына жана кептин кыргыз адабий тилинин эрежелерине жооп бергендигине байланыштуу болот. Булар көркөм окуп жаткан адамга окулуп жаткан адабий чыгарманын эстетикалык жана эмоционалдык байлыгын угармандарга жеткирүүсүнө, ошондой эле алардын сезимине, оюна, жүрүм-туруму менен кылык-жоруктарына таасир этүүсүнө өбөлгө түзөт.

Кеп техникасына ээ болуу – бул кептик дем алуусун, үнүн башкара билүү, мыкты дикция менен орфоэпиялык эрежелерди терең өздөштүрүү. Көркөм окууда төмөндөгүлөр маанилүү орунду ээлейт: кептик техникага үйрөтүүнүн лигводидактикалык аспектиси; кептик дем алуу; дикция; орфоэпия; кептик үн.

Кептик техникага үйрөтүүнүн лигводидактикалык аспектиси төмөнкүнү көзгө тутат. Сүйлөшүп жаткандардын карым-катышын, алардын жүрүм-туруму менен иш-аракеттерин камсыз кылуучу кептин коммуникативдик функциясы фонетико-фонологиялык каталар кептик баарлашууга өзүнүн терс таасирин тийгизбешин талап кылат. Айтуунун нормаларын сактоо, туура артикуляция менен мыкты дикция кептик коммуникация процессин жеңилдетет, угармандын айтылгандын формасына эмес, кептин мазмундук жагына көңүл буруусуна өбөлгө түзөт. Айтуунун тактыгы кепти жагымдуу жана көркөм кылат да, ойдун ар түрдүү оттенкаларын толук жана эркин жеткирүүгө жардам берет.

Кептик техникага үйрөтүүдө фонетиканы өздөштүрүүнүн мааниси өзгөчө. Анткени ар бир фонема өзүнчө турганда башкача, башка фонемалар менен жанаша келгенде башкача айтылат.

Туура айтууга үйрөтүү угуу органдары тарабынан келип түшкөн маалыматтарга гана таянбастан, кинестетикалык (кыймылдуу), жыт сезүүчүлүк жана көрүү каналдарынан келип түшкөндөргө, ошондой эле кеп жасоочу органдардын алдына коюлган милдеттерди аткарууга даяр болуусуна да таянат. Ошондуктан К.К.Колосов: “Башкача айтканда, көрүү, жыт сезүү, булчуңдук сезимдин жардамы аркылуу сезе билүүгө атайын үйрөтүү керек, андан соң гана артикуляцияны уга билүүгө, тагыраагы ар бир учурда анын эң маанилүү (базистик) белгилерин сезүүгө үйрөтүп, ушул аркылуу аларды актуалдуу аң-сезимдүүлүк деңгээлине көтөрүү керек”, [II]− деп белгилеген.

Адабияттар:

1. Орто мектептердеги лирика Б. 2014. −б.112-113.

2.Теоретические проблемы фонетики и обучение произнешению. М., −1971. С. 31.
3. Вестник Ошского государственного университета. 2018. С.116-120.

УДК: 371.3(82)

ОТУЗ ЖЫЛДАН КИЙИН

Нурмаматова М.Т., улук окутуучу
Email: nurmamatova.meylikan@mail.ru
Ош мамлекеттик университети

ТРИДЦАТЬ ЛЕТ СПУСТЯ

Нурмаматова М.Т., старший преподаватель
Email: nurmamatova.meylikan@mail.ru
Ошский государственный университет

THIRTY YEARS LATER

Nurmamatova M.T., senior lecturer
Email: nurmamatova.meylikan@mail.ru
Osh State University

Аннотация: *Макалада залкар жазуучу Ч.Т.Айтматовдун 1987-жылы бүткүл союздук конференцияда эне тилдин тагдыры жөнүндө сүйлөгөн сөзү менен мамлекеттик тилдин азыркы абалын салыштыруу аркылуу талдоо жүргүзүлдү.*

Аннотация: *В статье, проанализированы путём сравнения выступления Ч.Айтматова на Всесоюзныой конференции 1987 года о судьбе родного языка и современное состояние государственного языка.*

Abstract: *In the article, by comparing the current state of the state language, an analysis was made of the speech of the great writer Ch. Aitmatov about the fate of his native language, at the All-Union Conference, which was held in 1987.*

Түйүндүү сөздөр: *эне тили, улуттар тагдыры, шовинист, консерватор, көп тилдүүлүк, сөз сүйлөгөн.*

Ключевые слова: *родной язык, судьбы нации, шовинист, консерватор, многоязычие, выступление.*

Key words: *native language, the fate of the nation, chauvinist, conservative, multilingualism, performance.*

Улуттук тил – эне тили жөнүндөгү ойлор өткөн доордон бери түйшөлтүп келе жаткан маселелерден. Эне тил тагдыры эчен кылымдан бери келаткан “Манасты” жараткан улуу элдин эң оорулуу проблемасы болуп калат деп ким ойлоптур? Анын жок болуу коркунучу мындай турсун, андай маселе жаралат деп ата-бабаларыбыз түйшөлгөн эместир. Эне тилдин ээси – эл. Азыркы ааламдашуу заманында чоң улуттардын арасына кичи улуттар сиңип кетүү коркунучу турат. Улутту улут кылып сактап калчу, биринчиден, анын тили. Ааламдашуунун оң же терс тарабын жаш муун аңдабай келет. Жаштар оңой-олтоң жашоого, автоматташтырууга, китеп окубай интернеттен табууга, көчүрүп жазып, мээнет кылуунун ордуна сүрөткө тартып алууга маш. Андан окуп аракет кылып түшүнүү**,** көкүрөккө түйүү маселеси жокко эсе. Азыркы учурда көйгөйлүү болуп саналган билим берүү маселеси эне тил билүү менен бирдей деңгээлде каралуу керек. Окумуштуулардын изилдөөсүндө адам өз тилинде гана жеткиликтүү ой жүгүртө алат, сезе билет, түшүндүрөт, дүйнөнү тааныйт. “Канча тил билсе да, өз тилинде алсыз адам түркөй адам”-, деген экен Асади Турсун. [3:102]

Макалада отуз жыл мурунку айтылган маселе менен азыркы учурдагы көйгөйдүн чегин ажыратып, социалисттик түзүлүш кездеги кыргыз тилинин абалына Ч.Айтматовдун берген баасы, ашынган шовинист-журналисттин макаласына жообу, элин душмандан калкалаган баатырдын элесин берген даанышмандыгы менен эне тилибиздин азыркы абалы, колдонулуш чөйрөсү тууралуу ой жорууга аракет кылдык.

Социалисттик доордун акыркы кезиндеги көп улуттуу совет өкмөтүнүн жетекчилигине М.С.Горбачев келип, коомдо олуттуу өзгөрүүлөр боло баштагандагынын натыйжасында, кыргыз элинин да жашоосунда, айрыкча, кыргыз интеллигенциясынын иш-аракетинде 70 жылдык таанып-билүүнүн өзгөчө урунттуу маселелерине карата мамилелер өзгөрүп, эне тил тагдыры, кыргыз тарыхы, адабияты, маданияты тууралуу даректүү макалалар гезит-журналдарга жарыялана баштаган. Мындай көрүнүш мурунку союздун курамындагы дээрлик бардык республикаларда жүрүп, ар бири өз элинин тили, тарыхы ж.б. маселелерине өзгөчө көңүл бурулуп, коммунисттик идеология жетектөөчү күчүнөн тайып бараткан учур эле. 1987-жылдын 5-декабрында СССРдин курамындагы бардык республикалардын өкүлдөрүнүн катышуусунда Кыргызстанда уюштурулган илимий-практикалык конференцияда улуу жазуучу Ч. Айтматов сөз сүйлөгөн. Анда дүйнөгө белгилүү жазуучу, коомдук ишмер, бийик гуманист кыргыз элинин улуттук сыймыгы Ч. Айтматовдун орус тилинин оожалышына жана мамлекеттик деңгээлде иш алып барышына кедергиси тийип жаткан тил катары кыргыз тилинин маселелерин бүткүл союздук масштабдагы “Комсомольская правда” гезитине жарыяланган кыргыз тилинин улутук тил катары жашап кетишине каршы болгон нигилисттик мазмундагы макалага өз пикирин айтып, эне тилибиздин тагдырына түздөн түз кийлигишип, ошол мезгилдин орчундуу көрүнүшүнүн бири - кайра куруунун шарапаты менен каралып жаткан улут аралык карым-катнаштардагы бир жактуулуктан арылуу максатын көздөп, жалындуу сөз сүйлөгөн. Ал макала “Кыргызстан маданияты” гезинин 17-декабрындагы санына жарыяланган. Кыргыз интеллигенциясынын, студенттердин жана бардык патриотмун деп эсептеген атуулдардын намысы ойгонуп, кыргыз тилинин мамлекеттик тил статусуна ээ болуусу үчүн жер-жерлерде кол топтоп, аракет жүрө баштаган. 1988-жылы 15-октябрдагы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети тарабынан "Республикада улуттук-орус кош тилин андан ары өнүктүрүү, кыргыз, орус жана СССР элдеринин башка тилдерин үйрөнүүнү жана окутууну жакшыртуу жөнүндө” кабыл алынган токтомдо бир топ айкын чаралар белгиленип, алардын айрым пункттары ишке ашырыла баштаган [2:34]. Бирок анда эң алды менен тилдерди үйрөнүү жана окутуу маселеси каралып, аткарылуучу чаралардын комплекстүү программасы сунуш кылынган болсо да, эне тилдин колдонулуу чөйрөсү жөнүндөгү маселелерди бул токтом камтыган эмес.

Ошол 1987-жыл СССРдин орус эмес улуттарынын баарынын үрөйүн учурган өтө кооптуу жыл болгон. Жазуучу интернационализм жөнүндө сөз козгоп келип, ашынган шовинисттерге каршы бир топ орчундуу маселелерди айткан. Көп улуттуу совет мамлекетинде улуттук тең укуктуулук менен күндөлүк кызматташтыктын чегинде жеке инсандык, мамлекеттик, калктардын ортосундагы достук байланыштардын максаты – улуттар тагдыры – улуттун эне тил тагдыры тууралуу кеп кылат.

Көп тилдүүлүктүн, улуттук аң-сезимдин өсүшүндө алдыңкы маданияттардын жетишкендиктери менен кыргыз эли үчүн дүйнөнүн башка картинасы жана коомдун жаңы абалы жаралган. Муну менен кыргыз элинин совет доорунда жетишкен коомдук-маданий, саясий-экономкалык абалын айтса болот. Ашкере шовинисттерге карата жазуучу негиздүү пикирлерди айтып келип: “Тил – бул ар бир элдин каны-жаны, тил – анын тажрыйбасынын, дүйнө таануусунун маданиятынын, тарыхынын ашташуусу, акырында, тил – улуттун кубанса кубанычы, кайгырса кайгысы жана акыл-эси”-, дейт [1:87]. Бул кооздук үчүн айтылган сөз эмес. Бул - азыркы учурда афоризмге айланган жыйынтык, натыйжа, вердикт. Идеологиялык жагынан алганда бул сүйлөмдүн азыр да актуалдуулугу жогору. Бул ар кандай жол менен тилибизди кемсинтип, түрдүү ыкма менен тебелеп-тепсөөгө аракет кылып аткан ошол журналистке жана анын жактоочуларына өз тилинде берген эң таасирдүү жообу болгон. Жазуучу ар бир тилдин өзүнүн энчилүү тагдыры, бийиктеген, төмөндөгөн учурлары, өзүнүн бышып жетилген, айрым учурда өтө оор маселелери менен сыноолору бар экендигин айтып, аны менен эсептешпей коюуга болбой тургандыгын эскертет. [1:88] Эне тилибиздин азыркы абалында даанышман жазуучубуз айтып жаткан оор мезгилде кетирилген кемчиликтердин ордун толтуруу менен кыйла убара тартып калганыбыз чындык. Айталы, мамлекеттик тил

статусун алгандан кийинки кыргыз терминологиясынын, орфографиясынын ж.б. толуп жаткан маселелеринин иштелип чыкпай, азыркы учурга чейин бир калыпка түшө албай тургандыгы баарыбызга маалым. Ошондой оор сыноолорду баштан кечирген эне тилибиздин баа-баркын көтөрүп, тазалыгын сактап, урпактарга өткөрүп берүүнү ар бир кыргыз парзым деп билиши керек.

Ар кандай улуттун тили – ар бири өзүнчө консервативдүү деп белгилейт жазуучу [1:88]. (Консервативдүү – ар кандай жаңылыктарга каршы чыгуучу, эскини жактоочу, прогресске каршы туруучу [4:9]). Азыркы учурду алып карасак, тилибиз коомдун бардык чөйрөсүн тейлеп келет. Бирок медицина илимине кыргыз тилиндеги терминдердин жетишсиздигин айтып, техникалык илимдерде дээрлик кездешпейт деп чечмелешет. Ушул сыяктуу ойду жактагандар азыркы учурдун консерваторлору деп эсептейбиз. Анткени жарым миллиондон ашык саптан турган дүйнөдө теңдешсиз деп саналган океан сындуу "Манас" эпосунун ээси болгон кыргыздардын медицинага – кишинин дене түзүлүшүнө, ден соолугуна байланыштуу сөздөрү жетишсиз деп айтууга болобу. Ансыз да медицинанын тили интернационал сөздөрдөн куралат эмеспи. Жазуучу а кездеги консервативдүүлүк жөнүндө айтканда, көп улуттуу совет өлкөсүндө кош тилдүү – орус тилдүү жана жергиликтүү тилдеги саясат жөнүндө сөз болуп жатат. Башка советтик өлкөлөрдө консервативдүүлүк орун алып, орус тилин эне тили менен бирге алып баргандыгы үчүн, улуттук тили илимдин бардык тармагын тейлеп келет. Ал эми биздин республиканын чегинде ашкере оруташуунун натыйжасында жогоркудай маселелер азыр да күн тартибине коюлуп келет.

Ч.Т. Айтматов сүйлөп жаткан мезгилди кайрадан эске салсак, кайра куруунун шарданы жүрүп, кээ бир жерлерде баш аламандыкка жол берилип, ашынган шовинисттердин "Орус тили – улуу тил, баары орус тилинде сүйлөшү керек!" деген ураандарды көтөрүп, борбордук көчөлөрдө чуулган чыгарып турган. Ал эми батыш өлкөлөрүндө Латвия, Литва жана Белоруссияда орус тилине каршы чыгып, өз тилин мамлекеттик тил деген конституциялык статус берилишин талап кылып, ага жетишип калган учур эле. Ал кезде бизде райондордогу партиялык чогулуштардан тартып, мамлекеттик маанидеги жыйындарга чейин тейлөө орус тилинде аткарылып турган. Ушундай учурда жазуучу орус-кыргыз маданиятын кыйыштырып бүрдөткөн даракка салыштырып: "Биздин мезгилдин тарыхы орус тилинин жайылышына жакшы өбөлгө түзүүдө. Биз муну ыраазычылык менен кабыл алабыз, анткени биз дүйнөнү таанытып, көзүбүздү ачкан орус тилинин кунун билебиз". Ошону менен бирге ар бир улуттун тилинин баалуулугун баса белгилеп, көп тилдүүлүк менен прогресске барууну сунуштап: "Биз өзүбүздүн эне тилибизди баалайбыз, сактайбыз, өнүктүрөбүз, кызматынан пайдаланабыз, өзүбүздүн маданиятыбызга, өзүбүздүн күндөлүк жашообузга кийиребиз"- деп, республиканын тил саясатын ушул таризде иш алып баруусун белгилейт [1:89]. Ал эми азыркы учурдун маселесине келип карай турган болсок, Кыргызстанда орус тили жана анын маани-маңызы, практикалык колдонуу чөйрөсүнүн кенендиги, үйрөнүү муктаждыгы жагынан англис жана кытай тилине караганда орчундуу орунду ээлейт.

Азербайжан Республикасынын констутуциясынын 21-статьясында, Армян Республикасынын конституциясынын 12-статьясында, Грузин Республикасынын конституциясынын 8-статьясында, Тажикстан Республикасынын конституциясынын 2-статьясында, Украина, Белоруссия Республикасынын конституцияларында бир гана тил өз элинин тили боло тургандыгы ачык, так жазылган [2:55]. Бизде орус тили расмий тил деп берилген. Расмий тил аркылуу дүйнөнү таанып-билүү, эл аралык карым-катыш, экономикалык байланыш өз деңгээлинде жүргүзүлүп келет. Орус тили азыркы учурда интернет маалыматтарына караганда дүйнөлүк тилдердин катарында алтынчы орунда турат. Өз кезегинде он беш союздук республикада жана азыркы учурда орус тили аркылуу адабий, маданий байланыш жүрүп, дүйнөлүк классик акын-жазуучулардын чыгармаларын окуп-үйрөнүүдө зор мүмкүндүк бергендигин жана башка касиеттерин жазуучу "орус тилинин кунун билебиз" деген бир сүйлөмүндө айтып өткөн. Ал эми азыр дүйнөнү башка түстө көрүүгө аракет күчөгөн заман. Мындай шартта эне тил менен башка тилдердин ортосунда

тандоо болбошу керек, алардын өз орду болуп, чет тилде алган илим-билимдерин эне тилге ооштуруп үйрөнүп, мекендин патриоту катары колдонуу зарыл. Көп тилдүү болуп, кара курсакты тойгузуп кетүү - башка иш, ал эми ал аркылуу элге кызмат кылуу - ыйык милдет.

Улуттар аралык мамиле деген - азыр ааламдашуунун алкагындагы улут катары сакталып калуунун мүмкүнчүлүгү – улуттук тил экендиги. Баарыбызга белгилүү болгон советтик түзүлүштүн 70 жылдык өмүрү азыркы мезгилдин жаштары үчүн жомок болуп калды. Тарыхтан окуп билгендей, социалисттик түзүлүштүн акыркы саркындысы менен күрөшүүдө, бөрк ал десе баш алган саясатты бурмалаган адистердин айынан эне тили бир топ кыйынчылыктарга дуушар болду. Ошол кездеги Кыргызстандын борбору болгон Фрунзе шаарында бир гана кыргыз мектептин болуп, бир дагы кыргыз тилиндеги бала-бакчалардын жоктугу жөнүндө сөз болсо, азыркы учурда Бишкек деп аты эле өзгөргөн болбосо**,** заты ошол бойдон. Ал мезгилде партия интернационалдуулукка үндөп, совет өлкөсү деп бирдиктүү бир үй-бүлөнүн балдарындай ынтымакка чакырган саясат болсо, азыр мамлекеттик тилге мамлекеттик деңгээлдеги мамиле каралып жаткандыгына карабастан, аны түркүн түстө бурмалап, кашкайтып туруп кыргыз тилинин маселелесин орус тилинде чечип келатат.

Убагында Ч. Айтматов да кош тилдүүлүктү жактаган жана кош канатым деп эсептеген. Ал эми азыр кош тилдүү эле эмес, көп тилдүү болууну максат кылуу жана анын үстүнөн ийгиликтерге жетишүү мезгилдин талабы болуп турат. Бирок өз эне тилинде эркин сүйлөп, жазып, “Манасты” окуп түшүнө албагандан кийин, көп тилдүү болуунун зарылчылыгы барбы? Анткени көп тилдүү жаштар чет өлкөгө барса, анын ким экендигин билиш үчүн, улуттун көркөм дүйнөсүн, маданиятын, улуттук баалуулуктарын билгиси келет эмеспи. “Манас” тууралуу кызыккан чет өлкөлүк досуна анын улуулугун, баа-баркын, нарк-насилин айтып сыймыктана албаса, көп тил билүү күн көрүү үчүн гана күрөштүн бир элесин берет.

Убагында Ленин тарабынан белгиленген көп тилдүүлүк жана улуттук аң-сезимдин өсүшү тууралуу маселелер кайра куруу мезгилинде чыныгы жүзүн берди. Азыркы учурда сибирь элдеринин ичинде айрым элдердин улуттук тили иш жүзүндө жок болуп, чоң державанын курамында майда элдердин маданияты өзүнөн өзү жоголуп бара жатат деген сыяктуу маселелер БУУнун күн тартибине коюлгандыгы бизге да тиешелүү экендиги өкүндүрөт.

“Жүрөктү өйүгөн бир нече маселелер тил учунда турса да, көптөгөн адамдар улутчулдук деген жалаадан чоочуркашып, аны айтууга батына алышкан эмес деп ойлойм”- деп, 1937-жылдагы каргашалуу окуяны эске салат [1:96]. Ал эми азырчы? Улуттук тилди, маданиятыбызды, адабиятыбызды, тарыхыбызды тактап, сактап, келечек муунга өткөрүп берүүгө милдеттүү түрдө кыргыз тилинин бала-бакчаларда, мектептерде, орто жана жогорку окуу жайларында окутулгандыгына карабастан, өз деңгээлинде өсүп жетиле албай келет. Жалаа жабууну, айыпчыл сынды, басма сөздө улуттук нигилизмге жол коюуну күчөтүү дайыма оң жыйынтык бербейт. Бирок эмнелер бизди бириктирет, эмнелер бөлүп-жарат, эмнелер коомдун сотуна алып чыгууга татыктуу, эмнелер татыксыз - дайыма мына ушуну ойлообуз зарылдыгын эскертет. [1:98]

Азыркы учурдун кашкайган чындыгы катары (жогоруда кеп кылгандай) коңшулаш өлкөлөрдүн тил саясатын эске алганда: “Бизден башка бардык советтик республикаларда улуттук бакчалар менен мектептер биздегидей талаш-тартыштын предмети эмес, көнүмүш эле иш”- деп, ошол учурда аныктап айткан жыйынтыгын мисал келтирели. [1:106] Анын натыйжасында коңшулаш өлкөлөрдө Түркменстанда, Тажикстанда жана Өзбекстанда бала-бакчалар, мектептер жана жождордо эне тилинде сабактар өтүлүп, ал тургай биздин лексикабыз жетпейт деп аткан медицина өз тилинде окутулат. Бул прогресске жетүү үчүн, совет бийлиги орногондон тартып, өлкөнүн бардык коомдук-саясий, маданий, адабий, илимий багыттагы иш-аракеттер эне тилинин эквиваленттерин колдонуу менен сөздүк корун байытып отурушкан, бизге окшоп, өз сөздөрүбүздү танып, башка сөздү өзүндөй колдонгон эмес деп ойлойбуз. “Кыргыз тили илимдин тили боло албайт”- деп жар салып, орус тилинде илим жактап, Өзбекстанга барып өзбек тилинде, Казакстанга барып казак тилинде коргоп

жүргөн окумуштуулар да кездешкен. Ал эми антиплагиат системасы киргизилгенден бери кыргыз тилинде илим “жазып” калган кандидаттардын катары көбөйдү. Консерваторлукту өз пайдабызга керектеп, ушул дараметибизди өз убагында эне тилибиздеги илимий терминдерге көбүрөөк көңүл буруп, илимдин тилин калыптандыруунун үстүнөн иштеп келгенде, азыркы жаштарыбыз үчүн илим өз тилинде жеткиликтүү болмок.

Жазуучу сөзүндө кыргыз элинин тарыхы терең, географиялык чеги аныкталган, маданий баалуулуктары дүйнөнү таң калтырган элдин катарына кирерин, уюткулуу эл экендигин эске алып, сый мамиле кылууну талап кылган. Ал тургай, андай мазмундагы макаланын таасиринин күчөшүнөн келип чыккан чырга караганда, Чернобыль АЭСин кайра курган жеңил деп салыштырат. Кээ бир маселелер боюнча келишпеген жыйынтыктар чыгарылганын эске алып, олуттуу маселе көтөргөндө фактыга негиздөө зарылдыгына токтолот.

Жыйынтыктап айтканда, залкар жазуучубуз, кыргыздын чыныгы уулу Ч.Т. Айтматовдун ошол конференцияда сүйлөгөн сөзү - эне тилибиздин мамлекеттик тил статусуна ээ болушуна, республикабыздагы улуттук маданияттын, адабияттын, тарыхтын өз жолуна коюлушуна тарыхый бурулуш жасагандыгы айныгыс факт. “Эгер булактан эңсеп суу ичкендей эң жөнөкөй мекемелер жок болсо, кантип өз элибиздин, улуттук маданиятыбыздын алдында атуулдук милдетибизди өтөй алабыз. Өтөй албайбыз!”- деген бир сүйлөмү азыркы аткаминерлерден тартып, мектеп окуучусуна чейин ойлоно турган актуалдуу маселе [1:93]. Ал мындан отуз жылдан ашуун убакытта айтылгандыгына карабастан, биздин замандын жана келечектин уул-кыздарына таалим-тарбия, руханий байлык, башка тилдүү элдин алдында өзүнүн эне тилинин кабыр-баркын көтөрүп, сыйлоонун, ак-караны ажырата билүүнүн, ал тургай, кантип башка тилдин беделине тил тийгизбей, улуттар аралык ынтымакка шек келтирбей, толеранттуу чечилишине түздөн-түз салым кошкон кеменгер генийдин айткан сөздөрүн эске салып, карт тарыхтын барактарынан анын бир макаласынын орду, салмагы канчалык болгонун сезе билишибиз абзел. Анын натыйжасында тилибизди сактап, таза кармап, каадалуу салтыбыздын учугун улап жашоо кечирип, дүйнөлөшүү учурунда башка элдерге сиңип кетпей, улуттук нарк-насилибизди туу тутуп, “Манастай” эпосубуздун, Чыңгыздай чыгааныбыздын бар болгону – улутубуздун учугунун уланышы, элибиздин бактысы деп билели. Өзгөчө интонация менен айтылган жалындуу сөздөрдүн кудурет-күчү эне тилдин тагдырына дагы далай кызмат кыларына ишенебиз.

Колдонулган адабияттар:

1. Манас, тарых, эне тили. Түз. А. Темиралиев . Б.: - 2017.
2. Улуттук идея – тилде. 1-том. Түз. Г. Жамашева, Ч. Дыйканова. –Б.: -2017
3. Эне тил – улут тагдыры. Түз. А.Жалилов, А. Абдиманап у. – Ош: - 2009
4. Кыргыз тилинин сөздүгү. Экинчи бөлүк. –Б.: - 2015

УДК:304.2-756.-057.8

НОВЫЕ ВЕКТОРЫ ПРОФЕССИОНАЛИЗАЦИИ СОЦИАЛЬНОЙ РАБОТЫ В КЫРГЫЗСТАНЕ

Петрочко Жанна Васильевна, д.п.н., профессор,
E-mail: petrochko@ukr.net Украина

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ СОЦИАЛДЫК ИШТЕРДИН КЕСИПТИК КАЛЫПТАНУУСУНДАГЫ ЖАҢЫ ВЕКТОРЛОР

Петрочко Жанна Васильевна, пед.и.д., профессор,
E-mail: petrochko@ukr.net Украина

NEW VECTORS OF SOCIAL WORK PROFESSIONALIZATION IN KYRGYZSTAN

Petrochko Zhanna, d.of p.s, professor,
E-mail: petrochko@ukr.net Ukraine

Аннотация: *Статья посвящена проблеме развития социальной работы путем внедрения компетентностного подхода в профессиональную деятельность специалистов. Раскрыты особенности профессионализации социальной работы в Кыргызстане, дана общая характеристика новых специальностей «социальное обслуживание», «социальный патронаж».*

Аннотация: *Бул макалада социалдык иштердин кесип катары адистерди даярдоодо компетенттүүлүк багытын киргизүү жана социалдык иштердин өнүгүүсүндө да бул багытты пайдалануу. Кыргызстандагы кесиптик социалдык иштердин өзгөчөлүктөрү ачылган, ошондой эле "социалдык тейлөө", "социалдык патронаж" аттуу жаңы адистиктерге жалпы мүнөздөмө берилген.*

Abstract: *The article is devoted to the problem of the development of social work through the introduction of a competence-based approach to the professional activities of specialists. The features of the professionalization of social work in Kyrgyzstan are revealed, the general characteristics of the new specialties "social service" and "social patronage" are given.*

Ключевые слова: *профессионализация, социальная работа, компетентность, социальный ассистент, персональный ассистент.*

Түйүндүү сөздөр: *кесиптештирүү, социалдык иштер, компетенттүүлүк, социалдык ассистент, персоналдык ассистент.*

Key words: *professionalization, social work, competence, social assistant, personal assistant.*

В современных условиях трансформаций особое значение приобретают вопросы усовершенствования социальной работы как профессиональной деятельности, поскольку она предотвращает ряд социальных обострений и конфликтов.

Общая цель социальной работы – оказание социальных услуг населению для преодоления сложных жизненных обстоятельств, решение проблем и повышение благосостояния; создание оптимальных условий социализации личности.

Конкретизация этой цели отражена в основных содержательных направлениях социальной работы (социальная адаптация, профилактика, реабилитация, ресоциализация, социальное обслуживание) и функциях (коммуникативная, организаторская, прогностическая, правозащитная, диагностическая, профилактическая, коррекционно-реабилитационная, социально-терапевтическая и др.).

Как показывет опыт разных стран, социальная работа всегда рождается в плоскости непрофессиональной. Но именно профессиональный уровень позволяет осуществлять её в целостности трех направлений: *индивидуальная работа в коллективе, социальное администрирование, общественная или групповая работа*.

Профессионализация – процесс, который ставит определенные требования к практике и теории. В последствие, эти требования стану фундаментом повышения социального опыта и авторитета той или иной деятельности – в нашем случае, социальной работы. Именно профессиональная деятельность социальных работников способствует качественным общественным изменениям, решению проблем человеческих взаимоотношений, содействует развитию умений продуктивного гармоничного сосуществования.

На пороге третьего тысячелетия вопросы профессиональной готовности специалистов социальной сферы как основы их жизнеспособности и мобильности, приобретают особую актуальность и вес, потому что детерминируют способность человека вовремя реагировать на ситуацию, формируя «умение быть». Такая готовность предполагает наличие у специалиста профессионально-этических убеждений, самообладания, профессионального оптимизма, способностей к преодолению трудностей и решению профессиональных проблем, удовлетворению потребностей в профессиональном самосовершенствовании.

В связи с этим актуализируются вопросы пересмотра сущности и характера подготовки конкурентоспособных социальных работников в соответствии с ориентирами Болонского процесса и с учетом требований времени.

Для внедрения социальной работы как системы, а также обеспечения оптимальности процесса подготовки специалиста в сфере социальной работы, важно извлечь уроки из опыта разных стран, чтобы не повторять возможные ошибки.

1. По содержанию социальная работа – социально-гуманитарная, по характеру – междисциплинарная и интегрированная. Она тесно связана с такими науками и дисциплинами, как социология, социальная политика, право, психология, социальная педагогика, педагогика, деонтология. Вполне объяснимо, что в начале профессионализации подготовкой студентов – будущих социальных работников могут заниматься кафедры социологии, психологии, права, общей педагогики. Однако следует избегать «деформирования» образовательных программ в сторону интересов той или иной кафедры.

2. Развитие социальной работы как профессиональной деятельности должно происходить за условия развития социальных услуг. Именно это определит возможности для практики студентов и дальнейшего трудоустройства специалистов. Нужно уделять внимание, что во многих странах в начале развития профессиональной деятельности научное описание моделей и технологий социальной работы происходило вслед за развитием ее практики. Поэтому общей проблемой стала практическая подготовка студентов. Отсутствие мест для прохождения практик, недостаточное количество часов для практики, ее однообразие не способствуют успешной профессиональной подготовке социальных работников.

3. Нередко подготовку студентов осуществляли преподаватели вузов, не имеющие опыт практической социальной работы. Учитывая это, ассистентами на дисциплины практической направленности целесообразно приглашать практикующих специалистов.

4. Часто развитие социальных услуг на практике, внедрение лучшего международного опыта, инноваций, разработанных общественными организациями, опережают процесс усовершенствования образовательных программ и учебных планов подготовки социальных работников. Поэтому постоянно нужно обновлять содержание занятий, названия тем и модулей, предусматривать в учебном плане дисциплину «Инновации социальной работы» и пр.

5. В поле научного внимания целесообразно удерживать понятие и составляющие компетентности социального работника, изменять компетенции таких профессионалов в контексте социальных вызовов, развития новых специальностей.

Рассмотрим последний вопрос более детально. *Профессиональная компетентность* – способность квалифицированно выполнять профессиональную деятельность, определенные задачи и обязанности. Такая компетентность объединяет знания, убеждения, ценности, умения, навыки, опыт человека, готовность и способность реализовать круг полномочий, определяющих ее ответственность в выполнении поставленных задач.

В разных аспектах проблема профессиональной подготовки студентов – будущих социальных работников и социальных педагогов, формирования их профессиональных компетентностей нашла свое отражение в научных трудах Р. Х. Вайнолы, Н. А. Гришановой, А. Г. Карпенко, Е. Е. Письменной, Т. Н. Поддубной, В. А. Полищук, П. В. Романова, В. А. Фокина, С. Я. Харченко, Л. В. Черемошкиной, О. В. Шишкиной, Е. И. Холостовой и многих других исследователей.

В частности, профессиональную подготовку социальных педагогов и социальных работников как процесс и результат овладения ценностями профессиональной деятельности, профессионально необходимыми знаниями, умениями и навыками, профессионально важными личностными качествами, которые являются основой формирования готовности к профессиональной деятельности, обосновывает В. А. Полищук [5, с. 139]. Полностью разделяем такую позицию, поскольку считаем, что компетентность профессионала социальной работы прежде всего определяется его личностными убеждениями, от которых зависит соответствующее решение или поступок. В частности, в социальной работе с семьями и детьми важно иметь такие убеждения: в центре внимания специалистов должен быть ребенок; ребенок рассматривается в контексте семьи; лучший способ помочь ребенку –

поддержать ее семью; каждая семья нуждается в поддержке и должна получить шанс измениться к лучшему; семья является оптимальной средой для гармоничного развития ребенка; в наилучших интересах ребенка воспитываться в биологической семье; безопасность ребенка – самое главное; никакие обстоятельства не могут стать причиной жестокого обращения с ребенком; семья имеет право на защиту собственных культурных, этнических и религиозных традиций; неадекватное вмешательство может подорвать целостность семьи и нарушить ее функционирование; нужно работать совместно с семьями, чтобы дать им возможность взять на себя ответственность за изменения, а не решать проблемы за них; изымать ребенка из семьи можно только тогда, когда это необходимо для его защиты и в отношении семьи применены все возможные профилактические меры; нельзя формировать негативное отношение ребенка к родителям; большинство семей не хотят причинить вред своему ребенку; необходимо уважать и поддерживать право человека на собственный выбор и решения независимо от его жизненных ценностей и способа жизни[1] (последнее – из Кодекса этики социальных работников Международной федерации социальных работников). Именно такие убеждения-ценности, и только потом соответствующие умения и навыки, обеспечивают эффективность процесса профессионального общения с получателями социальных услуг, результативность работы.

С компетентностным подходом в профессионализации социальной работы тесно связан личностный подход и его производные. При этом личностный подход в профессиональной подготовке, акцентирует профессор Р. Х. Вайнола, рассматривается как система педагогических воздействий, ориентированных на развитие не отдельных качеств личности, а структуры личности в целом; как интеграция внешних педагогических факторов влияния с внутренней структурой личности, приводит к личностному развитию. Поэтому целью личностно-социального подхода (как производного от личностного в профессиональной подготовке будущих социальных работников и социальных педагогов) является включение личности в систему социальных связей, приобретение опыта не только персонифицированных отношений, но и опыта взаимодействия в социуме [2, с. 15-16].

Сейчас особое значение приобретает также операционно-технологический компонент компетентности будущего специалиста социальной сферы, его технологическая культура. Современная технология профессиональной подготовки предусматривает формирование знающего и творческого специалиста, обучение его трансляции научных знаний, принятию решений, анализа и отбора информации (по М.М. Левиной). Руководствуясь логикой научных соображений данного исследователя, считаем, что профессиональная подготовка будущего социального работника выстраивается в соответствии с тремя ориентирами: сохранение, обновление, целесообразность. Так, сохранение обеспечивает соблюдение постоянства содержания информации независимо от формы ее передачи; обновление реализуется через восприятие и трансляцию новой информации, новых подходов в работе с лицами, которые оказались в трудных жизненных ситуациях; целесообразность заключается в оправданности применения в социальной работе с детьми, семьями инновационных технологий и в соблюдении связи нового и традиционного.

Понятие профессиональной компетентности отражает сущность готовности к профессиональной деятельности. Считаем, что критериями готовности студента – будущего социального работника к деятельности в профессиональной сфере, являются:

- когнитивный критерий (показатели: знания студента, усвоение и осознание информации, приобретенной в результате учебной деятельности; самооценка готовности к профессиональной деятельности и т.д.);
- эмоционально-ценностный критерий (показатели: наличие ценностей, идеалов, позиции по отношению наилучших интересов ребенка, оказавшихся в сложных жизненных обстоятельствах; эмоционально-чувственное восприятие учебного материала, устойчивость мотивации достижения успеха в профессиональной деятельности и т.д.);

[1] Кодекс етики соціальних працівників Міжнародної федерації соціальних працівників.

- деятельностно-технологический критерий (показатели: овладение способами, формами, методами и приемами эффективного применения полученных профессиональных знаний и умений в практической деятельности; практическая подготовленность решать типичные социально-правовые проблемы лиц, оказавшихся в сложных жизненных обстоятельствах, умение оптимизировать деятельность, используя целесообразные инновационные подходы);

- мобилизационно-активизационный критерий (показатели: способность проявить профессиональную компетентность в сложных профессиональных ситуациях; сосредоточение сил и аккумуляция средств для достижения цели; пропаганда и популяризация лучшего опыта и стиля деятельности, условий наилучшего учета и удовлетворения потребностей клиентов, возможность активизировать интеллектуально-творческие процессы, проявление инициативности, профессиональное самосовершенствование и т.д.).

Есть основания утверждать, что теоретико-методические основы профессиональной подготовки студентов – будущих социальных работников в определенной степени разработаны и экспериментально проверены. Однако можно выделить ряд проблем, требующих решения, а именно:

- содержание подготовки будущих социальных работников не воспроизводит полной картины функционирования в предметном поле их компетенции. Как следствие, на старте своей профессиональной карьеры такому специалисту трудно сориентироваться относительно приоритетов своей деятельности и своей роли в социальной или социально-воспитательной среде;

- не всегда в содержании профессиональной подготовки учитываются современные тенденции развития государственной политики относительно уязвимых групп населения, в т. ч. детей, которые оказались в сложных жизненных обстоятельствах;

- недостаточно прослеживаются и сочетаются специфика социально-правовой деятельности и особенности обеспечения прав детей различных категорий; не всегда внимание преподавателей акцентируется на убеждениях студентов, преодолении у молодых людей заблуждений относительно наилучших интересов ребенка;

- мало внимания уделяется работе специалистов социальной сферы в составе мультидисциплинарной команды и т. п.

Чтобы соответствовать международным уровням профессионализации социальной работы, нужно пройти серьезный путь от определения и признания компетенций специалистов, разработки стандартов, образовательных программ – к обеспечению качественного обучения студентов и повышения квалификации специалистов.

Для этого должны соблюдаться следующие принципы: охват всех сфер ответственности специалиста в социальной работе, определенных в законодательстве и НПА; целесообразность выполнения тот или иной функции профессиональной деятельности; ориентация на достижение конечного результата для получателя услуг/клиента.

В связи с этим, безусловно, важным шагом на пути к правильному определению компетенций социального работника является функциональный анализ его трудовой/профессиональной деятельности. Функциональная карта как результат функционального анализа – матрица компетенций будущего специалиста. Карта позволяет определить виды деятельности и конкретные функции, а также знания и умения к каждой функции и личностные компетенции специалиста.

В Кыргызстане, и это очень важно и правильно, к обсуждению функциональной карты, матрицы компетенций, отраслевой рамки квалификаций (ОРК) по направлению «Социология и социальная работа» привлечены преподаватели ВУЗов, работодатели, общественность. На основании ОРК в области социальной работы разрабатывается Государственный образовательный стандарт (ГОС) по конкретной специальности и в дальнейшем Основная образовательная программа (ООП).

Сегодня Кыргызская Республика приступила к процессу профессионализации социальной работы на уровне *среднего профессионального образования*.

Макет государственного образовательного стандарта с новыми положениями о количестве кредитов, их распределении, требованиями к Основной профессиональной образовательной программе (ОПОП) утвержден Постановлением Правительства Кыргызской Республики от 28 марта 2018 г. № 160.

Согласно Постановлению, направление 04000 «Социология и социальная работа» предусматривает на уровне среднего профессионального образования целый ряд новых специальностей, среди которых:

Код специальности	**Наименование специальности**	**Квалификация специалиста**
040111	Социальное обслуживание	Социальный ассистент
040104	Социальный патронаж	Персональный ассистент

Разработка проектов ГОСов и ОПОП для среднего профессионального образования по новым профессиям «социальный ассистент», «персональный ассистент» осуществляется в процессе реализации проекта ЕС «Техническая поддержка реализации контракта по реформированию сектора социальной защиты, Кыргызстан» в соответствии с Техническим заданием в рамках финансового соглашения No DCI-ASIE/2014/025-021 между Правительством Кыргызской Республики и Европейским Союзом. Автор статьи является экспертом указанного проекта, в частности по вопросам внедрения новых специальностей «социальное обслуживание» и «социальный патронаж».

Из опыта внедрения профессии персонального и социального ассистента в Финляндии, Англии, США, Казахстане, Таджикистане, с одной стороны, указанные квалификации имеют много общего, с другой – целый ряд различий.

Таблица 1

Сравнительная таблица некоторых вопросов профессиональной деятельности «социального ассистента» и «персонального ассистента»

	Социальный ассистент	***Персональный ассистент***
профессиональной деятельности/клиент	Лица, семьи, имеющие детей с инвалидностью/ ограниченными возможностями здоровья, а также пожилые граждане, находящиеся в трудной жизненной ситуации	Лица, семьи, имеющие детей *с тяжелыми формами инвалидности*/ограниченными возможностями здоровья, а также тяжелобольные и пожилые граждане, нуждающиеся *в постоянном социальном уходе* вследствие неспособности к самообслуживанию
	Индивидуальная и групповая работа. Работа одновременно с разными клиентами	Индивидуальная работа (*1 клиент*)
Цель профессиональной деятельности	Преодоление или минимизация трудных жизненных ситуаций, повышение потенциала и качества жизнедеятельности клиентов путем предоставления им разных видов социальных услуг и видов социальной защиты	Минимизация трудных жизненных ситуаций, повышения потенциала и качества жизнедеятельности клиентов, содействие их социальной интеграции и участию в жизни общества путем предоставления разных социальных услуг

Виды деятельности	А. Выявление граждан, нуждающихся в социальных услугах и помощи, участие в оценке их потребностей, планировании *(организационно-диагностическая деятельность).* Б. Содействие в оказании социально-правовых и социально-экономических услуг *(социально-защитная деятельность, деятельность по активизации профессионального потенциала и повышения уровня жизнеобеспечения клиента).* В. Оказание социально-бытовых услуг *(деятельность по удовлетворению базовых потребностей клиента, уходу).* Г. Содействие в оказании социально-медицинских услуг *(деятельность по оказанию социально-медицинской поддержки).* Д. Содействие в оказании психолого-педагогических услуг *(деятельность по активизации личностного потенциала клиента).* Е. Предоставление информационных и просветительских услуг *(информационно- просветительская деятельность).* Ж. Взаимодействие с заинтересованными сторонами *(партнерская деятельность)*	А. Участие в оценке потребностей и планировании *(организационно-диагностическая деятельность).* Б. Установление и поддержание с клиентом и его окружением доверительного контакта и взаимодействия *(этико-коммуникативная деятельность).* В. Содействие в оказании социально-правовых и социально-экономических услуг *(социально-защитная деятельность).* Г. Оказание социально-бытовых услуг *(деятельность по удовлетворению базовых потребностей, уходу и развитию навыков самообслуживания).* Д. Оказание медико-социальных услуг *(социально-медицинская поддержка)*. Е. Оказание социально-реабилитационных услуг *(социально-реабилитационная деятельность).* Ж. Содействие в оказании психолого-педагогических услуг *(деятельность по активизации личностного потенциала клиента и обеспечение его социальной интеграции в общество).* З. Предоставление информационных услуг *(информационно-просветительская деятельность).* И. Взаимодействие с заинтересованными сторонами *(партнерская деятельность)*

Как видно с таблицы 1, виды деятельности этих специалистов похожи, но отличаются некоторые их функции, знания и умения, полномочия в зависимости от категорий и обстоятельств клиентов. В партнерстве с социальными работниками социальные ассистенты будут работать с гражданами (с нетяжелой формой инвалидности и со способностями к самообслуживанию) в сообществе и/или учреждениях социального обслуживания. Персональные ассистенты смогут оказывать необходимую помощь нуждающимся лицам в связи с наличием у них тяжелой формы инвалидности в соответствии с потребностями и ограничениями жизнедеятельности.

Указанные специалисты социальной работы уровня среднего профессионального образования (СПО) призваны содействовать интеграции этих граждан в сообщество. Они смогут помочь клиенту/получателю услуг раскрыть его возможности, поверить в себя, вместе решить проблемы, способствовать изменениям, развитию личности. Клиент (ребенок или взрослый) должен ощутить социальную поддержу в первую очередь через непосредственный контакт и доверительное взаимодействие со специалистом, который руководствуется определенными ценностями-убеждениями и обучен специальным технологиям. Обретенная студентом компетентность может быть использована как в профессиональной деятельности, так и повседневной жизни, в процессе оказания помощи и поддержки своим родным и близким.

В целом, внедрение новых специальностей в КР на уровне среднего профессионального образования позволит:

– трансформировать и адаптировать к национальным особенностям лучшее из международного опыта профессионализации социальной работы;

– предупредить ошибку чрезмерной теоретизации деятельности специалиста социальной работы;

– обеспечить адресность и универсальность услуг согласно потребностям клиента;

– гарантировать защиту наилучших интересов детей, находящихся в сложных жизненных ситуациях;

– укрепить систему социальной защиты, развить ее трудовые ресурсы;

– распределить основные функции социальной работы между разными специалистами и тем самым *избежать перенагрузки или поверхностного исполнения профессиональных обязанностей* (Важно помнить, что на социальное обслуживание в КР имеют право: граждане (взрослые и дети) с ограниченными возможностями здоровья; дети, осиротевшие или оставшиеся без попечения родителей (родителя), и другие дети, находящиеся в трудной жизненной ситуации; безнадзорные и беспризорные дети и подростки; дети и подростки с девиантным поведением; дети, испытывающие (испытавшие) жестокое обращение и насилие в семье; малообеспеченные семьи; семьи, в том числе многодетные, страдающие от неблагоприятного морально-психологического климата в семье; неполные семьи; семьи несовершеннолетних родителей; нуждающиеся студенческие семьи; семьи, в которых имеются дети с ограниченными возможностями здоровья; матери-одиночки, находящиеся в отпуске по уходу за ребенком; граждане, страдающие наркоманией и (или) алкоголизмом; граждане, страдающие неизлечимыми заболеваниями, и больные СПИДом; лица, освободившиеся из исправительных учреждений; лица, находящиеся в специальных учебно-воспитательных учреждениях; лица, подвергшиеся радиационному воздействию вследствие радиационных аварий и техногенных катастроф; лица без определенного места жительства; граждане, подвергшиеся физическому и психическому насилию, и др. *(В редакции Законов КР от 22 июля 2005 года № 111, 28 июля 2008 года № 177, 23 апреля 2013 года № 56, 16 декабря 2016 года № 209, 18 января 2017 года № 5)*);

– помочь территориальным подразделениям Министерства труда и социального развития КР в социальном обслуживании, социальной защите населения на местах.

Таким образом, профессионализация социальной работы – неотъемлемая часть государственной политики Кыргызской Республики в социальной сфере. Она осуществляется на основании компетентностного подхода с учетом международных стандартов социальной работы. Новым вектором профессионализации стало утверждение новых специальностей на уровне среднего профессионального образования. Однако главным условием эффективности обозначенного процесса является его нормативная, ресурсная, научно-методическая и общественно-информационная поддержка на старте развития.

Литература:

1. Базарова, Т. С. Система профессиональной подготовки социального работника в условиях регионального вуза: Дисс... док. Пед наук: 13.00.01 / Базарова Татьяна Содномовна; [Место защиты: Бурят. гос. ун-т]. – Улан-Удэ, 2010. – С.366.

2. Вайнола, Р. Х. Педагогічні засади особистісного розвитку майбутнього соціального педагога в процесі професійної підготовки : Автореф. дисс. … док пед. наук: 13.00.04 – теорія та методика професійної освіти / Р. Х. Вайнола. – К. : НПУ ім. М. П. Драгоманова, 2009. – С.44.

3. Карпенко, О. Г. Професійно-орієнтовані технології як умова успішної професійної підготовки майбутніх соціальних працівників в умовах вищого навчального закладу / О. Г. Карпенко // Науковий часопис НПУ імені М. П. Драгоманова. Серія 11 : Соціологія. Соціальна робота. Соціальна педагогіка. Управління. – 2014. – Вип. 19. – С. 104-110. – Режим доступу: http://nbuv.gov.ua/UJRN/Nchnpu_011_2014_19_18

4. Платонова, Н. М., Платонов, М. Ю. Инновации в социальной работе [Текст] : учебное пособие / Н. М. Платонова, М. Ю. Платонов. – 2-е изд. – М. : Академия, 2012. – С.256.
5. Поліщук, В. А. Теорія і методика професійної підготовки соціальних педагогів в умовах неперервної освіти : [моногр.] ; за ред. Н. Г. Ничкало / В. А. Поліщук. – Тернопіль : ТНПУ, 2006. – С.424.
6. Холостова, Е. И., Дашкина, А. Н., Малофеев, И. В. Зарубежный опыт социальной работы [Текст] : учебное пособие / Е. И. Холостова, А. Н. Дашкина, И. В. Малофеев. – М. : Дашков и К, 2012. – С.364.
7. Шишкина, О.В. Развитие специалистов по социальной работе в процессе профессиональной подготовки // Отечественный журнал социальной работы. – 2008. – № 3. – С. 84-90.
8. Соболева, Е.В. Качество подготовки социальных работников в системе непрерывного образования // Теория и методика профессионального образования. – 2013. – Т. 5. – № 2. – С. 129-135.
9. Соціальна робота з вразливими сім'ями та дітьми: пос. у 2-х ч. ; Ч. 1. Сучасні орієнтири та ключові технології / З.П. Кияниця, Ж. В. Петрочко. – К. : ОБНОВА КОМПАНІ, 2017. – С.256.

УДК:81 354(575.2)

ОРФОГРАФИЯЛЫК КӨНДҮМДӨРДҮ КАЛЫПТАНДЫРУУ

Тагаева З., ф.и.к., профессор
Ош мамлекеттик университети

ФОРМИРОВАНИЕ ОРФОГРАФИЧЕСКИХ НАВЫКОВ

Тагаева З., к.ф.н., профессор
Ошский государственный университет

FORMATION OF SPELLING SKILLS

Tagaeva Z., c.ph.s. professor
Osh State University

Аннотация: *Макалада орфографиялык принциптерди колдонуунун теориялык жана практикалык маселелери каралган.*

Аннотация: *В статье рассмотрены теоретические и практические проблемы применения орфографических принципов.*

Abstract: *The article deals with theoretical and practical problems of application of spelling principles.*

Түйүндүү сөздөр: *орфогамма, көндүмдөр, морфология, адаптация.*
Ключевые слова:*орфограмма, навык, морфология, адаптация.*
Key words: *spelling, skill, morphology, adaptation.*

Мектептерде кыргыз тил предмети ар тараптуу жооптуу милдеттерди ишке ашыруу менен окутулат. Башка предметтерди талаптагыдай өздөштүрүү үчүн кыргыз тилинен алган билимдеринин жана маданияттуулугунун ролу чоң. Мектеп окуучуларынын тилдик жана коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу менен жана руханий маданиятын, адабий тилдик интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрүн арттырууга жана тарбиялоого методикалык аспектиден талап кылынат.

Кыргыз тил сабактарында окуучулардын орфографиялык көндүмдөрүн жана билгичтиктерин өстүрүп, ар бир лексикалык бирдиктердин, аталыштардын, терминдердин жана символдордун орфографиялык негизде туура колдонулушун өздөштүрүүсүнө жетишүү адис мугалимдин негизги милдеттеринен.

Кыргыз тилинин орфграфиясын окутуу методикасы боюнча окумуштуулар К.К. Сартбаевдин, С. Үсөналиевдин жана А. Осмонкуловдун фундаменталдык эмгектери жарык көргөн. Ал эми орфграфиянын кийинки адабий тилдик нормативдеринин жана атайын Жогорку Кеңештин (2002) токтомунун негизинде толуктоолор боюнча окумуштуу С. Рысбаевдин (2008) жана тактоолор боюнча Т. Аширбаевдин (2005) эмгектери бар. Бул эмгектер бир гана билим берүү мекемелеринде эмес, бардык өндүрүштүк жана административдик системаларда колдонулуп, жалпыга бирдей тиешелүү болгон орфографиялык принциптердин колдонулушу сунушталган. Анын үстүнө С. Рысбаевдин, Т. Аширбаевдин колдонмолору адабий тилдик нормативдерди камтыгандыгы менен бир жагынан мамлекеттик документ катары жалпы тил маданиятынын өсүшүнө негиз түзүшсө, экинчи жагынан улуттук тилдин ишкердүүлүк менен стандартталышына салым кошуусу мүмкүн.

Орфографиялык эрежелер кыргыз тилинин орфоэпиясы, грамматикасы, стилистикасы, пунктуациясы менен байланышта каралып, практикалык жактан сөздөрдүн орфограммаларынын так колдонулушу орфографиянын кайсы бир принцибине негизделиши керек. Ошондуктан орфографиялык принциптердин практикада жоопкерчилик жана маданияттуулук менен колдонулушунун мааниси чоң. Бул боюнча адис окумуштуу Т. Аширбаевдин төмөнкү сөзүн келтирүүгө болот.

«… кайсы гана орфограмманы жазбайлы, биз белгилүү бир орфографиялык принциптин негизинде сунушталган эрежени аткарган болобуз. Ошондуктан тилди, же башка дисциплиналарды окутуу процессинде мугалим, же адис орфографиялык принциптерди, аларды туура жазуудагы талаптарын билүүгө тийиш». [1.8.] Албетте, мындай адабий тил боюнча кесиптик талаптар орфографиялык башаламандыкка жана түрдүү вариантта орфограмманы колдонууга жол бербейт.

Бул мезгилге чейин орфографиялык эрежелер төрт принциптин негизинде теориялык жактан аныкталып, практикаланып келгендиги белгилүү. [2.145; 3.11] Алар фонетикалык (фонемалык), морфологиялык, традициялык жана дифференциялык (айырмалоочу) болгон. Ал эми окумуштуу Т. Аширбаевдин колдонмосунда орфографиянын алты принциби сунушталып, ар бирине лингвистикалык түшүндүрмө берген. Алар: *фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик, тарыхый, традициялык, символдук* жана айырмалоо принциптери.

Окумуштуу бул орфогафиялык принциптерди көп жактуу тенденция менен тилдин ички, тышкы жана социалдык функционалдык өзгөчөлүктөрүнө карап жана бүгүнкү күндөгү коомдук цивилизацияга, коммуникативдик байланыштарга карай алты топко бөлүштүрүү критерийлерин белгилеген. Бул принциптердин канчалык колго алынып, практикалык зарылдыктары баалана жана жетекке алына тургандыгы келечектин иши.

Албетте, колдонмодогу практикалык фактылар билим берүү системасында тилди эне тил жана мамлекеттик тил катары окутуу иш-аракеттеринде да негизги таянуучу жана жетекке алынуучу эмгектин ролунда пайдаланылат.

Кыргыз тил сабактарында сөздөрдүн орфограммалары боюнча окуучулардын көндүмдөрүн жана машыгууларын арттырып калыптандырууда окуучулардын класстык, физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен иш-аракеттер жүргүзүлөт. Алардын көңүл буруусуна, эсте сактоосуна таасир этип, түшүнүп кабыл алуусу жана туруктуу машыккандыгынын болушу үчүн мугалимдин лингвистикалык, методикалык психологиялык проблемаларды айкалыштырып окутуу актуалдуу маселелерден. Анткени үйрөтүлгөн орфографиялык теориялык эрежелер боюнча каталардын кайталанып турушу окуучулардын аң-сезимине, көңүл буруусуна жана эсте тутуусуна таасирлүү фактылардын жетиштүү болбой жаткандыгын тастыктайт. Бул боюнча методист окумуштуу М.Т. Баранов мындай ойду айткан. «Орфографияны окутуу процессинде балдардын көңүл буруусун жана эсте тутуусун өстүрүүнүн, аларды эсте сактап калуусунун калыптандырылышы үчүн аң-сезимине басым жасоонун мааниси чоң. Муну менен орфографияны өздөштүрүүдөгү таасирлери атайын психологиялык факторлору эске алынат» [4.154].

Демек, ар бир үйрөтүлүп өздөштүрүлгөн орфограмманын узак убакка чейин эсте сакталышы үчүн машыктыруунун оптималдуу ыкмаларынын кайталанышы менен туруктуу көндүмдөрүн камсыз кылууга мугалим өзгөчө даярдыкты көрөт. Орфографиялык көндүмдөрдү талаптагыдай калыптандыруу үчүн окуучулардын класстык этаптарда тилдин бөлүмдөрүнө байланыштырып окутуу менен системалуу түрдө жазуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн практикалоо зарыл. Бул процесстерде орфографиялык каталардын типтерин классификациялоого мүмкүнчүлүк түзүлүп, алардын эмнеден ката кетире тургандыгынын себептерин билүү менен аларды жоюу ыкмаларын колдонууга болот. Көпчүлүк учурда тилдин башка бөлүмдөрүнүн (лексика, морфология, синтаксис, пунктуация) негизинде орфографиялык сабаттуулукка үстүртөн мамиле жасалат. Анын ордуна тилдин ар бир бөлүмдү окутууда сөздөрдүн орфограммаларына машыктыруу, талдоо иштерин системалуу жүргүзүү эске алынышы керек.

Методикалык эмгектерде сунушталган принциптердин (К.К. Сартбаевдин, С. Үсөналиевдин, А. Осмонкуловдун, Т. Аширбаевдин ж.б.) негизинде балдардын орфографиялык машыгууларын эффективдүү арттыруу үчүн адис мугалимден төмөнкүдөй методикалык милдеттер талап кылынат:

1. Ар бир класстын окуу программасындагы орфографиялык минимумду так ажыратуу;
2. Орфографиялык принциптерди методикалык, психологиялык жана логикалык негиздерде колдоно билүү;
3. Орфографиялык каталардын үстүндө иштөө ыкмаларынын колдонулушунун оптималдуу түрдө жыйынтыгын чыгаруу;
4. Ар бир класстын этаптык өзгөчөлүгүнө ылайык окутуунун жаңы технологияларын колдоно билүү;
5. Орфографиялык талдоо иштерин адаптациялык мүнөздө 5-класстан тартып системалуу жүргүзүү жана аны тереңдетүү;
6. Орфографиялык сөздүктөрдү дидактикалык каражат катары тааныштырып пайдалануу, андан өз алдынча иштөөсү үчүн тапшырманын түрлөрүн берүү ж.б. Жат жазуунун түрлөрүн программалык жана методикалык негиздерде предмет аралык байланышты түзүү менен жүргүзүү жана текшерүүнүн жыйынтыгын чыгаруу.

Орфографиялык, дидактикалык материалдарды жана схемаларды, таблицаларды пайдалануу менен сөздөрдүн аталышы жана жазылышы боюнча айырмачылыктарды окутууда талдоо аркылуу өзгөрүүлөрүнүн теориялык түшүндүрмөсү талап кылынат.

Орфографиялык сабаттуулукту арттыруу иш-аракети тилдик маданиятты, кептик ишкердүүлүктү өстүрүү менен байланышта аткарылгандыктан, окутуу ишинде бул процесстер мугалим үчүн кыйынчылыкты жаратып жоопкерчиликти талап кылат. Ошондуктан орфографиялык материалдарды окутуу процесстеринде окуучулардын оозеки жана жазуу боюнча кептик ишмердүүлүктөрүн тыгыз байланыштырып билим берилиши керек.

Бул учурларда адабий тилдин нормативдерин өздөштүрүү менен оозеки, жазуу формаларындагы орфоэпиялык жана орфографиялык айырмачылыктарды ажыратып мамиле жасай билүүсүнө шарт түзүлөт.

Адабияттар:

1. Аширбаев Т. Орфографиялык эрежелер. Ош, - 2005.
2. Биялиев А. Кыргыз адабий тили жана анын адабий нормасы. Бишкек, 2002.
3. Карасаев К.К. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. Бишкек, -2009.
4. Методика преподавания русского языка. Москва, -1990.
5. Рысбаев Р. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери жана аны практикада колдонууга карата методикалык көрсөтмөлөр. Бишкек, - 2008.
6. Үсөналиев С. Морфологияны жана орфографияны окутуу. Фрунзе, - 1985.

УДК:331.5 (575.2)

РЫНОКТУК МАМИЛЕЛЕР ШАРТЫНДА ЭМГЕККЕ БОЛГОН СУРОО-ТАЛАП МЕНЕН СУНУШТУ КАЛЫПТАНДЫРУУ

Талайбек уулу Т., э.и.к., доцент,
Мирланова Гульмиза Мирлановна
Ош мамлекеттик университети

ФОРМИРОВАНИЕ СПРОСА И ПРЕДЛОЖЕНИЯ НА РАБОЧУЮ СИЛУ В УСЛОВИЯХ РЫНОЧНЫХ ОТНОШЕНИЙ

Талайбек уулу Т., к.э.н., доцент,
Мирланова Гульмиза Мирлановна
Ошский государственный университет

Аннотация: *Бул макалада азыркы мезгилдеги эмгек рыногундагы суроо-талап менен сунушту калыптанышы жана ага таасир этүүчү факторлор каралат.*

Аннотация: *В этой статье рассматривается формирование спроса и предложения на рынке труда, а также факторы, влияющие на него.*

Түйүндүү сөздөр: *Суроо-талап, сунуш, жумушчу күчү, эмгек рыногу, фактор, эканомика.*

Ключевые слова: *Спрос, предложение, рабочая сила, рынок труда, фактор, эканомика.*

Бүгүнкү күндө менчиктин формасынын өзгөрүүсүнө жараша эмгек болгон суроо-талап менен сунуш дагы өзгөрүүдө. Эмгекке болгон суроо-талапты жумушчу орундардын ээлери көрсөтүшөт. Ал бош орундардын санынан жана жумуш берүүчүлөр издеп жаткан кызмат орундарынын жыйындысынан турат. Бирок бир топ буралган мааниде эмгек рыногу өзүнө суроо-талап менен сунуштун өз ара таасир этүүсүн жана анын негизинде эмгектин баасынын калыптанышын гана камтыбастан, эмгектин сапатын жогорулатуу сыяктуу, адамдын өзүнүн инсан катары өнүктүрүүсү менен байланышкан комплекстүү көрүнүштөрдү дагы камтыйт. Бул жумушчу күчүнүн мүнөзүн өзгөртөт жана анын жаңы сапаттарын калыптандырат. Рыноктук, ошондой эле рыноктук эмес механизмдердин теңдештигин калыбына келтирүү багытындагы оңдоп түзөөлөргө карабастан, өткөөл мезгилдеги эмгек рыногунда төмөнкүдөй көрүнүктүү өзгөчөлүктөр байкалат: теңдештик учурунда деле жумушсуздук жоголбойт, башкача айтканда баанын тең салмактуулугу дайыма эле толук жумуштуулукту камсыз кыла бербейт. Бул төмөнкү себептерде пайда болот:

1. Жумушчу күчүнүн сунушу кескин түрдө кыскарып кетүүсү же суроо-талаптын артынан көбөйүп кетүүсү мүмкүн эмес, ал суроо-талапка салыштырмалуу бир топ аз ийкемдүүлүккө ээ;

2. Эмгектин баасынын өйдө-ылдый боло бериши аныкталган чекте жүрүшү мүмкүн: төмөнкү чектен - жумушчу күчүнүн наркынан жогорку чекке – кайра түзүлгөн наркка чейин. Башкача айтканда, эмгек акы нормалдуу шартта узак убакытка чейин тиричилик минимунан төмөн болбошу же өндүрүүчүнүн жалпы кирешесинен ашып кетпөөсү керек;

3. Өткөөл мезгилде 100% толук жумуштуулук болушу мүмкүн эмес, анткени ар түрдүү себептер боюнча, мисалга өз калоолору боюнча жумушсуз болгон адамдар табылат. Башкача айтканда, дайыма жумушсуздуктун табигый деңгээли жашай берет. Бул рыноктук экономиканын мыйзамы. Толук жумуштуулук тоталитардык же пландуу экономикада болушу мүмкүн;

4. Трансформациялоо шартындагы эмгек рыногунда ири жумуш берүүчүлөр (ишканалар), кошундук союздар, мамлекет сыяктуу атаандаштан тышкары факторлор активдүү таасир этет. Алардын таасир этүүсүнүн жыйынтыгында жеткилең атаандаштык жеткилең эмес атаандаштыкка айланат. Алардын таасир этүүсүнүн объектиси катарында эмгек акы гана кызмат өтөбөстөн эмгек өндүрүмдүүлүгү, социалдык камсыз кылуунун ар

түрдүү формалары, кабыл алуу жана бошотуу тартиптери, жумушчу күндүн жана эмгек эргүүнүн узактыгы жана башкалар дагы кызмат өтөйт.

Эмгек рыногундагы сунуш жана суроо-талап атаандаштык күрөштө жүзөгө ашырылат. Бир тараптан, тигил же бул жумуш орундугуна же ишти аткаруу үчүн жумуштуулукка муктаж болгон кызматкерлердин ортосунда. Ал эми башка тараптан, сандык жана сапаттык курамдагы зарыл болгон жумушчу күчүн тартууда жумуш берүүчүлөрдүн ортосунда атаандаштык күрөш жүрөт. Бул жарышты адилеттүү чечүү бир катар максаттуу шарттарды сактоону талап кылат. Баарынан мурда, жумушчу күчүнүн жеткиликтүүлүгү, өндүрүүчү күчтөрдү рационалдуу жайгаштыруу. Кыргызстан үчүн, калктын көчмөндүгү улуттук өзгөчөлүк болгондуктан, аймактардын эмгек рыногун өнүктүрүү мүнөздүү. Бул өлкөнүн региондорундагы сунуштун жана суроо-талаптын ортосундагы катышына терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Ар түрдүү аймактардагы эмгек рыногунун ортосундагы абалды теңдештирүү, эмгек каражаттары ашыкча болгон аймактарда жашаган эмгектенүүчүлөрдүн социалдык коргоосун камсыз кылуу максатында жергиликтүү деңгээлде жумуштуулуктун мамлекеттик программалары иштелип чыгат. Мындан сырткары, мамлекет жумушчу орундарынын системасын сактоону жана өнүктүрүүнү камсыз кылуучу эмгектин ийкемдүү режимдерин колдонуунун жана кичи ишканаларды түзүүнү кеңейтүүнүн каржы- кредиттик, инвестициялык жана салыктык саясатынын иш-чараларын карайт.

Иш менен камсыз кылуунун классикалык теориясы жеткилең атаандаштык шартында эмгекке болгон сунуштун бүтүндүгүнүн жана эмгекке болгон суроо-талаптын бүтүндүгүнүн функциясын тургузууну сунуштайт. Рынокто суроо-талаптын субъектиси катарында мамлекет жана ишкерлер, ал эми сунуштун субъектиси катарында жумушчулар жана анын жөндөмдүүлүктөрү кызмат өтөйт. Эмгекке болгон суроо-талап эмгек акынын чоңдугунан көз каранды болуп табылат. Эмгек акынын өсүүсү менен ишкерлер тарабынан эмгекке болгон суроо-талап кыскарат, ал эми эмгек акынын төмөндөөсү менен эмгекке болгон суроо-талап көбөйөт.

Бул көз карандылык, 1-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, эмгекке болгон суроо-талаптын ийрегин чагылдырат. (Э) чекити – талап кылынып жаткан эмгектин чоңдугу, (ЭА/Б) чекити- реалдуу эмгек акынын чоңдугу, Б-эмгек акынын баасы. (Э,ЭА/Б) координаттарындагы точкалар төмөн эмгек акыга (ЭА/Б) эмгектин суроо-талабынын чоңдугуна ($Э_1$) дал келишинин же тескерисинче ($Э_2$; $ЭА/Б_2$) координаттарынын точкаларына дал келишинин мисалы болуп эсептелинет.



Сүрөт 1. Эмгекке болгон суроо-талаптын ийреги

Эмгекке болгон сунуш ошондой эле эмгек акынын чоңдугунан көз каранды, бирок эми түз пропорцияда. Эмгекке болгон сунуштун ийреги реалдуу эмгек акынын жогорулоосу менен эмгекке болгон сунуштун жогорулоосун, ал эми анын төмөндөөсү менен сунуштун азаюусун көрсөтөт (2-сүрөт).



Сүрөт 2. Эмгекке болгон сунуштун ийреги

Эмгек акынын көбөйүшү ар учурда кайтарымдуу мезгилде жакшы төлөнөт. Башкача айтканда, жумушчулар үчүн ар бир эркин убакыттары болуп, кетирилген пайдалуулуктар эсептелинет. Ошондуктан бош убакыттарында кошумча иштер менен алек болууга умтулууга аракет жасашат. Мындан, бош убакыттарда товар өндүрүү же кызмат көрсөтүүдө алек болуу менен жумушчу өзүнө кошумча эмгек акы табышы мүмкүн. Бул жараян алмаштыруунун натыйжалуулугу деп аталат. 4-сүрөттө эмгек акынын өсүүсүндөгү эмгекке болгон сунуштун көбөйүүсүнүн ийреги көрсөтүлгөн. Бул жараян (Э*р;* ЭА/Б1) координаттарынын точкаларына чейин пайда болот, башкача айтканда, эмгекке болгон сунуштун точкасы максималдуу деңгээлге жеткенден кийин кыскара баштайт. Эмгек акынын жогорулоосунан улам эмгекке болгон сунуштун кыскаруусу кирешенин натыйжасынын таасири астында жүрөт (алмашуунун натыйжалуулугуна карама-каршы). Биринчиден, адамдарда суткасына болгону 24 саат бар, анын ичинен беш же алты сааты алардын эс алуусуна жумшалышы керек. Экинчиден, жумушчу аныкталган деңгээлдеги жыргалчылыкка жеткенден кийин, ал өзүнүн кошумча жумуштарын кыскартуу менен көбүрөөк бош убакытты эс алууга арнайт. Жумушчу күчүнүн сунушунун эмгек акыдан болгон көз карандылыгын аныктаган убакытта кирешенин натыйжасы формасында пайда болушу жеке же тайпалык жактардын жекече эмгек сунушун мүнөздөйт. Жумушчу күчүнүн айлануусунан улам экономика үчүн жалпысынан эмгек сунушунун функциясы дайыма өсүүчү болот.

Рыноктук тең салмактуулукка жетүү үчүн суроо-талап менен сунуштун бүтүндүгүнүн өз ара таасир этүүсүн изилдөө өзгөчө маниге ээ (3-сүрөт). Ал Р точкасына жетүү менен ЭА/Б$_{Р}$ эмгек акынын аныкталган деңгээлине жана ошол деңгээлдеги берилген эмгекке болгон сунуштун Э$_{р}$ деңгээлине дал келет. Бул жерден ишкерлер рыноктон керектүү сандагы жумушчуларды табуу менен аларга эмгек акы төлөөгө макул экендиктери көрүнүп турат. Р точкасы толук иш менен камсыз болуу абалын аныктайт.



Сүрөт 3. Эмгек рыногундагы тең салмактуулукту калыптандыруу

Эмгек акы тең салмактуу баанын деңгээлинен ашып кеткен учурда (ЭА/Б ординаталары менен), эмгек рыногундагы сунуш рыноктук суроо-талаптан ашып түшөт. Бул учурда толук жумуштуулук абалынан четтөө кырдаалы же эмгекке болгон сунуштун ашыктыгы пайда болот. Эмгек акы тең салмактуу баанын деңгээлинен төмөндөп кеткен учурда (мисалы, ЭА/$Б_2$ деңгээлине чейин) эмгек рыногундагы суроо-талап сунуштан ашып түшөт. Жыйынтыгында эмгек акынын өтө эле төмөндүгүнөн, жумушсуздардын жетишсиздигинен жумуш орундарынын толукталбашы калыптанат.

Карап көрөлү, эмгек рыногундагы эмгекке болгон сунушту жана суроо-талапты кайсы факторлор аныктайт. Эмгекке болгон сунуш төмөнкү факторлор менен аныкталат:

- Калктын санын, баарынан мурда эмгекке жөндөмдүү калктын саны менен;
- Аныкталган убакыттагы (жума, ай, жыл) орточо жумуш сааттын саны менен;
- Калктын сандык курамы жана түзүмү жана анын квалификациялык деңгээли менен.

Жумушчу күчүнө болгон суроо-талап улуттук экономиканын ар бир учурдагы аныкталган сандагы жумушчуларга болгон муктаждыгын чагылдырат. Көбүнчө мындай муктаждык физикалык жактарга чагылдырылат. Жалпы суроо-талаптын саны жумушчулардын саны +бош жумушчу орундардын санына барабар болушу керек. Эмгекке болгон суроо-талап көптөгөн экономикалык көрүнүштөрдү жана жараяндарды бекитүүчү көрсөткүч катарында кызмат өтөйт. Ошондуктан ал накталай жумуш орундардын күчүндө пайда болот. Демек, эмгек рыногундагы сунуштун мыйзамын төмөнкүдөй чагылдырууга болот: эгерде аныкталган жумуштун түрүн аткарууга жумуш берүүчүлөр жогорку акыны төлөп берүүгө даяр болушса, анда көптөгөн сандагы элдер ал жумушту аткарууга даяр.

Адабияттар:

1. Абдымаликов К.А. Экономика Кыргызстана.- Бишкек, 2012.
2. Кыргыз республикасынын статистикалык жылдыгы. -Бишкек,2018
3. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси. -Бишкек, 2010-жыл.
4. Кыргыз Республикасынын “иш менен камсыз кылуу жөнүндөгү” мыйзамы 14.01.1994-жыл

УДК:331.5 (575.2)

КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭМГЕК РЫНОГУНДАГЫ ЭМГЕККЕ БОЛГОН СУРОО-ТАЛАП МЕНЕН СУНУШТУН АБАЛЫ

Талайбек уулу Т., э.и.к., доцент,
Суютбекова Мактым Абдуназаровна
Ош мамлекеттик университети

СОСТОЯНИЕ СПРОСА И ПРЕДЛОЖЕНИЯ ТРУДА НА РЫНКЕ ТРУДА КЫРГЫЗСТАНА

Талайбек уулу Т., к.э.н., доцент,
Суютбекова Мактым Абдуназаровна
Ошский государтсвенный университет

Аннотация: *Бул макалада бүгүнкү күндөгү Кыргыз Республикасынын эмгек рыногундагы кырдаал, экономиканын ар кандай тармактарындагы эмгектенип жаткан кызматкерлердин саны жана ал тармактардагы сунуш менен суроо-талаптын абалы чагылдырылды.*

Аннотация: *В этой статье отражены: ситуация на рынке труда Кыргызстана, количество сотрудников, работающих в различных отраслях экономики, а также состояние спроса и предложения в этих отраслях.*

Түйүндүү сөздөр: *Суроо-талап, сунуш, жумушчу күчү, эмгек рыногу, фактор, эканомика.*

Ключевые слова: *Спрос, предложение, рабочая сила, рынок труда, фактор, эканомика.*

Кыргызстанда эгемендүү мезгилдин бардык аралыгында минималдуу эмгек акынын жана тиричилик минимумдун катышы жумушчу күчүнүн мыйзамынын талаптарынын негизинде эмес, ал эми мамлекеттин каржылоо мүмкүнчүлүктөрүнүн негизинде коюлду. Жыйынтыгында биздин өлкөдө минималдуу эмгек акы тиричилик минимумдан төмөн болгон парадоксалдуу кырдаал калыптанды.

Мындай абалда рыноктук эмгектик мамилелердин сапаттуу иши жумушчулардын эмгекке болгон ар кандай стимулдарынын жок болуу деңгээлине чейин түшкөндүгүн айкындайт. Болгону жөн гана күнүмдүк жашоо үчүн күрөш жүрүүдө. Биздин көз караш боюнча, учурдагы абалды оңдоо керек. Андыктан эмгек рыногу калыптануу абалында узак жылдарга чейин кала бермекчи. Мезгил-мезгили менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү минималдуу жашоо бюджетин коёт, ал эми Улуттук статистика комитети баанын өсүүсү жана инфляцияны эсепке алуу менен аны эсептейт. Мындай базага ээ болуу менен чыныгы минималдуу эмгек акынын рыноктук чоңдугун коюу татаал эмес. Бирок бул көрсөткүчтү эсептөө боюнча илимий-негизделген мамиле азырынча жок.

Эмгек рыногун негиздөөчү көрсөткүч болуп жумушчу күчүнө болгон суроо-талап эсептелет. Кыргыз Республикасынын шартында жумушчу күчүнө болгон суроо-талап абдан төмөн. Эмгек рыногунда татаал кырдаалдардын жаралуусу дагы кокусунан эмес. Ал мурда жашап турган эл чарбасынын пропорциясынын орой бузулуусунун жыйынтыгында пайда болду, айрыкча жумуштуулук боюнча анын ордуна таң калаарлык эч нерсе пайда болбоду.

Таблица 1. Экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча иштеген калкты бөлүштүрүү (миң адам)

Көрсөткүчтөр	**2005**	**2008**	**2010**	**2012**	**2014**	**2016**
Экономикада иштегендердин бардыгы, анын ичинде:	**2077,1**	**2184,3**	**2243,7**	**2286,4**	**2302,7**	**2363,7**
Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы жана балык	799,0	743,0	699,1	688,2	727,3	633,3

улоочулук						
Тоо кен казуу жана иштетүү өнөр жайы	176,3	191,3	192,1	186,4	169,2	190,6
Электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү	35,2	37,8	41,4	34,3	30,9	29,4
Курулуш	153,7	221,9	240,1	259,0	270,4	302,0
Соода: автомобилдерди, тиричилик буюмдарды жана жеке колдонулучуу нерселерди оңдоо	301,5	319,4	337,5	346,3	347,8	368,5
Мейманканалар жана ресторандар	49,0	66,2	82,8	84,3	85,4	109,2
Транспорт жана байланыш	115,7	133,8	147,5	164,5	172,5	198,3
Финансы ишмердүүлүгү жана камсыздандыруу	8,2	12,2	18,2	23,1	25,0	25,9
Кыймылсыз мүлк операциялары, ижара жана керектөөчүлөргө тейлөөлөрдү көрсөтүү	34,1	49,7	58,4	60,3	45,5	36,6
Мамлекеттик башкаруу, аскердик коопсуздукту камсыздоо жана милдеттүү социалдык камсыздоо	102,3	101,7	99,9	109,3	94,8	100,5
Саламаттыкты сактоо жана социалдык жактан тейлөө	85,6	86,3	74,4	84,1	80,1	83,9
Билим берүү	161,8	156,1	171,9	180,4	177,2	206,7
Коммуналдык, социалдык жана жеке тейлөөлөрдү көрсөтүү	44,9	49,4	48,7	56,5	42,8	46,2
Үй чарбасынын иштери боюнча тейлөөлөр	8,8	15,4	31,1	8,7	19,0	16,2
Экстерриториялык уюмдардын ишмердиги	0,1	0,3	0,6	1,0	0,2	0,2

Булак. Кыргызстан цифраларда. –Бишкек.: УСК, 2005-2018-ж..

Таблицанын материалдары көрсөткөндөй, калктын иш менен камсыз болуу деңгээли акырындап жогорулоодо. 2005-2016- жылдарда республика боюнча иш менен камсыз болуунун жалпы деңгээли 286,6 миң адамга же 13,8%га өскөн.

Акыркы он жылдыктагы экономиканын бардык сектору боюнча калктын жумуш менен камсыз болуусун бөлүштүрүүдөгү өзгөрүүлөр байкалган, анын ичинде айыл чарбасында эмгектенгендердин санынын кыскаруусу (2005-жылы 38,5%дан 2016-жылы 26,8%га кыскарган) жана ошол эле учурда айыл чарбасынан башка бардык секторлордо жумуштуулуктун өсүүсү менен мүнөздөөгө болот.

Жумуш берүү масштабы боюнча Кыргызстанда айыл чарбасынан кийин экинчи болуп соода-сатык жана оңдоо чөйрөсү эсептелет. Алар бардык жумуштуулуктун 15,6 пайызын камсыз кылат. Үчүнчү орунда курулуш (12,8%), төртүнчү- билим берүү (8,7%), бешинчи - транспорт жана байланыш (8.4%), алтынчы – иштетүү өнөр жайы (8.0%), жетинчи – коомдук тамактануу жана мейманканалар (4,6%), сегизинчи – мамлекеттик башкаруу (4,2%), тогузунчу – саламаттыкты сактоо (3,5%). Калган бардык секторлордун үлүшүнө жалпы эмгектенгендердин 7,4 пайызы туура келет.

Мурдагыдай эле эмгек рыногу бул жерде жумушчулардын адистигине багыт алган. Мындан сырткары, жумуш берүүчүлөр сунуштаган бош орундарга жумушсуз жарандардын квалификациялык мүнөздөмөлөрү дал келбөөдө. Алардын арасынан айдоочулар, курулуш адисиндеги жумушчулар, тигүүчүлөр, балдар бакчаларынын тарбиялоочулары, инженердик-техникалык жумушчулар, сатуучулар, шахтерлор, слесарлар көбүрөөк маанаге ээ болууда. Демек, жарандардын жумушка орношуусу жумушчу күчүнө болгон суроо-талап менен сунуштун дал келбестигинен татаалдашууда. Ишканалар тараптан түшкөн жумушчуларга болгон муктаждыктардын жарымынан көбү өтө эле төмөн төлөнүүчү жумуш орундары түзүүдө. Ал эми жумуш издөөчүлөрдүн арасынан орто жана жогорку кесиптик билимге ээ болгон адистер басымдуу кылууда.

Калктын иш менен камсыз болуусун жогорулатууга жөндөмдүү болгон кичи жана орто бизнестерди өнүктүрүүнүн чоң үмүттөрү азырынча актала элек. Ишкерлердин ортончу классы азырынча калыптана элек жана ал республиканын экономикасын андан ары өнүктүрүү үчүн качан база болуп калаары азырынча белгисиз. Ошондуктан жеке менчик формадагы ишкердикти өнүктүрүүгө багыт алуу керек.

Таблица 2. Кыргыз Республикасында иштеп жаткан чарба жүргүзүүчү субъектилерди менчик формалары боюнча бөлүштүрүү (1-январга карата)

Менчик формалары	**Чарба жүргүзүүчү субъектилердин саны, бирдик**					
	2006	**2009**	**2012**	**2013**	**2017**	**2018**
Баардыгы, анын ичинде:	470587	415795	505116	541263	662269	683815
Мамлекеттик менчик	4308	2984	5484	6065	7161	7153
Муниципалдык менчик	6883	7235	6457	5937	4927	4928
Жеке менчик	459396	405557	493175	529261	650181	671734
Жыйынтыкка карата пайыз менен						
Баардыгы, анын ичинде:	100	100	100	100	100	100
Мамлекеттик менчик	0,9	0,7	1,1	1,1	1,1	1,1
Муниципалдык менчик	1,5	1,7	1,3	1,1	0,7	0,7
Жеке менчик	97,6	97,5	97,6	97,8	98,2	98,2

Булак. Кыргызстан цифраларда. –Бишкек.: УСК, 2005-2018-ж..

2- таблицада көрүнүп тургандай чарбалык субъектилердин түзүмүндө экономиканын мамлекеттик сектору өзүнүн мурдагы маанисин жоготкондугу байкалып турат. Ал болгону 1,1 %ды түзөт. Ошол себептүү мамлекеттик сектор эми калктын иш менен камсыз болуусунун туруктуу өсүүсүн камсыз кыла албайт.

Жеке менчик сектордун үлүшү 98,2 пайызга жеткен. Бул ишкердик ишмердүүлүгүндөгү жумуш менен камсыз болгон калктын санынын өсүүсүнүн жыйынтыгы болуп эсептелет. Ошондой эле калктын жумуштуулугунун өсүүсү үчүн жеке сектор чоң перспективага ээ. Чарбалык субъектилердин санынын 30 пайызына жакын алектенген

фермер жана дыйкан чарбалар дагы жумуш күчүн жалдабастан эмгектенет. Же алар азырынча өтө эле алсыз жана алардын каражаттары жалданма жумушчулардын эмгек акыларына эмес, өздөрүнүн учурдагы күйүүчү май, урук, жер семирткич, курулуш материалдары жана башка ушул сыяктуу чыгымдарына да жетпейт.

Эмгек рыногундагы татаалдашкан кырдаал, калктын иш менен камсыз болуусун жогорулатуу боюнча конкреттүү мамлекеттик программасыз эми эч жакка бара албайт жана ал канчалык тез иштелип чыгып жана күчүнө кирсе, ошончолук калктын жакырчылык деңгээли тезирээк төмөндөйт.

Таблица 3. Кыргызстандын калкынын жакырчылык деңгээли (жалпы калктын санын карата % менен)

Көрсөткүчтөр	2005	2007	2009	2011	2013	2015	2016
Жакырчылыктын жалпы деңгээли	43,1	35,0	31,7	36,8	37,0	32,1	25,4
Жакырчылыктын акыркы деңгээли	11,5	6,6	3,1	4,5	2,8	1,2	0,8
Жакырчылыктын тереңдиги	10,5	6,6	6,1	7,5	7,0	5,9	4,1
Жакырчылыктын курчтугу	3,6	1,9	1,8	2,2	2,0	1,6	1,1
Шаар калкы							
Жакырчылыктын жалпы деңгээли	29,8	23,2	21,9	30,7	28,5	29,3	18,6
Жакырчылыктын акыркы деңгээли	6,5	3,2	2,7	2,6	1,6	1,0	0,3
Жакырчылыктын тереңдиги	7,1	3,8	4,2	6,3	5,1	5,4	2,7
Жакырчылыктын курчтугу	2,4	1,1	1,3	1,8	1,4	1,5	0,6
Айыл калкы							
Жакырчылыктын жалпы деңгээли	50,8	41,7	37,1	40,4	41,4	33,6	29,0
Жакырчылыктын акыркы деңгээли	13,8	8,5	3,3	5,7	3,3	1,4	1,1
Жакырчылыктын тереңдиги	12,4	8,2	7,2	8,1	7,9	6,2	4,9
Жакырчылыктын курчтугу	4,3	2,3	2,1	2,4	2,3	1,6	1,3

Булак. Статистикалык жылдык. –Бишкек.: УСК, 2005-2018-ж..

2016-жылы республика боюнча калктын жакырчылыгынын жалпы деңгээли 25,4%ды түзгөн. Анын ичинде шаар жергесинде – 18,6 % жана айыл жергесинде – 29,0%. Мындай критикалык кырдаалдан чыгуунун жалгыз жолу калктын иш менен камсыз болуусун жогорулатуу болуп эсептелинет.

Жумушчу күчүнө болгон суроо-талап өзүнөн-өзү пайда болуп калбайт. Аны эл чарбасынын пропорцияларына эң жагымдуу шарттарды түзүп берүү жолу менен калыптандыруу керек. Ал үчүн жумушчу күчүнүн наркына дал келүүчү минималдуу эмгек акыны коюу зарыл. Ансыз экономиканы өнүктүрүү мүмкүн эмес. Республиканын калкынын төлөө жөндөмдүүлүгүнүн төмөндүгү калктын товарларга жана тейлөөлөргө болгон суроо-талабынын өсүүсүнө кепил боло албайт. Ошондуктан, эгерде суроо-талаптын өсүү мүмкүнчүлүгү болбосо, анда өндүрүштү өнүктүрүү үчүн эч кандай анык шарттар жок. Ошондой эле калктын жумуштуулугунун өсүүсүнө дагы шарт жок болот.

Адабияттар:
5. Абдымаликов К.А. Экономика Кыргызстана.- Бишкек, 2012.
6. Кыргыз республикасынын статистикалык жылдыгы. -Бишкек,2018
7. Кыргыз цифраларда. -Бишкек, 2018-жыл.
8. Кыргыз Республикасынын “иш менен камсыз кылуу жөнүндөгү” мыйзамы 14.01.1994-жыл

УДК 372. 882

«МАНАС ТААНУУ» КУРСУН ОКУТУУДА СТУДЕНТТЕРДИН ЭТНОМАДАНИЙ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

Тахирова Н.И., окутуучу
Ош мамлекттик университети

ФОРМИРОВАНИЕ ЭТНОКУЛЬТУРНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ СТУДЕНТОВ ПРИ ИЗУЧЕНИИ КУРСА «МАНАСОВЕДЕНИЕ»

Тахирова Н.И., преподаватель
Ошский государственный университет

FORMATION OF ETHNO-CULTURAL COMPETENCE OF STUDENTS TEACHING OF THE COURSE “MANASSTUDIES”

Takhirova N.I., lecturer
Osh State University

Аннотация: *Макалада жогорку окуу жайларында «Манас таануу» дисциплинасын окутуу процессинде кыргыз элинин этникалык маданияты менен тааныштыруунун методикалык жолдору, ыкмалары көрсөтүлөт. Бул проблема медициналык багыттагы колледждердин мисалында изилденбеген. Макалада «Манас» эпосун окутуу технологиялары чагылдырылат. Негизги багыт эпостогу мекенчилдик идеясынын калыптаныш процессин көрсөтүү болуп эсептелет. (Эмгек элдик педагогикалык көз караштарды ачып берүүгө багытталат).*

Аннотация: *В учебном процессе “Манасоведение” показаны методические приемы, пути ознакомления с этнической культурой кыргызского народа. Эта проблема в колледжах медицинского направления не исследована. В статье отражаются технологии обучения эпоса “Манас”. Основным направлением эпоса, считается процесс формирования идеи патриотизма.*

Abstract: *The teaching process of "Manasstudies" shows methodical techniques, the ways of acquaintance with the ethnic culture of the Kyrgyz people. This problem has not been studied in medical. The teaching teachnologes of epos Manas are reglectec in article. The main thrust of the epic is the process of forming the idea of patriotism. The formation of ideas of patriotism is a main thrust of epos.*

Түйүндүү сөздөр: *мекенчилдик, этнопедагогика, компетенттүүлүк, окутуу технологиялары, этномаданият, этномаданий булактар.*

Ключевые слова: *патриотизм, компетентность, технологии обучения, этнокультура, источники этнокультуры.*

Key words*: patriotism, competence, teaching technologies, ethnoculture, sources of ethnoculture*

«Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясында» «мекенчил, гуманист атуул-гражданиндин моделин реалдуулукка айландыруучу тарбия ишмердигине мазмундук кор, фундамент, база болуп бере алары» тууралуу белгиленип, «дүйнөнүн өнүккөн алдыңкы өлкөлөрү өз жарандарын эки чоң багытта – дүйнөлүк илим-билимди, маданиятты өздөштүрүүнүн жана улуттук рух дөөлөттөрдүн духунда тарбиялоо философиясына таянары» айтылат да, алар мындай максатта экендиги аныкталат: «Биринчиден... улуттук ыйык идея-дөөлөттөрдүн бири, бул – Ата Мекендин эркиндиги, көз карандысыздыгы идеясы. Кыргызстандыктын ыйык дөөлөтү – Эгемендүү Ата Мекен, Ала-Тоо. Ата Журт улуттук идеясынын символу бул – улуу «Манас». Ата Журттун азаттыгы, эркиндиги, өз алдынчалыгы, бөлүнбөс бүтүндүгү, бакыбаты үчүн карууну казык, башты токмок кылып кызмат кылуу, кара башты курман

чалуу идеясы, каарман күрөш өрнөгү, мекенге карата толуп-ташкан сүйүү сезими «Манаста» берилген. Манас бабабыздын анты:

Алты сан аман турганда,
Ыйык кыргыз жеримди,
Душмандын буту баскыча,
Асыл кыргыз элимди,
Тебелетип бөтөнгө,
Кор кылып карап жаткыча,
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Аткарбасам антымды,
Төшү түктүү жер урсун!
Көкө Теңир өзү урсун!!!

Манас атанын ушул улуу идеясы менен мекенибиздин уул-кыздары Барсбектен тартып Курманжан даткага чейин аба менен дем алгандай дем алып, тарыхта жашап, күрөшүп келишкен. Ата Журт менен камыр-жумур болуп жуурулушкан биримдиктен Ала-Тоо атуулу өз өмүрүнүн маңызын көргөн. «Ала-Тоомсуз, мен киммин? - Ата-энесиз жетиммин!» - деген ал. Ата Журттун эгемендүүлүгү улуттук идеясы жогоруда айтылгандай, ала-тоолуктун канында, социалдык-маданий генетикасында жашайт. Азыр да элдик менталитеттин тереңинде «жүрөк кагып» турат.

Бүгүнкү «Устаранын мизинде оодарылган заманда» (Арстанбек) Ата Журттун эгемендүүлүгүн, көз карандысыз өз алдынчалыгын Манас ата сыяктуу көздүн карегиндей сактоо, бир боор өлкөбүздү өнүктүрүү үчүн тикесинен тик туруп күрөшүү – дал ушул мекенчил менталитет, тагдырды Ата Журт кызыкчылыгына байлаган патриоттук принцип, эл-журттун боштондугун ыйык санаган улут идеясы бүгүнкү таалим-тарбиянын негизинде жатууга тийиш.

Экинчиден, таалим-тарбиянын пайдубалында жата турган дагы бир улуу идея-дөөлөт бар. Бул – бүгүнкү күндө актуалдуулугу күчөп турган биримдик, ынтымак философиясы. Өзүнүн тарыхый тагдырында калкыбыз ички бытырандылыктан, бөлүндүлүктөн, өз ара уруу чабыштарынан далай азап чеккен, бүгүн да трайбализм, жер-жерлерге бөлүнүүчүлүк илдетинен жабыр тартып отурат. Бирок ошондой болсо да, «Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет», «өлсөк бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөбөдө бололу» («Манас») деген патриоттук даанышмандык кыргыз социумунун ички өзөгүн тепчип өткөн дайымкы улут идеясы болуп келген. Дал ушундай философиядан улам кыйын-кезең кырдаалдарда калайык-калк бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып, бир туунун алдында биригишип, тарыхтын бороон-чапкындарынан аман-эсен чыккан учурлары көп болгон. IX кылымда Азияда өкүм сүргөн айтылуу кыргыз империясынын ийгилиги биримдик улуттук идеясына негизденгендигинде болгон. Алдыңкы акылман акыл-эс өз ара коюн-колтук алышкан, күмүштөй оролушуп, жездей чырмалышкан улуттук биримдиктин, калк аралык ынтымактын («Бирдик болбой – тирдик болбойт» – эл макалы. Өз ара ыркыбыз кетсе, «Пил да болсок жыгылдык, миң да болсок кырылдык» – Бакай. «Ырыс алды – ынтымак, ынтымагың жок болсо, алдыңдан таяр алтын так» – Калыгул. «Бакыт – чыгаандардыкы, бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгаргандардыкы» – Нурмолдо) идеясы улут тагдыры үчүн фундаменталдык маниге ээ экендигин терең туюнган. Улуттук биримдик идеясын бүгүн республиканын ички монолиттүүлүгүн чыңдоонун фактору катары таалим-тарбия ишмердигинин идеологиялык ориентири жана мазмундук философиялык базасы катары таалим-тарбияда активдүү жашатышыбыз зарыл» [1].

«Манас» эпосунун башталышы «бала», «балалуу болуу», «туяк», «туяк калтыруу», «мураскер тандоо» сыяктуу элдик педагогикалык идеялар менен байланышат. Кыргыз элдик педагогикасында уул баланын туулушу – жалпы уруунун кубанычы, анткени жоокерчилик заманда эркек бала элин коргогон, колуна найза, кылыч алып жоого каршы барган, бул же тигил уруунун күчү, кубаты аларда канчалык жоокер болор эркек балдары бар экендиги менен өлчөнүп, ченелген. Эпосто Манас туулуп, ата-энеси, эли сүйүнүп, сүйүнчү берүү, жентек берүү,

ат коюу салттарын элдик таалим-тарбия салттарынын негизинде өткөрөт. Мына ошол салттардын ар бирин студенттер өздөштүрүп чыгышы керек. Окутуудагы ушундай методикалык ыкмалардан кийин студенттер кыргыз элинин этногафиясындагы жана этнопедагогикасындагы байыртадан бери келе жаткан элдик ишенимдер, салттар, жөрөлгөлөр менен таанышып, этномаданий компетенттүүлүгү жогорулайт [2].

Медициналык колледждерде «Манас таануу» курсун окутууда студенттердин этномаданий компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга өзгөчө мүмкүнчүлүктөр бар.

Ал мүмкүнчүлүктөр биздин изилдөө боюнча төмөнкүлөр:

1. Эпосто кыргыздардын байыркы доордон азыркы күнгө чейинки эл турмушунун ар тараптуу чагылдырылышы.
2. Эпостун тексттинде элдик акылмандуулуктун берилиши.
3. Чыгармада элдик салттардын, жөрөлгөлөрдүн кеңири көрсөтүлүшү.
4. «Манас» эпосуна элдик рухтун өтө бекем сиңдирилиши.
5. Чыгарманын аябагандай бай жана көркөм элдик тил менен айтылышы.
6. Манасчылардын элдик педагогдор болгондугу.

Студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда «Манас» эпосунун ролун аныктоо үчүн «компетенттүүлүк» түшүнүгүнүн маанисин тактап алуу зарыл.

Компетенттүүлүк - кайсыл бир компетенцияда адамдын ошол ишти аткара алуу деңгээли, бул же тигил билимдин, илимдин тармагы боюнча билими, тажрыбасы, ык-машыгуулары, бир нерсени аткара алууга ылайыктуулугу, жөндөмдүүлүгү, колунан келе тургандагы, жарактуулугу. Компетенттүүлүк кандайдыр бир тармакта, чөйрөдө белгилүү бир натыйжага жетишүү, адамдын чеберчилигинин, жетишкендигинин деңгээли. «Компетенттүүлүк – бул адистин интеллектуалдык, психологиялык, моралдык жана ишмердик (функционалдык) абалы, ошол аркылуу анын канчалык билим алгандыгы, көндүмдөргө ээ болгондугу, тажрыйба топтогондугу, башкалардын ишмердүүлүгүн өзүнө сиңиргендиги, маалыматтар менен куралдангандыгы жана аларын кандайча колдоно алары аныкталат. Компетенттүүлүк бул - натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүш-туруш модели, алгоритм, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору.

Компетенттүүлүк: «предметтик тармактардагы конкреттүү аракеттерди эффективдүү аткарууга жөндөмдүү болуунун өзгөчө жолу» (Дж.Равен, англис психологу).

«Адамдын социалдык-профессионалдык турмуштук ишмердүүлүгүндө интеллектуалдык жана инсандык тажрыйбасына алып келүүчү негизги билим» (И.А.Зимняя).

Ал «сапаттын белгиси болуп, ишмердүүлүктүн конкреттүү тармагында таасир этүүнү талап кылат», «окуучунун болгон инсандык сапаттары жана белгилүү бир тармактагы ишмердүүлүк боюнча минималдык тажрыйбасы», т.а., «окуучулардын белгилүү даражада компетенцияга ээ болуусу» (А.В.Хуторской).

«Адистин белгилүү даражадагы билимге жана тажрыйбага ээ болуу деңгээли гана эмес, аларды профессионалдык кызматында керектүү учурда ишке киргизе алуусу» (Э.Ф.Зеера).

«Инсандын өзүн өзү иштетүү (реализациялоо) үчүн, тарбиялануучунун бул дүйнөдөн өзүн табуусу үчүн билимдин, ык-машыгуулардын жашап турушунун жолу» (В.В.Сериков), [3, 60-61].

«Манас таануу» дисциплинасын окутуу процессиндеги студенттер ээ болуучу этномаданий булактар.

«Манас таануу» курсун окутуу процессинде кыргыздардын этникалык маданиятын үйрөтүү башкы орунга чагат, бул болсо илимий тил менен айтканда, этномаданий компетенттүүлүк. Ал компетенттүүлүктү ишке ашыруучу мугалим, окутуучу жана тарбиялоочу. «Мындай татаал, бирок социалдык жана маданий деңгээлдеги маанилүү ишти алып баруучулардын биринчи катарында, албетте, келечектин ээлерин тарбиялоочу мугалимдер турушу керек. Демек, учурда иштеп жаткан жана келечектеги мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык жана практикалык жолдорун иштеп чыгуу Кыргызстандагы педагогика илиминин эң маанилүү маселелеринен болуп эсептелет, - деп жазат да Н.Асипова, андан ары оюн мындай улантат. – Мугалимдердин этномаданий

компетенттүүлүгүн калыптандыруу дегенде эң оболу бул маселедеги эки нерсени – «этномаданий» жана «компетенттүүлүк» түшүнүктөрүн ачык тактап кеткенибиз оң. Бул эки түшүнүктөрдүн орчундуусу жана Кыргызстандагы таалим-тарбия процессинин жалпы багытына, мазмунуна, билим берүү жана окутуу технологияларына түздөн-түз таасир этүүчү социалдык жана маданий феномен катары «этномаданият» түшүнүгүнө токтолмокчубуз. «Этномаданият» феномени өзүнүн түпкү маанисинде коомдук өсүп-өнүгүүнүн ажырагыс руханий көрсөткүчтөрү болуп эсептелген эки түшүнүктү – «этнос – улут» жана «маданиятты» өз ичине камтып турат. Бул эки түшүнүктүн ортосунда кайсы гана коом болбосун анын тарыхый өсүп-өнүгүүсүн шарттап турган кылымдардан бери келе жаткан биримдик жатат. Себеби бардык коомдук түзүлүштөрдө алардын тарыхый өсүп-өнүгүүсүнүн көрсөткүчү катары ар дайым маданият эсептелген. Латынча «маданият» «culture» деген сөз менен берилип, түпкү маанисинде табигый натуралдуу нерсени кайрадан иштетүү же маданиятташтыруу дегенди билдирет. Маданиятташтырылгандан кийин пайда болгон нерсе мурдагы табигый абалына караганда алда канча жакшырган, өзгөргөн абалга келип, жаңыча кызмат кыла башташы күтүлөт. Руханий маданияттын (илим, билим, тарбия, адеп-ахлак эрежелери, адабият ж.б.) жетишкендиктерин түздөн түз өлчөп же баалоо кыйындыкка турганы менен андай руханий дөөлөттөрсүз коомдук өсүп-өнүгүүнү, өзгөчө жаштарга туура тарбия берүүнү элестетүү кыйын» [4]. Мындай этникалык маданият биздин өлкөдө кыргыз элинин эне тили, үрп-адаттары, салттары, дини, элдик оозеки чыгармачылыгы, табыпчылыгы, көркөм өнөрү (комузчулук, узчулук, жыгаччылык, ырчылык, манасчылык ж.б.), элдик эмпирикалык билимдери жана тажрыйбалары, майрамдары жана оюн-зооктору ж.б. этнопедагогикалык түшүнүктөрү. Бул – кыргыз этносунун байыртадан калыптанган психологиясына, философиясына, педагогикасына, менталитетине, климаттык жана географиялык шарттарына байланыштуу жаралган руханий казынасы, башка улуттардан айырмалап турган менчик өзгөчөлүгү.

Төмөндө биз «Манас» эпосуна байланыштуу студенттер ээ боло турган этномаданий булактардын моделин сунуш кылабыз.

Таблица 2.1.1. – Манас таануу курсунда студенттерге сунушталуучу этномаданий булактардын модели



Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай, студенттер «Манас таануу» курсун окуп-үйрөнүү процессинде этнотилдик, этноэтикеттик, этнопедагогикалык, этноэкономикалык, этнографиялык маданий баалуулуктарга ээ болот, аларга ээ болуу үчүн окутуучу менен окуу

каражаттарынын (көркөм текст, окуу программасы, окуу китеби, аудио жана видео каражаттары, кошумча илимий жана методикалык эмгектер ж.б.) биримдиктеги таасирин алууга тийиш.

Студенттерге этномаданий билим берүүнүн башкы максаты – алардын этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруу, ал болсо мындай деңгээлден турат:

- этнофилологиялык (элдик тил, элдик оозеки чыгармачылык, оозеки сөз өнөрү);
- этнокөркөм чыгармачылык (элдик айтыш, элдик ыр-күү, элдик бий, чечендик өнөр, кол өнөрчүлүк ж.б.);
- этно жүрүш-туруш (бул элдик чарбалык-экономикалык жана тиричиликтик ишмердүүлүктө, салттарда, ырасымдарда, үрп-адаттарда, элдик оюн-зооктордо көрүнүүчү этноэтикеттин, этнопсихологиянын жана этнопедагогиканын стереотиптери);
- этно көз караштык (динде, мифологияда из калтырган адамдардын жаратылыш жана дүйнө тууралуу илимий эмес, эмпирикалык ой жүгүртүүлөрү).

Адабияттар:

1. Байгазиев С., Жээнбеков Б. Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы // Кутбилим, 2010, 20-авг.
2. Тахирова Н. Студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда “Манас” эпосунун ролу// Ош мамлекеттик университетинин жарчысы. - №2, 2018. – б.176-177.
3. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы [Текст] / А.Муратов. – Б.: «Турар». – б.554.
4. Асипова Н.А. Келечектеги мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелери жөнүндө. Китепте: Кыргызстан менен Түркиянын билим берүү жана экономикалык байланыш жолдору. Түзгөн Г.Таджиева. – Б.: 2008. – б.222-223.

УДК:378.14:881.111.1

АЗЫРКЫ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНЫН КОНТЕКСТИНДЕГИ СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРИНИН МАҢЫЗЫ ЖАНА МАЗМУНУ

Тыныбекова Ч.А., улук окутуучу
ctynybekova@inbox.ru
Ош мамлекеттик университети

СУЩНОСТЬ И СОДЕРЖАНИЕ САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ СТУДЕНТОВ В КОНТЕКСТЕ СОВРЕМЕННОЙ СИСТЕМЫ ОБРАЗОВАНИЯ

Тыныбекова Ч.А., ст.преподаватель
Ошский государственный университет

THE ESSENCE AND CONTENT OF STUDENTS’ INDIVIDUAL WORK IN THE CONTEXT OF MODERN SYSTEM OF EDUCATION

Tynybekova Ch.A., senior lecturer
Osh State University

Аннотация: *Макалада азыркы билим берүү системасынын контекстиндеги студенттердин өз алдынча иштеринин маңызы жана мазмуну каралат.*

Аннотация: *В статье рассматриваются сущность и содержание самостоятельной работы студентов в контексте современной системы образования.*

Abstract: *This article is about the essence and content of students’ independent work in the context of modern education system.*

Түйүндүү сөздөр*: өз алдынча иштер, окуу процесси, маңыз, окуу каражаттары, уюштуруу формасы, окуу ишмердиги*

Ключевые слова: *самостоятельная работа студентов, учебный процесс, сущность, средства обучения, форма организации, учебная деятельность.*

Key words: *students' independent work, learning process, essence, teaching dials, forms of organization, teaching activities.*

Сырттан алып караган адамга жөнөкөй эле маселе болуп көрүнгөн "өз алдынча иштер" түшүнүгүнүн маани-маңызына жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасына анализ жүргүзүп карап чыккан болсок, келип чыккан теориялык тажрыйбалардын жыйынтыгында - бул маселе боюнча талаш-тартыштар абдан көп экендигине күбө болобуз. Маселен, Ю. К. Бабанский, Л.В.Жарова, А.В.Усова сыяктуу окумуштуулар "өз алдынча иштер" түшүнүгүн окуу процессине катышып жаткан окуучулардын билим алуу ыкмалары катары карашат. Ал эми Б.Н.Есипов, Т.И.Шамова, Л.Г.Гендлер, ж.б.у.с. изилдөөчүлөрдүн дагы бир тобу – билим берүү ишмердигин уюштуруу, же билим берүүнүн бир формасы катары мамиле кылышат. Кийинки багытты карманган А.Н.Леонтьев, П.И.Пидкасистый сыяктуу окумуштуулардын тобу – окутуунун каражаты катары карашат.

Биздин түшүнүгүбүздө, жогоруда белгиленген аныктамалардын бардыгын окутуунун дидактикалык –усулдук түрүнө кошууга болот. Тагыраак айтканда, бул аныктамалар өз алдынча иштердин инструменталдык, прикладдык маңызын белгилейт.

"Өз алдынча иштердин" маңызына жогоруда берилген аныктамаларды кабыл алуу менен эле чектелип, бул маселенин башка тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн типологиялык негиздеги натыйжаларын көз жаздымда калтырууга болбойт. Себеби алар "өз алдынча иштердин" маңызынын жалпы контекстиндеги түшүнүктөргө анализ жүргүзүү багытындагы биз көздөгөн кызыкчылыктарга дал келет.

Э.Ф.Зеердин, Э.Э.Сыманюктун изилдөөлөрү жана жогоруда биз карап чыккан илимий эмгектердин жыйынтыгы - бүгүнкү доордогу социалдык-экономикалык прогресстин учкул ылдамдыгына ылайык, өз ишмердигин ийгиликтүү түзүүгө, коомдук технологиянын жана коомдук өнүгүүнүн өзгөргөн шартына ыкчам адаптацияланууга адамзат гана жөндөмдүү экендигин айгинелейт. Мына ушундай адаптациялардын негизинде илим-билимдин үзгүлтүксүз өсүп турушу жана ага карата жаңы жана актуалдуу шык-жөндөмдөрдүн трансформацияланышы орун алган [1].

Бул жерден кандай гана шык-жөндөмдүн түрү болбосун, ал ар кандай ишмердиктеги тажырыйбаларды өздөштүрүүнүн жыйынтыгынан түптөлө тургандыгын белгилей кетишибиз керек. Ал эми тажырыйбанын өзүн – адамзат тарыхынын жыйындысына эмес, жеке адамга байланыштуу карай турган болсок, анда ал жеке адам алдына коюлган тапшырманы өз алдынча чечүүдө ээ болгон индивидуалдык-өздүк категория болуп каларын эскерте кетишибиз керек. Себеби мына ушул категориядан өсүп келе жаткан муунду окутуудагы өз алдынча иштерди уюштуруунун ролун жогорулатуу маселесинин бизди кызыктырган артыкчылыктары аныкталат. Дал ушул категория аркылуу окуу ишмердигинин шартында, өз алдынча иштердин максатка ылайык уюштурулушунда - алдыга коюлган тапшырмаларды өз алдынча чечүүдөгү тажырыйбалар үзгүлтүксүз байып турганы белгиленет. Мындан тышкары, таксономия эрежелерине ылайык, негизги максаттын жүзөгө ашырылышын камсыз кылып, ал максатка ылайык анын багытын өнүктүрүүгө жана алардын иерархиясын түзүүгө болот. Бул идеяны ар бир окумуштуу ар башка жол менен иш жүзүнө ашырышат. Мисалы, П.И.Пидкасистый окуучулардын өз алдынча иштеринин эволюциялык этаптарын каттап, аларды төмөндөгүдөй максаттуу курулуштар менен коштоп караган:

1) түптөлгөн билим, аракет жана предметтер аралык байланыштардын жүзөгө ашырылышынын деңгээлиндеги кеңейтилген тажырыйбанын пайдаланылышы;

2) окуу тапшырмаларын өз алдынча аткаруу үчүн белгилүү бир билимди түрдүү аракеттерди пайдаланып, окутуучунун көрсөтмөсүнөн ар кандай билимди өз алдынча өздөштүрүүгө өтүшү;

3) айрым-айрым операцияларды аткаруу аракетинин түптөлүшүнөн тапшырмаларды аткаруунун жалпы аракетине өтүшү;

4) даяр түрдө ээ болгон аракеттердин өз алдынча жаңы аракеттердин ачылышына жана алардын системасына өтүшү;

5) таанып билүүдөн ээ болгон конкреттүү шык-жөндөмдүн - окуу ишмердигинин бүтүндөй структурасында ээ болгон өзгөчө маанидеги таанып билүүгө өтүшү;

6) өздөштүргөн билимди пайдалануда предметтер аралык мүнөздөгү аракетти талап кылган тапшырмалардын чечилишиндеги репродуктивдүү мүнөздүн - тапшырмаларды чыгармачылык менен аткаруу мүнөзүнө өтүшү [2].

Окуучулардын өз алдынча иштери боюнча П.И.Пидкасистыйдын интерпретациясындагы баалуулук – репродуктивдүү билим берүү ишмердигинин креативдүү окуу ишмердигине көтөрүлүү процедурасынын ачык-айкындуулугунда экендиги талашсыз. Андагы идеянын убактылуу чагылдырышы менен шартталышы (2003-ж.), өз алдынча иштердин аткарылышында жеке ой жүгүртүү аспектилерине басым коюлбагандыгы анын негизги кемчилиги катары белгиленип келет.

Биздин көз карашыбызда, мындай баалуу түшүнүктөрдү студенттер эффективдүү өздөштүрүшү үчүн, алардын өз алдынча иштеринин уюштурулушун төмөнкүдөй даражада бөлүштүрүлүшү зарыл болот:

1) сабактардан тышкары кабыл алынган илимий маалыматтарды ийгиликтүү өздөштүрүү жөндөмүнүн калыптанышы;

2) окуудагы (окуу-практикалык) тапшырмаларды аткарууда берилген маалыматтарды пайдалануу жөндөмүнүн калыптанышы;

3) окуудан башка коомдук турмуш ишмердигинде келип чыккан (эвристикалык, изилдөө) маселелерин чечүү багытындагы жетишпеген маалыматтардын үстүнөн изденүү жөндөмүнүн калыптанышы;

4) актуалдуу маалыматтардын үстүнөн үзгүлтүксүз изденүү багытындагы позитивдүү мамиленин калыптанышы, таанып билүү кызыкчылыгында өзүн-өзү өстүрүүнүн үстүнөн тынымсыз иштөө жөндөмүнүн өнүгүшү;

5) программага киргизилбеген (өз алдынча изденүүдөн кабыл алынган) маалыматтар менен иштөө, аларды баалоо жана ал маалыматтардын керектүүлөрүн иргеп алуу жөндөмүнүн, практикалык таанып билүү ишмердигиндеги адаттан тыш кырдаалдарда аларды пайдалана билүү жөндөмүнүн калыптанышы;

6) өз алдынча кабыл алган маалыматтардын негизинде келип чыккан жаңы ыкмаларды пайдалануну - практикалык ишмердикте, коомдук суроо-талаптын эволюциясынын адекваттык өзгөчөлүгүндө кеңейтүү жөндөмүнүн калыптанышы.

Жогоруда мисал катары каралган окумуштуулардын көп кырдуу изилдөөлөрүнүн натыйжаларына таянып, алар билгилеген аныктамалардын, биздин жүргүзгөн көп кырдуу анализдин жыйынтыгынын негизинде – өлкөбүздүн азыркы билим берүү системасында кеңири пайдаланылып келе жаткан “студенттердин өз алдынча иштери” түшүнүгүнүн маңызы да, мазмуну да студенттердин өздүк бийиктигинен көз каранды болот деген жыйынтыкка келүүгө болот. Ошону менен катар эле өз алдынча иштердин максаты да студенттердин өздүк таанып билүү жөндөмүнө ылайык аныкталып, тапшырмаларды аткарууда колдонула турган ыкмаларды пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө жараша уюштурулушу керек экендигин белгилей кеткибиз келет. Ошондон улам студенттердин өз алдынча иштеринин маңыздык структурасын төмөнкүдөй элестетүүгө болот:



1-сүрөт. Студенттердин өз алдынча иштеринин структурасы

Биздин изилдөөбүзгө чейин бул багытта иштелген илимий эмгектерге анализ жүргүзүп көргөндөн кийин, белгиленген маселе боюнча төмөнкүдөй багыттарда негизги илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн деген жыйынтыкка келдик:

- өз алдынча иштерди активдештирүүнүн ыкмаларын жана формаларын окуп үйрөнүү;
- студенттердин аудиториядан тышкаркы өз алдынча иштеринин структурасына жана көлөмүнө анализ жүргүзүү;
- студенттердин бюджеттик убактысындагы аудиториядан тышкаркы өз алдынча иштерин уюштуруу жана пландаштыруу, башкаруу ыкмаларын иштеп чыгуу, анализ жүргүзүү;
- өз алдынча иштердин классификацияланышы, мындай иштердин уюштурулушунда илимий негиздеги физиологиялык жана гигиеналык жактан каралышы;
- студенттердин өз алдынча иштеринин маңызы.

Биздин түшүнүгүбүздө, “студенттердин өз алдынча иштери” - окуу процессине, илимий жана кесиптик маселелердин чечилишине зарыл болгон маалыматтарды өз алдынча издеп, билимин өз алдынча тереңдете турган ишмердик катары чечмеленет. Ишмердиктин бул түрү - чыгармачылык менен кабыл алуу, окуу процессинин жүрүшүндө берилген окуу материалынын тегерегинде ой жүгүртүү, сынак, зачетторго өз алдынча даярдануу, курстук жана дипломдук иштерди аткаруу; сабак учурунда же аудиториядан сырткары, түздөн-түз жетекчиликке алынбай, бирок окутуучунун көзөмөлүнүн алдындагы студенттердин жеке жана тайпалык таанып билүү түрлөрү сыяктуу көптөгөн элементтердин жыйындысынан куралат.

Адабияттар:

1. Гарунов М.Г. Самостоятельная работа студентов. М., 1998.
2. Жарова Л. В. Учить самостоятельности: кн. для учителя. М., 1993.
3. Нильсон О.А. Теория и практика самостоятельной работы учащихся. Тал-лин, 1976.
4. Пидкасистый П.И. Сущность самостоятельной работы студентов и пси-холого-дидактические основы ее классификации // Проблемы активизации самостоятельной работы студентов. Пермь, - 2000.
5. Платохина Н.А. Самостоятельная работа — условие стимулирования активной учебно-познавательной деятельности студентов // Известия Волго- градского государственного технического университета. 2006. №8. С. 51—53.
6. Унт И.Э. Индивидуализация и дифференциация обучения. М., 1990.

УДК:378.14:881.111.1

ОКУТУУ ПРОЦЕСИНДЕ МААЛЫМАТТЫК-КОММУНИКАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫН ПАЙДАЛАНЫЛЫШЫ

Тыныбекова Ч.А., улук окутуучу
Ош мамлекеттик университети

ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ИНФОРМАЦИОННО-КОММУНИКАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ПРОЦЕССЕ ОБУЧЕНИЯ

Тыныбеков Ч.А., старший преподаватель
Ошский государственный университет

USING INFORMATION AND COMMUNICATION TECHNOLOGIES IN THE LEARNING PROCESS

Tynybekova Ch.A., senior lecturer
Osh State University

Аннотация: *Макалада окутуу процессинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануунун артыкчылыктары көрсөтүлдү.*

Аннотация: *В статье рассматриваются преимущества использования информационно-коммуникационных технологий в процессе обучения.*

Abstract: *This article is about the benefits of information and communication technologies in the learning process.*

Түйүндүү сөздөр: *компьютер, өз алдынча иштер, маалыматташтыруу, маалымат булактары, маалыматтык-коммуникациялык технология*

Ключевые слова: *компьютер, самостоятельная работа студентов, информирование, информационные источники, информационно-коммуникационная технология.*

Key words: *computer, students' independent work, resources, information and communication technology.*

Кыргыз Республикасы эгемендүү мамлекет катары таанылган күндөн баштап "маалыматтык технологиялар түшүнүгү" кеңири тарап, бардык тармактарда электрондук коммуникациялык каражаттардын жардамында ыкчам иштөөгө мүмкүнчүлүк түзгөн эсептөө техникаларынын ордун алмаштырган өнүгүүнүн сапаттуу жаңы этабы башталды.

Себеби, азыркы коомдун бардык аспектилеринде жүргүзүлгөн иш-аракеттерди маалыматтык технологиясыз элестетүү мүмкүн эмес.

Айрыкча, жогорку окуу жайлардын шартында пайдаланылган бул технологиялар студенттердин билим алууга болгон мотивациясын күчөттү.

Бул жерде биз – билим берүү мазмунунун өзгөргөндүгү, анын маалыматтык маданиятка ээ болушу, анын ичинде адамдын инсандык артыкчылыктары жана кесиптик компетенциясы жөнүндө кеп кылууну ылайык көрдүк. Себеби, азыркы маалыматтык технология билим берүүдөгү бийиктиктин негизине жол ачат. Ал эми билим берүүнүн бул багыттагы маселелеринин чечилиши – педагогдордун кесиптик даярдыгы менен тыгыз байланышта жүрөт. Тагыраак айтканда, азыркы маалыматтык технологияларды пайдалануу негизделген педагогдордун даярдыгы талап кылынат.

Биздин көз карашыбызда, маалыматтык технологияларды пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн билим берүү системасында күчөтүлүшү – бүгүнкү күндүн негизги талаптарынын бири. Себеби, студенттердин бир тараптан маалыматтык технологияларды керектөөчү, пайдалануучу, экинчи тарабынан, келечекте ар кандай чөйрөлөрдө колдонуу үчүн маалыматтык технологияларды түзүүчү катары эсептелиши билим берүү системасынын ушул багыттагы артыкчылыгы болуп эсептелет. Бирок бул жерден компьютердин мүмкүнчүлүгүн артыкча баалап жиберүүгө жол берилбеши керек. Себеби, компьютердин маалымат берүү мүмкүнчүлүгү канчалык көп болсо да, аны билимдин түрүн да, таалим-тарбияны да кошо сиңирип берүү мүмкүнчүлүгү жок. Ошондуктан, маалыматтык технологиялар ар тараптуу билим, таалим-тарбия берүүдөгү педагогдун эффективдүү көмөкчү каражаты катары пайдаланылат.

Бардык педагогикалык технологиялар кандайдыр бир деңгээлде маалыматтык болуп эсептелет. Анткени, окуу-тарбиялык ишти педагог менен студенттердин ортосунда маалымат алмашуу процесси коштоп жүрөт. Бирок биздин түшүнүгүбүздө, окутуудагы маалыматтык технологиялар (ОМТ) – ыкмалары, маалыматтар менен иштөө үчүн атайын ыкмалар, программалык жана техникалык каражаттары (кино, аудио жана видео каражаттары, компьютер, телекоммуникациялык желе) пайдаланылган педагогикалык технология болуп саналат [1, 35-б.]. Ошентип, ОМТ түшүнүгү – окутуудагы жаңы мүмкүнчүлүктүн түзүлүшү (педагогдун ишмердиги), жаңы билимди кабыл алуудагы жаңы артыкчылык (студенттин ишмердиги), окуу сапатын баалоо жана окуу-тарбиялык иштин жүрүшүндөгү студенттердин инсандык ар тараптан өнүгүшү катары кабыл алынышы шартталат. Ал эми билим берүү системасын маалыматташтыруунун негизги максаты - "студенттердин күндөлүк, коомдук турмушка жана маалыматтык коомдун шартындагы ишмердүүлүктөрдүн бардык адистик чөйрөлөрүнө толук кандуу жана эффективдүү катышууга даярдоо" болуп саналат [2,29-б.].

Маалыматтык билим берүү чөйрөсү окуу процессинде колдонулган азыркы технологиялар төмөнкүдөй артыкчылыктагы мүмкүнчүлүктөрдү жүзөгө ашырууга жол ачат:

-берилип жаткан жаңы материалдар көзгө көрүнүп тургандыктан, өзүнө тартып, кызыктырып маалыматтык көлөмүн кеңейтип, үйрөнүлүп жаткан нерсени ар тараптуу караганга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Анын эсебинен окуу материалдарын түшүндүрүп берүү ыкмаларынын арсеналы кеңеет да ага бөлүнгөн убакыт үнөмдөлөт. Мындан улам программадагы материалдарды өздөштүрүү жакшырат;

- тапшырмалардын татаалдык деңгээлине жараша бөлүштүрүүгө негиз болот;
- окуу мотивацияларынын жогорулашына жол ачат;

Билим берүү чөйрөсү канчалык көп кырдуу болсо, ар бир студенттин индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү ошончолук жеңил болот.

[6, 296-б.].

Азыркы коом үзгүлтүксүз өнүгүү жолундагы маалыматтык технологиялар менен мүнөздөлөт.

Бүгүнкү күндөгү ЖОЖдордогу билим берүү процессинде студенттерди ар тараптан өнүктүрүү, аларды инсан катары калыптандыруу – окутуучулардын учурдагы негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Ал эми жогорку окуу жайлардын билим берүү ишмердигин маалыматташтыруу – окуу процессинин эффективдүүлүгүн күчөтүү максатында МТ каражаттарын пайдалануунун жемиштүү жолун издөөгө, студенттердин келечектеги кесиптик ишмердигинде МТ каражаттарын колдонуу ыкмаларынын өнүшүнө негиз болот [5,608С.].

Биздин көз карашыбызда, азыркы маалыматтык технологиялардын пайдаланылышы, билим берүү системасынын модернизацияланышы мындан кийин да бир топ жылдарга чейин актуалдуу маселе бойдон калат. Демек, ар бир окутуучу үчүн негизги максат – маалыматтык технологияларды жогорку деңгээлде пайдалануу жолу менен сапаттуу билим берүүнү камсыз кылуу болушу керек.

Окуу процессинде компьютердик слайддардын көрсөтүлүшү аркылуу интерактивдүү практикалык сабак маалыматтык таанып-билүү мазмунунда бир топ эмоционалдуу боёкторго ээ болот. Мындай артыкчылыктарга жетишүү үчүн окутуучу компьютердеги «Office» программасынан «Power Point» колдонмосун пайдаланып, алдын ала керектүү сандагы слайддарды иштеп чыгып, аларды үн коштогон видео маалыматтар жана анимациялык элементтер менен толукташы керек. Албетте, мындай ийгиликке жетишүү үчүн квалификациясын белгилүү деңгээлде жогорулатуу талабы коюлат.

Сабак өтүп жаткан учурда окутуучу маалыматтарды слайдда эпизодгө бөлүп, иллюстрация түрүндө көрсөтөт. Мындай артыкчылык студенттердин окуу материалдарын өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтет. Ал эми гуманитардык сабактардагы анимация элементтерине үн эффектисинин дал келиши, ага ылайык окутуучу тарабынан берилген комментарийлер студенттердин кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн кыйла жакшыртат. Ошону менен катар эле окуу процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатып, окуу материалдарына болгон түшүнүктү тереңдетет [4,463с].

Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын пайдаланылышындагы негизги каражат – зарыл болгон бардык программалар жана керектүү жабдыктар: проектор, мультмедиялык доска, колонкалар ж.б.у.с. менен камсыздалып толукталган компьютер болуп саналат.

Электрондук билим берүү каражаттарынын даярдалышы - билим алуунун мыкты булагы болуп саналат. Мына ушуга байланыштуу, жогоруда айтылган артыкчылыктарды эске алып, билим берүүдө пайдаланылган маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын усулдук чөйрөдөгү белгилерин төмөнкүдөй классификациялоого болот:

Окуу каражаты	билим алуу, шык-жөндөм жана материалдардын өздөштүрүү деңгээлинин жеткиликтүү камсыздалышы
Машыгуу каражаты	өзүнүн билимин текшерүү, ыкмаларды иштеп чыгуу
Маалыматтык изилдөө жана	зарыл болгон маалыматтардын изделиши

маалымат алуу каражаты	
Демонстрациялык каражат	зарыл болгон каражаттардын визуалдык кабыл алынышы
Имитациялык каражат	реалдуу объектинин моделинин алмашышы, реалдуу системанын жогорку деңгээлде так сүрөттөлүшү
Лабораториялык каражат	эксперименттерди жана тажырыйбаларды жүргүзүү мүмкүнчүлүгү
Моделдештирүү каражаты	объектинин моделинин түзүлүшү
Эсеп-кысап каражаты	эсеп-кысап, формулалардын ж.б.у.с. автоматташтырылышы
Оюн-сабак каражаты	окуу процесси оюн түрүндө көрсөтүлүшү

Жыйынтыгында билим берүү системасында маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануунун бир топ артыкчылыктары менен эле аларды коштоп жүргөн айрым кемчиликтер да бар экенин айта кеткибиз келди. Ал кемчиликтердин ичинен негизгилери болуп – бөтөн бирөөнүн материалдарын өздүк кылып пайдалануу мүмкүнчүлүгү, тагыраак айтканда, плагиат болуп эсептелет. Даяр рефераттарга, докладдарга жана аткарылган тапшырмаларга болгон көз карандылык окуунун эффективдүүлүгүн төмөндөтөт. Ошондуктан, МКТ (маалыматтык-коммуникациялык технологияларды) ойлонуп туруп, эс-акыл менен пайдалануу керек.

Адабияттар:

1. Гарунов М.Г. Самостоятельная работа студентов. М.,Знание,1978.-35с
2. Дайри Н.Г. О сущности самостоятельной работы. Народное образование.
3. -1963.№5. – С.29-34.
4. Жарова Л.В. Учить самостоятельности: книга для учителя. М., Просвещение,1993.-С.203.
5. 4. Э. Ф. Зеер, А. Е.А. Гнатышина Сущность,цели и содержание самостоятельной работы. Вектор науки ТГУ. Серия: Педагогика, психология. 2013. № 4 С.63
6. Пидкасистый, П. И. Педагогика : учеб. пособие для студентов пед. вузов и пед. колледжей / П. И. Пидкасистый. – М. : Пед. Из. России, 2003. – С.608
7. Чекалева, Н. В. Педагогическая подготовка будущего учителя профессиональной деятельности в современной школе : науч. - метод.материалы / Н. В. Чекалева. – СПб. : Кн. дом, 2008.– С.296 .

УДК 398.22

КАЮМ МИФТАКОВ –«МАНАС» ЭПОСУН ИЗИЛДӨӨЧҮ

Ураимова Г.Ш., окутуучу
Апшыр Ата толук эмес орто мектеби

КАЮМ МИФТАКОВ – ИСЛЛЕДОВАТЕЛЬ ЭПОСА “МАНАС”

Ураимова Г.Ш., преподаватель
Неполная средняя школа Апшыр Ата

KAIUM MIFTAKOV - THE INVESTIGATOR OF THE EPIC “MANAS”

Uraimova G.Sh., lecturer
Junior Secondary School Apshyr Ata

Аннотация: *Макалада “Манас” эпосун алгачкы изилдөөчүлөрүнүн бири фольклорист К.Мифтаковдун эпосту жыйноо, изилдөө боюнча эмгеги каралды.*

Аннотация: *В статье рассматривается вклад фольклориста К.Мифтакова в сбор и исследование материалов эпоса “Манас”.*

Abstract: *The article discusses the contribution of folklorist K. Miftakov in the collection of materials and the study of the epos “Manas”.*

Түйүндүү сөздөр: *К.Мифтаков, фольклор,“Манас”эпосу, эпосту жыйноодогу салым, аны изилдөө.*

Ключевые слова: *К.Мифтаков, фольклор, эпос “Манас”, вклад в сбор, исследование эпоса.*

Key words: *K.Miftakov, folklore, the epos “Manas”, contribution to the collection and study of the epos.*

Улуу эпос “Манасты” алгачкы жыйноочу жана изилдөөчүлөрдүн бири К.Мифтаков 1882-жылы Уфа губерниясындагы Злата уездинде туулган. Бул жер азыр Россия Федерациясындагы Башкортстанга караштуу болуп, Салават районунун Нисибаш айылы деп аталат. Ал адегенде ошол жердеги “Расулия” диний мектебинен окуган. Адепки кесиби боюнча К.Мифтаков педагог болгон, кийинчерээк улам барган сайын фольклорго кызыгуусу артып, элдик оозеки чыгармаларды жыйноого киришет. 1911-1919-жылдарда Кустанай, Семипалатинский, Торгай, Жети-Суу өрөөндөрүндө мугалим болуп иштеген. Ал оозеки мурастын маанисин терең түшүнүп, башкырт, татар, казак элдеринин оозеки чыгармачылыгын жыйноодо бир топ тажрыйба топтогон.

Кыргыз фольклорун жыйноо, изилдөө, алардын мазмуну, тематикасы жана жанрдык бөтөнчөлүктөрү боюнча белгилүү бир тартипке келтирүү жумуштары жагынан да К.Мифтаков өтө көп эмгектенген. 1920-жылдардан баштап өмүрүнүн аягына чейин Мифтаков Кыргызстандын бардык айыл-кыштактарын кыдырып чыгуу менен жүздөгөн басма табак көлөмүндөгү оозеки чыгармалардын үлгүлөрүн жыйнаган [4.108].

Окумуштуу 1920-жылы Таластын Грозный районунда мектеп инспектору болуп иштеп жүрүп, ал аймактагы акын, жомокчулардан ар түрдүү ыр-санжыраларды, Манастын күмбөзү жөнүндөгү маалыматтарды кагаз бетине түшүргөн. 1921-жылы Каюм Мифтаков өз демилгеси менен кыргыз элинин оозеки чыгармаларын жыйноо боюнча ийримдерди уюштурган. Андан Сапарбай Сооронбай уулу, Чаки Каптагай уулу, Смат Кемпир уулу, Насирдин Бото уулу сыяктуу инсандар менен үлгү алып, фольклор жыйноо ишине жардам беришкен.

К.Мифтаков биринчи иретте элдик оозеки чыгармаларды жыйноочу болуп саналат. Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгында анын колу тийбеген, идеялык-көркөмдүк жагынан жеткилең үлгүлөрү жазып алынбаган бир да жанр жок. “Манас” эпосунун варианттарынан тартып макал-лакап, ар түрдүү ырлар, элдик поэмалар, эл башынан кечирген тарыхый окуяларды баян эткен санжыра сөздөргө чейин калк арасынан кагазга кастарлап түшүргөн.

Дагы бир белгилеп кетүүчү нерсе, учурда КРУИАдагы кол жазма фондунун негизин түзгөн материалдардын эл оозунан жазылып алынышы К.Мифтаковдун, анын

шакирттеринин ысымы менен тыгыз байланышта каралат. Кыргыз оозеки сөз өнөрүн ырааттуу түрдө, белгилүү бир илимий инструкциянын негизинде жыйноо, иреттөө жана жарыялоо ишинин башталышы да К.Мифтаковдун ысымы менен байланыштуу. Ал кыргыз фольклорун жанрдык жактан классификациялоону да биринчилерден болуп колго алган.

К.Мифтаковдун өмүрү менен иш-аракетинин кыргыз фольклористикасынын өтө маанилүү учурунун бири Нарын аймагына оозеки чыгармаларды жыйноо экспедициясын уюштуруп, “Манас” эпосун Сагымбай манасчыдан жазып алуу ишин башташы болуп эсептелет. Ыбырайым Абдыракман уулун “Манас” эпосун жыйноого тарткан да ушул инсан болгон. Кийин Ы.Абдырахманов кыргыз улуттук илимдер академиясында көп жылдар үзгүлтүксүз эмгектенип, бараандуу окумуштуу болгону белгилүү.

К.Мифтаков кыргыз жерин кыдырып, Ат-Башы, Орто-Сырт, Ак-Сай, Арпа жайлоолорунда, Тогуз-Торо, Кочкор өрөөнүндөгү айыл-кыштактарда болуп, Сагымбай Орозбак уулу, Тоголок Молдо, Молдобасан Мусулманкул уулу сыяктуу кыргыз элине кеңири белгилүү манасчылардын, төкмө акындардын чыгармаларын жыйнаган, Тоголок Молдодон “Семетей” эпосунан “Семетейдин Айчүрөккө барганы” деген окуясын, Молдобасан Мусулманкул уулунан “Жаныш-Байыш”, “Эр Курманбек” эпосторун биринчилерден болуп жазып алган.

1920-жылдардан Каюм Мифтаковдун элдик адабиятты жыйноо иши активдешет. Совет мезгилинде сабатсыздыгы жоюла баштаган калайыкка элдик адабиятты жыйнап, китеп чыгарып, тартуулоо ошол мезгилдин орчундуу маселеси болгонун тарых тастыктайт. Окумуштуунун Кыргызстанга келиши менен элдик адабият да, «Манасты» жазуу иши да башталат. Ушул эле жылы партиянын Нарын шаардык комитетинин катчысы Касымбай Телтаевдин түздөн-түз тапшыруусу боюнча жогоруда белгиленгендей, К.Мифтаковдун үзөңгүлөшү Ыбырайым Абдракманов «Манас» эпосун жазууга киришет. Нарындын Солтонсары жайлоосуна Сагымбайды алып барып, Манасты туулгандан баштап окуясын жаза баштайт.

1922-жылы оозеки адабияттын көркөм үлгүлөрүн жыйноочу фольклорист Каюм Мифтаков Молдобасан Мусулманкуловго Ак-Талаадан жолугуп, андан “Жаныш-Байыш”, “Курманбек”, “Жаңыл Мырза” дастандарын жана көптөгөн элдик чыгармачылыктын кооз үлгүлөрүн жазып алат.

Каюм Мифтаков Молдобасандын аткаруучулук чеберчилигине: “Молдобасандын үнү жакшы, мукамдуу, комуз менен кыякка (баянга) ойноо жагынан кыргыздардын ичинде биринчи киши саналышы мүмкүн. Кыргызда ар түрдүү акындар көп болсо да добушу (үнү) жакшы акындар аз. Мен көргөндөн Молдобасанга теңдеше алчу бир гана киши бар. Ал - Таласта Жайылган деген жерде жашаган Алымкул Үсөнбай уулу”, - деген баасын берген [3.97].

Тилекке каршы, Молдобасан Мусулманкуловдун айтуусунда бир дагы дастандан үзүндү тасмага жазылбай калган. Ошондой болсо да кагаз бетине жазылып калган дастандардын үзүндүлөрүн ак таңдай акындар айтышкан. Маселен “Сарынжи-Бөкөй” дастанына келсек, анын А. Үсөнбаев менен С. Конокбаев айткан эки башка вариантын 1920-жылдары фольклорист Каюм Мифтаков жазып алган.

Талас жергесинен Каюм Мифтаков жеке өзүнүн демилгеси менен 1923-жылы төрт ай бою оозеки чыгармачылыктын ар кыл темалары менен жанрларын жазып алууга үлгүргөн. Бердибай уулу Эркебайдан “Алмамбеттин Сарала”, “Алмамбеттин көрүнүшү”, “Сыргактын көрүнүшү”, “Каныкей Манастын зайыбы”, “Манастын Аккуласы”, Конокбаев Сулаймандан “Манастын кийимдери”, Рыскулбеков Сулаймандан “Манастын күмбөзү”, “Таласты мактоо” ж.б. эпизоддорду жазып алган [4.108].

Ал 1936-41-жылдары Жаңыбай Кожек уулунан “Семетей” эпосун кагаз бетине түшүргөн. Андан 50 миңге жакын сап ыр жазып алган. Каюм Мифтаковдун Кыргызстандын түштүк жергесинен эпосту жыйнап алуусу өзүнчө сөз кылууга татыктуу. 1947-жылы Ош областынын Ноокат, Алай, Гүлчө райондорунан санат, макал, ар түрдүү ыр жана поэмалар менен катар Т.Бекмуратов, М.Кабыловдон “Эр Кошой”, Акун Ташев, Чад Садыковдон

“Манас”, Калбек Жумагулов менен Төрө Мамытовдон “Семетей” эпосунан айрым эпизоддорду жазып алган.

Окумуштуунун эмгеги көзү тирүү кезинде толук баасын албай, атүгүл көркөм өнөр ээлерине, элдик адабий көркөм чыгармаларга чейин саясатташкан көз караш менен карап, “Манас” эпосуна саясий айып тагылып, татаал тагдырга туш болуп турган учурда, тактап айтканда, сталиндик репрессияны камтыган каардуу 1930-40-жылдарда кайра анын эпкини менен илимпоз да ыдык көрүп, татаал тагдырга тушукканы азыр бизди өкүндүрбөй койбойт, бул тууралуу адабий сынчы К.Асаналиев өз эмгегинде белгилеп кеткен [1. 237].

К. Мифтаковдун уулу Нисей Мифтахов атасынын кол жазма мурасын толук жарыялоо демилгесин көтөргөн. Көрүнүктүү илимпоз, фольклор жыйноочу Каюм Мифтаков 67 жаш курагында 1949-жылы дүйнөдөн кайткан.

Жыйынтыктап айтканда, белгилүү фольклор жыйноочу жана “Манас” эпосун изилдөөчү К.Мифтаков башка жерде туулуп-өссө да кыргыз жерине келип отурукташып, жашап, иштеп калган инсан, ал кыргыз эл-жерин жан-дили менен сүйүп ага кызмат кылууну көздөгөн асыл максаттары менен К.Мифтаков ата мекендик фольклористиканын тарыхында калды. Азыркы мезгилде окумуштуунун демилгеси, чыдамкайлыгы, чыныгы илимпоздук эрудициясы менен жазылган фольклордук чыгармалар көптөгөн илимий изилдөөлөргө объект болууда.

Адабияттар:

1. Асаналиев К. Адабий айкаш. Эскерме баян. – Б., 2013.
2. Манасчылар жана изилдөөчүлөр/ Түзгөн С.Алиев/. – Б., 1996.
3. Кыдырбаева Р.З. Сказительское мастерство манасчи. – Ф., 1984.
4. “Манас” энциклопедиясы. Т.2. – Б.,1995.

УДК:347.983(575.2)

КЕСИПКӨЙЛҮК ЖАНА КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК

Б.К.Үкүева – п.и.д., профессор,
Т.А. Акматова – п.и.к., доцент
Ош мамлекеттик университети

ПРОФЕССИОНАЛИЗМ И КОМПЕТЕНТНОСТЬ

Б.К.Үкүева - д.п.н.,профессор,
Т.А. Акматова – к.п.н., доцент
Ошский государственный университет

PROFESSIONALISM AND COMPETENCE

B.K.Ukueva – d.p.s., professor,
T.A. Akmatova – c.p.s., associate professor,
Osh State University

Аннотация: *Бул макалада кесипкөй адис жана анын компетенттүүлүгү жөнүндөгү окумуштуулардын ой-пикир, аныктамаларына илимий көз караштан баяндама берилет.*

Аннотация: *В этой статье прослеживаются с научной точки зрения взгляды, определения ученых о профессионализме специалиста, о его компетентности.*

Abstract: *The article reveals the current opinions and definitions of scholars about the professionalism and competence of a specialist from a scientific point of view.*

Түйүндүү сөздөр: *Стратегия, концепция, мыйзам, билим берүү, кесип, кесипкөйлүк, адис, компетенттүүлүк, психология, педагогика.*

Ключевые слова: *Стратегия, концепция, закон, образование, профессия, специалист, компетентность, психология, педагогика, профессионализм.*

Key words: *Strategy, concept, law, education, profession, specialist, competence, Psychology, Pedagogy.*

Азыркы аалам масштабында болуп жаткан тынымсыз өзгөрүүлөрдүн, илимий-технологиянын өнүгүшүнүн, биздин жашоонун коомдук-экономикалык өнүгүүсүнө тийгизген таасири – жалпы эл массасына, анын ичинде билим берүү системасынын өнүгүүсүнүн орчундуу маселелерине жаңыча өңүттө, жаңыча көз карашта кароого, мурдагы көндүм көз караштардан кескин түрдө баш тартып, жаңыча өзгөрүүлөрдү киргизүү менен ***аларды*** жаңы реалдуу кубулуш, тенденциялар менен шайкеш келтирүү зарылдыгы пайда болууда. Андан улам, Кыргыз Республикасынын билим берүү системасы эл аралык принциптерге ылайык адам укугунун Декларациясын, Кыргыз Республикасынын 2010-2020-жылга чейинки өнүктүрүүнүн комплекстүү стратегиялык негизин иштеп чыгып, анда элдик жана дүйнөлүк руханий дөөлөттөргө таянуу менен ***1992-жылы 16-декабрда*** Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамы кабыл алынып, анда билим берүүнү өнүктүрүүнүн негизги принциптери катары төмөнкүлөр белгиленген:

Окутуучулардын компетенттүүлүктөрүн жогорулатуунун өбөлгөлөрү катары Республикада бир нече негиздүү документтер кабыл алынды. Аталган документтерде билим берүү системасында мурдатан кабыл алынган түшүнүктөрдүн маани-маңызын өзгөртүү менен анын түпкү мазмунун кайрадан жаңылоого туура келгендиги белгиленди. Башкача айтканда, коом талабына ылайык окутуу процессине жаңы максат, милдеттер коюлуп, ал окутуучу менен студенттин биргелешкен иш-аракеттери аркылуу иш жүзүнө аша тургандыгы, тактап айтканда, жогоруда белгиленгендей "Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2010-жылга чейин өнүктүрүү концепциясында" жана "Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2012-2020-жылдары өнүктүрүү стратегиясында билим берүү системасы натыйжага багытталышы керектигин билим берип окутууда адис компетенттүү болуу менен компетенттүү мамиле кылуунун тарыхый зарылдыгы" белгиленди.

Жогоруда белгиленген концепция жана стратегиялык талаптарды жүзөгө ашыруу керектигинен улам азыркы мезгилде окутуучу менен студенттин, мугалим менен окуучунун билим берүү жана билим алуу процесстери жаңыча маңыз мазмунга ээ болуу зарылдыгы туулду. Бүгүнкү билимди трансляциялоого караганда студент менен окуучунун өз билимин өзү өздөштүрүүсүнө жана алардын инсандык потенциялын өнүктүрүүгө зарыл шарттарды түзүүгө өзгөчө көңүл бурулду. Өзгөчө окуу процессинде мамлекеттик стандартта көрсөтүлгөндөй үч түйүндүү компетенттүүлүктү жогорулатуу зарылдыгы туулду.

1-маалыматтык;

2-социалдык-коммуникативдүүлүк;

3-өзүн өзү башкаруу жана маселелерди чечүү компетенттүүлүгү (Кыргыз Республикасынын билим берүү закону)

Аталган компетенттүүлүктөрдүн ичинен изилдөөнүн максатына ылайык үчүнчү компетенттүүлүккө басым жасоого туура келет. Анткени бул компетенттүүлүк адегенде окутуучунун окутуу процессинен, окутуунун закон ченемдүүлүктөрүн колдоно билишинен, берген билиминин мазмунунан; окутуунун максаттарынан, окутуу методдорунан көрүнөт. Себеби окутуучунун компетенттүүлүгүнүн дээрлик ар тараптуулугунун негизи окутуу процессине көз каранды болгондугу. Анткени окутуу процесси – бардык ЖОЖдордун, атайын орто окуу жайларындагы студенттерди билим, билгичтик, көнүмдөргө ээ кылуу менен аларды чыгармачыл активдүү көз караштагы инсан кылып тарбиялоодогу окутуучу менен студенттин биргелешкен бир багыттагы иш-аракети болуп саналат. "Бул эки жактуу процессте эки түрдүү ишмердүүлүк орун алат: алардын биринчиси – окутуучунун ишмердүүлүгү, анда окутуучу окуучулардын же студенттердин окуп эмгектенүүлөрүнө керектүү шарттарды түзүү менен алардын ишмердүүлүктөрүн бирге уюштурат; стимулдаштырат; эмгектенүүгө кызыктырат; окуп билим алуу ишмердүүлүктөрүн башкарат;

ишмердүүлүктөрүнө контролдук кылат, натыйжасын баалайт; экинчиси – окуучунун – студенттин ишмердүүлүгү (билим, билгичтик, көндүмдөрдү өздөштүрөт, тарбияланат; логикалык жактан өсүп-өнүгөт, өзүн өзү контролдойт”) [1;9].

Демек, мындан окутуу процессиндеги окутуучу менен студенттин ишмердүүлүгүнүн жогорку даражасы окутуучунун бийик компетенттүүлүгүнө барып такала тургандыгы дайын болот. Андай болсо профессионал окутуучунун компетенттүүлүгү деген эмне? Ал өз ичине эмнелерди камтыйт?

Аталган проблема акыркы он жылдыктар аралыгында психология илиминин негизги предметине айланып окумуштуулар Е.А.Климов, А.К.Маркова, Л.М.Митина, Ю.П.Поваренков, Н.С.Пряжников ж.б. көңүлүн бурду. Бирок көпчүлүк изилдөөчүлөр чындыгында кесипкөйлүктүн –профессионалдуулуктун башкы сапатына, анын калыптануу жолдоруна, ага берилген бааларга гана токтолушкан да, окутуучу педагогдун кесипкөйлүк компетенттүүлүгү, кесипкөйлүк ишмердиги, өз ишинин мыктысы экендиги, психологиялык жактан башка адамдардан айырмаланышы тууралуу аныктамалар толук кандуу түрдө ачылбай калган. Ошондуктан бул маселеге ар тараптан аныктамаларды берүү үчүн, адегенде, “Кесипкөйлүк” терминине токтолуп, ал ар кандай кырдаалдарда эффективдүү жана системалуу түрдө эң татаал ишмердикти ишеничтүү аткара билген, эң жогорку дүйнөгө болгон өзгөчө көз карашы менен айырмалана турган адам атала тургандыгын белгилесек болот.

Турмуш тиричиликтин аң-сезиминен алып карасак жогорку окуу жайынын бүтүрүүчүсү катары колуна диплом алдыбы, демек, аны чыгармачыл кесипкөй болду деп түшүнбөшүбүз керек. Анткени анын чыныгы өз адистигинин кесипкөйү деген статуска жетиши үчүн ага канчалаган эмгек, убакыт, талапка ылайык кесипкөй чөйрө, мүмкүнчүлүктөр талап кылынары белгилүү.

Демек, бир кесиптин бүтүрүүчүсү экендигин тастыктаган дипломдун ээси болуу – ал бир кесиптин кесипкөй чыгармачыл адиси-окутуучусу болду дегендик эмес экен. Көрсө, ал деңгээлди багындыруу үчүн шарттын, убакыттын болушу зарыл. Ар бир адис мындай касиетке көп жылдык иштеги тажрыйбасы, атайын даярдыгы менен гана “Чыгармачыл кесипкөй адис” деген атка коно алат. Ал адамдын кесипкөйлүгүнүн негизин анын компетенттүүлүгү түзөт. Кесипкөйлүк компетенттүүлүк көптөгөн чет элдик бир топ окумуштуулардын көңүлүн буруу менен алар компетенттүүлүктүн ар кандай өзгөчөлүктөрүн көрсөтүшкөн, башкача айтканда, “тереңдетилген билим”, “маселени аткаруунун адекваттуу абалы”, “актуалдуу ишмердүүлүктү аткарууга жөндөмдүүлүк” [7;32]. Ошондой эле В.П.Пугачев кесипкөйдүн компетенттүүлүгүн “Эмгек ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгү” десе, А.Розев, Е.В.Бондаревская окутуучунун “Жалпы маданий ишмердүүлүгү” катары карайт. Б.С.Гершунский, А.Д. Щекатунева “Кесипкөйдүн жалпы билим деңгээлинин деңгээли”, “Иш билгилүүлүгүн турмушка ашыра билүүдөн” турат деген да аныктамаларды беришет [9;160]. Ал эми А.К. Маркова компетенттүү адистин 4 түрүн белгилеп көрсөтөт:

1. ***Атайын жана ишмердүүлүк компетенттүүлүгү*** – өз билимин турмушта колдоно билүүгө жөндөмдүүлүгү.
2. ***Социалдык компетенттүүлүгү*** – өздүк кесипкөй ишмердүүлүгүнүн профессионал адис катары коомдук баарлашууда колдоно алуусу.
3. ***Өздүк компетенттүүлүгү*** – өзүн өзү өркүндөтүүдө алдын ала ар кандай кырдаалды көрө билүүсү жана андан чыгуунун пландарын түзө билип, андан чыгуунун жолдорун издеп, чыгуусу.
4. ***Жеке компетенттүүлүгү*** – өзүн өзү жөнгө салуусу, ага даяр болуусу, профессионалдуулукка өсүү үчүн туруктуу мотивацияларды такай жасай билүүсү – деп белгилөө менен өз алдынча жаңыча билимдерди алуу, аны турмушта практика жүзүндө колдоно билүү ишмердиги деп белгилейт [8, 312].

Жогорудагы аныктамаларды эске алуу менен профессионалдык компетенттүүлүктү педагогикалык кесипке байланыштыра карап көргөзгөнүбүздө өзүнө инсан адис катары эң

жакшы мүнөздөмөнү камтуу менен илимий теориялык, педагогика жана психологиялык илимдердин системасын өз предметинин айланасына камтый билген адис десек болот.

Ошондуктан педагогдун профессионалдык компетенттүүлүгү көп факторлуу көрүнүш катары өз ичине окутуучунун теориялык билим - билгичтиктерин, аны конкреттүү педагогикалык жагдайларда колдоно билүүчү баа жеткис багытынан, жогорку маданиятынан интегративдүү көрсөткүчтөрүнөн көрүшөт. Тактап айтканда, мамилесинен, башкалар менен байланышынан, ар кандай илимдин тармактарындагы жөндөмдүү ишмердигинен байкалат.

Аталган факторлорго таянуу менен окутуучунун профессионалдык компетенттүүлүгүн:

- Эрктик-мотивациялык
- Функционалдык
- Коммуникативдүүлүк
- Рефлекстик

деп бөлүшөт [3,44-45].

1. Эрктик-мотивациялык компетенттүүлүк өзүнө мотивди, максатты, талантты, баа жеткис көрсөткүчтү, багытты, инсандын өз кесибине болгон чыгармачыл стимулун камтыйт. Тактап айтканда, түзүлгөн жагдайларга тез, так багытталат, сүйлөгөн сөзүнүн кооздугу, бийиктиги, уккулуктуулугу менен бирге жандуу, эмоционалдуу болуп, тулку бойдун кыймылдары пантомимика, мимика, көз караш менен коштолсо, окутуучунун берген билиминин эффективдүүлүгү андан да артат. Ал үчүн кесипкөй компетенттүү окутуучуга бекем эрк керек. Анткени эрк – адамдын мүнөзү менен тыгыз байланышта болгондуктан, психологдор эрк менен мүнөздү эрктин сырткы көрүнүшү деп эсептешип, ал адамдын алдыга койгон максатына жетүү үчүн жасаган иштиктүү аракеттери дешет. Анткени эрк ар бир инсандын эмгек процессиндеги ишмердүүлүгүнүн туруктуу жыйындысы – өзүн кармай билүүсү, сабырдуулугу, боорукердиги, чыдамкайлуулугу, окутуучунун компетенттүүлүгүн түзүүчү бир элементи болуп саналат. Компетенттүү окутуучунун эрктик, мотивациялык касиетинде, бир тема тууралуу билим берүүгө себеп, далил болушу шарт. Анткени белгиленген күнү бир теманы түшүндүрүшү үчүн негизги себеп, окуу-календарлык жумушчу план боюнча, белгиленген күнү, календардагы теманы өтүүгө себеп, болгондуктан, окутуучу ошол теманы өтөт, ал теманы өткөндүгү тууралуу далил тайпалык журналда далилденет. Албетте, ар бир сабакты өткөргөндүн алдында мотивация – пландалган теманы студенттерге билдирүү үчүн илимий тастыкталган теориялык билимдер системалуу түрдө далилдер аркылуу мисалдар менен түшүндүрүлүп, бышыкталат. Ал үчүн темага максат – ишке ашырууга ниеттенген маселе менен аныкталат. Студенттин билим, билгичтик, көндүмдөрүн чыгармачылык менен жогорулаарын, баа жеткис-компетенттүү адистик даража натыйжага жетишет. Анткени окутуучу берген билим боюнча түшүнүктүн ички мазмунунда окутуучунун ички мүмкүнчүлүгү – аткара турган иш-аракеттери жатат. Бул өзгөчөлүктү И.Н.Зотова “Коммуникативдүү билимдер, коммуникативдүү билгичтиктер, коммуникативдүү жөндөмдүүлүктөр” деп белгилеп, бул психологиялык касиеттер окутуучунун жөндөмдүүлүгүнүн тез ишке ашышын аныктоо менен, окутуучунун компетенттүүлүгүн жогорулатууда бир максатты багыт алууда белгилүү методдорду жана каражаттарды өз алдынча иргеп алуусу жана аны колдонуусу.

2. Функционалдык компетенттүүлүк – өз билимин педагогикалык ишмердүүлүгүндө педагогикалык технологияларды колдонуу менен өз долбоорун турмушта чеберчилик менен колдоно билүүсүнөн көрүнөт. Мунун өзүнөн функционалдык компетенттүүлүк - окутуучунун милдети, кызматы, ишмердиги келип чыгат. Башкача айтканда окуучунун теманы түшүндүрүүдө сөзсүз аткарууга тийиш болгон жоопкерчилиги, далалаты, алдына койгон максаты, студенттин билим алышы үчүн аткарган иши, аракети болуп саналат. Бул маселеден алганда кайра жаралуу доорунун философтору ишмердүүлүк же анын натыйжалары деп адамдын маңыздуу күчү менен жөндөмдүүлүктөрүн аташкан. Ишмердүүлүктүн:

1. Материалдык, практикалык ишмердүүлүк (жаратылыш менен коомду өзгөртүп түзүү);

2. Идеалдуу руханий ишмердүүлүк сыяктуу (таанымды, анын ичинде илимди, көркөм чыгармачылыкты, адеп-ахлак эрежелерин өнүктүрүү) түрү бар.

Бардыгыбызга белгилүү болгондой, ишмердүүлүк субъектилери боюнча социалдык (толук), индивидуалдык болуп экиге бөлүнөт. Ал эми өзгөртүп түзүү мүнөзү боюнча ишмердүүлүктүн репродуктивдүү (кайрадан түзүү) жана продуктивдүү (жаңыны жаратуучу) эки тиби бар.

Ал эми ишмердик боюнча сөз болгондо бул касиет жалгыз адамга тиешелүү болуп, анын ички мүнөзүндөгү бир максат үчүн аракеттенген активдүүлүгү болуп саналат. Ага баарлашуу, эмгек, окуп үйрөнүү сыяктуу анын инсан катары ишмердигин көргөзгөн касиеттери кирет. Бул ишмердик 3 компоненттен турат:

1. Ыкластуулук менен багыт алуу (мотивациялык-багытталуучу)
2. Иш-аракеттерди түздөн-түз аткаруу (кыймыл-аракет), (операциялык)
3. Өзүн-өзү текшерүү жана баалоо белгиленет (педагогика боюнча энциклопедиялык окуу куралында - Б.: 2004).

3. Коммуникативдүү компетенттүүлүгү – өзүнүн сөзүн так, даана, ынанымдуу, аргументтүү түзүү менен аны далилдей, анализдей, синтездей алуу менен бирге, ошол эле мезгилде берген маалыматын эмоционалдуу, инсандар аралык байланышты түзүү менен өз оюн, көз карашын кесиптештеринин көз карашы менен дал келтирип, ар кандай жагдайларда оптималдуу стилдик баарлашууну тандап алып, ишмердик жагдайларды уюштуруу менен бирин-бири колдоочу диалогго бара алуусу.

4. Рефлекстик компетенттүүлүк – латын сөзүнөн алганда кайра кайрылуу. Инсандын өзүн-өзү өнүктүрүүсүндөгү өздүк ишмердүүлүктүн жана анын натыйжасын сезимталдык менен текшерип жана аны башкарып туруу деңгээлинин жетишкендиктери: башкача айтканда, креативдүүлүгү, демилгелүүлүгү, биримдүүлүккө багытталгандыгы, чыгармачылык биримдиктеги өздүк анализге жөндөмдүүлүгү аталат.

Ошону менен бирге рефлекстик компетенттүүлүгү инсандын жетишкендигинин регулятору, инсандар менен баарлашуудагы инсандык изденүүлөрү, өзүн-өзү башкаруусу, өздүк таануусун ойготуусу, профессионалдык өсүүсү, чеберчилигин өнүктүрүүсү, ойлонуу ишмердиги жана жекече иш стилинин калыптанышы болуп саналат [3,44-45-б.].

Психологиялык жактан алганда “компетенттүүлүк” жана “квалификация” түшүнүгүн ажырата билүү зарылдыгы туулат. Анткени “квалификация” белгилүү бир профессияга ээ болуп иш орду, даражасы бар, жалпы билим берүү стандартын билген – белгилүү бир тармак боюнча окуп билимге ээ болгон өз адистиги боюнча жумуш аткара алган инсан аталат. Ал инсан тажрыйбага ээ болгонго чейин квалификацияга ээ болот. “Компетенттүү профессионалга” караганда “Профессионализм” түшүнүгү кенен түшүнүк болуу менен профессионал болуу үчүн бир гана билимдүү болбостон, билимин турмушта колдоно билген, анын натыйжасына жетүү үчүн умтулуп эмгектенген чыгармачыл ишмер болуусу керек.

Бул маселеден алганда көптөгөн эмгектерде профессионал инсандардын касиеттери тууралуу (В.А.Бодров, Е.А.Климов., Ю.П., Поваренковдор) өз ой-пикир аныктамаларын билдиришкен. Э.Ф.Зеер профессионал инсандын төрт ички түзүлүшүн төмөндөгүчө: “***1 подструктуру*** профессионально-значимых психофизиологических свойств (нейротизм, экстравертированность, реактивность и др.);

2 подструктуру профессионально-важных качеств (ПВК); ***3 подструктуру*** профессиональной компетентности; ***4 подструктуру*** профессиональной направленности” [4,336-б.] белгилейт. Белгилөөчү нерсе, аталган структуралардын бардыгы ар бири өзүнчө профессионал инсандын ички психологиясын ачууда эң чоң салымдары бар десек болот.

Бул көз караштан алганда Е.А. Климов профессионалдуулук – адистин бир гана билим деңгээли эмес, ал – өзүнүн тармагы боюнча жасаган ишмердигинин ички психологиясында белгилүү системада уюштура билүүчүлүк касиети, тактап айтканда, инсандын айрым системалык ички касиети десе, С.А.Дружилов менен В.А.Бодров профессионалдуулук менен профессиянын ички түшүнүктүн байланышын карап келип, профессионалдуулукту эң бийик пирамида деп элестетсек, анын негизги ички маңызында

профессионалдуу билим жатат, профессионалдуу тажрыйбадан профессионалдуу компетенттүүлүк жана профессионалдуу жарамдуулук жаралат деп белгилейт.

Адабияттар:

1. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуунун теориялык жана практикалык маселелери. / И.Б.Бекбоев. – Бишкек. - 2004, – б.342.
2. Дмитренко Т.А. Новые Образовательные технологии в высшей педагогической школе / Т.А. Дмитриенко// Высшее образование сегодня. –М., 2003 – 08 б.-26-30.
3. Дружилов С.А. Критерий эффективности профессионалов в услових совместный деятельности // Объединенный научный журнал. – М.: ТЕЗАРУС. 2001. - №22. с. 44-45
4. Зеер Э.Ф. Психология профессий: Учеб. пособие для студентов вузов.-М.: Академический-Проект. Екатеринбург: Деловая книга. - 2003.-С.336.
5. Климов Е. А., Пути в профессионализм (Психологический анализ): Учебное пособие. – М.: Московский психолого-социальный институт; Длинта. - 2003. – С.320.
6. Концепция развития образования в Кыргызской Республики до 2020 года. Стратегия развития образования в Кыргызской Республики на 2012-2020 годы. – Бишкек. - 2012, - С.144.
7. D. K. Britell., R.M. Jueger., W.E.Blank., Ландшеер В. Концепция минимальной компетентности // Перспективы: вопросы образования. – 1988. – М.: - №1, 32с.
8. Маркова А.К. Психология профессионализма. – М.: Международный гуманитарный фонд, “Знание”, 1996. – С.312.)
9. Чошанов М.А. Гибкая технология проблемно-модульного обучения. – М.: Народное образование. 1996.-С.160.

УДК:347.983(575.2)

ОКУТУУЧУНУН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ЖОГОРУЛАТУУДАГЫ ТАРЫХЫЙ ШАРТТАР, ЗАРЫЛДЫКТАР, КАРАМА-КАРШЫЛЫКТАР

Б.К.Үкүева – п.и.д., профессор,
Т.А. Акматова – п.и.к., доцент
Ош мамлекеттик университети

ИСТОРИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ, НЕОБХОДИМОСТИ И ПРОТИВОРЕЧИЯ В ПОВЫШЕНИИ КОМПОТЕНТНОСТИ ПРЕПОДАВАТЕЛЯ

Б.К.Үкүева - д.п.н., профессор,
Т.А. Акматова – к.п.н., доцент
Ошский государственный университет

THE NEED FOR IMPROVING THE COMPETENCE OF THE TEACHER OF HISTORICAL OBLIGATIONS, CONTRADICTIONS

B.K.Ukueva – d.p.s., professor,
T.A. Akmatova – c.p.s., associate professor,
Osh State University

Аннотация: *Ааламдашуу процессинде окутуучулардын компетенттүүлүгүн жогорулатууга себеп болгон тарыхый шарттардын, зарылдыктардын, карама-каршылыктардын пайда болушу жана бул проблемаларды жолго коюуда мамлекеттик башкаруунун аткарган милдеттери, документтери тууралуу аталган макалада сөз болот.*

Аннотация: *В данной статье речь идёт о возникновении исторических условий, необходимостей и противоположеностей, являющихся причиной повышения компетентности преподавателей в процессе глобализации и о фукциях и документах государственного управления по регулированию данных проблем.*

Abstract*: This article deals with the emergence of historical conditions, necessary and opposite sides, which provides an increase in the level of teachers' competence in the process of globalization, as well as in the documents of the public administration to regulate these problems.*

Түйүндүү сөздөр:*Тарыхый шарттар, зарылдыктар, карама каршылыктар, документтер, стратегия, компетенттүүлүк, проблема, жагдай, милдет, мамлекет.*

Ключевые слова: *Исторические условия, необходимость, противоречия, документы, стратегия, компетентность, проблема, ситуация, задача, государство.*

Key words: *Historical, conditions, necessities, contradictions, documents, strategy, competence, problem, circumstance, obligation, State.*

Окутуучунун компетенттүүлүгүн жогорулатуу талабы кечээ же бүгүн пайда боло калган жок. Ал көптөгөн окумуштуулардын көз караштарына таянган талкуу, пикирлердин жыйынтыктарында, мамлекеттик документтерде орун алган орчундуу маселе болуп саналат. Мындай зарыл тарыхый шарттардын талабы ар кандай себептерге байланыштуу келип чыгат. Ошондуктан бүгүнкү күндө окутуучулардын компетенттүүлүгүн жогорулатуунун өбөлгөлөрүн изилдөө теориялык жана практикалык жактан актуалдуу мааниге ээ болуп олтурат. Аталган маселени изилдөөдө алгач илимий ишибизди ишке ашырууга негиз болгон тарыхый шартты тактоого туура келет. Анткени “шарт-талап, бир нерсеге таасир кылуучу, жалпы ал-абалга таасирин тийгизүүчү жагдай, кырдаал, мүмкүндүк” (3;784) болуу менен ал талап белгилүү бир изилдөөлөрдүн аныктама, ырастоолордун натыйжасы аркылуу ишке ашат. Бирок кээде алдын ала айтылган теориялык божомолдор менен изилдөөдөн алынган натыйжанын ортосунда карама-каршылыктар пайда болуп калуусу максатталган илимий негизден андан ары улантып жасоого зарылдык жаратууда. Мындай жагдайда адегенде эмпирикалык факторлорго, андан кийин илимий-теориялык булактарга таянууга туура келет.

Демек, ишибизди ушул эки маселени эске алуу менен атайын орто окуу жайларында окутуучулардын компетенттүүлүгүн жогорулатуунун шарт-талап, зарылдыктарын иликтөөгө туура келет. Бул маселеден алганда Кыргыз Республикасы бүгүнкү күндө демократияга жана базар экономикасына негизделген эгемендүү мамлекетти жана ачык коомду куруу үчүн көп сандаган социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн жолунда бара жатат. Мындай процесстер коомдун эң маанилүү бөлүгү болгон билим берүү системасына да өз таасирин тийгизүүдө. Анткени, адамдардын жашоосундагы азыркы учурда болуп жаткан глобалдуу өзгөрүүлөр бардык өлкөлөрдү өз ичине камтууда. Ошолордун ичинде Кыргыз Республикасы да бар. Башкасын айтпаганда да жылдан жылга тез темп менен өсүп келе жаткан интеграция, Республиканын коомчулуктун катарынан орун алышы, эл аралык кызматташтык мамилелердин ыкчамдашы аркылуу пайда болгон өзгөрүү процесстери ар тараптан кылдат талдоону талап кылууда. Анткени алардан алынган тажрыйбаларда бизден кийинки жаш муундар биздин кетирген каталарыбызды кайталабай өлкөбүздүн өркүндөп өсүшүнө таалим-таасир бергендиги менен көңүлдү буруусу абзел. Себеби, байыртадан эле адам баласы өзүнүн эртеңки келечегин, жаркын үмүт-тилектерин ар дайым билим алуу менен байланыштырып келгендиги белгилүү. Ошондуктан Кыргызстандын азыркы шартына карабай жашоо тиричилигинин оңолушун билим алуу зарылдыгы менен шарттайт. Анткени азыркы тарыхый баскыч дүйнөдөгү көп өлкөлөр үчүн өткөөл мезгил болуп жаткандыгына байланыштуу бүгүнкү проблемалардын көбү ушул абалдан улам келип чыккандыгы белгилүү. Ошого карабастан Кыргызстанда ушундай кырдаалда билим берүү системасы өз өнүгүүсүн андан ары улантууда.

Тарыхтан баарыбызга белгилүү болгондой, Кыргызстандын билим берүү системасы 70 жыл бою СССРдин курамындагы сыймыктуу мамлекеттин бири болуп келген. Өткөөл мезгилдин алдында Кыргызстанда жана көп сандаган башка мамлекеттерде өтө курч

маанайдагы маселелер учурдун талабына ылайык өз убагында чечилүүчү. Маселен: калктын басымдуу бөлүгү сабаттуу болуп, башталгыч класстагы билим алгандардын саны көбөйүп, мамлекет жалпы орто билим алуу маселесин өз алдынча чечкенге жарап калган. Жыл өткөн сайын жогорку окуу жайда окуган студенттердин саны көбөйүп, аларга билим берген окутуучу-профессорлордун чеберчилиги жогорку деңгээлге жетишкендиги студенттердин туруктуу жогорку жетишкендиктерге жетишине шарт түзгөн. Бул өзгөчөлүк табигый жана математикалык илимдерде басымдуулук кылган. Ошондой эле жылына ондогон окутуу мекемелери пайдаланууга берилип турган. Окуу мекемелери керектүү окуу көрсөтмө куралдары жана методикалык адабияттар менен бекер камсыз кылынып турган.

Ал эми эгемендүү өлкөбүздүн базар шарттарына өтүшү менен абал түп тамырынан өзгөрдү. Көптөгөн эмгектерде белгиленгендей, СССРдин билим берүү системасы авторитардуу мамлекеттин бийлигине ылайыкташкандыктан, бул система базар экономикасына жана саясий системага ылайыктуулугу таанылды. Анткени базар экономикасы ачык коом адамдын билимин чыгармачылык менен колдонууга жана ар кандай оор жагдайларда туура чечимдерди кабыл алууга жана өз алдынча билим алууга мажбурлагандыгы менен айырмаланды.

Мурда СССР убагында жана анын курамындагы Кыргызстанда колдонулуп келген окуу пландары, программалар, окуу китептери, окуу-усулдук колдонмолор эң керектүү билим, билгичтик, жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө багытталбагандыктан, билим берүү системасында өзгөрүүлөрдүн болушун шарттады. Ошондон улам өткөөл мезгилде тышкы социалдык, экономикалык проблемалар билим берүү системасынын ички проблемаларынын күчөшүнө алып келди да, мамлекеттик каражаты жетпей, калктын күндөн күнгө өсүп келе жаткан суроо-талабын канааттандырууга чарк чамасы жетпей калды. Бул тарыхый кырдаал билим берүү системасында жеке менчик мекемелердин пайда болушуна өзүнөн өзү зарылдык туудурду. Билим берүү базар принциптерине өтө баштады. Мындай шарттардан улам билим берүү мекемелеринин өзгөчө жогорку окуу жайларынын, мекемелердин арасында атаандаштык пайда болду. Мындай ички карама-каршылыктар билим берүүнү башкаруунун ички түзүлүшүндө, башкаруунун ички маңызында жана билим берүү процессинде орун алды. Анткени мамлекетти билим берүүнү башкаруудан бөлүп кароого болбой тургандыгы жана билим бул мамлекеттин өнүгүү стратегиясын башкаруудагы жол көрсөткүчү болуп санала тургандыгы белгилүү. Ошол себептен болочок адистерди даярдоодо алардын ички дүйнөсүндөгү мүнөздүк сапаттарын, жаңы коомду куруп башкара алган, ар тараптуу жагдайларда ыңгайлуу жолдорду табууга жөндөмдүү, активдүү көз караштагы компетенттүү адистерди тарбиялап чыгуу милдети мамлекеттин көңүлүнүн чордонунда болуу керек болучу. Бирок, тилекке каршы, мамлекет бул милдетти толук кандуу аткара албай калды. Бул орчундуу жагдайдан улам төмөндөгүдөй карама-каршылыктар пайда болду:

1. Билим берүү тармагындагы эскиче ой жүгүртүүлөрдүн, кайдыгерлик мамилелердин карама-каршылыгы;
2. Тарбия-таалим процессинде тарыхый окуя, фактылар, социалдык-экономикалык абалдардын өзгөрүү процесстеринин талдап-тастыкталбай жаткандыгы;
3. Билим берүү процесси окутуунун заманбап технологиялары менен айкаштырылып иштелбегендиги;
4. Таалим-тарбия процессинде теория, закондорду калыптандыруу жана өнүктүрүү боюнча мугалимдин илимий-методикалык даядыгынын ортосундагы дал келбөөчүлүк;
5. Жаңы коомду окутуу боюнча билим берүүнүн өзгөчөлүктөрү, маани-маңызы жана илимий негиздери боюнча жаңы идеядагы илимий-усулдук багыт берүүчү адабияттардын жоктугу;
6. Жаштардын дүйнөгө болгон илимий көз караштарынын, диалектикалык ой жүгүртүүлөрүнүн туура жолго салынбагандыгы [5].

Ошондуктан ички, тышкы күчтөрдүн карама-каршы таасири мамлекеттеги билим берүү системасын реформалоого түрткү болду. Бирок өкүнүчтүүсү, аталган өзгөрүүлөрдүн масштабында ички кыйынчылыктар, чечилүүгө кыйын болгон маселелер сыртынан караганда анча байкалбаганы менен, алардын кийинки таасири совет доорундагы билим берүү системасындагы көп жетишкендиктерди, ийгиликтерди жокко чыгаргандыгы болду.

Өзгөчө билим алууга болгон чектөөлөр, билим берүү сапатынын төмөндүгү, билимсиз адистердин көптүгү, материалдык жана каржылык абалдын жетишсиздиги, мамлекеттеги билим берүү системасындагы башкаруучулуктун каталары сыяктуу кыйынчылыктардын пайда болушу билим берүү системасындагы кадрлар үчүн күтүүсүз жагдайларды туудурду. Айрым көз караштагылар бүгүнкү күнгө чейин билим берүү системасынын жогорку сапаттарына ишенишкендиктен, бардык бүгүнкү кыйынчылыктар үчүн реформаларды күнөөлөшөт.

Бирок, белгилөөчү жагдай реформалардын болуш зарылдыктарын көрө албагандыктары үчүн күнөөнүн бир жагдайы илим-билим тармагын изилдөөчүлөргө барып такалат. Анткени башка ушундай абалга туш болгон мамлекеттердин башкаруучулары, илимпоз-изилдөөчүлөрү адегенде эле ал мамлекеттин социалдык, экономикалык, саясий шарттарын изилдеп, биздин мамлекеттегидей пайда болгон кыйынчылыктарды жеңүүнүн таасирдүү жолдорун табышууда. Андан чыгуунун туура багыттарын сунуштоодо. Чындыгында, бул кыйынчылыктардан чыгуунун бирден бир себеби - окуу процессинин, түрүн, формасын, жолдорун өзгөртүү маселелерин изилдөө багытында алдыңкы планда окутуучулар болгондуктан, аларды адегенде окуу процессинин жаңыча формалары, нугу, окутуунун жаңы технологиялары менен сабаттуулугун арттырып, бул ийгиликке жетүү үчүн окутуучулардын компетенттүүлүгүн жогорулатуунун багыттарын жолго коюунун негизги шарттары, талаптары, зарылдыктары иштелип чыгуулары тийиш болду.

Мына ушундай адамзат алдындагы келип чыккан глобалдуу көйгөйлөрдү чечүү максатында Бириккен Улуттук Уюм 2000-жылы “Миң жылдыктын өнүгүү максаттары” деген аталыштагы бардык өлкөлөр үчүн актуалдуу болгон программа кабыл алынган. Программа 189 өлкөнүн өкүлчүлүктөрү (147 өлкөнүн жетекчилери) катышкан Саммитте кабыл алынган. Андан тышкары кошумча мамлекеттер, 23 эл аралык уюм аталган программаны колдоого алышкан. Кыргыз Республикасы да “Миң жылдык” боюнча деклорация кабыл алынып, анын өнүгүүсү 8 максаттан, 21 милдеттен турган жана 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы” иштелип чыгып, 1-билим берүү системасынын милдеттеринде:

1. Коммуникативдик чоң тажрыйбасы бар;
2. Көз каранды болбой өзүнчө аракеттенген;
3. Өз оюн ачык айта алган, чыгармачыл жана инновациялык иш жөндөмү бар;
4. Турмушта жана эмгек рыногунда ийгиликтүү иштеп жашоого жардам берген жалпы адистештирилген билимге жана ыкмаларга, жогорудагыдай мүнөздүк сапат-касиеттерге ээ болгон компетенттүү адистердин билим берүү системасында орду болушу керектиги белгиленген.

Адабияттар:

1. Барабанов О.Н. Глобализация и образование в современном мире. – М.: - РОССПЭН. 2002. – С.54 - 77
2. “Бардык адамдар үчүн билим берүү” – дүйнөлүк деклорация. 1990. – Тайланд-Джомтьен.
3. Кыргыз тилинин сөздүгү. –Б.: “AVRASYA PRESS” – 2011ж. б.784.
4. Критическое мышление в Кыргызстане: от знания к оценке: - Б:ОЦИР, 2003-2004, - С.123,127,145, 206.
5. 2012-2010-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы. - Б.: 2002. –б.114.
6. Т.И.Шамова. Управление образовании системами – М.: 2002.

УДК: 81’27

ТИЛ ИЛИМИНДЕГИ ФУНКЦИОНАЛДЫК-СЕМАНТИКАЛЫК ТАЛАА (ФСТ) ТҮШҮНҮГҮ

Хабибуллаева Назгүл Зулумбековна,
старший преподаватель, магистр,
Ошский технологический университет

ПОНЯТИЕ ФУНКЦИОНАЛЬНО-СЕМАНТИЧЕСКОГО ПОЛЯ (ФСП) В ЯЗЫКОЗНАНИИ

Хабибуллаева Назгүл Зулумбековна, улук окутуучу, магистр,
Ош технологиялык университети

THE CONCEPT OF FUNCTIONAL SEMANTIC FIELD (FSF) IN LINGUISTICS

Habibullaeva Nasgul Zulumbekovna, senior lecturer, master
Osh Technological University

Аннотация: *Бул илимий макалада тил илиминдеги функционалдык-семантикалык талаага кеңири анализ жүргүзүлдү жана ага аныктама берилди. Ошондой эле бул проблеманы изилдеген жана изилдеп жаткан чет элдик жана ата мекендик илимпоздордун ой-пикирлерин карап чыгып, ушул проблеманын нугунда Кыргызстанда аткарылган изилдөөлөр боюнча адабияттарга да кыскача талдоо жүргүзүлдү.*

Аннотация: *В данной научной статье было рассмотрено, проанализировано и дано определение понятию функционально-семантическое поле в лингвистике. Автором охарактеризованы исследования зарубежных и отечественных ученых, которые работали над этой проблемой. Произведен обзор литературы по данному исследованию выполненные в данном русле в Кыргызстане.*

Abstract: *The article dealt with the notion of field in philosophy and linguistics, analysed some peculiarities and the definitions given by different authors. Also the author’s attempt to give a complete explanation to the category of space in linguistics and philosophy is shown.*

Түйүндүү сөздөр: *мейкиндик, функционалдык-семантикалык талаа, семантикалык талаа, микроталаа, тилдик каражаттар, категория, локативдүүлүк, ядро, периферия, автосемантика, синсемантика.*

Ключевые слова: *пространство, функционально-семантическое поле, семантическое поле, микрополе, языковые средства, категория, локативность, ядро, периферия, автосемантика, синсемантика.*

Key words: *space, functional semantic field, semantic field, micro field, language means, category, locality, nucleous, periphery, autosemantics, sinsemantics.*

Бул илимий макаланын максаты функционалдык-семантикалык талаа маселесин терең карап чыгуу жана бул маселеге кайрылган, изилдөөгө алган окумуштуулардын ой-пикирлерине кыскача байкоо жүргүзүү болуп саналат. Мында чет элдик авторлордун гана эмгектерине сарасеп салынбастан, кыргыз окумуштууларынын эмгектерине да байкоо жүргүзүлдү.

Функционалдык-семантикалык талаа” жөнүндөгү түшүнүк тил илимине салыштырмалуу өткөн жүз жылдыктын 60-жылдарында кирген. Бул функционалдык грамматиканын объектилеринин бири болуп саналат, ал тилдин лексика-грамматикалык түзүмүнүн бирдиктеринин аракет кылуу мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана милдеттерин үйрөтөт. Функционалдык-семантикалык талаа (ФСТ) азыркы лингвистикада “… конкреттүү тилдин ар түрдүү деңгээлдеги системасынын каражаттары (морфологиялык, синтаксистик, сөз жасоочулук, лексикалык, ошондой эле аралашкан – лексика-синтаксистик ж.б.у.с.), алардын функциясынын жалпылык негизинде өз ара аракетке келүүчү, белгилүү

семантикалык категорияда негизделүүчү маселе катары аныкталат [8, с.566-567]. Лексикалык, сөз түзүүчүлүк, морфологиялык жана синтаксистик деңгээлдердеги ар түрдүү каражаттар, жалпы маанилерди белгилейт жана атайт (жалпы семантикалык категорияларды), бири-бири менен негиздүү мамилелер аркылуу эмес, алар аргасыздан байланышат, б.а., бул мыйзам ченемдүүлүк. Дал ушул бири-бирине туура келген жана бири-бирине таасир берүүчү тилдик каражаттар ушундай системаны аныктайт, ал функционалдык-семантикалык талаа (ФСТ) деп аталышы мүмкүн.

"Функционалдык-семантикалык талаа" төмөндөгү белгилери менен мүнөздөлөт: *биринчиден,* системалык катыштагы өз ара байланышкан ар түрдүү деңгээлдеги каражаттардын болушу; ФСТнын курамына кирүү менен бул каражаттар талаанын конституенттери болуп калышат; *экинчиден*, ал бул же тигил даражада анын белгилерине гана таандык жалпы маани болот (жалпы семантикалык категория); *үчүнчүдөн*, ФСТнын жалпы мааниси гомогендик эмес, б.а., бир маанини билдирбейт; ал өз ара байланышта болгон минимум карама-каршы же полярдуу болуп эки мааниге бөлүнөт; бул маанилердин ар бири өздөрүнүн микроталаасын түзөт; *төртүнчүдөн*, талаа бир түрдүү эмес, эреже боюнча, татаалдашкан структурага ээ болот, ал координаттардын вертикалдык жана горизонталдык огу катары белгилениши мүмкүн [кара.: 11, с. 19-20; 9, с.48-49; 6, с.165-166].

Координаттын горизонталдык огунда микроталаа деп аталуучу, бир кыйла кеңири семантикалык тармакка кирүүгө даяр чектелген семантикалык бирдик жайгашкан. Мисалы, темпоралдуулуктун ФСТсы үч логикалык багытка тиешелүү үч ушундай чектелген семантикалык бирдиктен (микроталаа) түзүлөт: *өткөн, азыркы* жана *келечек* багытындагы микроталаалар.

Кээ бир ФСТ татаалдашкан семантикалык структурасы менен айырмаланат. Ушундай структурага семантикалык модалдык талаа ээ; ал өзү менен ФСТны орточо көлөмдөгү эки талааны көрсөтөт: чындыктын семантикалык талаасы жана негизсиздиктин (реалдуу эместиктин) семантикалык талаасы, акыркы талаадан бир катар микроталаалар бөлүнүп чыгат: потенциалдык-ирреалдуу модалдуулук микроталаасы, божомолдуу жана ниет микроталаалары. ФСТнын чегинде синонимдик байланыштар аракет кылат, бирок семантикалык талаа бул синонимдик катар болуп эсептелбейт, ал бир кыйла кененирээк, ал өз ичине синонимдик маанини гана эмес, ошондой эле башка бардык синонимдик эмес ассоциативдик мамилелердин өз ара байланышын камтыйт. Координаттын вертикалдык огунда (талаа) бири-бири менен эң алыскы семантикалык мамилелер менен байланышкан конституенттер орун алышы мүмкүн.

ФСТнын эң чоң бөлүгү өзүнүн структурасында үч маанилүү белгини мүнөздөгөн талаанын доминанттарын бөлүп көргөзөт: 1) негизги маани айтайылаштырылган жана максатка ылайыктуу берилет, 2) анын негизги мааниси дайыма бир маанилүүлүктө болот, 3) тилде жана кепте үзгүлтүксүз жана системалуу түрдө колдонулат [сал.: 2, с.10; 13, с. 7-8; 8, с.567].

Вариативдүүлүк ушул доминанттардын таандыктык факторлору аркылуу белгиленген тилдик деңгээлдер менен аныкталат: морфологиялык, сөз жасоочулук, синтаксистик, лексикалык жана семантикалык. Доминанттардын болушу анын тегерегиндеги аны менен тыгыз түрдө байланышкан жана өз ара катыштагы элементтердин (конституенттер) топтору менен көрсөтүлөт, алар ушул доминанттар менен бирге талаанын борбордук бөлүгүн (центр, ядро) түзөт. Белгилүү конституенттер (элементтер) борбордон бир кыйла семантикалык аралыкта болушу мүмкүн, алар талаанын перифериялларына таандык болот.

ФСТ доминанттарсыз да жашай алышы (болушу) мүмкүн. Талаа тегиз, так эмес борбордошкон, туруктуу эмес семантикалык өзөктөр аркылуу белгиленет, бирок ошондой болсо да мындай талаалар кандайдыр бир алсыз (туруксуз) семантикалык категориянын талаа структурасына биригет. Кээ бир конституенттер ар түрдүү талааларга (микроталааларга) таандык болушу мүмкүн, бирок мындай учурда алар талаанын борбордук бөлүгүнө ФСТнын бардык жактарына таандык боло албашы мүмкүн, бул конституент талаанын периферияcына бир жолу таандык болушу керек, б.а., бул көп маанилүү

конституенттин функционалдык формуласы төмөндөгүдөй берилиши мүмкүн: бир талаанын борборуна таандыктык – башка талаанын периферияcына да таандык, же: бир талаанын периферияcына болгон тиешелүүлүк – башка талаанын периферияcына тиешелүү болуп калат.

Мисалы, талаанын (микроталаанын) азыркы учур багытында алганда презенстин семантикалык категориясы талаанын (микроталаанын) доминантынын учур чак багытын көрсөтүүчү жана дагы келер чак багытындагы микроталаанын периферияcынын элементтеринин бирөө болуусу мүмкүн, мисалы англис тилинде. Мындай эки микроталаанын ортосундагы семантикалык байланыштар: учур жана келер чак багыттарында ушул семантикалык элементтеринин көп маанилүүлүк факторлору жаралат.

Ар бир тилдик системада болуучу башка маанилүү семантикалык талаа ФСТ мейкиндиги болуп саналат. Демек, ал убакыт ФСТсы катары локативдүүлүктүн тилдик семантикалык категориясы гана болуп аныкталбастан, реалдуу дүйнөнүн объекттеринин жайгашкан ордунун тилден сырткаркы чындыгы катары да белгиленет. Мейкиндик философиянын категорияларынын бири болуп саналат. Философиялык мааниде ал материянын касиети, анын жашоо жолу катары каралат. Тилде мейкиндикти интерпретациялоо бир катар өзгөчөлүктөргө ээ, мейкиндик аң-сезимде боштук, предметтин жайгашкан орду катары чагылышат. Ошондуктан, эгерде тилде мейкиндик мамилени сүрөттөп көргөзгөндө, анда биринчи иретте предметтердин, кубулуштардын мейкиндиктеги жайгашкандыгын билдирген ушундай семантикалык мамилелерди жана алардын тилдик каражаттар менен берилгендигин эске алуу болуп саналат. Ушул мейкиндик мамилелерди кепте эки жана андан көп локалдаштырылган предмет аракет кылган бардык семантика-грамматикалык катыштардын негизи катары кароого мүмкүн болот.

Мейкиндиктин категориясы жана анын тилде чагылдырышы жөнүндө сөз кылууда аны орундун (жайдын) түшүнүгүн мейкиндиктин касиети катары байланыштырууга болот. Объекттин белгилүү жайгашкан орду кардинаттын тандалган системасында эки маанинин ортосундагы мейкиндик мамилени аныктоо үчүн каралат, алардын бири башкасы үчүн бөлүп берүү түйүнү катары кызмат кылат. Мында дүйнөнү курчап турган предметтер жана кубулуштардын тилдик экспликациясын көрсөтүүчү мейкиндиктин семантикалык категориясы (мейкиндиктин багыт алуусу) пайда болот.

Тилди ФСТнын көз карашында изилдөө, дал ушул мейкиндиктин семантикалык талаасы, бардык ФСТны горизонталдык кесилишүүгө багыттайт; мейкиндиктин семантикалык талаасын ушундай горизанталдуу изилдөө (үйрөнүү) кептик пикир алышуунун табигый шарттарына ылайык келет, качан грамматикалык, лексикалык жана фонетикалык каражаттар синтезде, алардын ажырагыс байланыштарында колдонулганда башкалар күчөйт же акырындайт. Мейкиндиктин ФСТсы башка бардык семантикалык талаа катары белгилүү семантикалык категорияда негизделүүчү, т.а., дал ушул локативдик категорияда функциялардын бардык чөйрөсүн кучагына алат, ал тигил же бул тилде аларды белгилөөчү каражаттардын системасы менен биргеликте ушул түшүнүккө алып келет [кара.: 2, с.152; 8, с.567; 6, с.226-227].

Лингвисттер ФСТнын ядро жана перифериянын бөлүп көрсөтүүнүн кыйынчылыгын белгилешет; бул семантикалык доминантын белгилөөнүн кыйынчылыгы менен байланышкан, ал тилде бир кыйла иреттүү, конкреттүү жана так-даана чагылдыруучу, предметтердин жана кубулуштардын сапатына жана касиетине негиз болуучу түшүнүк: ал башкалардан айырмаланып так аныкталган илимий, тилде ачык-айкын көрсөтүлүүчү жана адатта элдик тилдин түшүнүгүндө иштелип чыккан, рельефтик ядрого жана ачык эмес (так эмес, күңүрт) чек арага ээ болгон түшүнүк; б.а., түшүнүктүк ядронун тегерегине жайгашкандар лексемаларга семантикалык талаанын конституенттери катары иштөө мүмкүнчүлүгүн камсыздайт. Дал ушул лексемалар түшүнүктүк ядрону курчап турган бардык семантикалык талаага релеванттык конституенттер болуп калат.

Ошентип, “ар бир ФСТнын негизинде белгилүү семантикалык категория жатат – ошол семантикалык инвариант ар түрдүү тилдик каражаттарды бириктирет жана алардын өз ара

аракетин шарттайт. Демек, убакыт боюнча (ж.б. предикаттардын түрдүүлүгү) кыймылды бөлүштүрүү жана билинбей өтүү мүнөзүн берүүнү камтыган аспектуалдуулуктун семантикалык инварианты мазмундуулук варианттарынын системасында ачылып берилет, ал ушундай белгилерди, чек, фаза, перфектүүлүккө болгон аракеттин мамилесин ичине камтыйт" [7, с.567].

ФСТнын эки түзүмдүк структурасынын айырмасына карабастан: ядро жана периферия – ошондой болсо да семантикалык талаа системалаштырылган жана элементтешкен негиз болуп белгиленбейт. Талаанын ядросунун (борбору, негизи) тилдик каражаттарынын бирдиктүүлүк даражасына жана периферияныи тилдик каражаттарынын иреттүүлүгүнө жараша ФСТ начар борбордошкон, орто борбордошкон жана күчтүү борбордошкон болуп айырмаланат. Ошентип, бардык тилдик система жана көпчүлүк сөз түркүмдүк сөздөр семантико-грамматикалык род категориясына өтүп кеткендиктен, ФСТнын жандуулук формасы орус тилинин системасында күчтүү борбордошкон талаа болуп саналат. Ошол эле мезгилде жандуулуктун семантикалык категориясы грамматикалык род категориясы тарабынан тирөөч болбогондуктан, англис тилиндеги ФСТ жандуулугу орто борбордошкон талаа болуп белгиленет, анткени дал ушул грамматикалык род категориясы (биологиялык талаага ылайык) жандуулук категориясынын бир кыйла кенен логико-семантикалык негизи болуп эсептелет.

"Моноцентрикалык (күчтүү борбордошкон) талаалардан башка, грамматикалык категорияларга негизделген (салыш.: орус тилинде аспектуалдуулук, темпоралдуулук, объективдүү модалдуулук, жекелик, залогдук, компаративдүүлүк), кээ бир ар түрдүү тилдик каражаттардын жыйындысында негизделүүчү күчтүү полицентрикалык (начар борбордошкон) талаалар да бар, алар формалардын бирдей түрдөш системасын түзө албайт. Демек, орус тилинде ар түрдүү варианттагы мындай типтерге талаалардын таксистери, турмушта болуучулук, абал, субъекттик, объекттик, белгилүүлүк/белгисиздик, сапаттуулук, сандык …" [8, с.567; кара: 12, с.8-9; 10, с.54-55].

Функционалдык-семантикалык талаа түшүнүгү (жана да генетикалык жактан эки тектеш эмес жана грамматикалык ар түрдүү типтеги тилдердин материалында тектештирме аспектинде: кыргыз жана орус, кыргыз жана немец, кыргыз жана англис) салыштырма кыргыз тил таануу илиминде изилдөөгө алынууда. Бизге мындай беш эмгек белгилүү, алардын биринде орус жана кыргыз тилдеринин кептик актынын грамматикалык түзүлүшү функционалдык-семантикалык аспектинде салыштырылууда, анын автору Дербишева З.К. болуп саналат, ал ФСТны кыргыз тил илиминде изилдөөчүлөрдүн башатында турат десек жаңылышпайбыз [3]; үч эмгек кыргыз жана немец тилдеринин системасында салыштырылып изилденүүдө [11; 7; 9] жана алардын акыркысы кыргыз жана англис тилдеринде салыштырылып изилденүүдө.

Дербишева З.К. кыргыз жана орус тилдеринде 5 комплекске бириккен 24 ФСТны тектештирме-типологиялык планда талдоо жүргүзүүдө: 1) талааны темпоралдык белгилөө, 2) талааны модалдык белгилөө, 3) талааны релятивдик белгилөө, 4) талааны предикативдик белгилөө, 5) талааны атрибутивдик белгилөө. Талдоонун жыйынтыгында автор талааны "жакынкы периферияныи – алыскы периферияныи – ядросу принциби боюнча түзөт. ФСТнын бардык компоненттери талаанын алкагында алардын грамматикалык даражасы боюнча бөлүштүрүлөт. Ядронун негизинде бардык талаалардын грамматикалык формаларынын түрүндө инварианттык семантикага топтолуучу, лексиканын бул же тигил бөлүгүн камтыган жана иреттүү стандартталган айтылыштарга ээ болгон бардык ФСТнын доминанттары катары грамматикалык категориялар жайгашышкан. Жакынкы периферияда бул категориялар – лексикалык-грамматикалык разряддар, аналитикалык түзүлүштөр бар, алар өзүнүн талаа семантикасынын ачык айтылыштарынын туруксуздугуна карай ядролук зонанын сырткы жактарында калган. Берилген талаа семантикасы сүйлөмдү, сөз айкашын, лексикалык пластты бирдиктүү жана чектүү мүнөздөө үчүн тилдик системанын ушул элементтери алыскы перифериялларында көрсөтүлгөн". Автор ошондой эле ФСТнын негизги үч структуралык тибин бөлүп көрсөтөт: 1) грамматикалык категорияларга негизделген

моноцентрикалык талаа, 2) бир же андан көп грамматикалык категорияларга негизделген бицентрикалык талаа жана 3) синтаксистик конструкцияга, лексика-грамматикалык разрядга ж.б таянуучу ядросуз талаа [3 с.19].

Ууева М.Х. мейкиндик багытындагы ФСТны немец жана кыргыз тилдеринде номинация аспектинде изилдейт. Ал ФСТны автор ар кыл даражадагы каражаттар менен белгиленген традициялык семантикалык талаа катары түшүнөт; ал ФСТдан цент жана периферияны бөлүп көргөзөт. Анын эмгегинин жаңылыгы төмөндөгү факторлор менен шартталат: мейкиндик багытынын семантикалык талаасы немец жана кыргыз тилдеринин материалында ФСТнын айрым фрагменттери салыштырма аспектинде алда качан эле каралган болсо да, тектештирме багытында али изилдене электиги менен түшүндүрүлөт. Семантикалык-грамматикалык комплекстүү талдоонун жыйынтыгында азыркы немец тилинде мейкиндик багытынын ФСТсы төмөндөгү лексика-грамматикалык каражаттар менен белгиленет: зат атоочтун кыйыр жөндөмөлөрүнүн формалары (барыш жана табыш жөндөмөлөрүнүн), мейкиндикти билдирген сын атоочтор, орун тактооч жана кыйыр жөндөмөлөрдүн формалары менен айкашкан мейкиндик маанисиндеги предлогдор.

Азыркы кыргыз тилинде ФСТнын мейкиндик багыты зат атоочтун үч мейкиндик маанисиндеги жөндөмө мүчөлөрү менен белгиленет, кызматчы аттар жана локалдуулук маанисиндеги жандоочтор. Мейкиндик багытындагы ФСТ кыргыз тилинде борборго жана периферияга бөлүнөт, биринчи мейкиндик маанисиндеги жөндөмө мүчөлөрү менен, экинчиси – локалдык маниге гана тиешелүү кызматчы аттар жана мейкиндик маанисиндеги жандоочтор менен түзүлөт.

“Мейкиндик багытындагы ФСТ азыркы немец тилинде так борбордошкон талаа болот жана гомогендүү кубулуш (бир өңчөй, бир катардуу) болуп саналат; ал, негизинен, предлогдор категориясына негизделет. Азыркы кыргыз тилинде ФСТнын мейкиндик багыты начар борбордошкон талаа болуу менен гетерогендик (ар түрдүү, түрдүү катардагы) кубулуш катары көрсөтүлөт, андыктан аны түзүүдө кызматчы сөз түркүмдөр катышат жана мейкиндик маанисиндеги жөндөмө мүчөлөрү менен жасалат” [11, с.21].

Кадыркулова Ф.Д. немец жана кыргыз тилдериндеги жандуулуктун функционалдык-семантикалык талаасын изилдейт, алардын изоморфтук жана алломорфтук белгилерин мазмундук планда жана ошондой эле айтымдык планда карайт. Изилденип жаткан тилдердин фактыларга негизделген материалдарына жүргүзүлгөн анализи автордун гипотезасын тастыктайт, немец тилинде ФСТ түзүүнүн негизинде жандуу нерселердин белгилери жатат, тирүү жандар жана өзүнүн негизинде түптөлгөн, функционалдык-семантикалык категориялар болгон мужской, женский жана средний роддор, ошол эле учурда кыргыз тилинде ФСТнын жандуулугу имплициттүү, анткени адамдардын жана жаныбарлардын биологиялык айырмачылыктары түрдүү лексикалык-семантикалык каражаттар менен белгиленет, алар сөздүн так өзүнүн семантикалык структурасында түптөлгөн деп тастыктайт окумуштуу.

Автор изилдеп жаткан тилдерде зат атоочтордун семантикалык ядросу анык аттарды түзөт (нерселик, жандуу, жансыз жана материалдык). Абстракттуу зат атоочтор (кыймылдардын аттары, сапаттары, абалдары) каралып жаткан тилдерде зат атоочтун перифериялык топторуна тиешелүү.

“Талданып жаткан тилдердин ортосундагы айырмачылык грамматикалык категориялардын курамынын түрдүүлүгү болуп саналат. Немец тилинде зат атоочко род, сан, жөндөмө жана белгилүүлүк-белгисиздик категориялары таандык; ал эми кыргыз тилине – сан, жөндөмө, таандыктык жана баяндоочтук категориялары таандык, эки тилде тең зат атоочтун морфологиялык белгилери бар” [7, с.17]. Так ушул зат атооч эки тилде тең, кыргыз жана немец тилдеринде ФСТнын жандуулук ядросу белгиленет, ал эми жогорудагы аталган грамматикалык категориялар бул кубулушка бир кыйла бирдей түрткү берет: немец тилинде род грамматикалык категория, ал эми кыргыз тилинде болсо – таандык- баяндоочтук грамматикалык категориясы [кара: 7, с.15-16].

Сарымсакова А.Ж. немец жана кыргыз тилдериндеги синсемантикалык номинативдик лексикалык бирдиктердин функционалдык-семантикалык аспектин изилдейт. Изилдөөчү “автосемантика” жана “синсемантика” лингвистикалык түшүнүгүн ачык-так аныктайт, ал жалпы көз карашка кошулуу менен “автосемантика өз ичине бардык маани берүүчү, толук маанилүү сөздөрдү, негизги сөз түркүмдөрдү, ал эми синсемантика – маани берүүчү эмес, жарым-жартылай, кызматчы сөз түркүмдөрдү камтыйт жана алардын ортосундагы чек семантикада да, морфологияда жана синтаксисте да болуп өтөт”. Бирок “сөздөрдүн номинативдүүлүк, сөз түркүмдөр” түшүнүгүнө киришүү тилдин синсемантикалык бирдиктерин такыр жаңы көз карашта кароого мүмкүндүк берет деген пикирин айтат. Автор ФСТнын синсемантикасы салыштырылып жаткан эки тилде тең бир кыл эмес кубулуш болуп саналат, ошондуктан үч микроталаа менен белгиленет: мейкиндик багытындыгы микроталаа, убакыт багытындагы микроталаа жана логикалык багытталган микроталаа. Мейкиндик багытындыгы микроталаа немец тилинде синсемантикалык сөз түркүмдөрүнөн, байламта, предлог жана артикль, кыргыз тилинде – жандоочтор, кызматчы аттар, байламта, мейкиндик жөндөмөсүнүн аффикстери жана “бир” жана “ал (ошол)” лексемалары аркылуу белгиленет. Дал ушул сөз түркүмдүк сөздөр менен убакыт багытындагы жана логикалык багытталган микроталаалар эки тилде тең берилет деп тастыктайт [9, с.16-17].

Тилдик материалдарга талдоо жүргүзүү дал ушул тилдин мазмундук, тилдик бирдиктердин маанилик жактары, семантика же тилдик структуранын мааниси ошол талаанын семантикалык ядросунда же периферияcында ФСТны тигил же башка тилдик каражаттар менен белгилөөнү киргизүү үчүн методологиялык критерийлери экендигин көргөзөт. Изилдөөчү ФСТнын локативдүүлүгүн түзүү үчүн үч тилдик каражатты бөлүп көргөзөт: 1) лексикалык каражаттар, 2) лексикалык-грамматикалык жана 3) синтаксистик каражаттар, алар ФСТнын локативдүүлүгүнүн борборунун жана периферияларынын ортосундагы өзүнүн семантикасына жараша бөлүнүшөт. Демек, англис тилиндеги ФСТнын борборуна таандык лексикалык каражаттар болуп зат атоочтор жана тактоочтор саналат; перифериягa болсо англис тилиндеги этиштер жана сын атоочтор кирет. Кыргыз тилинде ФСТнын локативдүүлүгүнүн борборуна зат атоочтор, тактоочтор жана этиштер, ал эми перифериягa – сын атоочтор таандык. Англис тилинде ФСТ локативдүүлүгүнүн лексикалык-грамматикалык каражаттарын көрсөтүүгө болгону предлогдук-атоочтук группа таандык, ал эми кыргыз тилинде мейкиндикти билдирүүчү жөндөмөнүн формалары, жандоочтор жана кызматчы аттар колдонулат; бирок кыргыз жана англис тилдериндеги берилген бардык каражаттар ФСТ локативдүүлүгүнүн борборуна тиешелүү болот, ФСТ локативдүүлүгүнүн синтаксистик каражаттарына кыргыз жана англис тилдеринде орун багыныңкы жана кыймылдын багытын билдирген сүйлөмдөр кирет, ал эми англис, кыргыз тилдеринде синтаксистик каражаттар семантикалык талаанын перифериясына таандык.

Окумуштуу Борчиева Б.Т. мейкиндик лексиканы системалуу сүрөттөөнүн куралы катары семантикалык талаа деген түшүнүктү колдонот, мында семантикалык бирдиктер ЛСВ (лексико-семантикалык вариант) жалпылыгынын негизине киргизилет. Мейкиндик түшүнүгүнө эки аспекти бөлүүгө болот: а) мейкиндик жердин, талаанын, чөлдүн объективдүү чындыгындагы предмети катары айтылат: *талаа, тоо, асман, чөл* ж.б.; б) мейкиндик предметтер ортосундагы мамиленин объективдүү чындыгы катары *тигил жакта, бул жерде, солдо, шаардын артында, тоодо, мектепте*. Мейкиндик маанисиндеги лексикага лексикалык бирдиктер тиешелүү, алар семантикалык структурасына мейкиндик маанисиндеги лексика-семантикалык вариантты (ЛСВ) өз ичине камтыйт деп белгилейт. “Тилдин морфологиялык тиби төмөндөгүдөй белгиленет: англис тилинде флективдүү-аналитикалык жана кыргыз тилинде агглютинативдүү-синтетикалык – ФСТнын локативдүүлүгүн эки тилде тең түзүүгө таасир кылат, анын натыйжасында англис тилинде ФСТ орто-борбордошкон, кыргыз тилинде – күчтүү борбордошкон талаа” болуп калат деген пикирди айтат автор [1, с.18].

Джумалиева Г. К. англис жана кыргыз тилдериндеги суроолуу сүйлөмдөрдү ФСТ интеррогативдүүлүгүн белгилөөчү тилдик каражаттар катары карайт. Автор ФСТнын

релеванттык мүнөздөмөсүн жана белгилерин ачып көрсөтөт; аны белгилөөчү тилдик каражаттарды аныктайт; анын курамдык борборун жана перифериясын көргөзөт, ошондой эле ФСТ интеррогативдүүлүгүнө таандык кээ бир башка маселелерин да изилдейт [5].

Биз функционалдык-семантикалык талаа түшүнүгүнө берген окумуштуулардын ой-пикирлерин карап чыктык, ошондой эле ушул проблеманын нугунда Кыргызстанда аткарылган изилдөөлөр боюнча адабияттарга да кыскача талдоо жүргүзүлдү.

Адабияттар:

1. Борчиева Б.Т. Концепты «верх — низ» в языковой картине мира носителей русского и киргизского языков // Русский язык и литература в школах Кыргызстана. /Тест//л – 2008. — №2. — С.8-84.
2. Гулыга Е.В., Шендельс Е.И. Грамматико-лексические поля в современном немецком языке. / [Текст] // – М., 1969. – С.184.
3. Дербишева З.К. Теоретические основы сопоставительной грамматика русского и кыргызского языков. / [Текст] // Автореф. дисс. … док.филол.наук. Бишкек, 2001. – С.38.
4. Дербишева З.К. Этноязыковое своеобразие концепта «движение» в русском, английском и киргизском языках // Русский язык за рубежом. – 2009. – №4. – С.81-86.
5. Джумалиева Г.К. Функционально – семантическое поле интеррогативности в английском и кыргызском языках: / [Текст] // Автореф. дис. … д. филол. наук. — Бишкек, 2013. – С.46.
6. Ильина Н.Е., Воронцова В.Л., Борунова С.Н. и др. Грамматические исследования: Функционально-стилистический аспект. Морфология. Словообразование. Синтаксис. / [Текст] // – М.: Наука, 1991. – С.247.
7. Кадыркулова Ф.Д. Функционально-семантическое поле одушевленности в немецком и кыргызском языках.: / [Текст] // Автореф. дис. … канд. филол. наук. – Бишкек, 2002. – С.21.
8. Лингвистический энциклопедический словарь. / [Текст] // гл.ред.В.Н. Ярцева. – М., Сов.энциклопедия, 1990. – С.685.
9. Сарымсакова А.Ж. Функционально-семантический аспект синсемантических номинативных лексических единиц немецкого и кыргызского языков:/[Текст]// Автореф.дис. … канд.филол.наук, 2007. – С.22.
10. Слюсарева Н.А. Проблемы функционального синтаксиса современного английского языка. / [Текст] // – М.: Наука, 1981, - С.204.
11. Ууева М.Х. Функционально-семантическое поле прос-транственной ориентации в немецком и кыргызском языках (в аспекте номинации). / [Текст] // Автореф. дис. на соиск. учён. степ. канд. филол. наук. – Бишкек, 1999. – С.24. – В надзаг. Кырг.гос. педаг. ун-т им. И.Арабаева.
12. Филичева Н.И. Синтаксические поля. / [Текст] // – М.: Высшая школа, 1977. – С.213.
13. Шмелев Д.Н., Иванова-Лукьянова Г.Н., Гловинская М.Я. и др. Грамматические исследования. Функционально-стилистический аспект: Суперсегментная фонетика. Морфологическая семантика. / [Текст] // – М.: Наука, 1989.- С.287.

УДК:616-089,617.5

ИММУННОБИОЛОГИЧЕСКИЕ ПОКАЗАТЕЛИ ПРИ ГЛУБОКОЙ ФЛЕГМОНЕ ШЕИ

Бейшеналиев А.С., д.м.н., профессор,
Нышанов Бегмамат Мусаевич, аспирант
E-mail:beka-med.kg@mail.ru
Кафедра пропедевтической хирургии КГМА имени И.К.Ахунбаева
Ошская межобластная клиническая больница
Ош, Кыргызская Республика

IMMUNOBIOLOGICAL INDICATORS DURING DEEP PHLEGMAN OF THE NECK

Beishenaliev A.S., d.m.s., professor,
Nyshanov Begmamat Musaevich, postgraduate
E-mail:beka-med.kg@mail.ru
State Medical Academy named after I.K. Akhunbaev department
Osh interregional hospital, Osh, Kyrgyz Republic

Аннотация: *Изучены в сравнительном аспекте иммунобиологические показатели при флегмоне шеи и остром медиастените у 214 больных. Установлено, что при флегмоне шеи и дна полости рта наблюдается угнетение иммунобиологической реактивности организма. При сравнении изменений иммунобиологической реактивности организма при остром одонтогенном медиастините с глубокой флегмоной шеи и дна полости рта показали, что при остром одонтогенном медиастините наблюдается более глубокое угнетение иммуонобиологической реактивности организма*

Abstract: *The study in comparative aspect of immunobiological indicators at the neck and acute cellulitis mediastenitein amoing 214 patients way conducted. It was found that the phleman in the neck and floor of the mouth observed inhibition of immunobiological reactivity of the organism. When comparing the changes of immunobiological organism reactivity in acute odontogenic mediastinitis with deep phlegmon of the neck and floor of the mouth showed that in acute odontogenic mediastinitis observed deeper depression immuonobiological reactivity of the organism*

Ключевые слова: *флегмона, медиастенит, шея, полость рта, хирургия*

Key words: *the phlegmone, the mediastenit, neck, mouth, surgery.*

Введение.

Следует отметить, что одной из актуальных проблем современной хирургии считается лечение больных с глубокими флегмонами шеи и дна полости рта, осложненными острым медиастинитом [1,3].

Также, как отмечают многие авторы, одним из наиболее опасных осложнений острой одонтогенной инфекции является острый медиастинит [2,4].

В литературе описано развитие гнойных медиастинитов, как осложнений гнойно-воспалительных процессов, развивавшихся после переломов нижней челюсти [5].

По литературным данным развитие одонтогенных гнойных медиастинитов наблюдалось в сроки от 3- 4 часов до 14 суток с момента экстракции зуба [1].

Одной из самых трудноразрешимых проблем современной хирургии во всех странах мира вот уже на протяжении многих десятилетий является лечение медиастинитов различной этиологии [4,6].

Несмотря на очевидные успехи в лечении гнойно-воспалительных заболеваний шеи и Лор органов, достижения гнойной и челюстно-лицевой хирургии, отмечаются увеличение удельного веса одонтогенных осложнений, прогрессирующих до развития абсцедирующих шейных лимфаденитов, шейных флегмон и шейных медиастинитов [7,8].

По данным разных авторов, частота развития острого медиастинита, осложняющего флегмоны глубоких клетчаточных пространств шеи одонтогенного происхождения, составляет 0,3-1,78%. Характерной особенностью заболевания является трудность ранней диагностики, исключительная тяжесть течения и высокая летальность [1,2,9].

Целью данного исследования является изучение иммунобиологической реактивности организма при флегмоне шеи и остром одонтогенном медиастените.

Материал и методы исследования.

Под нашим наблюдением находилось 214 больных с глубокими флегмонами шеи и дна полости рта, находившиеся в стационарном лечении в отделении челюстно-лицевой хирургии НГ МЗ КР, среди которых мужчин было – 129 (60,3%), а женщин -85 (39,7%).

В возрасте до 20 лет наблюдали больных -7 (3,3%), а более многочисленную группу составили лица в возрасте от 30 до 60 лет - 154 (71,9%), однако лиц старше 60 лет было -18 больных (8,4%), они и составляли наиболее тяжелую группу пациентов.

Результаты и обсуждение.

Клиническая картина заболевания глубокой флегмоны шеи и дна полости рта много раз описывалась во многих специальных литературах и учебниках, однако, на догоспитальном этапе у 17 (7,9%) из 214 больных был выставлен ошибочный диагноз. Диагностические ошибки заключались в неправильном топическом определении абсцесса. До поступления в стационар никому из больных не проводилось рентгенологическое обследование.

В первые двое суток с момента начала заболевания госпитализировано из 214 больных всего 41 (19,2%) больных, в сроки от 3 до 5 суток 151 (70,6%) пациент, а 22 (10,2%) поступили позже 5 суток с начала заболевания с довольно обширными очагами поражения клетчаточных пространств шеи и осложнениями.

При осмотре больных с глубокими флегмонами шеи и челюстно-лицевой области внешние проявления воспалительного процесса отличались в зависимости от локализации флегмоны и первоисточника инфекции.

В группе больных с глубокой флегмоной шеи по сравнению с контрольной группой здоровых людей отмечается достоверное повышение уровня лейкоцитов (на 56,9%, при $p<0,001$), нейтрофилов (на 3,6 %, при $p<0,05$) и лимфоцитов (на 6,7%, при $p<0,05$). Также в группе пациентов с флегмоной дна полости рта отмечались статистически значимые изменения лейкоцитов (на 54,1%, при $p<0,001$), нейтрофилов (на 8%, при $p<0,001$) и лимфоцитов (на 14%, при $p<0,001$) по сравнению с контрольной здоровой группой (табл.1)

Таблица 1

Показатели лейкоцитарной формулы у больных с глубокой флегмоной шеи и дна полости рта и практически здоровых лиц (M±m)

Показатели/ больные	Практически здоровые лица (n=24)	Глубокая флегмона шеи (n=31)	Флегмона дна полости рта (n=30)
Лейк. 10^9/л	5,09±0,34	11,83±0,30	11,1±0,25
Нейтрофилы	45,87±2,70	47,60±1,40	49,9±0,20
Лимфоциты	41,89±1,20	44,92±0,90*	48,6±0,80
Эозинофилы	4,97±0,09	4,67±0,30	4,84±0,01
Базофилы	2,18±0,30	2,0±0,01	1,71±0,01

В группе пациентов с глубокой флегмоной шеи и дна полости рта по сравнению с контрольной здоровой группой было статистически значимое увеличение количества лейкоцитов (11,4±0,35 против 5,09±0,34, при $p<0,001$), нейтрофилов (56,9±1,70 против 45,87±2,70, при $p<0,001$) и лимфоцитов (60,7±2,30 против 41,89±1,20, при $p<0,001$). В группе больных с острым одонтогенным медиастенитом по сравнению с группой здоровых лиц также отмечались статистически значимое увеличение количества лейкоцитов (13,2±0,65

против 5,09±0,34, при p<0,001), нейтрофилов (54,1±2,30 против 45,87±2,70, при p<0,001) и лимфоцитов (56,3±2,70 против 41,89±1,20, при p<0,001).

При позднем обращении больных к стоматологу с флегмоной шеи и дна полости рта и запоздалой квалифицированной помощи указанная патология осложнилась развитием острого гнойного медиастинита, который приводит к угнетению иммунологической реактивности организма, что отражается на лейкоцитарной формуле.

У пациентов с острым гнойным медиастенитом и флегмоной шеи и дна полости рта изучаемые показатели как уровень лейкоцитов (на 61,4% и 55,3% соответственно), нейтрофилов (на 15,2% и 19,4% соответственно) и лимфоцитов (на 26% и 31% соответственно) были статистически значимо увеличены (при p<0,001).

Очевидно, возможность развития острого одонтогенного медиастенита на фоне флегмоны шеи и дна полости рта обуславливает более глубокие поражения в структуре лейкоцитов, о чем свидетельствуют увеличение показателей лейкоцитарной формулы со сдвигом влево.

Таким образом, результаты проведенных нами исследований подтвердили наличие глубоких изменений со стороны общего анализа крови при флегмоне шеи и дна полости рта. При переходе флегмоны шеи и дна полости рта в острый одонтогенный медиастинит дальше происходит изменение со стороны общего анализа крови.

Учитывая, что лейкоцитарная формула - это лишь первая ступень исследования, отражающая общие изменения в организме, нами проведен иммунологический анализ. Как известно, Т-лимфоциты играют ведущую роль в иммунологическом надзоре и при ослаблении их функций повышается склонность к разным инфекциям.

При исследовании показателей клеточного иммунитета у больных в зависимости от патологии нами установлено, что у пациентов с флегмоной шеи и дна полости рта наблюдалось достоверное увеличение как абсолютного, так и относительного содержания Т-лимфоцитов (до 112,6%) в сравнении со здоровыми лицами .

У больных с глубокой флегмоной шеи и дна полости рта отмечаются статистически значимые снижения абсолютного числа лимфоцитов (на 9,3% и 9,4% соответственно, при p<0,05), процентного содержания В-лимфоцитов (на 31% и 19,1% соответственно, при p<0,05), абсолютного числа В-лимфоцитов (на 35% и 35% соответственно, при p<0,05) и теофиллинчувствительных лимфоцитов (на 23,4% и 16% соответственно, при p<0,05) по сравнению с группой практически здоровых людей. Также видно, что в группе пациентов с флегмонами шеи и дна полости рта статистически значимое увеличение процентного содержания Т-лимфоцитов (на 19% и 18,2% соответственно, при p<0,05) и абсолютного содержания Т-лимфоцитов (на 5,3% и 9% соответственно, при p<0,05).

Число супрессорных клеток больных с глубокой флегмоной шеи и дна полости рта достоверно снижено на 23,46% (p<0,05). Процентное содержание В-лимфоцитов также снижено на 30,9% м абсолютное –на 34,5% при флегмоне шеи, а при флегмоне дна полости рта на 22,9% и 28,6% соответственно. Эти различия достоверны (p<0,05).

У больных, страдающих острым одонтогенным медиастинитом, наблюдается нарушение иммунорегуляторной функции организма, связанное со снижением розеткообразующих клеток .

Отмечено небольшое снижение абсолютных значений Т-лимфоцитов у больных с флегмоной шеи и дна полости рта (до 98,73%) и более значительное снижение показателей В-лимфоцитов (до 69,5%). У больных с острым гнойным медиастинитом отмечается достоверное снижение процентного содержания Т-лимфоцитов до 93,9% (P<0,05) и абсолютного числа В-лимфоцитов до 69,2% (P<0,05). При сравнении данных больных с острым одонтогенным медиастинитом, а также с флегмоной шеи и дна полости рта имело место достоверное повышение Ттч до 104,8% (P<0,05).

У больных с глубокими флегмонами шеи и дна полости рта в ходе лечения наблюдается тенденция к снижению процентного содержания Т-лимфоцитов по мере улучшения общего состояния больных .

Уровень Ттр (теофиллинрезистентные клетки), обладающих хелперными свойствами у больных с глубокими флегмонами шеи и дна полости рта, увеличен по сравнению с контрольной группой, а супрессоров снижен. Аналогичное изменение имеет место и в группе больных с вторичным медиастинитом.

Изучение динамики показателей В-лимфоцитов крови у больных с глубокими флегмонами шеи и дна полости рта показало, что в 1-е сутки активность гуморального иммунитета снижается, и в большей степени у лиц, с острым одонтогенным медиастенитом .

Резюмируя результаты полученных данных, можно сделать вывод о том, что гнойно-воспалительные процессы при флегмоне шеи и дна полости рта являются фактором, усугубляющим течение острого одонтогенного медиастинита, провоцируя дальнейшее ухудшение иммунологических показателей.

По данным наших исследований у больных с флегмоной шеи и дна полости рта, отмечено снижение фагоцитарного показателя на 10,3%, а содержание IgG увеличилось на 8,7%. Наряду с этим, наблюдается тенденция к снижению Ig A. Такие же изменения характерны и для больных с острым одонтогенным медиастинитом: отмечается достоверное снижение фагоцитарного показателя на 20,5% ($P<0,01$) и фагоцитарного числа на 9,8% ($P<0,05$), а содержание Ig A достоверно увеличилось до 128,4% ($P<0,05$). Как известно, Ig A формирует местный иммунитет, препятствующий адгезии микроорганизмов к эпителию слизистых оболочек, опсонирует микробные клетки.

Результаты наших исследований свидетельствуют о том, что у больных с острым гнойным медиастинитом развиваются глубокие нарушения иммунной системы организма. Иммунные изменения и снижение иммунной реактивности организма наблюдаются с первых суток острого гнойного медиастинита. Как известно определенное воздействие на интенсивность иммунных реакций может быть достигнута с помощью иммунодепрессивной и иммуномодулирующей терапии.

Иммунодепрессивным, т.е. угнетающим функцию иммунной системы действием, обладают цитостатики, алкилирующие вещества, антиметаболиты, антагонисты фолиевой кислоты, некоторые ферменты, антибиотики, растительные алкалоиды, гормональные препараты, вирусы и др. Эти лекарственные средства, число которых постоянно растет, оказывают иммунодепрессивное, противовоспалительное, стабилизирующее клеточную мембрану и нормализующие белковый синтез.

Таким образом, на основании результатов наших исследований, учитывая значительное угнетение показателей гуморального и клеточного иммунитета, особенно выраженное у больных анаэробным медиастинитом, с первых дней заболевания необходимо проводить иммуностимулирующую терапию, отдавая предпочтение заместительной иммунокоррекции.

Выводы.

1. При флегмоне шеи и дна полости рта наблюдается угнетение иммунобиологической реактивности организма.
2. При сравнении изменений иммунобиологической реактивности организма при остром одонтогенном медиастините с глубокой флегмоной шеи и дна полости рта показали, что при остром одонтогенном медиастините наблюдается более глубокое угнетение иммуонобиологической реактивности организма.

Литература:

1. Абакумов М.М. Гнойный медиастинит // Хирургия.- 2004.- № 5.- С. 82-85.
2. Антонов А.Р., Благитко Е.М., Чикинев Ю.В., Маданбеков Н.К. Состояние антиоксидантной системы и микроэлементного статуса больных острым медиастинитом // Сибирский консилиум.- 2006.- № 5.- С. 30-32.

3. Высоцкий А.Г., Тахтаулов В.В. Клиника, диагностика и лечение «нисходящего» медиастинита // Хірургія України.- 2006.- № 3.- С. 3-5.
4. Ермолов А.С., Абакумов М.М., Погодиа А.Н. и др. Проблемы диагностики и лечения острого гнойного медиастинита / // Материалы 3 конгресса ассоциации хирургов им. Н.И.Пирогова.- М., 2007.- С. 56-57.
5. Коровин А.Я., Маскин С.С., Марченко Н.В. Тактика лечения генерализованной инфекции при гнойном медиастините // Материалы 3 конгресса ассоциации хирургов им. Н.И.Пирогова.- М., 2007.- С. 123-124.
6. Насыров В.А., Азимова Д.Ж. Флегмоны шеи // Новости оториноларингологии и логопатологии.- 2000.- № 1.- С. 93-95.
7. Слесаренко С.С., Агапов В.В. Прелатов В.А. Медиастинит. - М., 2005.- 211 с.
8. Alsoub H., Chacko K.S. Descending necrotizing mediastinitis // Postgrad.med. J. – 1995. - Vol. 71, № 2. – P. 98-101.
9. Brauning G., Mohr C., Schonfelder B., Weischer T. Suppurative abscess-forming mediastinitis after tooth extraction. Consequences for therapeutic approach // Mund. Keifer. Gesichtshir. – 1998. – Vol. 1, № 5. – P.300-304.

УДК: 612.824.55

СОВРЕМЕННЫЕ МЕТОДЫ ХИРУРГИЧЕСКОГО ЛЕЧЕНИЯ ТЯЖЕЛОЙ СОЧЕТАННОЙ ТРАВМЫ ЧЕРЕПА И ГОЛОВНОГО МОЗГА

Жеенбаев Жолборс, д.м.н., профессор,
E-mail: zholbors47@mail.ru
Калыков Талантбек Суеркулович
Ошский государственный университет
Ош, Кыргызская Республика

БАШ СӨӨК ЖАНА БАШ МЭЭНИН БИРИККЕН ООР ЖАРАКАТТАРЫН ЗАМАНБАП ХИРУРГИЯЛЫК ДАРЫЛОО ЫКМАЛАРЫ

Жеенбаев Жолборс, д.м.н., профессор,
E-mail: zholbors47@mail.ru
Калыков Талантбек Суеркулович
Ош мамлекеттик университети
Ош, Кыргыз Республикасы

MODERN METHODS OF SURGICAL TREATMENT OF HEAVY COMBINED TRAUMA OF THE SKULL AND BRAIN

Zheenbaev Zholbors, d.m.s., professor,
E-mail: zholbors47@mail.ru
Kalykov Talanbek Suerkulovich
Osh State University Osh, Kyrgyz Republic

Аннотация: *Наш метод отличается от прежних методов лечения тем, что при данном методе оказывается помощь с дренированием гематомы и одновременным восстановлением целостности кости по методу разработанной самим автором первичной краниопластикой аутокостью.*

Аннотация: *Биздин ыкманын мурдагы дарылоо ыкмаларынан , биздин дарылоо ыкмасы менен бир эле учурда гематоманы дренаждык жолу менен жана автордун краниопластика аутокость ыкмасы менен з калыбына келтир болуп саналат.*

Abstract: *Our method differs from previous methods of treatment it is assisted with the hematoma drainage and the bone intesrity restoration at once in accordance with the method of primary cranioplasty developed by the author himself.*

Ключевые слова: *Сочетанные тяжелые черепно-мозговые травмы.*
: *Баш сөөк жана баш мээнин оор жаракаттары.*

Key words: *Combined severe traumatic brain injury.*

